# ДҮЙНӨ ЖАШООСУНУН ЧЫНЫГЫ ЖҮЗҮ

АДНАН ОКТАР- ХАРУН ЯХЬЯ

# ОКУРМАНГА

• Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби, бул теория ар түрдүү динге каршы философиялардын пайдубалын түзүүдө. Жаратылууну жана натыйжада Аллахтын бар экендигин четке каккан дарвинизм 150 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөндөрдүн пайда болушуна себеп болду. Ошондуктан, бул теориянын калп экендигин толук далилдөө – абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

• Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттарынын негизинде түшүндүрүлүп, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана Курандын негизинде жашоого үндөлөт. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси калбай тургандай так түшүндүрүлөт.

• Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй тил менен жазылган бул китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динди жокко чыгарууга болгон күчүн жумшаган адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленип, аларды четке кага албай келишүүдө.

• Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешип окушса да болот. Бул китептерден пайдаланууну каалагандардын чогуу маектешип, тажрыйба жана пикирлери менен бөлүшүшү да пайдалуу болот.

• Ошондой эле, бир гана Аллахтын ыраазылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышына жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

• Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде кездешчү жазуучунун жекече ойлорун, күмөндүү булактарга таянган сөздөрүн же ыйык нерселерге карата адепке туура келбеген, үмүтсүз, күмөн жаратуучу сөздөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья деген атты колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлгөн. Башталгыч, орто мектепти жана лицейди Анкарада бүтүргөн. Андан соң Стамбулдагы Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университетинин Философия бөлүмүндө билим алган. 1980-жылдардан бери ыймандык, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектерди даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон тымызын байланыштарын ачып көрсөткөн абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 40000 сүрөттү камтыган жалпысынан 55000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 76 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Курани Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (сав)дын болсо акыркы пайгамбар экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (сав) сүннөтүн өзүнө жол башчы кылууда. Ушундайча атеисттик философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууну максат кылууда. Абдан акылман жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (сав) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – бул Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, жана ошол аркылуу адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана акыйкатты (Аллахты) тануучу системалардын негизсиз фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилдерге которулган бул эмгектер Түркиянын сыртында да көптөгөн китеп окурмандары тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл менен жазылган, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын көрүшүүдө. Бул эмгектер ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана илимий далилдерге таянуу

өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык-өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Учурда бардык атеисттик, материалисттик агымдар Харун Яхьянын эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилди.

Эч күмөнсүз, мындай өзгөчөлүктөр Курандын терең мазмундуулугунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетин көздөйт. Мындан тышкары, бул эмгектерди жарыкка чыгарып, жайылтуунун максаты акча табуу эмес.

Бул чындыктарды эске алуу менен, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашына шарт түзгөн, алардын туура жолду табышына көмөкчү болгон бул эмгектерди окууга үндөө абдан маанилүү бир кызмат болмокчу.

Бул баалуу эмгектерди таанытуунун ордуна, адамдардын башын айланткан, кайчылаш пикирлерди, күмөндөрдү пайда кылган, ыйманды куткарууда күчтүү жана так натыйжа бербеген көнүмүш, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакытты текке кетирет. Адамдардын ыйманын куткарууну эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүүнү көздөгөн эмгектердин жакшы натыйжага жетиши кыйын. Бул боюнча күмөн санагандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектериндеги негизги максаттын атеизм менен күрөшүү жана Куран адеп-ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасиринен, ийгиликтеринен жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулумдук жана баш аламандыктарга, мусулмандар тартып жаткан азаптарга материалисттик көз-караштардын дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн себеп болуп жатканын билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн материализмди илимий жол менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын көрсөтүү жана Куран адеп-ахлагын адамдарга жеткирүү зарыл. Бүгүнкүдөй зулумдуктар, согуштар күчөгөн заманда бул кызмат колдон келишинче ылдам болушу абзел. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхьянын эмгектери, Аллахтын буйругу менен, 21-кылымда дүйнөдөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттүүлүккө, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болмокчу.

# МАЗМУНУ

БАШ СӨЗ ..........................................................................................................

ДҮЙНӨ ЖАШООСУ ..........................................................................................

АДАМДЫН АЛСЫЗДЫГЫ ...............................................................................

ДҮЙНӨ ЖАШООСУНУН КООЗДУКТАРЫ .......................................................

АПААТТАР ...................................................................................................

МУРДА ЖАШАП ӨТКӨН ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАР ..............................................

ЧЫНЫГЫ МЕКЕН: АКЫРЕТ ..........................................................................

ЫЙМАНСЫЗДАРДЫН МЕКЕНИ: ТОЗОК ..........................................................

ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ ........................................................................

# БАШ СӨЗ

Сүрөттөгү аял болжол менен 70 жаштарда. Жетимиштеги бир адамдын өткөн жашоосу жөнүндөгү ойлору кандай болду экен деген ой келди беле сизге?

Бул адам, ким гана болбосун, «70-80 жылдык өмүрүмдүн кантип өткөнүн сезбей калдым» деген ойдо болушу керек. Ал тургай, сурасаңыз «көз ачып жумганча өтүп кетти, эч нерсени түшүнбөй калдым» деп жооп берет. 20 жаштарында ал да улгайаарын эч ойлонгон эмес болушу керек. Бирок эми болсо өтө алыс сезилген ошол убакка келип калганына таң калып жаткандыр. Жана «картайганга чейин дагы көп бар» деп ойлоп, канчалык жаңылганын да эң жакшы түшүнгөндүр.

«Өмүр бою кылгандарыңызды жазып же айтып бериңиз» десеңиз, көп болсо бир дептерди толтура алат же ашып барса беш-алты саат тынбай айтып бере алат. «70 жылдык өмүр», негизи, болгону ушунча...

Буларды ойлонгон адамдын оюна өтө маанилүү кээ бир суроолор келет:

- «Көз ачып жумганча өтүп кеткен бул жашоонун максаты эмне?»

- «Мен бул 70 жылды эмне максатта өткөрдүм?»

- «Мындан кийин эмне болот?»

Адамдар бул суроолорго эки түрдүү жооп бере турган эки топко бөлүнөт: алардын бири Аллахка ишенбегендер болсо, экинчиси чын жүрөктөн, таза бир ыйман менен Аллахка ишенгендер.

Биринчи топтогулар жогорудагы суроолор жөнүндө мындай деп ойлонот болушу керек: «өмүрүмдү ушул күнгө чейин болбогон максаттар үчүн өткөрдүм. 70 жыл жашадым, бирок эмне үчүн жашаганымды, ачыгын айтсам, көп деле түшүнө алган жокмун. Башында ата-энем үчүн жашайм дедим, кийин жубайым үчүн, анан балдарым үчүн... Эми болсо өлүм жакындады. Бир күнү өлүп, бул дүйнөдөн жок болом. Андан кийинби? Андан кийин эмне болоорун билбейм; бирок, менимче, баары бүтөт болушу керек!»

Бүт ааламдын, жандыктардын жана адамдардын белгилүү бир максат менен жаратылганын түшүнө албаганы үчүн, бул адам ушинтип туңгуюкка туш болот. Бүт нерселер жаратылгандыктан, баарынын жаралуу максаты бар. Акылы бар адам ааламдын жана жандыктардын бүт тарабында улуу бир план, тартип жана акыл бар экенин көрөт жана булардын улуу бир Жаратуучу тарабынан жаратылганын түшүнөт. Булар өзүнөн-өзү, кокустан пайда болгон эмес. Буларды бир Жаратуучу жараткан. Демек, сөзсүз белгилүү бир максаты бар. Бул максат улуу кудуреттүү Аллах адамдарга жол башчы кылып түшүргөн Куранда кабар берилген.

Бул чындыктарды түшүнүп, Аллахка ишенген адам жогорудагы суроолорго туура жооп берет: «мени бүт нерсенин кожоюну Аллах жаратып, бул дүйнөгө жиберген. Бул дүйнөдө Жаратканга ибадат (кулчулук) кылууга буюрулдум жана муну канчалык аткараарым сыналды. Бул дүйнөнүн ансыз да өтө кыска экенин жана көз ачып жумганча өтүп кетээрин билчүмүн. Туура жолду тандадым; Аллахка ибадат кылдым, бул жашоонун убактылуу кооздуктарына алданган жокмун. Мындан кийинби? Өмүр бою жакшы иштерди кылып, Аллахтын ыраазылыгына жетүүгө аракет кылганым үчүн, түбөлүк бактылуулуктун мекени болгон бейишке кирүү үмүтүм бар. Жана Раббиме жолугаар күнүмдү сабырсыздык менен күтүп жатам.»

Бул эки адамдын ортосундагы айырманы жакшыраак көрсөтүү үчүн бир жагдайга токтолуу керек: Аллахтын бар экенин кабыл алгандардын баары чыныгы ыймандуу эмес. Бүгүнкү күндө адамдардын көпчүлүгү ааламдын бир Жаратуучу тарабынан жаратылганын кабыл алат, бирок бул акыйкаттын анын жашоосу үчүн канчалык маанилүү экендигин түшүнө албайт. Бул адамдардын көпчүлүгү «Аллах ааламды жаратып, анан адамдарды өз башынча таштап койгон» деген туура эмес түшүнүккө ээ...

Мындай үстүртөн көз-карашка Аллах адамдарга жол башчы кылып түшүргөн Куранда да көңүл бурулган жана аяттарда «ааламдын Жаратуучусу ким?» деп суралганда, адамдардын «Аллах» деп жооп берээри, бирок мындан эч сабак албашы айтылган:

> **Ант болсун, алардан: «Асмандарды жана жерди ким жаратты?» деп сурасаң, албетте, «Аллах» дешет. Айткын: «Мактоолор Аллахка тиешелүү.» Жок, алардын көпчүлүгү билишпейт. (Локман Сүрөсү, 25)**
>
> **Ант болсун, алардан: «Силерди ким жаратты?» деп сурасаң, албетте: «Аллах» дешет. Анан, кантип бурулуп кете беришет? (Зухруф Сүрөсү, 87)**

Бул туура эмес ишенимден улам, адамдардын көпчүлүгү күнүмдүк жашоону жараткан Аллах менен байланыштыра алышпайт. Алардын ою боюнча, бул дүйнөдө өмүр сүрүп, өздөрүнүн оюна туура келгендей жакшы иштерди кылышат жана өлгөн соң, эгер күнөөлөрү бар болсо, белгилүү убакыт жаза тарткан соң, бейишке киришет. Ал тургай, кээ бирлери муну да ойлонушпайт; «бул дүйнөдө канчалык жыргасак ошончолук жакшы, Аллах канчалаган мүмкүнчүлүктөрдү берген, болушунча жыргайлы» деген сыяктуу «караңгы» сөздөрдү айтып, башка эч нерсени ойлонбостон, өмүрлөрүн өткөрүшөт.

Бирок, чындык мындай эмес. Аллахты таанынбаган же Аны унуткан бул адамдардын баары абдан чоң жаңылыштык кетиришет. Куранда айтылгандай, **«Алар дүйнө жашоосунун (жалаң гана) сырткы тарабын билишет. Акыреттен болсо капилет калышкан.»** (Рум Сүрөсү, 7)

Мындай адамдар бул жашоонун чыныгы жүзүн жана максатын да түшүнө алышпайт. Мунун убактылуу экендигин жана «көз ачып жумганча» өтүп кетээрин эч ойлонушпайт.

Эл оозунда бул дүйнөнүн кыскалыгы жана убактылуулугу жөнүндө кээ бир сөздөр көп айтылат; «утурумдук дүйнө», «үч күндүк жашоо», «ар бир башта бир өлүм» деген сыяктуу. Бирок мындай адатка айланган сөздөр негизи адамдардын чыныгы көз-карашын чагылдырбайт. Бул сөздөр адамдардын арасында маек учурунда жөн гана же тамаша катары айтылат. Ошондуктан бул сөздөрдүн артынан эле дүнүйөлүк пландар башталат. Мисалы, «убактылуу дүйнө», «бул дүйнөгө бир жолу келдик» деген сөздөрдүн артынан эле «албетте, бул дүйнөдө жыргаш керек» деген сыяктуу сөздөр айтылып башташы мүмкүн.

Чындыгында болсо, бул өмүрдүн кыскалыгы, бул дүйнөгө бир гана жолу келээрибиз жана бир күнү башыбызга сөзсүз өлүмдүн келээри ар бир адам үчүн өтө маанилүү. Белгилүү жашка чыкканга чейин адам бул маанилүү чындыкты байкабаган болушу мүмкүн, бирок муну байкаар замат бүт жашоосун башынан карап чыгып, Аллах талап кылган нерселерге карап жашоосун түп-тамырынан өзгөртүшү зарыл. Себеби бул жашоо кыска, бирок адамдын руху, Аллахтын каалоосу менен, түбөлүк жашайт. Түбөлүк жашоонун алдында 60-70 жылдык жашоонун эч бир баркы жок. Бул жерде бир аз ырахат алуу үчүн, түбөлүк жашоону «курмандыкка чалуу», албетте, акылсыздык болот.

Бирок бул акыйкатты түшүнө албаган ыймансыздар бүт өмүрүн Аллахты унутуп, бош максаттарга коротушат. Бирок ал максаттарына да жете алышпайт. Эч канааттанышпайт жана улам жогорураак даражага же колундагылардын көбүрөөгүнө жетүүнү көздөй беришет. Ага жеткенде андан да көбүрөөгүн, анан андан да көбүрөөгүн эңсей берет... Өмүрлөрүн өлгөнгө чейин канааттанбаган ушундай каалоолорго коротушат. Бирок эңсеген нерселерине бул дүйнөдө жете алышпайт, себеби ар дайым алдыларынан улам жакшыраагы чыга берет.

Мисалы, жаңы чыккан модельдеги бир машинаны алууну эңсеген бир кишини элестетиңиз. Канчалаган аракеттер менен ал машинаны алса, көп өтпөстөн андан да жаңы модельдер чыгат да, эми алар көзүнө кооз көрүнө баштайт. Же бул киши канча жыл эмгек кылып, акча чогултуп бир үйлүү болду дейли. Бир күнү сөзсүз өзүнүкүнөн коозураак бир үйгө жолугуп, өзүнүн үйү аны көп кызыктырбай калат. Сатып алган бул мүлктөрүнүн эскирип, бузулуп башташы болсо аны ан сайын кыйнайт.

Улам жакшыраагын, улам коозураагын издөө, ага жеткенде эскисинин барксыз болуп калышы, андан соң жаңынын да эскириши – бул, адамдар тарых бою күбө болуп келген бир туюк айлампа. Адам бул чындык

жөнүндө ой жүгүртүп, эмне үчүн бул дүйнөнүн артынан чуркаса, эч бир натыйжага жетпей тургандыгын түшүнүшү керек жана «бул көз-караштын тамырында бир маселе бар» деп ойлонушу зарыл. Бирок адамдардын көпчүлүгү, буга акылы жетпей, эч качан жете албай турган кыялдардын артынан кубалай беришет.

Бул китепте учкан куштай өтүп жаткан жана эч кепилдиги жок дүйнө жашоосу бүт тарабынан көз алдыга тартууланып, бул жашоонун бүт алдамчы сырлары сүрөттөлөт. Себеби Аллах ыймандууларга адамдарды бул акыйкаттар менен эскертип, коркутуу милдетин тапшырган. Бүт адамдарга «бул дүйнө жашоосуна алданбагыла жана Менин ыраазылыгыма жетүүнү көздөгүлө» деп буйрук берген. Бир аятта бүт адамдар мындай деп эскертилет:

> **Эй адамдар, эч күмөнсүз, Аллахтын убадасы акыйкат; демек, дүйнө жашоосу силерди алдап койбосун... (Фатыр Сүрөсү, 5)**

# ДҮЙНӨ ЖАШООСУ

Биз жашаган ааламдын бүт тарабында кемчиликсиз бир гармония бар. Ар бири болжол менен 300 миллиард жылдыздан турган болжол менен 300 миллиард галактика эч башаламандык чыкпастан, мыкты тартипте «жашап» келе жатат. Бүт галактикалар, жылдыздар, планеталар жана спутниктер бир жагынан өздөрүнүн огунда жана экинчи жагынан өздөрү тиешелүү болгон системалар менен бирге белгилүү орбиталарда тынымсыз айланышууда. Мындай тартип эч качан кокусунан пайда болбойт.

Болгондо да, ааламдагы ылдамдык түшүнүгү дүйнөдөгү чоңдуктарга салыштырганда, эбегейсиз чоң. Салмагы миллиондогон тоннаны түзгөн жылдыздар, планеталар, галактикалар жана галактика үймөктөрү космосто абдан чоң ылдамдык менен кыймылдашат. Биз жашап жаткан дүйнө, б.а. жер шары саатына 1670 км ылдамдык менен өз огунун айланасында, 108000 км ылдамдык менен күндүн айланасында айланат. Күн системасынын галактиканын борборунун айланасындагы айлануу ылдамдыгы саатына 720000 км болсо, саманчынын жолу галактикасынын космостогу ылдамдыгы саатына 950000 км. Эч тынымсыз уланган бул кыймылдар ушунчалык чоң болгондуктан, дүйнө менен күн системасы ар жыл сайын бир жыл мурдакы ордунан 500 миллион километрге алыстайт.

Биз мына ушундай эбегейсиз тез кыймылдаган планеталардын бирөөсүндө жашап жатабыз. Болгондо да, биз жашап жаткан жер планетасы бүткүл ааламга салыштырганда, өтө кичинекей жана жөнөкөй бир планета болуп калат.

Бул кереметтүү тең салмактуулуктар негизи жер бетиндеги жашоонун өтө коопту абалда тургандыгын көрсөтөт. Асман телолорунун орбиталарындагы миллиметрлик өзгөрүүлөр же жылыштар да өтө чоң натыйжаларга алып келиши мүмкүн. Ал тургай, жер бетинде жашоо токтоп калышы ыктымал. Ушунчалык кылдат тең салмактуулукка таянган жана эбегейсиз чоң ылдамдыкта кыймылдаган бул системада коркунучтуу кырсыктардын келип чыгышы да табигый нерседей эле көрүнөт. Бирок учурда мындай кырсыктар өтө сейрек кездешүүдө жана тең салмактуулуктар бузулбастан, жашоо уланууда. Аллахтын бизге болгон мээриминен улам жер планетасынын айлануу ылдамдыгын сезбейбиз жана жер шарын курчап турган коркунучтардан бейкапар гана, өтө тең салмактуу, коопсуз бир системада жашап жаткандай өмүр сүрөбүз.

Кээ бир адамдар бул нерселер жөнүндө көп ойлонушпайт; ойлонбогону үчүн чындыгында канчалык кереметтүү шарттарда жашап жатышканын да байкай алышпайт. Бул ааламдын белгилүү бир максат менен жаратылгандыгынын алар үчүн канчалык маанилүү экенин билишпейт. Бул дүйнөгө эмнеге келгенине жана ушунчалык кылдат тең салмактуулуктун ааламда кантип пайда болгонуна кызыгып да койбостон, күн кечиришет.

Чындыгында болсо, адамды адам кылган эң негизги өзгөчөлүк – бул, анын ойлонуу жөндөмү жана ойлонгон нерселеринен жыйынтык чыгаруу мүмкүнчүлүгүн берген акылы. Адам эмне үчүн жашап жатканын, бул дүйнөнүн эмне үчүн жаратылганын, ааламдагы тең салмактуулуктардын ким тарабынан түзүлгөнүн ойлонмоюнча, акыйкатка жете албайт.

Жогоруда айтылгандарды ойлонуп, түшүнө алган адам апачык чындыкты көрөт: бул ааламды, бүт кылдат тең салмактуулуктары менен бирге, улуу акыл ээси Жаратуучу Раббибиз жараткан. Ааламдын ичинде кичинекей жерди ээлеген жер шары болсо, өзү кичинекей болгону менен, чоң максатта жаратылган. Адамдардын жашоосунда бүт нерсенин белгилүү бир максаты бар. Ааламдын ар бир чекитин Улуу Аллахтын чексиз күч-кудуретинин жана теңдешсиз акылынын көрүнүштөрү курчап турат.

Аллах адамдардын жер жүзүнө келүү максатын Куранда төмөнкүчө кабар берген:

**Ал, амал (иш-аракеттери) жагынан кайсыңардын жакшыраак болоорун сыноо үчүн өлүмдү жана жашоону жаратты. Ал улуу жана кудуреттүү, абдан кечиримдүү. (Мүлк Сүрөсү, 2)**

**Күмөнсүз, Биз адамды аралашма бир тамчы суудан жараттык. Аны сынап жатабыз. Ошондуктан аны угуучу жана көрүүчү кылдык (кулак, көз бердик). (Инсан Сүрөсү, 2)**

Аллах жер жүзүндө бүт нерсенин белгилүү бир максат менен жаратылганын да Куран аркылуу бизге кабар берген:

**Биз асманды, жерди жана ал экөөсүнүн ортосундагыларды бир «оюн жана алаксуу» болсун деп жараткан жокпуз. Эгер бир «оюн жана алаксуу» болсун десек, муну Өз Кабатыбыздан кылаар элек. Кыла турган болсок, ошондой кылмакпыз. (Анбия Сүрөсү, 16-17)**

# Дүйнөнүн сыры

Аллах бул дүйнө жашоосун адамдардын кайсынысынын жакшыраак иш-аракеттерди кылаарын, кимдердин туруктуу болуп, Өзүнө моюн сунаарын сыноо үчүн жараткан. Башкача айтканда, бул дүйнө – Аллахтан коркуп тартынгандар менен Ага шүгүрсүздүк кылгандарды айырмалоо үчүн даярдалган бир сыноо мекени. Бул сыноо мекенинде сулуулуктар менен жагымсыз нерселер, жакшылыктар менен жамандыктар, кемчиликтер менен кемчиликсиздиктер бир жерге коюлуп, кемчиликсиз бир сыноо системасы курулган. Адамдар ыйманы аныкталышы үчүн ар кандай жолдор менен сыналат. Аягында Аллахты чындап таанып, кадырлай алгандар ыймансыздардан бөлүнүп, кутулууга жетишет. Бул акыйкат Куранда төмөнкүчө кабар берилген:

**Адамдар (бир гана) «ыйман кылдык» деп эле, сыналбай калабыз деп ойлоштубу? Ант болсун, алардан мурдакыларды сынадык; Аллах чындыгында чынчылдарды да билет жана чындыгында жалганчыларды да билет. (Анкебут Сүрөсү, 2-3)**

Бул сыноонун сырын түшүнүү үчүн алгач ааламды толук башкарып турган Жаратуучубузду абдан жакшы таанып билишибиз керек. Ал Жаратуучу – асмандарды, жерди жана бул экөөнүн ортосундагылардын бүт баарын жоктон бар кылган, бүт нерселер Ага муктаж болгон, Өзү эч нерсеге муктаж болбогон жана бүт кемчиликтерден аруу-таза Аллах. Аллах адамды жоктон жаратып, ага сансыз өзгөчөлүктөрдү жана сый-жакшылыктарды берген. Эч бир адам угуу, көрүү, басуу өзгөчөлүгүн, белгилүү тартипте иштеген нерв жана булчуң системаларын, дем алууну камсыз кылган дем алуу системасын жана ушул сыяктуу сөзсүз керектүү сансыз өзгөчөлүктөрүн өзү жасаган эмес. Адам буларды аңдап-биле элек кезде эле Аллах бул системаларды анын денесине орнотуп койгон.

Бул сый-жакшылыктары үчүн адамдардан Өзүнө ибадат кылууну гана талап кылат. Бирок адамдардын көпчүлүгү, аятта айтылгандай, «залим жана шүгүрсүз» мүнөзүн көрсөтүп, Раббибизге шүгүр кылууну, Ага моюн сунууну унутуп, Ал койгон чектерден чыгышат. Өздөрүн өтө күчтүү сезип, бул дүйнөдө абдан узун жашайбыз деп ойлошот (Аллахты аруулайбыз).

Ошондуктан, бүт максаттары бул дүйнөгө багытталган. Өлүмдү унутуп, өлүмдөн кийинки жашоолоруна эч бир даярдык көрүшпөйт. Эң негизги мүдөөсү колунан келишинче өзүнө мыкты жашоо шарттарын түзүү жана бул дүйнөдөгү ар бир көз ирмемин, өз оюнда, эң мыкты өткөрүү болуп саналат. Мындай адамдардын бул дүйнөгө болгон берилүүсүн Аллах Куранда төмөнкүчө кабар берген:

**Чындыгында, булар тез өтүп кете турганды (дүйнөнү) жакшы көрүшүүдө. Алдыларында турган оор күндү унутуп жатышат. (Инсан Сүрөсү, 27)**

Аллахты унуткан ыймансыздар өмүр бою ушул мүдөөгө жетүүгө тырышышат, бирок, аятта айтылгандай, бул дүйнөнүн маанилүү бир сыры бар: дүйнө жашоосу абдан тез өтүп кетет. Бул дүйнөгө берилгендер муну ойлонгусу келбей, унутуп коюшат жана эстеткендерден качышат. Бирок канчалык качканга аракет кылышпасын, өлүм келгенде бул жашоонун бүтөөрүндө эч бир күмөн жок.

# *«Адам бейиште бактылуу боло алышы үчүн бул дүйнөдө таалим-тарбиядан, б.а. сыноодон өтүшү керек.»*

**АДНАН ОКТАР:** Адам эгер түз бейишке барса, бактылуу болбойт, сөзсүз дүйнөдөгү бул таалим-тарбиядан өтүшү керек. Эгер түз бейишке барса, Аз. Адам жана Ободой абалга түшөт, алар бейиште бактылуу боло алышкан эмес. Толук бактылуу болушпай, жаңы нерселерди изденишкен. Мисалы, Аллахка берген убадасын аткара албай турганчалык абалга келишкен, бирок таалим-тарбиядан өткөн соң, б.а. ооруну, кыйынчылыкты, кыйналууну, туруктуулукту, сабырдуулукту, эр жүрөктүктү, опааны, бүт жакшы мүнөздөрдү көргөн соң, адамдар бейиште түбөлүккө чейин эң мыкты кулк-мүнөздө болушат.

Тозок бейиштегилерге тынымсыз бир экрандан көрсөтүлүп турат. Бул алардын дайыма өздөрүнүн абалына шүгүр кылышына себеп болот. Адам атага тозок эч көрсөтүлгөн эмес, б.а. бейиште Аз. Адам тозок экранын көргөн эмес. Эгер көргөндө, албетте баары Аллахтын колунда, ким билет кандай болот эле мамилеси, бирок тагдыр ошондой болчу. Бейиш кемчиликсиз болушу үчүн, бейиште адамдар бактылуу болушу үчүн, сөзсүз бул дүйнөдөгү таалим-тарбиядан өтүү керек жана сөзсүз тозоктон кабардар болуу зарыл. *(Аднан Октардын Канал-35 менен болгон маегинен үзүндү, 2009-жылдын 1-февралы)*

**АДНАН ОКТАР:** Адамдар бейишке түз киргизилсе, ызы-чуу чыгарышат. Аллах, мисалы, Аз. Адамды, Аз. Обону, шайтанды киргизген бейишке, анын жыйынтыгын билебиз. Таалим-тарбия албастан киргенде ушундай болот. Аллах бизге ошону көрсөткөн. Аллах Аз. Адам менен Обонун моюн сунбаганын, б.а. туруктуулук кылбаганын кабар берген Куранда. Берген убадаларында турушкан эмес, бирок албетте шайтандын абалы башка, анын мамилеси толугу менен психопаттардыкы сыяктанат. Таалим-тарбиядан өткөн соң адамдар нормалдуу болуп калышат.

Куранда Аллах мындай дейт: **«Силер Аллахтан ыраазы болуп, Аллах да силерден ыраазы болуп, бейишиме киргиле, чын ыкластуу пенделеримдин арасына кошулгула», себеби «Эй канааттанган (тынчтанган) напси»** дейт Аллах, б.а. напси тең салмакталган болот. Биз бул жерде тең салмакталабыз; мыкты кулк-мүнөздү, сүйүүнү, боорукердикти, сабырдуулукту, эр жүрөктүктү үйрөнөбүз. Аллах насип кылса, бейиште булар бизге маектешүү темасы болот.

Аллах Куранда **«маңдай-тескей тактыларда отуруп, сүйлөшүшөт, маектешишет»** деп кабар берген. Бейиште эмне сүйлөшүлөт? Албетте, бул дүйнөдө кылынган нерселер сүйлөшүлөт. Алардын видеолору бир-бирден көрсөтүлөт. Ал жердеги маек: «кантип Аллах жолунда күрөш жүргүзгөн экен?», «кантип аракет кылган экен?», «кандай жакшылыктарды кылыптыр?», «Аз. Муса эмне кылган?», «Аз. Иса эмне кылган?», мына ушуларды сүйлөшөбүз. Ошол себептен биз бул куттуу, бул эң мыкты инсандарды абдан сүйөбүз. *(Аднан Октардын Tempo TV каналы менен болгон маегинен үзүндү, 2009-жылдын 24-марты)*

# Бир канча секундабы же бир канча саатпы?

Бир эс алуу учурун элестетиңиз. Эки саат жол жүргөн соң, аягында көптөн бери пландаган эс алууңузга чыгып, эс алуучу жериңизге жеттиңиз. Ал жерде киши аябай көп жана сиз сыяктуу дагы жүздөгөн кишилер эс алып жүрүшөт. Отельдин кабыл алуучу жайында тааныш жүздөргө жолугуп, баары менен саламдаштыңыз. Көп убакыт жоготпостон, эртерээк деңиздин жээгине баруу үчүн шашып баштадыңыз. Кийимиңизди бат-баттан алмаштырып, кумжээкке (пляжга) бардыңыз. Алдыңызда укмуш кооз деңиз жана кумжээк турат. Аба болсо чындыгында аябай ысык. Анан сууга кирип, сүзүп баштадыңыз. Бирок сүзүп баратып бир үндү уктуңуз: «Ойгон! Саат 8 болду!»

Күтүүсүз келген бул үндү эч түшүнбөй каласыз. Бул үн менен жүргөн жериңиздин байланышын издейсиз, бирок башында эч байланыш таба албайсыз. Анан акырындап көздөрүңүздү ачып ойгоносуз. Көздөрүңүз жаткан бөлмөңүзгө көнүп, аң-сезимиңиз ордуна келгенде, түш көргөнүңүздү түшүнөсүз. Чындап эле абдан таң каласыз. «Баары ушунчалык реалдуу болчу, бир канча саат жол жүрдүм, көпкөк деңизди көрдүм, канчалаган тааныштарым менен жолуктум, ал тургай, азыр кыш болгонуна карабастан, жайдын ысыгын да сездим» деп чын жүрөктөн таң калганыңызды билдиресиз.

Түшүңүздө өтө көп убакыт өткөндөй сезилгени менен, түшүңүз болгону бир канча секундага гана созулган болот. Сизге андай эместей сезилсе да, мунун болгону бир канча секундалык бир түш экенин кабыл алууга мажбур болосуз.

Кыска гана убакытка созулган бул дүйнө жашоосун түгөтүп, акыретке барган ыймансыздардын таң калуусу да мына ушундай болот. Өтө узун убакытка созулат деп ойлогон дүйнө жашоосу аларды алдап койгон болот. Болгондо да, кээ бирлери миң жыл, кээ бирлери миң жылдан да көп өмүр сүрчүдөй бир сезимге кабылган болушат. Бирок өлүмдөн кийин тирилтилгенде, бул дүйнөдө абдан аз жашашканын түшүнүшөт. Бул абал Куранда төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

> **«Жыл санагы менен жер бетинде канча болдуңар?» деди. «Бир күн же бир күндүн бир аз бөлүгүнчөлүк болдук, эсептегендерден сура» дешти. «Аз (убакыт) гана болдуңар, чындыгында билген болгонуңарда» деди. (Мүминун сүрөсү, 112-114)**

10 жыл жашаган бир адам да, 100 жыл жашаган бир адам да, жогорудагы аяттарда айтылгандай, бул дүйнөдө көп болсо бир күндөй гана өмүр сүргөнүн аягында түшүнөт. Түшүнөн ойгонуп, бир топ убакыт эс алууда болдум деп ойлоп, бирок болгону бир канча секунда гана өткөнүн байкаган адамдай болуп... Ал тургай, бул дүйнөдө өткөргөн өмүрү ага ушунчалык кыска сезилгендиктен, төмөндөгү аятта айтылгандай, өтө чоң амбициялар менен өткөрүп, бир топ жылга созулду деп ойлогон жашоосунун негизи бир саатка эле батып кеткенине өзү ант ичет:

> **Кыямат күнү болгондо, кылмышкер-күнөөкөрлөр (бул дүйнөдө) бир саат гана өмүр сүрдүк деп ант ичишет. Мына алар ушундай бурулуп кетишчү. (Рум Сүрөсү, 55)**

Бүт адамдар дүйнө жашоосунун чектелүү экенин билишет. Бир канча саат, бир күн, бир жыл, 30 жыл же болбосо 70 жыл. Жана бардык адамдар чектелүү нерсенин бир күнү сөзсүз түгөнөөрүн да билишет. Бир адам 80 жыл жашайбы, 100 жыл жашайбы, баары бир, күн сайын сөзсүз өлүмдү көздөй жакындай берет. Мунун мисалдарын бүт адамдар айланасынан көрүп турушат. Ойлонуп көрсөңүз, узун мөөнөткө түзгөн пландарыңызга көп жылдан кийин, бир күнү жеткен чыгаарсыз. Ошондо артка кылчайып караганыңызда, эң биринчи эле «убакыт канчалык тез өттү!» деген сөздү айтасыз.

Мисалы, лицейге жаңы эле кирген бир өспүрүмдү элестетиңиз. Жаңы окуп баштаганда лицейди бүтүрүшүмө чейин аябай көп бар, мынча жыл качан өтөт деп ойлойт. Бирок бир күнү лицейди жана, ал тургай, университетти да аяктап калган болот жана лицейге жаңы киргенде эмнелерди ойлонгонун унутуп да калат. Эми ойлорун башка пландар ээлейт. Балким бир канча айдан кийин боло турган үйлөнүү тоюн пландап жаткан болот жана ал күн эч келбечүдөй сезилет. Бирок ал күн да, андан кийинки пландарын түзгөн башка күндөр да келет. Ал тургай, убакыт ушунчалык бат өткөндүктөн, адам көз ачып жумганча үй-бүлөлүү жана

бала-бакыра, неберелүү, улгайган бир кишиге айланат. Ошентип бул дүйнөгө берилген мөөнөтү бүтүп жаткан болот. Ал улуу күнгө балким бир канча жыл, балким бир канча жума, а балким бир канча мүнөт гана калган болот. Өлүм келген соң, адамдын ушунчалык барктаган жана өмүр бою сулуулап баккан денеси эч таанылгыс абалга келет.

Бул дүйнө жашоосунун убактылуу бир мекен экендиги жана чыныгы мекендин акырет болоору Куранда кабар берилген. Акыретте түбөлүккө созула турган бейиш жана тозок жашоосунун бүт өзгөчөлүктөрү Аллахтын вахийи аркылуу сүрөттөлүп берилген. Ошого карабастан, адамдар өтө кыска убакытта бүтө турган бул дүйнө жашоосуна берилип, бул дүйнөдөн пайдаланууга аракет кылышат. Бирок, айлана-чөйрөсүн бир аз акылдуу таразалай алган жана чындыктарды ойлонгон бир адам бул дүйнө жашоосунун түбөлүктүү жашоонун алдында канчалык барксыз экенин көрүп түшүнөт. Жана акыретте түбөлүккө созула турган жашоосун теңдешсиз сый-жакшылыктар менен коздолгон бейиште өткөрүүгө аракет кылат. Мунун бир гана жолу бар: чын ыкластан Аллахка кайрылып, ибадат кылуу. Сөзсүз келе турган өлүмдү эч ойлонбой, дүйнө жашоосунун аягын көрүүнү каалабагандар болсо, Аллахтын каалоосу менен, түбөлүктүү азапка татыктуу болушат...

Куранда Аллахка ибадат кылууну каалабаган адамдардын акыреттеги абалы төмөнкүчө кабар берилген:

> **Күндүздүн бир саатынан башка эч өмүр сүрбөгөн сыяктуу аларды бир жерге топтой турган күндө алар бири-бирин таанышат. Аллахка жолугууну жалган дегендер чындыгында азапка дуушар болушат. Алар хидаятка жеткен (туура жолгон түшкөн адамдар) эмес эле. (Йунус Сүрөсү, 45)**
>
> **Эми сен сабырдуу бол; пайгамбарлардан туруктуулук (чечкиндүүлүк) ээлери сабырдуу болгондой. Алар үчүн болсо шашылба. Алар эскертилген нерсени (азапты) көргөн күнү күндүздүн бир саатынчалык гана жашагандай болушат. (Бул) Бир үндөө (чакырык). Бузуку бир коом гана кыйроого дуушар кылынат. (Ахкаф Сүрөсү, 35)**

# *«Өлүм сөзсүз келүүчү бир акыйкат жана ар бир адам Раббибиздин алдына жападан жалгыз барат.»*

**АДНАН ОКТАР:** ... Өлүмдөн качуу мүмкүн эмес. Анын жолу жок. Аллахты чын жүрөктөн сүйүп, түбөлүк жашоодо Аллах менен бирге болуу, Аллахты берилип сүйүү кандай сонун. Аллахтын бар экени апачык көрүнүп турат. Көпчүлүк адашып жүргөн болушу мүмкүн. Аллах: **«көпчүлүктү ээрчисеңер, силерди Аллахтын жолунан адаштырышат.»** (Энъам Сүрөсү, 116) дейт. Биз көпчүлүктү ээрчибейбиз.

Көпчүлүк туура эмес көз-караште болушу мүмкүн. Биз эмне кылабыз? Өзүбүздүн акылыбыз менен ойлонобуз. Куранда **«Мага жападан жалгыз, бирден келесиңер»** (Мариям Сүрөсү, 95) дейт Аллах. Компьютер креслосу, апасы, атасы менен, фейсбуктагы достору менен келбейт. Өлгөндө жаназада көп киши болот, бирок өлгөн киши жалгыз барат мүрзөгө, топурактын астына. Эки жарым метр астына коюлган соң, ал жердеги кызматкерлер топуракты болгон күчү менен үстүнө куюп башташат. Андан соң бул дүйнө менен толук байланышы үзүлөт.

Капкара караңгылыкта, муздак топурактын ичинде ал жердеги бактериялар менен курттар гана ага «дос» болушат. Жарык жок. Ар бир мүнөт сайын денеси шишип баштайт. Оозунан көбүктөр чыга баштайт. Жана аялдын жатыны жыныстык органынан сыртка чыгат басымдын таасиринен, барабандай көбөт. Эң жарашыктуу, эң чырайлуу, дүйнөнүн эң сулуу аялы болсо да, сөзсүз ушундай акыбетке туш болот. Эң жарашыктуу эркек да ушул этаптардан өтөт. Бир гана пайгамбарларда бузулуу болбойт жана олуяларда. Бул бир керемет. Мисалы, бир канча жылдан соң Пайгамбар Мырзабыздын (сав) жайы оңдолуп жатканда, Аз. Өмердин (ас) буту көрүнгөн экен топурактан, кандай болсо ошол бойдон турган экен жай оңдолуп жатканда. Кайрадан жаап коюшкан экен, бирок ошол бойдон туруптур. Аллахтын керемети.

Өлгөндөн кийин мүрзөдө интернеттен башкалар менен сүйлөшө албайт, текеберденип ар нерсени айта албайт, фейсбуктагы досторуна смайлик белгисин, эч нерсени жибере албайт. Алар да ага кабар жибере алышпайт. Электр энергиясы ж.б. эч нерсе жок. Атырлары, көйнөктөрү, бренд кийимдери, бут кийимдери, баары үйдө шкафта калат, завод-фабрикасы да калат. Фабрикасына жумушчулар барып келип, ишин улантышат, унааларын башкалар колдонот, буюмдарын бирөөлөргө таратышат, ал болсо жердин астында бөзгө оролгон абалда жатат. Буттарынын баш бармактары бири-бирине жип менен байланат, үстүнөн жаагы байланат моргдон сөөк жуулчу жайга келгенде. Америка бөзүнөн айрып алып, башынын үстүнөн өткөрүп жаагынын астынан байлашат. Жеген тамак-аштары оозунан чыкпашы үчүн; бирок ошого карабастан, баары бир оозун талкалап чыгат... *(Аднан Октардын 2010-жылдын 10-декабрындагы Kaçkar TV каналы менен болгон маегинен үзүндү)*

# Эч майнапсыз амбициялар

Бул дүйнөнүн дээрлик «көз ачып жумганча» эле өтүп кетээрин айтып өттүк. Бирок дүнүйөлүк амбицияларга берилген адамдар дагы бир чындыкты эске алуулары зарыл: Аллахка ишенмейинче, бул дүйнөдө эмнелерге гана ээ болбосун, баары бир эч качан чыныгы бейпилдикке жете алышпайт.

Адам аң-сезими «ойгонгондон» баштап тынымсыз бир нерселерди талап кыла баштайт. Каалоолору биринин артынан бири пайда болуп, эч түгөнбөйт. Адамдын напсиси ар дайым бир нерселерди каалап турат жана ал каалоолордун эч чеги жок. Бирок каалоолору чексиз болгону менен, колундагы мүмкүнчүлүктөрү чектүү. Каалаган нерселеринин баарына жете албайт. Ал тургай, каалаган нерселеринин баарына жетти деп элестетсек дагы, баары бир абал өзгөрбөйт. Себеби дүйнөнүн эң бай адамы болсо дагы, ал байлыгы убактылуу болот. Бул дүйнөдө көп болсо 70-80 жыл жашайт жана аягында бул дүйнө менен кош айтышканда, колундагы нерселеринин бүт баарынан ажырайт.

Чегин билбеген адам, Аллахтан бир жаза катары, эч чарасы табылбаган бир «канааттанбагандык» сезими менен жашап, тынымсыз ар кайсы нерселерди эңсей берет. Ал каалоолоруна жетүү үчүн болгон аракетин жумшайт жана, ал тургай, күтүүсүз кадамдарга да даяр болот. Айланасындагы адамдарды, атүгүл, үй-бүлө, жакындарын да капа кылганга чейин барат. Бирок эңсеген нерсесине жетээр замат, ал «сыйкырдын» таасири жоголот. Жана укмуш эңсеген нерсеси заматта барксыз болуп калат. Ага жетүү үчүн күндөп, айлап, жылдап аракет кылганы да унутулат. Жеткен нерсесине канааттанбаган напси ошол замат башка бир эңсөөнүн артынан түшөт да, эми болгон күчү менен анын артынан чуркап баштайт; ага да жетмейинче жаны тынбайт...

Ыймансыз адамдын бул дүйнөдө байлыкка, мал-мүлккө, кыскасы, айланасында көргөн нерселерге жетүүнү эңсеген ач көз аракеттери өлгөнгө чейин эч токтобойт. Эч качан колундагы байлыгына канааттанып, бактылуу боло албайт. Себеби Аллахты эмес, өзүмчүл каалоолорун ыраазы кылууну көздөп жаткан болот. Жана колундагылардын баары анын бой көтөрүп, текеберденишине себеп болот. Албетте, Аллах дүйнө жашоосунда мынчалык чектен чыгып, напсисине кул болгондордун көңүлүнө бейпилдик бербейт.

Куранда Аллахка бурулуп, Аны эстегендердин гана жүрөгүндө бейпилдик болоору кабар берилген:

> **Булар – ыйман кылгандар жана жүрөктөрү Аллахты эстөө менен бейпилдикке жеткендер. Кабарыңар болсун; жүрөктөр Аллахты эстөө менен гана бейпилдикке жетет (тынчтанат). (Рад Сүрөсү, 28)**

Ыймансыздар ушунчалык аңкоолук менен өлүмдү унутуп, дүйнө жашоосуна алданышса, ыймандуулар күн сайын өлүмгө дагы бир кадам жакындаганын билишет. Өмүрүнүн ар бир көз ирмемин Аллах үчүн жашап, Аллахтын ыраазылыгын көздөшөт жана Аллахтын алдында жалгыз туруп, сурак берээрин жана өлүмдүн тынымсыз жакындап келе жатканын ойлонушат. Ар дайым коркуу жана үмүт менен Раббибиздин ыраазылыгына жетүү үчүн дуба кылышат. Өлүмдү ойлонуп, анын жакындыгын сезүү ыймандуулардын акылын жана Аллахтан коркуу сезимдерин өстүрөт.

## *«Өлүмдү ойлонуу адамды жетилтет.»*

**АДНАН ОКТАР:** Өлүм жетилүүгө себеп болот; жетилүүгө, сүйүүгө, тереңдикке, жоомарттыкка шарт түзөт. Адам өлөөрүн эстесе, бул ага стимул болот. Өлүм кечиримдүүлүктү арттырат. Бирөөгө, мисалы: «бүт баарыбыз бир күнү өлөбүз, сен эмнеге мынчалык кекчилдик кылып жатасың?» десең, ошол замат өзүнө келет. Байлык топтоо каалоосу жоголот, байлыгын тараткысы келет, өлүм эсине келгенде. Өлүм эсине келгенде, түбөлүк жашай турганын билип, жүрөгү бейпилдикке толот. Аллахты көрөөрүн билгендиктен, анын кубанычын сезет. Бүт досторума, бардык жакшы көргөн адамдарыма жолугам деп үмүт кылганы үчүн, иншаАллах, ага өзүнчө кубанат... *(Аднан Октардын 2011-жылдын 21-июнундагы A9 TV жана Kaçkar TV каналдары менен болгон маегинен үзүндү)*

## *«Мусулман өлүмдөн коркпойт,<br>өлүмдү бир кубаныч катары көрөт.»*

**АДНАН ОКТАР:** Аллах ушунча көп сулуулуктарды жаратса, эмнеге коркушубуз керек? Өлүмдөн коркпойбуз, биз Аллахтан коркобуз. Өлүмдү Аллахка жолугуу жана кубаныч катары көрөбүз.

... Мусулман Аллахты наразы кылуудан коркот. Аллахтын ыраазылыгына жете албай калуудан коркот, Аллахтын сүйүүсүнөн ажырап калуудан коркот. Аллахтын аны сүйбөй калышынан коркот... *(Аднан Октардын 2010-жылдын 9-декабрындагы Kahramanmaraş Aksu TV жана Kaçkar TV каналдары менен болгон маегинен үзүндү)*

# Дүйнө жашоосуна алдануу

Бул дүйнөдө айланабызды сансыз кооздуктар курчап турат жана аларды караганды абдан жактырабыз. Кемчиликсиз долбоорлонгон адам денеси, миллиондогон өсүмдүк түрлөрү, тонналаган салмактагы булуттар көтөрүлгөн учу-кыйырсыз асман жана дагы көптөгөн нерселер адамдын рухуна ырахат тартуулай турган кооз көрүнүштө жаратылган. Көрүү сезимибизден тышкары, башка сезимдерибизден да ырахат алабыз. Мисалы, жагымдуу бир жыттан, даамдуу бир азыктан же мыкты обондуу бир музыкадан ырахат алышыбыз сыяктуу.

Дарактын бутагындагы бир мөмө сонун жыты жана даамы менен бүт адамдарга жагат. Ошол сыяктуу, түркүн түстөрдөн жана кооз оймо-чиймелерден турган бир гүл да жагымдуу маанай тартуулайт. Адамдын сулуу жүзү элдин баарына жагат. Кооз бир үйгө, жаңы модельдеги бир машинага, албетте, талап көп болот. Адам өмүрүндө ушул сыяктуу дагы көптөгөн нерселерди жактырып, аларга жетүүнү каалайт. Бирок булардын убакыт аралыгындагы өзгөрүүлөрү абдан таң калтырат. Себеби бара бара бул кооздуктардын мааниси жоголуп, ал тургай, адамдын көргүсү да келбей калат.

Мисалы, мөмө бутагынан үзүлгөн соң, көп өтпөй акырындап карара баштайт, анан жагымдуу жытын жоготот. Андан соң чирип, жаман жыт чыгара баштайт. Бир адам көрүнүшү кооз жана жыты сонун болгон гүлдөрдү үйүнө алып келип, вазага салып койот. Бирок арадан бир күн өтпөстөн, гүлдөрдүн түсү кубарып, өздөрү соолуп баштайт. 2-3 күндөн соң болсо толугу менен карарып, чирип калат. Дүйнөнүн эң сулуусу деп ойлогон бир адамды 60 жылдан кийин көрсө, тааныбай да калышы мүмкүн. Ал сулуу адам улгайып, жүзүн бырыш басып, чачтары апакай болуп калган болот. Кыскасы, мурдакы сулуулугунан эч нерсе калбаган болот. Үй эскирип, машинанын модасы өтүп, белгилүү бөлүктөрүн качан эле дат басып баштаган болот. Башкача айтканда, бул дүйнөдө адамдын айланасындагы нерселердин баары кыска убакытта бузулуп, эскире берет.

Бул көрүнүш көп адамдарга «табигый бир процесстей» сезилет. Чындыгында болсо, мунун өтө терең мааниси бар. Айланабыздагы нерселердин баары тынымсыз бузулуу, эскирүү жана чирүү аркылуу бизге өтө маанилүү бир акыйкатты эскертет: бул дүйнөнүн убактылуу жана алдамчы бир элес экендигин.

Эң негизгиси, бул дүйнөдөгү бүт жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, адамдардын, б.а. жер жүзүндөгү жандыктардын баарынын өмүрү чектүү. Өлгөн адамдардын жана жаныбарлардын ордуна улам жаңылары төрөлүп, жыл сайын жаңы түшүмдөр алынып турганы үчүн, адамдар бул улуу чындыкты байкашпайт. Бул чындыкты түшүнө албаган адам өлүмдүү нерселерге ашыкча маани берип, аларга жетүү үчүн көп нерсеге барууга даяр болот. Эңсеген нерселерине «жетүүнү» кыялданып жашайт. Чындыгында болсо, бүт нерсенин чыныгы кожоюну – Аллах. Ал кааласа, жандыктар бар болот, каалаган кезде жок болот, б.а. өлөт.

Аллах, адамдар бул дүйнөнүн алдамчы жүзүнө алданбай, дүйнө жашоосунун чыныгы жүзүн ойлонушу үчүн, Куранда ар кандай мисалдарды келтирген:

> **Дүйнө жашоосунун мисалы – Биз асмандан түшүргөн, аны менен адамдар жана жаныбарлар жеген жер жүзүнүн өсүмдүгү аралашкан бир суу сыяктуу гана. Жер сулуулугун жамынып, кооздонгондо жана ал жердин эли чындыгында аны биз кылдык деп ойлоп жатканда (дал ушул учурда) түнкүсүн же күндүз ага буйругубуз келип, кечээ эле эч бир байлыгы болбогон сыяктуу, аны тамырынан жулунуп ыргытылган абалга салып койобуз. Ойлонгон бир коом үчүн Биз аяттарды ушинтип бир-бирден түшүндүрөбүз. (Йунус Сүрөсү, 24)**

Аятта айтылгандай, бул дүйнөдөгү кооз нерселердин баары бир күнү сулуулугун жоготот, ал тургай, өзү да жок болот. Бирок муну билүү жетиштүү эмес, бул жөнүндө терең ойлонуу керек. Себеби Аллах мындай мисалдарды «ойлонгон адамдар» үчүн келтиргенин кабар берген. Адам, акылдуу бир жандык катары, ойлонууга, ойлонгондорунан жыйынтык чыгарууга жана жашоосунун максатын табууга милдеттүү.

«Ойлонуу» жана «акыл жүгүртүү» жөндөмдөрү жок адамдын айбандан айырмасы болбойт. Айбандар да туулуп, чоңоюп, көбөйүшөт жана өздөрүнө ылайык өмүр сүрүшөт. Бирок кантип жана эмне үчүн жаратылганын, бир күнү өлөөрүн жана өлгөн соң кандай жашоого туш болоорун ойлонушпайт. Бул дүйнөнүн чыныгы жүзүн көрүп, чыныгы максатын түшүнүүгө аракет кылышпайт.

Албетте, айбандардын минтип жашашы табигый көрүнүш, себеби аларга «акыл» берилген эмес. Ошондуктан Жаратуучунун бар экенин түшүнүп, жаратылуу максатын изилдөө милдети жүктөлгөн эмес. Ал эми адамдар болсо Раббибиз Аллахты таанууга, Анын койгон талаптарын үйрөнүп, аларды орундатууга жана чыныгы мекенинин бул дүйнө эместигин, бул дүйнөнүн «көз ачып жумганча» өтүп кетээрин түшүнүүгө милдеттүү.

Бул чындыктарды түшүнгөн адам чыныгы мекени болгон акыретке даярданып, жашоосун бир гана Аллахты ыраазы кылуунун жолдорун издөө менен өткөрөт.

Антпесе, бул дүйнөдө да, акыретте да азапка туш болушу мүмкүн. Бай болот, бирок байлыгы аны бактысыз кылат. Сулуу болот, бирок сулуулугу башына балээ болот. Же атактуу болуп, бирок бир күнү жалгыз калып, эң оор күндөрүндө жанында эч ким калбай калышы мүмкүн.

# *«Адамдардын көпчүлүгү өлүмгө жакын турса дагы, өлүмдү эч эстебейт.»*

**АДНАН ОКТАР:** Худ Сүрөсүнүн 15-аятында **«Ким дүйнө жашоосун жана анын кооздугун кааласа, аларга кылгандарын анда толугу менен төлөйбүз»** деп айтылат. Башкача айтканда, бир гана бул дүйнөдө жашоону кааласа, акыретти каалабаса, кылгандары аларга толугу менен төлөнөт. «Сулуулук, машина, эмне кааласа берем» дейт Аллах. «Жана алардан мында эч нерсе кемитилбейт», баарын алышат дейт Аллах. «Буларга акыретте оттон башка эч нерсе жок», бирок акыретте башка эч нерсе бербейм дейт, себеби шүгүрсүздүк кылган болот. Кээ бир кишилер бар, 60-65 жашка чыгып, дагы эле бир гана балыктар, куштар, жашоо маанайы жөнүндө сөз кылат, бирок «бул кантип пайда болду» деп 10 мүнөт да ойлонуп койбойт. Сүйлөгөн сөздөрүнүн баары бир гана оюн-күлкү, жыргалчылыгы жөнүндө. «Кандай сонун тамактар бар» дейт. «Асман кандай кооз, тоолор кандай кооз» дейт. Туура, бирок буларды ким жараткан? «Ал мени кызыктырбайт» дейт. Ушинтип айтканга болобу, бул эмне деген мамиле?

Мен бул жерде бир сый дасторкон жайсам, жеп, ичип, анан туруп басып кетти дейли. Анан ал кишиден «сени ким дасторкон жайып сыйлады?» деп сурашса, «мени ал кызыктырбайт» деп жооп берсе, мен аны дагы бир жолу конокко чакырамбы? Ким чакырсын мындай кишини? Сылыктык, ыраазычылык деген болушу керек да. Аллах андай болсо «экинчи чакырбайм» дейт. Аятта **«алардын ал жерде, дүйнөдө бүт кылгандары текке кетти»** дейт Аллах.

Машинасы өлгөн соң бул дүйнөдө калат. Жаназаны чыгарган соң, «костюмун кимге берели, шымын кимге берели?» же «машинаны ким сатат?» деп ойлонушат. Кээ бир атактуулардын болсо үйүн музей кылышат. Бир кездерде жаркыраган кийимдерди кийип, койкойгон киши эми кайда? Караңыз үйү турат. Жаңы кымбат машиналарынын баары турат, бирок өзү жок. Өзү кайда? Эки метр топурактын астында, эч кыймылдабай жатат, караңгы жерде. Эми достору – бир гана курттар, микробдор; башка эч нерсе жок.

Мисалы, жаш бир кыз же бир жигит дискотекада эми көңүл ачып жатканда, жүрөгү токтоп, кулайт. Дискотекада жашоо улана берет, ал болсо өлүкканада. Өлүкканадан топурактын астына кетет. Мазардын астында достору менен сүйлөшө албайт, кабель да жок, жарык да жок. Акваплан тебе албайт. Оозу-мурдуна топурак толот. Тамагы бир гана топурак.

Бир күндө үч жолу тамактануу, достору менен шишкебек бышырып, көңүл ачуу жок. Бир кесим тамак да жей албайт ал жерде. Бир гана топурак жей алат. Чымкый караңгылык. Ага азап кылгандардын нурун гана көрүшү мүмкүн. Башка эч нерсе көрө албайт. Бирок кээ бир адамдар, албетте, муну ойлонбойт. Ойноп күлсө, көңүл ачса болду. Өлүмдү эч эстешпейт. Өлүм бир куш, бир курт-кумурска же бир чиркей үчүн тагдырда кандай белгиленген болсо, бир адам үчүн да ошондой белгиленген.

Эч өлбөчүдөй аң-сезимде болушат көп адамдар. Болоттон же темирден жасалгандай сезишет өздөрүн. Чындыгында болсо, адам алсыз, бир заматта өлөт. Өтө алсыз бир жандык. Мээсине бир нерсе болот, өлөт. Жүрөгүнө бир нерсе болот, өлөт. Боорунда шишик пайда болот, денеси кулайт. Күчү жетпейт. Адамдын кулашына кичинекей бир тромб да жетиштүү болот.

Бүт адамдардын бири-бирине акыретти унуттурууга аракет кылышы же көпчүлүктүн өлүмдү унутушу туура эмес. Акырет бир чындык, Аллах бир чындык. Мээбиздин ичи чымкый караңгылык, сөөктөн жасалган бир куту сыяктуу. Мээбиздин ичиндеги жарыкты караңыз. Жапжарык болуп турат туурабы башыбыздын ичи, бирок мээнин ичи капкараңгы. Көргөн нерселерибиздин баары мээбизде пайда болот, туурабы? Кайсы телевизор ушундай сапаттуу сүрөттөлүш бере алат? Кайсы завод ушундай телевизор жасай алат? Мээдеги бир кесим эт пайда кылат бул сүрөттөлүштү. Аллах ошол этти себепчи кылат. Бүт дүйнө бириксе да, ошол кичинекей эттин жасаганын жасай албайт. Мобул үндүн сапатын караңыз. 3 өлчөмдүү. Стерео системадан алда канча алдыда. Эч бир шуулдоо жок. Эң сапаттуу үн аппараттары да теңеле албайт буга.

Жытты эң сонун сезебиз, үндөрдү угабыз, ойлонобуз, туптунук сүрөттөлүштөрдү көрөбүз. Кичинекей үңкүрүбүздө бактылуу өмүр сүрөбүз. Бирок кээ бирлер «бул мени кызыктырбайт» дейт. Сен «мени кызыктырбайт» десең, бул сый-жакшылыктарды Аллах сага экинчи жолу бербейт... *(Аднан Октардын 2010-жылдын 25-июлундагы Kanal Avrupa каналы менен болгон маегинен үзүндү)*

# Бул дүйнөнүн убактылуулугуна Курандан мисалдар

Аллах Куранда «дүйнө жашоосунун убактылуулугу» жөнүндө көптөгөн мисалдарды билдирген. Аяттарда, бир жагынан, илгери жашап өткөн адамдардын жана коомдордун баштарына келген окуялар насаат катары баяндалып берилсе, экинчи жагынан, дүйнө жашоосунун чыныгы жүзү таамай мисалдар менен сүрөттөлгөн. Кехф Сүрөсүндө баяндалган эки кишинин абалы – бул мисалдардын бири:

**Аларга эки адамдын мисалын айтып бер; алардын бирине эки жүзүм багын бердик жана экөөсүндө (тең) курма бактары бар болчу, экөөнүн ортосунда болсо эгиндер өстүрдүк. Эки бак тең мөмө берип, андан эч нерсени кем кылган жок жана ортолорунан бир дарыя атылып чыгып турчу. (Экөөсүнөн) Бирөөнүн башка түшүм (берген жер)лери да бар эле. Ошентип аны менен сүйлөшүп жатканда досуна: «Мен мал-мүлк жагынан сенден байыраакмын, адам саны жагынан да күчтүүрөөкмүн» деди. Өз напсисине зулумдук кылып (ошентип) багына кирип: «Муну эч качан куурап-жок болбойт деп ойлойм» деди. «Кыямат саатын да келбейт деп ойлойм. Ошентсе да, Раббиме кайтарылып бара турган болсом, күмөнсүз, мындан жакшыраак акыбетке жетем.» Аны менен сүйлөшүп жаткан досу ага мындай деди: «Сени топурактан, анан бир тамчы суудан жараткан, анан сени бир тартиптеги (колу буту иштеген, күч-кубаты ордунда) бир адам кылган (Аллах)ты жокко чыгарып жатасыңбы? Бирок, Ал Аллах менин Раббим жана мен Раббиме эч кимди шерик кошпойм. Багыңа киргенде, «МашаАллах, Аллахтан башка күч-кудурет жок» дешиң керек эмеспи? Эгер мени мал-мүлк жана балдар жагынан өзүңдөн азыраак (күчтө) деп ойлосоң. Балким Раббим мага сенин багыңдан жакшыраагын берээр, (сеникинин) үстүнө асмандан «күйгүзүп-кыйратуучу бир апаат» жиберип, (ал) түптүз бир топуракка айланып калышы мүмкүн. Же анын суусу түбүнө тартылып кетип, аны эч издеп таба албай каласың.» (Анан) Анын түшүмдөрү (апааттар менен) оролду. Эми ал короткон каражаттары үчүн колдорун (кайгыруу менен) ушалап калды. Ал (бактын) чатырлары кулаган эле, өзү болсо мындай деп жатты: «Аттиң, Раббиме эч кимди шерик кошпогонумда кана.» Аллахтан башка ага жардам бере турган эч ким жок эле, (жана) өзүнө өзү да жардам бере алган жок. Мына ушул жерде (ушундай абалда) колдоо көрсөтүү (достук, көмөк көрсөтүү) акыйкат Аллахтын колунда. Ал сооп жагынан жакшы, (жана) натыйжа жагынан (да) жакшы. Аларга дүйнө жашоосун мисал келтир; асмандан (Биз) түшүргөн сууга окшошот, аны менен жер бетинин өсүмдүктөрү бири-бирине аралашты, анан шамалдар учурган ыпыр-сыпырга айланды. Аллах бардык нерсеге кудуреттүү. Мал-мүлк жана балдар дүйнө жашоосунун өзүнө тартуучу кооздугу; туруктуу салих (чын ыкластуу жакшы) иштер болсо Раббиңдин Кабатында сообу жагынан жакшыраак, үмүт кылуу жагынан да жакшыраак. (Кехф Сүрөсү, 32-46)**

Бул мисалда адамдын дүйнө жашоосундагы күчүнө алданып, бой көтөрүшүнүн канчалык акылсыздык болоору, анткени Аллах кааласа ал күчтү көз ачып жумганча жок кылып койоору баса белгиленген. Ушул эле акыйкат башка бир мисал менен дагы сүрөттөлүп берилген:

**Чындыгында, Биз ал бакча ээлерине балээ бергендей, буларга да балээ бердик. Алар эрте менен (эртелеп жана эч кимге кабар бербестен) аны (бакчанын мөмөлөрүн) сөзсүз жыйнап алууга ант ичишти. Алар сөзсүз ушундай кылабыз дешкен эле. Бирок алар уктап жатканда, Раббиң тарабынан айланып-келген бир балээ анын үстүн ороп-курчады. Аягында (бакча) тамырынан куурап-капкара болуп калды. Анан таң азанда бири-бирин чакырышты: «Эгер түшүмүңөрдү жыйнап ала турган болсоңор, эртерээк туруп-жөнөгүлө.» Ошентип шыбырашып жолго түшүштү: «Акырын, бүгүн ал жерге эч бир кедей кирип, бизге жолукпасын». (Жакырларды) Тосууга күчтөрү жете тургандай болуп эрте менен барышты. Бирок аны көргөндө: «Аныгы биз (жолубуздан) адашып кетиптирбиз» дешти. «Жок, биз (бүт баарынан жана бардык байлыгыбыздан) ажыратылдык.» (Араларынан) Токтоо мүнөз бирөөсү мындай деди: «Мен**

**силерге айткан эмес белем? (Аллахты) Аруулап, Ага мактоо айтышыбыз керек эмес беле?» «Раббибиз, Сени аруулап, мактоо айтабыз; чындыгында биз залим экенбиз» дешти. Анан бири-бирине каршы өздөрүн сындап баштashты. «Шерменде болдук, чындыгында биз чектен чыккан экенбиз» дешти. «Балким, Раббибиз анын ордуна жакшыраагын берээр; күмөнсүз, биз бир гана Раббибизден суранабыз.» Мына азап ушундай. Акырет азабы болсо, албетте, алда канча оор; билишсе кана. (Калем Сүрөсү, 17-33)**

Көңүл бурулган болсо, Куранда дүйнө жашоосуна алданып, туура жолдон адашкан адамдар катары сүрөттөлгөн кишилер – Аллахтын бар экенин танган «атеист» кишилер эмес. Аллахтын бар экенин билип, кабыл алган, бирок Аны эстебеген кишилер. Алардын катасы – Аллах аларга сый-жакшылык катары берген мүмкүнчүлүктөрдү өздөрүнүн кадимки акысындай көрүп, өтө текебердик кылышы. Мындай кишилер Аллахты жана Анын кудуретин сөз жүзүндө гана кабыл алышып, жүрөктөрү болсо текебердикке, ач көздүккө жана өзүмчүлдүккө толгон болот.

Аллах Куранда мындай адамдарга мисал катары Аз. Мусанын коомунун, б.а. Аллахка ишенген бир коомдун ичинен чыккан Карунду көрсөткөн. Карун да, ага суктанып дүйнө жашоосуна алдангандар да Аллахка тили менен гана ишенип, ичинен болсо дүйнөнүн сыйкырына алданып, Аны унуткан кишилер болушкан:

**Чындыгында Карун Мусанын коомунан эле, бирок аларга каршы баш көтөрдү. Биз ага ушундай казыналар бергенбиз; анын ачкычтарын (көтөрүү) чоң бир топко оор келчү. Ага коому мындай деген эле: «Эсирип-көөп сүйүнбө, себеби Аллах эсирип-кубангандарды сүйбөйт. Аллахтын сага бергендери менен акырет үчүн аракет кыл, дүйнөдөн да өз үлүшүңдү (насибиңди) унутпа. Аллах сага берешендик кылгандай, сен да берешендик кыл жана жер жүзүндө бузукулук издебе. Себеби Аллах бузукулук кылгандарды сүйбөйт.» (Ал) Айтты: «Бул мендеги бир илим себептүү мага берилди.» Чындап Аллахтын андан мурдакы урпактардан күчү жагынан андан күчтүүрөөк жана адам саны жагынан (андан) көбүрөөк адамдарды кыйратканын билбейт беле. Кылмышкер-күнөөкөрлөрдөн күнөөлөрү суралбайт. Ошентип өзүнүн көркөм-кооздугу менен элинин алдына чыкты. Дүйнө жашоосун каалагандар: «Аттиң, Карунга берилгендей (мүлк) бизде да болгондо. Чындыгында анын үлүшү (байлыгы) абдан көп» дешти. Илим берилгендер болсо: «Бактысыздар, ыйман кылып, чын ыкластан жакшы иштерди жасагандар үчүн Аллахтын сообу жакшыраак; буга болсо сабыр кылгандар гана жете алышат» дешти. Аягында аны да, сарайын да жердин түбүнө чөктүрдүк. Аллахка карата ага эч бир тобу жардам берген жок. Жана ал өзүнө өзү да жардам бере алган жок. Кечээ гана анын ордунда болууну каалагандар эрте менен турганда: «Карасаң, демек Аллах пенделеринен каалаганынын ырыскысын көбөйтүп же азайтат экен. Эгер Аллах бизге боорукердик кылбаганда, бизди да, албетте, чөктүрүп салмак. Демек, чындыгында ыймансыздык кылып жолдон адашкандар бейпилдикке жете албайт турбайбы» деп баштashты. Мына акырет мекени, Биз аны жер жүзүндө бой көтөрүп, бузукулук кылууну каалабагандарга беребиз. (Жакшы) Жыйынтыкка да такыбалар (Аллахтан корккондор) ээ болот. Ким бир жакшылык менен келсе, ага андан да жакшыраагы берилет; ким бир жамандык менен келсе, жамандыктарды жасагандар бир гана кылгандарынын жообун (жазасын) алышат. (Касас Сүрөсү, 76-84)**

Көрүнүп тургандай, Карундун катасы, ал өзүн Аллахтан көз-карандысыз, өзүнчө бир күчтөй элестеткен жана Аллах тарабынан сыноо максатында берилген күч-кубат жана байлыкты, башкалардан өзүн өзгөчө сезгени үчүн, «өзүнүн акысындай» көргөн. Чындыгында болсо, бүт адамдар Аллахтын кулдары жана Анын Кабатында эч бир нерсеге «акылуу» боло алышпайт; адамдарга берилген нерселердин баары – бир гана Аллахтын берешендиги. Муну түшүнгөн адам Аллах берген жакшылыктарга эсирип, көппөйт; бир гана Аллахка шүгүр кылат жана шүгүр кылуунун кубанычын сезет. Бир адамдын бул дүйнөдөгү эң улуу жана эң асыл кубанычы мына ушул кубаныч болот. Карун жана Карунга суктангандар сыяктуу адамдар болсо Аллахтан балээ келгенде гана жаңылганын түшүнүшөт. Ал балээлерден да сабак албай бул дүйнөгө алданып жүрө беришсе, Аллахтын түбөлүк азаптуу тозогуна барышат.

Бир аятта бул акыйкат төмөнкүчө кабар берилген:

**Билип койгула, дүйнө жашоосу жалаң гана бир оюн, «жагымдуу бир алаксуу», бир коздук, өз араңарда бир мактануу, мал-мүлк жана бала-чаканы «көбөйтүү каалоосу» гана. Бир жамгыр мисалындай. Ал (жамгыр) өстүргөн эгин (аны) эккендердин көңүлүнө жагат, анан (ал) куурайт. Бир карасаң, сапсары болгон болот, кийинчерээк болсо ыпыр-сыпырга айланат. Акыретте болсо оор азап; (же) Аллахтан бир кечирим жана бир ыраазылык бар. Дүйнө жашоосу – алдамчы бир кооздук гана. (Хадид Сүрөсү, 20)**

# *«Дүйнө жашоосунда ийгилик жана байлыкты мактануу үчүн тилегенге болбойт.»*

**АДНАН ОКТАР:** Карагыла, Аллах Таала Нур Сүрөсүнүн 37-аятында мындай дейт: **«(Алар ушундай) Адамдар, соода да, базарлык да аларды Аллахты эстөөдөн, туптуура намаз кылуудан жана зекетти берүүдөн «каалоого алдантып, тосо албайт»; алар жүрөктөр жана көздөр аңтарылып (абдан корко) турган күндөн коркушат.»** Аллахтан корко турган адамдар жөнүндө айткан. Эмне деп айткан Аллах? Соода, базарлык. Окуу, үйлөнүү, көңүл ачуу, эч бири адамды Аллахты эстөөдөн тоспойт. Мисалы, тойго барып, унутуп калат. Бирок, Аллах ар кандай учурда жаныңды алышы мүмкүн. Тойдогу үндөрдү, адамдарды мээде жараткан ким? Аллах. Тойдун көңүлдүү көрүнүшүн Аллах мээңде сага көрсөтпөсө, сен аны көрө аласыңбы? Көрө албайсың. Анда, ал жерде эмнеге унутуп, эсирип көбөсүң?

Окууга киргенде, мисалы, университетке өткөндө же биринчи болгондо, өтө чоң бир окуя болот деп ойлойт. Маанайы толугу менен өзгөрөт, бүт баарын жеңгени, баарын эзгени үчүн абдан толкунданат ичинен. «Максатың эмне?» десең, «Аллахтын ыраазылыгы үчүн кылып жатасыңбы муну? Исламга, Куранга кызмат кылуу үчүнбү?» десең, «Жок, адамдардан алдыга өтүү, жогору болуу, аларды суктандыруу абдан жагат.» дейт.

Окууну да, жумушту да «адамдар суктансын» деп тилегенге болбойт. Окууда да, жумушта да, үй-бүлө курууда да, өмүр бою бир гана Аллахтын ыраазылыгын көздөө керек. Өз каалоолорун ээрчисе, бактысыздык, кайгы-капа, коркуу, стресс жана оорулар аны жөн койбойт.

Аллах сөзсүз көрөт. «Аллахка көрсөтпөй кыла берем» же «көп ойлонбосом, Аллах да мага эч нерсе кылбайт» деп ойлогонго болбойт. Аллах берген акылынан адамдарды суракка алат. Ар бир адам акылын колдонууга милдеттүү. *(Аднан Октардын 2010-жылдын 17-апрелиндеги Kahramantaraş Aksu TV каналы менен болгон маегинен үзүндү)*

# АДАМДЫН АЛСЫЗДЫГЫ

Адамды Аллах эң кооз келбетте жаратып, ага көптөгөн жогорку жөндөмдөрдү берген. Адамдын ойлонуу, чечим чыгаруу, акыл жүгүртүү, ойлонгон нерсесин турмушка ашыруу, план түзүү, жыйынтык чыгаруу сыяктуу мээ функцияларынан улам жаратылган бүт жандыктардан жогору тураары талашсыз чындык.

Бирок көп жагынан жогору болгонуна карабастан, адамдын денеси эмне үчүн мынчалык коргоого муктаж экенин ойлонуп көрдүңүз беле? Эмне үчүн микроскоптон араң көрүнгөн, кипкичинекей бактерия, вирустар бул денеге зыян тийгизе алышат? Эмне үчүн адам өмүр бою денесин күн сайын жууп тазалаганга жана аны караганга мажбур? Жана эмне үчүн адамдын денеси улгайат?

Адамдар денелеринин алсыздыгын «табигый» бир кемчилик катары көрүшөт, анткен менен, денедеги ар бир алсыздык атайын, белгилүү бир максатты көздөп жаратылган. Адамдагы ар бир алсыздыкты Аллах атайын жараткан. Бул акыйкатка Ниса Сүрөсүнүн 28-аятында **«...Адам алсыз жаратылган»** деп көңүл бурулган. Адам качан, каерде төрөлөөрүн жана кайсы убакта, кантип өлөөрүн өзү тандай албайт. Ошондой эле, ооруган учурда абдан коргоосуз жана алсыз болуп калат. Адам бир кул катары Жаратуучубуз Аллахтын алдындагы алсыздыгын түшүнүп, дүйнөнүн убактылуу бир мекен экенин байкай алышы үчүн алсыз кылып жаратылган.

Адам качан, каерде төрөлөөрүн жана кайсы убакта, кантип өлөөрүн өзү тандай албайт. Ал тургай, жашоосунан канчалык ыраазы болбосун, ал жашоосун оң же терс тарапка өзгөртө турган элементтердин эч бирин башкара албайт.

Ооба, адамдын денеси бүт тарабынан коргоого муктаж. Дүйнө шарттарында башына качан, эмне келээри белгисиз. Жашаган жери дүйнөнүн эң өнүккөн шаары болсун же маданияттан канчалаган километр алыстыктагы, электр тогу, суусу жок бир тоолуу айыл болсун айырмасы жок; ар бир адам өмүрүнүн эч күтүүсүз кезинде кандайдыр бир коркунучка кабылышы толук ыктымал. Өлүмдүү бир ооруга чалдыгышы же майып болуп калышы мүмкүн. Кандайдыр бир окуядан улам эч айрылбайм деп ойлогон күчүнөн, сулуулугунан же кандайдыр бир мактанган өзгөчөлүгүнөн ажырап калышы ыктымал. Жашаган жери сыяктуу, адамдын ким экендигинин да мааниси жок; тоонун башында мал кайтарып жүргөн бир чабанбы же дүйнө жүзү тааныган бир жылдызбы, ким гана болбосун, күтүүсүз бир окуядан улам жашоосу түп тамырынан өзгөрүшү мүмкүн.

Орточо 70-80 килограммдык бир «эт менен сөөктүн жыйындысынан» турган дене жука бир тери менен капталган. Албетте, бул назик тери оңой эле чийилип, тилинип кетет жана кичине бир сокку болсо эле көгөрүп чыгат. Күндүн астында көпкө жүрүүгө чыдабайт. Белгилүү бир убакыттан көбүрөөк жүрсө, тери алгач кызарат, анан шишип, ичине суу толот. Кыскасы, ысык абада адам өзүн сөзсүз коргоого мажбур.

Аллах адамдарды эң сулуу келбетте жана эч кемчиликсиз системалар менен жараткан. Бирок бул дүйнөнүн убактылуулугун көрсөтүү жана адамдардын ач көздүгүнө бөгөт коюу үчүн, денени эт жана май сыяктуу өтө тез бузула турган заттардан жараткан. Эгер адамдын денеси башка заттардан жасалып, сооттой бекем болгондо, анда бул соотту тешип өтүүгө же ага кандайдыр бир зыян тийгизүүгө эч бир вирус же микробдун, сууктун же кандайдыр бир кырсыктын күчү жетмек эмес. Ал эми эт менен май болсо ачыкта калганда, бир канча сааттын ичинде сасып, бузулуп баштайт. Адамдын эң чоң алсыздыктарынын бири – бул, жасалган «материалынын» ушунчалык алсыз болушунда.

Адам Аллахтан бир эскертүү катары денесинин алсыздыгын улам-улам сезип турат. Мисалы, муздак абанын таасири адам денесинин алсыздыгын толугу менен ачып көрсөтөт. Муздак абада адамдын физиологиялык иммунитетинин иш-аракети акырындап токтойт. Дененин тынымсыз жөнгө салып турган туруктуу температурасынын (37°C) канчалык маанилүү экендиги мындайда даана байкалат. Өтө суук абада

дене акырындап өлүмдү көздөй жол алат. Башында жүрөктүн ритми ылдамдап, тамырлар ичкерет жана артериянын басымы көтөрүлөт. Дене өзүн жылытуу үчүн титиреп баштайт. Дененин температурасы 35 градуска түшкөндө, кооптуу абал пайда болот. Жүрөктүн ритми жайлап, кан басымы төмөндөйт жана кол менен буттарда, өзгөчө манжаларда тамырлар ичкере баштайт. Дене температурасы 35 градуска төмөндөгөн кишинин аң-сезими бүдөмүк тартып, багытты аныктоосу (ориентациясы) бузулат жана уйкусу келип, ойун бир жерге топтой албай калат. Мээ функциялары начарлайт. Бул жерде, албетте, дене температурасынын болгону 1,5 градуска төмөндөшүнүн канчалык маанилүү натыйжаларга себеп болоору ойлондурбай койбойт. Адам суукта андан да көпкө калып, дененин температурасы 33 градустан төмөн түшкөндө болсо, эс-тутум жана аң-сезим жоголот. 24 градуска төмөндөгөндө дем алуу, 20 градуска төмөндөгөндө мээ, 19 градуска төмөндөгөндө болсо жүрөк токтойт жана адам көз жумат.

Китептин эмки бөлүмдөрүндө адамдын денесиндеги алсыздыктарды тереңирээк карайбыз. Мындагы максатыбыз адамдын бул дүйнөдө канчалык аракет кылса дагы, чыныгы бейпилдикке жете албай тургандыгын, анткени андагы алсыздыктардын буга тоскоол болоорун ачып көрсөтүү болуп саналат. Ошондой эле, муну түшүнгөн адамдарга чыныгы мекенди, т.а. бейишти максат кылып, бул дүйнөгө жөн эле жабыша бербөө керектигин эскертүү. Анткени, адамдарга түбөлүк бейиш жашоосу убада кылынган. Эмки бөлүмдөрдө сөз кылынгандай, бейиште эч бир кемчилик, жетишпестик жана дененин алсыздыктары болбойт. Ал жерде адам напсиси (көңүлү) каалаган бүт нерсеге жете алат жана чарчоо, ачка болуу, суусоо, улгайуу, ооруп калуу сыяктуу физикалык кемчиликтерден толугу менен кутулат.

Дагы бир максатыбыз болсо – бул, адамдын өзүнүн алсыздыгын сезип, Жаратуучубуздун улуулугун түшүнүшүнө жана Ага муктаж экендигин аңдашына көмөкчү болуу. Куранда адамдардын Аллахка муктаждыгы төмөнкүчө кабар берилген:

**Эй адамдар, силер Аллахка муктажсыңар; Аллах болсо Ганий (эч нерсеге муктаж эмес), Хамид (мактоого татыктуу). (Фатыр Сүрөсү, 15)**

## *«Аллах бул дүйнөдөгү алсыздыктарды адамдар бейишти эңсеши үчүн жараткан.»*

**АДНАН ОКТАР:** Адам канчалык алсыз болсо, сыноосу ошончолук мыкты, ошончолук кооз болот, алсыздыктар Аллахка ошончолук жакындатат. Мисалы, Аллах кааласа адамдардын оозун гүлдөрдөгү сыяктуу кылып жаратмак. Розага өтө сонун жыт берет Аллах. Розага берген күчтү адамдын оозуна да ыйгарышы мүмкүн эле, анда адамдын оозу розадай жыттанмак, бетин да жуубай жүрө бермек, гүлдөй же болбосо болоттой жаркырап тура бермек. Аллах атайын ушундай кылып жараткан. Көңүл бурган болсоңуз, адам денесинин бүт тарабы алсыз, кулагында өзүнчө бир алсыздыгы бар. Көзү өзүнчө алсыз, бүт тарабында алсыздыктары бар жана баары атайын жаратылган. Бир парфюмерия дүкөнүнүн алдынан өтсөңүз, ар түрдүү жыттуу заттарды көрөсүз.

Кааласа, аны биздин денебизде да жаратмак, ошол сыяктуу жагымдуу жыттарды, бирок толугу менен тескерисинче жараткан, мисалы колтуктун астында өтө жагымдуу бир жыт жаратышы мүмкүн эле эгер Аллах кааласа. Анткени, бүт башка өсүмдүктөрдү, гиацинтти, чеге гүлдү, фиалканы, баарын жыпар жыттуу кылып жараткан.

Аллах адамдар бейишти эңсесин деп, атайын кемчиликтерди жараткан. Антпесе, адамдар бейишти эңсебей калышы мүмкүн. Денесиндеги жана айланасындагы алсыздык-кемчиликтерди көргөн сайын, бейишке болгон эңсөөсү артат. Себеби, мисалы, оюбузда кемчиликсиз бир аялды элестетебиз, бирок аны таба албайбыз, өтө сонун бир музыканы элестетебиз, аны да эч таба албайбыз. Улам улам жаңы ырларды сатып алабыз, бирок издеген музыкабызды ушул кезге чейин таба алган жокпуз. Издеген эң жагымдуу жытты да таба албайбыз, себеби кемчиликсиз, эң сонун нерселердин баары бейиште. Ички аң-сезимибизде бар бул, эң сонун бир үйгө же сарайга барсак да жактырбайбыз, «үйүбүзгө кетсек» дейбиз, туурабы?

Эч бирин чындап, толук жактырбайбыз. Анткени, биз бейишке карата коддолгонубуз үчүн, ички аң-сезимибизде бейишке жана түбөлүк жашоого болгон эңсөөбүз өтө күчтүү бир инстинкт катары тура берет. Түбөлүк жашоо каалоосу адамдагы эң күчтүү инстинкт жана бул дүйнөдөгү жалгыз канааттанбаган инстинкт. *(Аднан Октардын Kanal 35 (Измир) каналына болгон маегинен үзүндү, 2009-жыл 18-январь)*

## *«Чыныгы мекен акырет, бул дүйнө бир жагынан убактылуу, экинчи жагынан өтө кемчиликтүү.»*

**АДНАН ОКТАР:** ... Бул дүйнөнүн тамактары өтө кемчиликтүү. Адамдар кайсы тамакты жебесин, бейиштеги чыныгы тамактын даамын билгендиктен, дайыма ошону издей беришет. Эч бир адам ушул күнгө чейин кемчиликсиз бир тамак жеген эмес. Аллах «буга ыраазы болбогула» дейт. «Бейиштеги чыныгысына жана түбөлүктүүсүнө ыраазы болгула, бул жерде жашоо өтө кыска» дейт Аллах. Жана адам өтө аз жей алат бул дүйнөдө, көп болсо бир канча тарелка араң жейт. Аны да ашыкча жесе холестерини жогорулайт же кан басымы көтөрүлүп, кыйналат, ал эми бейиште болсо каалашынча жей алат, эч бир чек жок. Каалашынча жегенге мүмкүнчүлүгү бар. Каалашынча кыдыра алат, каалашынча талап кыла алат. Аллах «эмне кааласаңар жаратам» дейт бейиште, ал эми дүйнөдө болсо андай эмес. Аллах «бул дүйнөгө ыраазы болбогула, акыретке ыраазы болгула, акыретти чындап эңсегиле, чыныгы мекен ошол жакта, ал жер түбөлүктүү жана кемчиликсиз» дейт. Бул дүйнө бир жагынан убактылуу, экинчи жагынан кемчиликтүү. «Аллахтын ыраазылыгын кааласаңар, убактылуу жана кемчиликтүүгө ыраазы болбогула, түбөлүктүү жана кемчиликсизди

каалагыла» дейт Аллах. Акылман адам ансыз да түбөлүктүү жана кемчиликсизди каалайт, албетте. *(Аднан Октардын Ekin TV каналына болгон маегинен үзүндү, 2009-ж. 19-январь)*

**АДНАН ОКТАР:** ... Бул дүйнөгө эмне мынча кызыгышат, дүйнөдө эмне бар? Бул дүйнөдөгү кыйынчылыктарды жакшы билишет, күн сайын эрте менен турганда эмнелерди кылууга мажбур экенин билишет адамдар. Тамактанышы өзүнчө бир көйгөй, башкасы өзүнчө бир көйгөй, карызы-чыгашалары өзүнчө бир көйгөй.

Бир аялдын өзүн каранбаган абалын бир элестетиңиз, адамдын алсыздыгын элестетиңиз. Бул дүйнөнүн жарымы тозоктун өзгөчөлүктөрүнөн турат. Бейиш менен тозоктун өзгөчөлүктөрү жарым-жарымдан берилген бул дүйнөгө. Ошондуктан акыретти ойлонбогон, Аллахтын ыраазылыгын ойлонбогон адам дүйнөдөгү тозок өзгөчөлүктөрүнүн баарын өзүнүн үстүнө жүктөйт. Анан бул дүйнө ал үчүн тозокко айланат. Бирок, эгер ыймандуу адам ар дайым Аллахтан коркуп, Аллахты сүйүп жашаса жана өлүмдү ар дайым ойлонсо, анда тозоктун өзгөчөлүктөрү көз алдынан жоголот да, дүйнөнүн бир гана бейиш тараптарын көрө баштайт. Жана жүрөгү да, руху да бейиштин ичине киргендей болуп, өтө бейпил, бакубат өмүр сүрөт. Ошондуктан мусулмандарды береке, молчулук жана жакшылыктар коштойт. *(Аднан Октардын Tempo TV каналына болгон маегинен үзүндү, 2009-ж. 3-март)*

# *«Бул дүйнөдөгү кемчиликтерди, алсыздыктарды билгенибиз үчүн, бейиштен абдан ырахат алабыз.»*

**АДНАН ОКТАР:** ... Уйкуң келбейт бейиште, уйку жок. Уйку атайын берилет, алсыздык болсун деп. Эч нерсе жок эрте менен турганда, эрте менен ансыз да болбойт, бейиште түн менен күндүздүн айырмасы бир аз көлөкө жана көлөкөнүн бир аз жоголушу сыяктуу болот. Бир аз бозоруу, анан толук тунуктук сыяктуу болот, бирок бозоруу да өзүнчө бир кооздук берет. Тунуктук да өзүнчө бир кооздук болот. Акыретте адамдар убакытты ошондон аныктайт.

Жуунуу жок, макияж кылуу жок. Бир аял үчүн, мисалы, макияж кандай кыйын. Терисинин сулуу, чачтарынын өтө жагымдуу болушун каалайт аялдар, бирок эч бир аял кемчиликсиз чачка жете албайт. Ар кандай чачта бир кемчилик болот. «Эң сонун бир чач бар, бирок мен аны таба албай жатам» дешет. Аялдар таппаган эң мыкты чач бейиште. Мисалы, кемчиликсиз бир макияж бар, ар бир макияж жасаган аял эч ал макияжга жете албайт, анткени ал бейиште жана эч жоголбойт. Эч бир мөмөдөн толук ырахат ала албайбыз, алма жегенибизде эң сонун бир алма модели болот оюбузда, бирок аны эч таба албайбыз. Мисалы, кулпунайды алып кумшекерге малып жешет, себеби кулпунайда бир нерсе кемдей сезилет. Бул кемчиликтер бейиште жоголот.

Кемчиликсиз алма, кемчиликсиз кулпунай, макияждын эч жоголбой сакталышы, мисалы, аялдардын тырмактары менен алек болуп кыйналбашы, тырмактарынын кемчиликсиз болушу, бүт денесинин кемчиликсиз болушу, чаң менен кирдин такыр болбошу, булардын баары бейиштин өзгөчөлүктөрү.

Чаң бул дүйнөдө атайын жаратылат, өзүнчө бир керемет. Ар бир чаң бүртүкчөсү жакындан караганда космос кемесиндей көрүнөт. Электрондук микроскоптон чоңойтулганда, чаң бүртүкчөсүнүн укмуш чоң бир аалам экендигин көрөбүз, абада кемедей учуп жүрөт чаң. Бирок бейиште чаң жок, эч бир жерде чаң болбойт. Эч качан чаң чыкпайт. Мындан адамдардын ала турган ырахатын бир элестетип көрүңүз. Мисалы, ар бир тамактан соң тиштерди жууш керек болот. Тамакты жеп бүтөөр замат тиш жууш керек. Бейиште андай эмес,

тиштер таптаза тура берет. Бейиште тишин жуубаганына, мындай муктаждык болбогонуна ар бир жолкусунда таң калат. Макияж жасоо керек эместигине таң калат. Бирок жүз квадрильон жыл өтсө да, таң кала берет.

100 квадрильон көбөйтүү 100 квадрильон эмес, 100 квадрильон жыл бир адам санаса, андан чыккан санды суммалап, «канча убакыт өттү?» десең, «кечээ күнкү сыяктуу» дейт, анткени Аллах Кабатында убакыт жок. Убакыт бир сезим катары берилет жана бул дүйнөнү биз эч качан унутпайбыз. Албетте, жаман нерселерди унутабыз, эсибизге келбейт, бейиштин өзгөчөлүгү ушундай. Ошол үчүн Аллах өтө кылдат бир сыноодон соң бейишке киргизет. Антпесе, бейиштин мааниси жок болуп калат. Мисалы, Аз. Адам (ас)ды Аллах бейишке түздөн-түз киргизгенде, шайтан биринчи сүйлөшкөндө эле алдап койгон. Ал мындай деп алдаган: «мен сага түбөлүктүүлүк дарагын, түбөлүктүүлүктү берем. Түбөлүктүүлүктүн илимин, мүмкүнчүлүгүн берем сага. Мобул мөмөдөн жегениңерде түбөлүктүүлүккө жетесиңер. Аллах силерге атайылап жебегиле деди, түбөлүктүү болбошуңар үчүн.» Аллахка ишенүүнүн ордуна, шайтанга ишенген Аз. Адам (ас), бул бир жаңылыштык болгон.

Пайгамбарлардын жаңылыштыгы «зелле» деп айтылат. «Ката» эмес, «зелле» деп айтылат. Барып, ошол мөмөдөн жешкен, түбөлүктүү болобуз деп ойлоп. Анткени, бул каалоо адамдын рухунда бар. Негизи Аллахка ишениши керек эле, ансыз да бейиште, түбөлүк болоору белгилүү. Аллахтын сөзүнө ишенүүнүн ордуна, шайтандын сөзүнө ишенди. Эмнеге? Тозок жок болчу да ошон үчүн, сыноо жок эле. Бул дүйнөгө түшкөндө Аз. Адам (ас) караса, бүт тарап ачык, денесинин бүт тарабы ачык, ошол замат ал жердеги жалбырактар менен денелеринин ачык жерлерин тосушкан. Анан караса табигый муктаждыктары да бар, жана дүйнөнүн башка кыйынчылыктарын да көргөн, дүйнөнүн кыйынчылыктары, билесиңер, бир же эки же үч даана эмес. Мындагы сыноодон соң кайрадан бейишке киргизилген Аз. Адам (ас). Эми барып көрсүн көрөлү, кааласа шайтан келсин, кааласа шайтандын армиясы келсин. Сага түбөлүктүүлүк дарагын, түбөлүктүүлүк мүмкүнчүлүгүн берем деп көрсүн, Аз. Адам (ас)дын эмне деп жооп берээри белгилүү ага. Болбойт, анткени биз акыретке барганыбызда тозокту бир кичинекей терезеден, бир телевизор сыяктуу элестеткиле, ошол жерден тозокту каалаганыбызда көрө алабыз. Аны көргөн киши, бул дүйнөдөгү кыйынчылыктарды көргөн киши бейиште кызыктай иш-аракеттерге барбайт.

Бейиште бүт баары эркин; оюбузга келип учкубуз келсе учабыз, деңиздин астында сүзгүбүз келсе сүзөбүз. Каалаган жерибизге баргыбыз келсе, ошол замат ал жерге барып калабыз. Бедиүззаман: «кыялдын ылдамдыгы жарыктын ылдамдыгынан жогору» дейт. Кыялданаар замат, бейиштин эң алыс жерине заматта жетип калабыз. Кыялдануу менен, бир заматта. Бул дүйнөдө анын күңүрт бир модели жаратылган. Мисалы, адам бир тамакты ойлоор замат, оозу сууланып, жутунуп баштайт. Ошол замат мээсинде ал тамак пайда болот. Даамы менен жыты да болжол менен пайда болот, ошон үчүн оозу сууланат. Ушул система даана, тунук болуп калат, бул дүйнөдө күңүрт, бейиште болсо даана болот.

Бир адам бир тамакты кыялданганда, ал тамак ошол замат тунук, үч өлчөмдүү көрүнүштө, жыты, даамы, бүт нерсеси менен бирге пайда болуп калат. Аллах түшүнүшүбүз үчүн, бул системаны мээбизге, рухубузга күңүрт кылып орнотуп койгон. Бейиште бул туптунук болот, мисалы, учкусу келген кыялданганда өзүн учкандай сезет. Ал тургай, көп адамдар түшүндө учушат. Кааласа уча алат. Деңиздин астында сүзүүнү кыялданса болот, кыялданаар замат каалагандай боло аласың. Акыретте кыялданышыбыз менен анын жаратылышы бирдей болот, бул дүйнөдөгү кыялдарыбыз сыяктуу, бирок, албетте, түшүбүздө андан да тунугураак болот, акыретте толук тунук болот, бул дүйнө анчалык тунук эмес, Аллах «ал күнү көрүү курч» дейт. Башкача айтканда, биз бул дүйнөдөн уйкудан ойгонгондой ойгонобуз, иншаАллах... *(Аднан Октардын 2010-жылдын 29-октябрындагы Kaçkar TV каналына болгон маегинен үзүндү)*

# Дененин муктаждыктары

Адамдын денесинде көптөгөн алсыздыктар бар. Эң биринчиден, адам денесин жана айлана-чөйрөсүн таза кармоого жана аларды жакшылап кароого мажбур. Буга бөлгөн убактысы өмүрүнүн абдан чоң бөлүгүн ээлейт. Жуунганга, сакал алганга, кол-бут, чач, тери жана башкаларын каранганга адамдардын канчалык убакыт коротоорун көрсөткөн анкеталарды көп эле жолуктурууга болот. Мындай маалыматтарды биринчи жолу укканда адам таң калбай койо албайт, анткени өмүрүнүн өтө көп бөлүгүнүн ушундай катардагы иштерге коротулаарын балким эч ойлонгон эмес болушу керек.

Күнүмдүк жашообузда үйдөн, жолдон, жумуштан, окуу жайынан ар түрдүү адамдарды көрөбүз. Алардын көпчүлүгү жарашыктуу кийинген, бойонгон, чачтары таралган, сакал-муруту алынган, кийимдери үтүктөлгөн адамдар. Бирок бул көрүнүштөрдүн көрүнбөгөн тарабы бар. Бул адамдар бул көрүнүшкө жетүү үчүн канча убакыт коротушту болду экен?

Эрте менен тургандан кечинде уктаганга чейин бир адам өзүн карануу боюнча көптөгөн иштерди жасаганга мажбур. Уйкудан туруп көзүн ачканда түз эле жуунуучу бөлмөгө барат. Себеби уктап жатканда оозунун ичинде бактериялардын көбөйүшүнөн улам жагымсыз бир даам жана жыт пайда болот жана тиштерин сөзсүз жуушу зарыл. Муну менен эле бүтпөйт. Колу менен жүзүн да чайкашы керек. Бирок бул да жетиштүү болбойт. Бир күн мурун же түнү бою денесинде жана терисинин бетинде көптөгөн процесстер ишке ашкан болот. Мисалы, чачы менен бети майланышып, чачында кебек пайда болуп, денеси тердейт. Булардан кутулуунун бирден бир жолу – бул, жуунуу. Антпесе, адамдын бүт бул кемчиликтери менен, тагыраак айтканда, майлуу чачтары жана тер жыттанган денеси менен адамдардын арасына кириши көп жагымдуу болбойт.

Тазалануу үчүн колдонулган каражаттардын көптүгү да адам денесинин канчалык көп нерсеге муктаж экендигинин маанилүү көрсөткүчү. Мисалы, тазалануу үчүн суу менен самындан башка, кошумча заттар да талап кылынат. Себеби теринин бетиндеги өлүү клетка катмарын тазалоо керек болот. Ар бир адам денесинен тышкары, кийимдеринин, үйүнүн, айлана-чөйрөсүнүн да тазалыгына бир топ убакыт бөлүшү зарыл. Денени тазалоого, үйдү тазалоого жана кийимдерди тазалоого коротулган убакытты эсептеп көргөндө, адам өмүрүнүн өтө чоң бөлүгүнүн тазалыкка кетээрин даана түшүнөбүз.

Кыскасы, адамдын бир күндүк өмүрүнүн маанилүү бөлүгү тазалык менен өзүн карануууга кетет. Ошондой эле, бул үчүн көптөгөн каражаттар, химиялык заттар да талап кылынат. Аллах адамды абдан алсыз бир дене менен жаратып, ошол эле учурда адамдарга бул алсыздыгын убактылуу жаап-жашырышына жана сыртка сездирбешине көмөкчү боло турган мүмкүнчүлүктөрдү да тартуулаган. Ошондой эле, адамга тазаланып, алсыздыгын жаап-жашырышы үчүн ойлонуу жөндөмүн да берген. Бирок кээде адамдар акылын жана Аллах берген башка мүмкүнчүлүктөрдү колдонбогону үчүн, жагымсыз көрүнүштө да алдыбызга чыгышы мүмкүн. Өзгөчө тазалыкка керектүү каражаттарды колдонбогондо жана бул багытта эч бир аракет кылбаганда, кыска убакытта өтө жагымсыз кейипке келишет.

Бирок адам канчалык тазаланып, өзүн каранбасын, бул дагы убактылуу болот. Бир адам тишин жуугандан кийин балким 1 саат өтпөй, тиши кайра эле эч жуулбагандай болуп калат. Жай мезгилинде бир адам жуунган соң бир-эки сааттан кийин эч жуунбагандай кейипке келет. Сулууlануу үчүн бир канча саатын күзгүнүн алдында бойонуу менен өткөргөн бир аялды элестетиңиз; эртеси эрте менен ойгонгондо бир күн мурдагы макияжынан эч нерсе калбайт. Ал тургай, жүзүндөгү бойоктордун калдыгынан улам жүзү мурдакысынан да жагымсыз көрүнүп калат. Же бир топ убакыт коротуп сакалын алган бир эркек эртеси күнү ойгонгондо, кайра эле сакал алганга мажбур болот.

Эң негизгиси, бул алсыздыктардын белгилүү бир максатта жаратылганын түшүнүү зарыл. Булар мажбурлуу алсыздыктар эмес; атайын жаратылган. Бир мисал жөнүндө ойлонолу: адам денесинин температурасы көтөрүлгөндө, өзүнөн-өзү тердейт. Терден чыккан жыт болсо абдан жагымсыз. Жер жүзүндөгү бүт адамдар бул алсыздыкка улам улам күбө болуп турушат. Бирок мындай болбошу да мүмкүн эле. Мисалы, өсүмдүктөрдө мындай нерсе жок. Бир розаны элестетиңиз; кара топурактын ичинен чыгып, көчөдө табигый

шарттарда өсүп, тынымсыз ар кандай чаңдардын, кирдин астында калганына карабастан, эч качан жаман жыттанбайт. Кандай шартта өссө дагы, розанын жыты дайыма өтө жагымдуу болот. Ошондой эле, роза тазаланууга жана өзүн каранууга муктаж эмес. Ал эми адамдар болсо андай эмес. Аллах адамга алсыздыгын сездире турган ар кандай кемчиликтерди атайылап берген. Канчалык тазаланбасын, канчалык косметикалык каражаттарды колдонбосун, баары бир жагымдуу жыт денесинде көпкө сакталбайт.

Дене, бул алсыздыктарынан тышкары, өмүрүн улантуу үчүн тамактанып да турушу керек. Ошондой эле, пландуу тамактануу зарыл. Адамдын денеси бир учурда белокко, углеводго, кантка, витаминдерге жана ар кандай минералдарга муктаж. Бул заттардан белгилүү санда алып турбаса, ички органдарда олуттуу көйгөйлөр пайда болушу мүмкүн же тери бузулуп, иммундук система алсыздайт, б.а. дене алсыз болуп калат. Ошондуктан тазалыкка да, тамактанууга да абдан көңүл бурушу зарыл.

Адамдын тамактануудан да маанилүүрөөк дагы бир муктаждыгы бар. Тамактанбай белгилүү убакытка чейин жашай алышы мүмкүн, бирок бир-эки күн денеге эч суу кирбей калса, адам көз жумат. Адам денеси сууга абдан муктаж. Анткени дененин ичиндеги маанилүү химиялык процесстердин дээрлик баары суунун жардамы менен ишке ашат.

Албетте, бул жерде айтылган кемчиликтердин баарын ар бир адам өзүнөн көрө алат. Бирок булардын кемчилик экенин ар бир адам билеби? Же бул бүт адамдарда бар болгон, табигый нерселер деп ойлошобу? Албетте, бул жерде айтылгандар бүт адамдарга тиешелүү. Бирок, эгер Аллах каалаганда, адамдарда булардын эч бири болмок эмес; ар бир адам розадай таптаза жана сонун жыттуу болушу мүмкүн эле. Аллах адамдардагы бүт алсыздыктарды белгилүү бир максатка ылайык жараткан. Жаратуучубуз Аллахтын алдындагы алсыздыгын түшүнгөн адам Анын чакырган жолуна түшүп, убактылуу жана кемчиликтүү болгон бул дүйнөгө берилбестен, түбөлүктүү мекенге, акыретке даярданышы зарыл.

# *«Алсыздыктар адамдар бул дүйнөгө берилип кетпеши үчүн атайын жаратылат.»*

**АДНАН ОКТАР:** Бир карындашыбыз мындай деп жазыптыр: «Агай, 40 жашка чыгаарыма аз эле калды.» 40 жашка чыккан аялдын кандай абалга келээрин билебиз. Эркектер болсо бир аз кечирээк улгайышат, бирок алар да ашып барса 50 жашка чыкканда картайышат. 50 жаштагы адамдарды билебиз. Өзгөчө 60 жашка чыкканда, кандай абалга келээри белгилүү. Ал тургай, 25 жашта деле жаш кыздарда улгайуу белгилери пайда боло баштайт, бир топ өзгөрүшөт. 27 жаштагы бир кызды карап көргүлө, жашы заматта байкалат. 7 жылдын ичинде укмуш өзгөрөт. Мисалы, 20 жашта дейли, эки 10 жылдан кийин, ал тургай, 15 жылдан кийин такыр башка адамга айланат, абдан өзгөрөт. Бул – дүйнөнүн алсыздыгы, жана Аллах тарабынан атайын жаратылат, дүйнөгө берилбешибиз үчүн жаратылат.

Чачын жуубаса кандай абалга келээри, кулагын тазалабаса кандай абалга келээри белгилүү. Мурдун, оозун, көзүн тазалашы керек, колтугунун астын тазалашы керек. Денесинин бүт тарабын тазалашы керек. Дене тынымсыз эскирип, бузулууну көздөй багыт алат, адам болсо аны тынымсыз оңдогонго аракет кылат. Тынымсыз суу, тамак берилет денеге, өлбөсүн деп. Тынымсыз витамин берилет, антибиотик берилет. Бербесе өлөт. Бир витамин жетишпесе да өлүп калышы мүмкүн. Температурасына көңүл буруу керек, уйкусуна көңүл буруу керек. Бир канча күн уктабаса, бүт тең салмактуулугу бузулат. Бүт тарабы алсыз. Бир күн 24 саат, бирок 8 сааты уйкуда өтөт. 8 саат иштейт. Анан эч нерсе деле калбайт. Аллах атайылап ушундай жараткан. Мисалы, кээ бир аялдар бойонбосо, дээрлик эч таанылбай калышат. Бойонгондо гана жакшынакай болуп калышат. Аллах атайылап ушундай алсыздыктар менен жараткан. Бойонбогон аял менен бойонгон аялдын ортосунда өтө чоң айырма бар. Эрте менен турган бир аялды бойонбогон абалында көрсө, «бул ошолбу?» дейт. Бул аялдын алсыздыгы.

Аллах миңдеген түрдүү алсыздыктарды жараткан. Ар бир органында бир алсыздык бар жана адам өлүп калбаш үчүн тынымсыз аракет кылат. Аллах ошондой жараткан. Көп өтпөй өлөт ансыз деле. Ошончо аракетине карабастан, аягында өлүмгө өзүн тапшырат. Бул жер курстан, сыноодон өтчү жер жана убакыт өтө кыска. Бул жер көңүл ача турган жер эмес, бул жер сыноо мекени. Муну түшүнсө, көңүлү бейиштей болот, өтө бейпил жашайт. Аллах ага бейпилдик берет. Бирок бул дүйнөнү көңүл ача турган жердей көрсө, Аллах аны кыйынчылыктарга салат, эптеп араң күн өткөрөт. Дүйнө качат ал кубалайт, дүйнө качат ал кубалайт, бирок ал дүйнөдөн качса, дүйнө аны кубалап баштайт жана өтө бейпил жашайт. Бул Аллахтын мыйзамы. «Мен Аллахты унутуп, көңүл ачам» десе бир адам, максатына жетпейт, абдан кыйналат. Өз оюнда «Аллахка эрегишип, көңүл ачам» десе, азапка кабылат. Аллахка моюн сунуп гана бейпил, бактылуу жашаганга болот. Биз бейпил, бактылуу жашоо үчүн эмес, Аллахты сүйгөнүбүз үчүн Аллахка моюн сунабыз, иншаАллах. *(Аднан Октардын 2011-жылдын 2-июнундагы A9 TV жана Samsun Aks TV каналдарына болгон маегинен үзүндү)*

# «Аң-сезимсиз» 15 жыл

Ар бир адам сутканын белгилүү бөлүгүн уйкуда өткөрүүгө мажбур. Жумушу канчалык көп болсо да, канчалык каалабаса да, бир канча саат уктап, денесин эс алдырышы жана күндүн эң аз төрттөн бирин бир жерде уктап өткөрүшү зарыл. Антпесе, жашай албайт. Күн сайын 24 сааттык өмүрүнүн ашып барса 18 саатын аң-сезимдүү абалда, калган эң аз 6 сааттык уйкусун болсо аң-сезимсиз абалда өткөрөт. Бул жагынан караганда төмөнкүдөй жыйынтык чыгат: орточо 60 жылдык өмүрдүн эң аз төрттөн бири, б.а. 15 жылы «аң-сезимсиз» абалда өтөт.

Анда, уйкунун башка бир альтернативасы барбы? «Менин уктагым келбейт» деген киши уктабай койо алабы?

Эки күн уктабаган кишинин көздөрү кызарып, териси бузулуп, жүзү кубарат. Мындан да көп уктабаса, башка олуттуу көйгөйлөр пайда болуп, эстен танышы да мүмкүн. Адам кааласа каалабаса, кечинде сөзсүз көздөрү жумулуп, ою чачырап, уйкуга кете баштайт. Эң күчтүү же эң алсыз, эң сулуу же эң түрү суук, эң бай же эң кедей, айырмасы жок; бул алсыздык бүт адамдарга тиешелүү.

Уйкунун алдында дене өлгөн сыяктуу эч нерсени сезбей баштайт жана эч нерсеге жооп бербей калат. Бир аз мурда үндү угуп, кабылдаган кулактар сопсоо туруп эле укпай калат жана өз функциясын аткарбай калат. Дене бүт иш-аракеттерин минималдуу деңгээлге түшүрүп, концентрация азайып, кыймылдар жайлайт. Өлүмдү «рухтун денеден бөлүнүп чыгышы» деп билебиз, демек уйку дагы өлүмдүн бир түрү. Анткени, адамдын денеси төшөктө жатат, бирок ал кезде руху такыр башка жерде, такыр башка окуяларды көрөт. Балким өзүн деңиздин жээгинде, ысыкта жүргөндөй сезет, бирок негизи ал кезде бөлмөсүндөгү төшөктө жаткан болот. Өлүм деле ушул сыяктуу болот: адамды бул дүйнөдө колдонгон денесинен ажыратып, жаңы бир дене менен жаңы бир дүйнөгө алып барат.

Уйку менен өлүмдүн ортосундагы бул окшоштукка Куранда да көңүл бурулган. Бир аятта **«Силерди түндөсү көз жумдурган (жаныңарды алган) жана күндүз «күчүңөр жетип жасап жатканыңарды» билген, анан белгиленген ажал жеткенге чейин анда силерди тирилткен Ал.»** деп айтылат (Энъам Сүрөсү, 60).

Өлүм менен уйку окшош нерселердей сүрөттөлгөн башка бир аят болсо төмөнкүдөй:

> **Аллах алар өлө турган убакта жандарын алат; өлбөгөндү болсо уйкусунда (бир өлүмгө салат). Анан, өлүмүнө чечим чыгарылганды (анын рухун) кармап калат, беркисин болсо белгиленген бир ажалга чейин (денесине) кайра салат. Күмөнсүз, мында ойлоно алган бир коом үчүн чындыгында аяттар (далилдер) бар. (Зүмер Сүрөсү, 42)**

Уйкудан улам адамдар өмүрүнүн төрттөн бирин аң-сезимсиз, б.а. «өлүү» абалда өткөргөнүнө карабастан, мунун маанисин көп ойлонушпайт. Уйкуга киргенде бул дүйнөдөгү жактырган нерселеринин баарын бир четке таштап коюшаарын эч ойлонушпайт. Адам уйкуга киргенде, ал күнү тапкан акчасынын, тапшырган маанилүү сынагынын, алган кооз белегинин ал үчүн эч бир мааниси калбайт. Бул, кандайдыр бир мааниде, бул дүйнө менен бардык байланышынын үзүлүшү деген мааниге келет.

Бул жерге чейинки мисалдар адам өмүрүнүн негизи канчалык кыска экендигин жана канчалык «мажбурлуу» иштер менен өтөөрүн көрсөтүү үчүн келтирилди. Адам өмүрүнөн мажбурлуу иштерге коротулган бүт убакыттарды кемиткенибизде, бир адамдын көңүл ачтым деп ойлогон, каалаганын жасай алган, «дүйнөдө каалагандай жашап жатам» дей алган кездерине өтө эле аз убакыт калат. Артка кылчайып караганда, тамактануугa, кийинүүгө, тазалануугa, уктоого жана жакшыраак шарттарда жашоо үчүн иштөөгө короткон жылдарынан турган өтө узун бир убакытты көрөт.

Адамдын бул дүйнөдөгү өмүрүнө тиешелүү эсептөөлөр ойго салбай койбойт. Жогоруда да айтылгандай, орточо 60 жылдык өмүрдүн эң аз 15-20 жылы сөзсүз түрдө уйкуда өтөт. Калган 40-45 жылдын болсо алгачкы 5-10 жылы наристе кездеги аң-сезимсиз периодго туура келет. Башкача айтканда, 60 жыл жашаган бир адам негизи бул өмүрүнүн жарымын «аң-сезимсиз» абалда өткөрөт. Калган жарымынан да көп жылдарды кемитүү

керек. Мисалы, мунун бир тобу тамак даярдоо жана тамактануу, денеси менен айланасын тазалоо жана бир жерге баруу үчүн жолдо жүрүү сыяктуу иштер менен өтөт. Дагы көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Аягында «узун бир жашоодон», табигый муктаждыктардан тышкары, балким 3-5 жылдык эле убакыт калат. Ушунчалык кыска убакыттын түбөлүк жашоонун алдында канчалык баркы болушу мүмкүн?

Чыныгы ыймандуулар менен ыймансыз адамдардын ортосундагы чоң айырма мына ушул жерде келип чыгат. Ыймансыз адамдар «өмүрүбүз ушул дүйнө менен бүтөт» деп ойлошот. Жана «көз ачып жумганча» өтүп кете турган дүйнөдө өз ойлорунда «жыргап доор сүргөнгө» аракет кылышат. Бирок жөн гана чарчашат. Анткени, жогоруда да айтылгандай, бул дүйнө бир жагынан абдан кыска жана экинчи жагынан көптөгөн кемчиликтерден турат. Ошондой эле, Аллахка ишенип таянбаганы үчүн, бул дүйнөнүн бүт кыйынчылыктарынын жана ар кандай тынчсыздануу, коркуулардын азабын тартат.

Ыймандуулар болсо бүт өмүрүн Аллахтын ыраазылыгына жетүүгө аракет кылуу менен өткөрүп, Аллахка моюн сунгандыгы үчүн дүйнөнүн бүт коркунуч жана кайгыларынан кутулат жана аягында түбөлүк бакыттын мекени болгон бейишке кирет. Адамдар бул дүйнөгө кандай иштерди кылаарын сыноо максатында жиберилишкен. Аллах жакшы иштерди кылгандарга бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылыктарды убада кылган:

> **(Аллахтан) Тартынгандарга: «Раббиңер эмне түшүрдү?» деп айтылганда, «жакшылык» дешти. Бул дүйнөдө жакшы мамилелер (иштер) кылгандарга жакшылык бар; акырет мекени болсо жакшыраак. Такыбалуулардын (Аллахтан корккондордун) мекени кандай сонун. Адн бейиштери; ага киришет, анын астынан дарыялар агат, ичинде алар каалаган нерселердин баары бар. Аллах такыбалууларга мына ушундай сыйлык берет. (Нахл Сүрөсү, 30-31)**

Адамдар дүйнө жашоосунда уктоо, ачка болуу, тердөө, үшүү, улгайуу сыяктуу көптөгөн алсыздыктар менен күрөшсө, бейишке киргенде денесинен бул алсыздыктардын баары алып салынат. Бейиште уйку жок, адамды кыйнай турган эч бир кыйынчылык жок. Тескерисинче, адам ар дайым сергек болот жана Аллах тарабынан бүт шарттар анын денесине эң ыңгайлуу кылынат. Бейиште адамга жага тургандай жылуу аба, бири-биринен кооз жана даамдуу тамак-аштар, суусундуктар жана мөмө-жемиштер тынымсыз тартууланат. Тоюп калуу, ачка болуу, суусоо сезимдеринин эч бири болбойт. Ошондуктан дүйнөдө ушул сыяктуу алсыздыктар менен сыналган адам бейишке барганда, булардын баарынын атайылап, бейиштин баркын билиши үчүн жаратылганын түшүнөт.

***Урматтуу Аднан Октардын Зүмер Сүрөсүнөн чечмелөөлөрү:***

# ***«Адамдардын уйкуда да жандары алынат.»***

**АДНАН ОКТАР:** 45-аят, Зүмер Сүрөсү. **«Бир гана Аллах эскерилгенде, акыретке ишенбегендердин жүрөгү ачууланып-көбөт.»** «Аллах жалгыз, Аллах бар» десең, адам катуу кыйналып баштайт Аллахтан сөз кылсаң. **«Ал эми Андан башкалар эскерилгенде ошол замат сүйүнүшөт.»** «Мода, көңүл ачуу жана башкаларды сөз кылсаң, алар кубанышат» дейт, «көңүлү жайына келип, сүйүнүшөт» дейт Аллах аятта.

42-аят; **«Аллах алар өлө турган убакта жандарын алат; өлбөгөндү болсо уйкусунда...»** Демек, адамдардын жаны уйкуда да алынат экен. Аз. Иса (ас) уйку абалында асманга алынып кеткенде да жаны алынган. **«Анан, өлүмүнө чечим чыгарылганды (анын рухун) кармап калат,»** мисалы бирөө уктап жатканда өлүм чечими чыгарылган болсо, анын рухун Аллах кармап калат. Эрте менен ал өлгөн болот. **«...беркисин болсо белгиленген бир ажалга чейин (денесине) кайра салат.»** Эрте менен ойгонгон болсо, демек жаны кайра берилген болот. **«Күмөнсүз, мында ойлоно алган бир коом үчүн чындыгында аяттар бар.»** дейт Аллах. *(Аднан Октардын 2010-жылдын 10-январындагы TV Kayseri жана Kanal 35 каналдары менен болгон маегинен үзүндү)*

# ***«Бейиште уйку жок.»***

**АДНАН ОКТАР:** Бейиште уйку жок, чарчоо деген нерсе жок, адам түбөлүккө чейин чарчабайт, түбөлүккө чейин уйкусу келбейт. Уйку бул дүйнөдө керемет катары берилет, уйкунун пайда болушу өзүнчө бир керемет. Дүйнөдө да уйку болбошу керек эле, анткени сыртта денебиз бар, бирок биз негизи сүрөттөлүш катары жаратылабыз. Албетте, сүрөттөлүштөгү адамдын укташына эч кандай себеп жок. *(Аднан Октардын 2009-жылдын 28-январындагы Tempo TV каналы менен болгон маегинен үзүндү)*

# Оорулар жана кырсыктар

Адамга алсыздыгын эске салган окуялардын бири – бул, оорулар. Өтө мыкты корголгон денеге көзгө көрүнбөй турганчалык кичинекей бир вирус же микроб абдан олуттуу таасир тийгизет. Бул жерде бир саамга ойлонгондо, негизи дененин алсырап калбашы керек экенин байкайбыз. Анткени, Аллах адамдын денесин өтө кемчиликсиз системалар менен жараткан. Өзгөчө адамдын иммундук системасын душмандарга карата өтө «күчтүү бир армия» деп сыпаттоого болот. Бирок адамдар ошого карабастан улам улам ооруп турушат.

Денеге ушундай жогорку системаларды орноткон Аллах эгер каалаганда, адам эч качан оорубашы мүмкүн эле. Анда, вирустар, микробдор, бактериялар адамга эч таасир тийгизмек эмес, же бул атайын даярдалган кичинекей «душмандар» такыр эле болбошу да мүмкүн эле. Анткен менен, бул жашоодо ар бир адам болор болбос себептерден улам олуттуу ооруларга чалдыгышы мүмкүн. Мисалы, теридеги кичинекей бир жарааттан денеге кирип кеткен бир даана вирус кыска убакытта бүт денени капташы мүмкүн. Технология канчалык өнүкпөсүн, жөнөкөй бир сасык тумоо вирусу да адамга бир топ зыян тийгизүүдө. Тарыхта мунун мисалдарын көп эле көрүүгө болот. Мисалы, 1918-жылы Испаниядагы бир сасык тумоо эпидемиясынан 25 миллион адамдын көз жумганы белгилүү. Ошондой эле, 1995-жылы Германиядагы бир эпидемия болсо 30 миң адамдын өлүмүнө себеп болгон. 1347-1351-жылдардын ортосунда Европада чоң кыйроого себеп болгон чума эпидемиясында бир эле Европада 20 миллион адам каза болгон.

Технология жана медицина тармагында дүйнө жүзүндө бир топ өнүгүүлөр болгонуна карабастан, бүгүнкү күндө да оору-сыркоо жана кырсыктар абдан көп кездешүүдө. Албетте, буларды кадыресе нерседей көрүп, булар жөнүндө ойлонбой коюу чоң катачылык болот. Бүт башка алсыздыктар сыяктуу, ооруларды да Аллах адамга сыноо катары берет. Бой көтөрүүнү жакшы көргөн адам ооруганда өзүнүн канчалык алсыз экенин көрөт. Ошондой эле, дүйнөнүн кемчиликтерин жана чыныгы жүзүн да түшүнө алат.

Оорулардан тышкары, бул дүйнөдөгү коркунучтардын бири – бул, кырсыктар. Күн сайын телевизор жана гезиттерден көптөгөн мисалдарын угабыз. Көп адамдар «бир күнү өзүмдүн башыма да ушул сыяктуу бир кырсык келип калышы мүмкүн» деп эч ойлонбойт. Анткен менен, айланабызда кырсыкка себеп боло ала турган көптөгөн факторлор бар. Мисалы, түз жолдо баратып буту чатышып кулап, мээсине кан куюлган адамдарды сөзсүз уккан болушуңуз керек. Же үйүнүн тепкичинен түшүп баратып күтүүсүз кулап, бутун сындырып алып бир канча ай төшөктө жаткандарды, же болбосо жегени тамагына тыгылып калып дем ала албай калгандарды. Булардын баары кичинекей себептерден көз-каранды жана күн сайын дүйнөдө миңдеген адамдын башына келүүдө.

Бул чындыктарды көргөн соң бул дүйнөгө берилүүнүн канчалык туура эмес болоорун ойлонушу керек. Колундагы нерселердин сыноо үчүн жана убактылуу гана берилгенин сөзсүз түшүнүшү зарыл. Өзүнүн денесиндеги бир микробго да алы жетпеген, алдындагы тепкичти эсептей албаганы үчүн өмүрү коркунучка кабылган адам кантип бүт нерсени жараткан Раббибиздин алдындагы алсыздыгын байкабай, бой көтөрүшү мүмкүн?

Албетте, адамды Аллах жараткан жана аны бүт коркунучтардан коргогон да бир гана Аллах. Адам канчалык өзүн жогору сезбесин, Аллахтын каалоосунан тышкары, өзүнө бир пайда да алып келе албайт, өзүн зыяндан да коргой албайт. Аллах кааласа оору берет, кааласа адамдын денесинде алсыздыгын эске сала турган ар кандай кемчиликтерди жаратат жана каалаган кезде бул алсыздыктардын баарын бир заматта алып салууга кудуреттүү. Оорудан айыгууда врачтар менен дары-дармектердин жөн гана бир себепчи экендигин эч качан унутпоо зарыл. Ооруга шыпаа берген – Аллах. Аллах каалмайынча, оорулуу адам кааласа дүйнөнүн эң атактуу врачына барсын, кааласа эң мыкты дары-дармектерин колдонсун, баары бир айыга албайт.

Адамдардын көпчүлүгү дүйнө жашоосунда оорулар жана кырсыктар менен тынымсыз сыналганына карабастан, кайра эле дүйнөгө берилип, дүйнөнү сүйө беришет. Аллахтын аларга дүйнө жашоосунун убактылуулугун көрсөтүү үчүн бул кыйынчылыктарды берип жатканын көрмөксөн болушат. Кээ бирлери башына келген оор сыноолордон ан сайын бой көтөрүп, кыжырданышат. «Эмне үчүн дүйнөдө ушунча адам турса мен рак болдум» же «эмне үчүн ушунча адамдан мен жол кырсыгынан майып болдум» деген сыяктуу

суроолорду беришет. Текеберденип, тагдырга каршы чыгышы аны барган сайын динден жана Аллахтан алыстатат. Мындай адам өмүр бою сыноонун сырын түшүнө албайт.

Жыйынтыктасак, башында да айтылгандай, бул дүйнө Аллах жараткан бир сыноо мекени. Ар бир адам бул дүйнөдө Раббибизди ыраазы кыла турган жакшы иштерди жасаганга милдеттүү жана бул милдетти канчалык аткараары сыналат. Бул сыноонун аягында Аллахтын буйрук жана тыюуларына моюн сунгандар, өмүрүнүн аягына чейин жакшы мүнөздүү болуп, жакшы иштерди жасагандар түбөлүк бейиште жашаганга татыктуу болушат. Ал эми, бой көтөргөнүн таштабай, түбөлүк жашоонун ордуна бир канча он жылдык дүйнө жашоосун тандагандар болсо бул дүйнөдө да, акыретте да кемчиликтерден, алсыздыктардан жана азаптардан кутула алышпайт.

**Ант болсун, Биз силерди бир аз коркуу, ачкалык жана мал-мүлктөн, жандан жана түшүмдөрдөн бир бөлүгүн азайтуу менен сынайбыз. Сабыр кылгандарды сүйүнчүлө. (Бакара Сүрөсү, 155)**

**Ар бир жан өлүмдү татуучу. Биз силерди жамандык менен да, жакшылык менен да текшерип, сынап жатабыз жана силер Бизге кайтарыласыңар. (Анбия Сүрөсү, 35)**

*Урматтуу Аднан Октардын Ниса Сүрөсүнөн чечмелөөлөрү:*

# *«Көптөгөн алсыздыктарына жана ооруларына карабастан, адамдардын көпчүлүгү баш оту менен дүнүйөгө берилишет.»*

**АДНАН ОКТАР: ... «бизди кийинчерээкке кечеңдетишиң керек эмес беле?» дешти. Айткын: «Бул дүйнөнүн жалганчы коолдугу аз» (Ниса Сүрөсү, 77).** «Бул дүйнөдө эч нерсе жок» дейт Улуу Аллах. Дүйнөдө эмне бар экенин көрүп турасыңар. Адамдар канчалаган мээнет менен араң жашап жатышат. Жок дегенде сегиз саат укташы керек, бул күндүн дээрлик жарымына барабар. Бети-колун жууйт, тиштерин жууйт, тамак жеши керек, денеси алсырайт, суу ичиши керек. Суу ичип, тамак жейт, баары бир шалдырай берет. Алсыздыктар түгөнбөйт. Мисалы, бели ооруйт, жону ооруйт, сасык тумоо болот, мурду бүтөт, күн ысыйт, эшикти ачтырат, анан күн сууйт кайра жаптырат, чачын жуушу керек, кирдеп, чачы түшөт, тамак жейт, семирет, арыктаганга аракет кылат же тамак жегенине карабастан салмак кошо албай кыйналат. Аллах бул дүйнөдөн баш тартышсын деп, ушунчалык көп, миңдеген алсыздыктарды берген, эч түгөнбөйт. Мисалы, бөйрөгүндө таш да болушу мүмкүн, рак да болушу мүмкүн же шишик да болушу мүмкүн. Ашказаны ооруйт, ашказанында шишик, рак же бактериядан улам инфекция пайда болушу мүмкүн, же болбосо ашказан кислотасы кандайдыр бир себептен көбөйүп кетет, же нервден болот. Караңыз, алсыздыктар такыр түгөнбөйт.

Адамдардын көпчүлүгүнүн көзүндө бир көйгөй бар, же жакынды көрбөйт же алысты көрбөйт же астигматизм, сөзсүз бир нерселер болот. Көзү жайында болгон адамдар абдан сейрек кездешет. Кулагында өзүнчө бир көйгөй болот, ортоңку кулагында инфекция пайда болгон же синусит болгон канчалаган адамдар бар. Айыккыс баш оорулары бар. Аллах бул дүйнөдөн баш тартышсын деп берет буларды. Астма оорулары, аллергия оорулары жаштардын арасында абдан кеңири тараган. Холестерини жогору, жүрөк тамырлары бүтөлгөн, бирок ошого карабастан, адамдардын көпчүлүгүнүн көөп, баш оту менен дүнүйөгө берилгенин карабайсызбы.

Адамдын алсыздыктарын таң атканча санасам да бүтпөйт. **«Бул дүйнөнүн жалганчы коолдугу аз»** дейт Аллах. **«Акырет болсо такыбалар үчүн жакшыраак жана силер «бир курма данегиндеги ипичке бир жипчедей» да адилетсиздикке туш болбойсуңар» (Ниса Сүрөсү, 77).** Аллах мындай дейт: **«Кайсы жерде болбогула, өлүм силерди табат; бийик жерлерге бекем курулган сепилдерде болсоңор дагы...» (Ниса Сүрөсү, 78).** Эң сапаттуу ооруканaнын, эң сапаттуу бөлмөсүндө жатса дагы, эң мыкты дары-дармектерди колдонсо дагы, баары бир кутула албайт, өлүм аны бүт жерден табат. **«Аларга бир жакшылык келсе: «Бул Аллахтан» дешет; аларга бир жамандык келсе: «Бул сенден» дешет. Айткын: «Баары Аллахтан.» Бирок, бул коомго эмне болгон, эч бир сөздү түшүнгөнгө аракет кылышпайт?» (Ниса Сүрөсү, 78).**

**«Сага кандай жакшылык келсе Аллахтан, кандай жамандык келсе ал өзүңдөн болот» (Ниса Сүрөсү, 79).** Мисалы, күнү-түнү тынбай ичимдик ичет, Аллах тыюу салган, бирок иче берет, анан кан басымы көтөрүлүп, өлөт. Анткени, алкоголь кан басымын абдан жогорулатат. Ошондуктан Курандын кайсы жерин ачпайлы, Аллахтын жолунда «жехд», б.а. аракет кылуу пикирин, Аллахтын динин, Куран адеп-ахлагын жайылтуу пикирин көрөбүз.» *(Аднан Октардын 2011-жылдын 4-февралындагы Kaçkar TV каналы менен болгон маегинен үзүндү)*

# Ooру-сыркоолордун жана кырсыктардын натыйжасы

Жогоруда да айтылгандай, оорулар менен кырсыктар Аллах тарабынан адамдарды сыноо үчүн жаратылат. Ыймандуу адам башына мындай окуялар келгенде дуба кылып, Аллахка кайрылат жана Аллахтан башка эч кимдин аны куткара албашын билет. Ушундай окуя менен анын сабырын, туруктуулугун жана Аллахка канчалык таянаарын сынаган Жаратькандын акыретте да ага эң мыкты сыйлык берээрин үмүт кылат. Куранда бул багытта Аз. Ибрахим (ас)дын мыкты адеп-ахлагы жана чын ниеттүү дубасы өрнөк көрсөтүлгөн. Ыймандуулар мындан үлгү алышы керек. Аз. Ибрахимдин дубасы төмөнкүдөй:

**Мени тамактандырган жана (мага) суу берген – Ал; Ооруганда, мага шыпаа берген – Ал; Мени өлтүрө турган, кийин тирилте турган да – Ал. (Шуара Сүрөсү, 79-81)**

Аз. Айуб (ас) болсо башына оор бир азап жана оору келгенде, кайра эле Аллахтан жардам сурап, бул кулк-мүнөзү менен бүт ыймандууларга үлгү болгон:

**Пендебиз Айубду да эстегин. Ал: «Шайтан мага оор бир кыйноо жана азап жеткирди окшойт» деп Раббисине кайрылган эле. (Сад Сүрөсү, 41)**

Мындай кыйынчылыктар ыймандууларды Аллахка жакындатып, руханий жактан жетилтет жана алар үчүн жакшылыкка айланат. Ыймансыз адамга болсо бардык кырсык жана оорулар балээ катары берилет. Башына келгендердин белгилүү бир максат менен жаратылганын, акыретте ал үчүн сыйлык берилээрин ойлонбогондуктан, абдан кайгырып баштайт. Бул балээнин материалдык кыйынчылыгынан тышкары, руханий кыйынчылыктары да бар. Анткени, Аллахка ишенбеген бир системада адамдардын баалуулуктары толугу менен материалдык нерселерге таянат. Кандайдыр бир оорудан же кырсыктан улам майып болуп калган киши, мурда канчалык жакшы көрүлүп, урматталган бир инсан болсо да, колу-буту иштебей калганы үчүн, мурдакы «досторунун» көпчүлүгүнөн ажырайт. Сулуу адам сулуулугун, күчтүү адам күчүн жоготкондо, кадыр-баркы төмөндөйт. Себеби, динден алыс жашаган коомдордо адамдар бири-бирин материалдык нерселерге карап гана баалашат. Ошондуктан бир адам материалдык жактан кандайдыр бир зыянга учураганда, адамдардын арасындагы кадыр-баркын жоготот.

Мисалы, майып болуп калган бир адамдын жубайы же туугандары, чоң ыктымалдык менен, мындан болушунча арызданып башташат. Айланадагыларга канчалык кыйналып жатышканын айтып даттанышат. Кээ бирлери «жашмын» дешет жана «мындай жашта бул нерсеге такыр татыктуу эмес болчумун, өмүрүмдүн жазында башыма ушул күн келди» деп арызданышат. Ошондуктан оорулуу кишиге жакшы көңүл бура албаганымды түшүнгүлө дегендей маанидеги сөздөрдү айтат. Кээ бирлер болсо оорулуу кишини ошол замат таштап кеткиси келет, бирок адамдардын айыптоосунан корккону үчүн гана мындай кадамга барбайт. Оорулуу кишиге ден-соолугу чың кезинде берилген туруктуулук жана опаакердик убадалары эгоист, өзүмчүл жана өз кызыкчылыгын ойлогон көз-караш жана сөздөргө алмашат.

Туруктуулук менен опаа өтө кыска убакытка созулган мындай системада негизи буга окшогон көрүнүштөргө таң калбоо керек. Анткени, адамдарды бир гана материалдык критерийлерге карап баалаган жана, эң негизгиси, Аллахтан коркпогон бир адамдан бекем бир туруктуулукту күтүүгө болбойт. Сыйлыгын акыретте алаарына ишенбеген бир адам жакшылык иштерди кылууну өз оюнда «аңкоолук» деп эсептейт. Себеби алардын ишеними боюнча, бүт адамдар бир канча он жылдын ичинде өлүп, түбөлүккө жок болушат, ошондуктан бир адам үчүн өз жанын аябай жакшылык кылуу жана ага опаа көрсөтүү туура эмес болуп калат. Ансыз да, экөө тең «кыска убакыт жашап, жок болобуз» деген ишенимде болушат жана ошондуктан тандоо жасоо керек болгондо, өз кызыкчылыктарын жана өзүнүн бейпилдигин биринчи кезекке коюшат.

Ал эми мусулмандарда болсо такыр башкача. Аллахка ыйман кылган, Анын алдындагы алсыздыгын билген жана Андан корккон адамдар бири-бирин Аллах буйрук кылган касиеттерге карап баалашат. Адамдын

эң негизги касиети – бул, анын «такыбалыгы», тагыраак айтканда, Аллахка болгон урматы, коркуусу жана мындан келип чыккан асыл, мыкты кулк-мүнөзү.

Бир адамда бул касиеттер бар болсо, бул дүйнөдө бир катар материалдык же денесинде кандайдыр бир кемчиликтери болсо да, акыретте түбөлүк коздуктардын ичинде жашайт. Бул – Аллахтын ыймандууларга убадасы, жана ыймандуулар муну билгендиктен, бири-биринин кемчиликтерин боорукердик менен кабыл алышып, абдан туруктуу жана опаалуу болушат.

Бул чоң айырмачылык – караңгы маданияттын ыймансыздарга жазасы. Ошондой эле, Аллахтын Аны жокко чыгаргандарга бул дүйнөдө берген чоң балээси. Бул дүйнөдө каалоолорун ээрчип жашаган жана «кылгандарым үчүн сурак бербейм» деп ойлогон адам акыретте нес болуп калат. Ал жерде бул дүйнөдөгү залимдиги, опаасыздыгы, туруксуздугу жана ушул сыяктуу жаман мүнөздөрүнүн бүт баарынан, бир-бирден суракка алынат. Аллах ыймансыздардын бул дүйнөдө кылган жаман иштеринин өздөрүнүн зыянына болоорун төмөнкүчө кабар берген:

**Ал каапырдыкка адашкандар аларга берилген мөөнөттү эч өздөрү үчүн жакшылык деп ойлошпосун, Биз аларга күнөөлөрү андан да көбөйсүн деп гана убакыт берүүдөбүз. Алар үчүн басмырлоочу бир азап бар. (Али Имран Сүрөсү, 178)**

# *«Аллахты сүйбөгөндө, боорукердик, мээрим, сабырдуулук болбойт. Материалисттик түшүнүктө мерездиктин, өзүмчүлдүктүн азабы өтө оор болот.»*

**АДНАН ОКТАР:** Бир эркек бир аялды Аллах үчүн жакшы көрбөсө, Аллах үчүн сүйбөсө, аны Аллахтын бир чагылуусу катары көрбөсө, аны бир эт-сөөк жыйындысынан турган бир машинадай көрсө, идиш жууган, тамак бышырган, үй шыпырган, кийим үтүктөгөн, маал-маалы менен муктаждыктарын канааттандырган бир эт жыйындысындай көрсө, аны баалабайт. Жана сыйлабайт дагы, ошондуктан ичинде бир кыжырдануу пайда болот. Кээ бирлер аялды акча коротуучу бир нерседей, бир эт жыйындысындай көрөт. Аял жакшы көрүлүп-көрүлбөгөнүн эң жакшы билет. Өзгөчө чын жүрөктөн сүйүлбөгөнүн эң жакшы түшүнөт. Муну байкаганда бир кыжырдануу пайда болот. Экөө тең бири-бирин жек көрүп баштайт. Бул аны Аллахтын чагылуусу катары көрбөйт, ал да муну Аллахтын бир чагылуусу катары көрбөйт.

Ошондуктан ага карата опаа, туруктуулук, коргоо, боорукердик сыяктуу сезимдери болбойт; ансыз да анын алсыздыктарын көрүп жаткан болот. Эрте менен тургандагы алсыздыктарын көрөт. Уйкусуз калгандагы абалын көрөт. Тумоолоп ооруп жаткандагы же төрөгөндөгү абалдарын көрөт. Анан ичинде күчтүү бир жек көрүү пайда болот.

Анан биринчи эле үйүн бөлөт, жүзүн да көргүсү келбегени үчүн. Кантип мындай болсун? Аллахтын ыраазылыгы үчүн сени менен баш кошуп, өзүн сага тапшырса. Дүйнө жана акыретте сенин бир тууганыңдай жакының болсо. Эми ал сенин балаңдай, бир бөлүгүңдөй, этиң-сөөгүңдөй эле болуп калган болот. Кантип ажырашасың аны менен? Көчөгө айдап чыгат, каякка кеткенинен же эмне кылып жатканынан эч кабар албайт. Эмне жейт, эмне ичет? Башына эмне келет? Эмне болуп кетет белгисиз? Кантип мындайга адамдын колу барсын? Кантип аны көчөгө айдап чыгат?

Аллахтан коркпогондо, Аллахты сүйбөгөндө мындай окуялар болушу мүмкүн. Кээде башка себептерден да болот, бирок көбүнчө ушунан келип чыгат. Анткени, бул боорукердикти жана мээримди жок кылат.

Күн сайын канчалаган ажырашуулар болуп жатат, ажырашуу сөзү эч болбой калганда гана айтылышы керек. Жаңы гана үйлөнүп, он беш күн да өтө электе ажырашуу сөздөрү айтыла баштайт. Адам кантип оозуна алсын мындай сөздү? Кандай үрөй учурарлык нерсе. Кантип көчөгө айдап чыгат? Өтө кайгылуу көрүнүш. Мунун тамырында материалисттик, дарвинисттик, атеисттик таалим-тарбия бар. Аягында ушундай боорукердиктен, мээримден алыс бир катар адамдар пайда болууда.

Булардын баары динден алыс болуудан, Аллах сүйүүсүнөн алыс болуудан, Аллахты сүйүү аркылуу Анын жараткан пенделерин да сүйө албоодон келип чыгууда. Аллахты сүйүү аркылуу Аллахтын чагылуусу катары сүйсөң, адамдын рухунда экинчи бир күч бар. Терең бир күч. Ал дене кумарынан же башка нерседен жоголбойт. Ан сайын көбүрөөк сүйөсүң. Ан сайын ашык болуп сүйөсүң, өзгөчө бир күч. Ошол күч иштеп баштайт. Бирок ал болбогондо, руханий күчү болбогону үчүн сүйө албайт жана көзүнө жаман көрүнө баштайт.

Кыскасы, Аллах үчүн сүйүү дүйнөнүн бир коздугу жана сулуулугу. Аллах бизди ошондой жараткан. Аллах үчүн ашык болуп, берилип сүйө тургандай кылып жараткан бизди, Аллахтын чагылуусу катары көрүп. Муну кылбасак, сөзсүз балээге туш болобуз. Мерездиктин, өзүмчүлдүктүн азабын тартабыз, Аллах сактасын. Ошондуктан материалисттик көз-караштан болушунча алыстап, Куран адеп-ахлагы менен, Куран сүйүүсү менен, Аллах сүйүүсү менен, башкаларды Аллахтын чагылуусу катары көрүп сүйүү абдан маанилүү. ИншаАллах. *(Урматтуу Аднан Октардын 2010-жылдын 4-июлундагы HarunYahya.TV каналындагы маегинен үзүндү)*

# Улгайуу

Убакыттын өтүшү менен бүт нерсе эскирет. Эң акыркы модельдеги, жаңы чыккан машина бир канча жылда чийилип, бузула баштайт жана сөзсүз эскирет. Өтө жактырылган бир үй 5-10 жылдан соң (эгер каралбай калса), шыбактары түшүп, эски урандыларга окшоп калат. Бирок эң чоң эскирүүгө адам өзүнүн денесинен күбө болот. Жылдардын өтүшү менен адамдын өтө барктаган денеси эч оңолгус болуп эскирет. Адамдын денесиндеги бул өзгөрүүлөр Куранда төмөнкүчө кабар берилген:

**Аллах силерди бир алсыздыктан жаратты, кийин (бул) алсыздыктын артынан бир кубат берди, кийин бул кубаттын артынан бир алсыздык жана карылык берди. (Ал) Каалаганын жаратат. Ал – билүүчү, кудуреттүү. (Рум Сүрөсү, 54)**

Адамдар демейде улгайууну көп ойлонгулары келбейт жана жашоо пландарына кошушпайт. Көп адамдар алдан тайып, бир топ кыйынчылыктар менен өткөрө турган улгайган кезин мүмкүн болушунча ойлонбогонго аракет кылышат. Кээ-кээде бул жөнүндө сөз козголуп калганда катуу коркуп, тынчсызданышат, бирок бир аздан кийин унутуп калып, кадимкидей күнүмдүк жашоосун уланта беришет. Улгайууну эстегилери келбеген себеби, ал адамдардын бул дүйнөдө түбөлүк жашай албай турганын эске салат. Ошондуктан карылыктын сөзсүз келээрин билишсе да, ал жөнүндө өтө аз ойлонушат. «Алдымда дагы канчалаган жылдар бар, карылык менен өлүмгө дагы көп бар» деп элестетишет. Куранда кээ бир адамдардын бул жаңылыштыгы төмөнкүчө кабар берилген:

**Ооба, Биз аларды жана ата-бабаларын пайдаландырдык; анан өмүр аларга (эч бүтпөстөй) узун сезилди... (Анбия Сүрөсү, 44)**

Кээ бир адамдардын «карылыкты алыс көрүү жаңылыштыгы» аларды өмүр бою алаксытат. Анткени, жашы канчага чыкпасын, бойго жеткен адамдардын баары шайтанга алданып, алдыда өтө узун бир өмүр тургандай сезимде болушат. Чындыгында болсо, жылдар көз ачып жумганча өтүп кетет. Артка кылчайып караса, эсинде анча-мынча нерселердин гана калганын көрөт. Бала кезде же жаш кезинде башынан өткөргөн жакшы же жаман окуялары, аны толкунданткан нерселер, алган маанилүү чечимдери, амбиция коюп, ага жетүү үчүн канчалаган жылдарын короткон максат-мүдөөлөрү, кийин кыйынчылык менен эстегенде, ал үчүн эскерүүлөргө гана айланган болот. Ошондуктан көбүнчө «узун өмүрүн» баяндап берүү ашып барса бир канча саатка гана созулат. Аябай улгайып, өлүмдүн босогосуна келип калган адамдардын кайсынысынан сурабаңыз, «өмүрүм бир көз ирмемдей, бат эле өтүп кетти» деп айтат.

**«Жыл санагы менен жер бетинде канча болдуңар?» деди. (Мүминун сүрөсү, 112)**

**«Бир күн же бир күндүн бир аз бөлүгүнчөлүк болдук, эсептегендерден сура» дешти. (Мүминун сүрөсү, 113)**

**«Аз (убакыт) гана болдуңар, чындыгында билген болгонуңарда» деди. (Мүминун сүрөсү, 114)**

Бул чындыкты түшүнүүгө бир канча секундалык бир ойлонуу жетиштүү болот жана адам бул чындыкты түшүнгөн соң, канча жашта болсо да, сөзсүз белгилүү бир чечимге келиши зарыл. Мисалы, 40 жаштагы бир адам 65 жашка чейим жашайм деп үмүт кылган болсо, анда алдыдагы 25 жылынын буга чейинки 40 жылындай эле бат өтүп кетээрин билиши зарыл. Бул киши 90 жашка чейин жашаса да, көп деле нерсе өзгөрбөйт. Себеби алдыдагы жылдары узун болсо да, кыска болсо да, баары бир аягында түгөнөт. Ошондуктан адамдын улгайышы – бул дүйнөнүн убактылуу бир мекен экенин көрсөткөн, эң күчтүү эскертүүчүлөрдүн бири. Адам эмне гана кылбасын, сөзсүз бир күнү бул дүйнө менен артка кайрылгыс болуп кош айтышат.

Демек, ар бир адам туура эмес түшүнүктөрүнөн арылып, өзүнүн жашоосу жөнүндө реалдуураак ой жүгүртүшү зарыл. Эң биринчиден айта кетчү нерсе, убакыт абдан тез өтөт жана күн өткөн сайын адам жашыраак, сергегирээк болбойт, тескерисинче, аятта айтылгандай «алсыздыкка» жол алат. Кыскасы, улгайуу адамдын алсыздыгынын маанилүү бир көрсөткүчү. Убакыттын адамдын денеси менен мээсине бүлдүрүүчү

таасир көрсөтөөрү талашсыз чындык. Куранда адамдын улгайганда күчтөн тайып, алсыраары төмөнкүчө кабар берилген:

**Аллах силерди жаратты, кийин силерди өлтүрөт, силердин кээ бирлериңер билгенден кийин, эчтеке билбей кала турган өмүрдүн эң төмөнкү учуна чейин (карылыкка) кайтарылат. Эч күмөнсүз, Аллах – билүүчү, бардык нерсеге кудуреттүү. (Нахл Сүрөсү, 70)**

Медициналык жактан карылык «экинчи жаш бала доору» деп да айтылат. Анткени, дененин начарлашы адамды жаш баладай кароого жана коргоого муктаж кылып койот. Улгайган кезде адамда дене жана руханий жактан жаш балдарга тиешелүү өзгөчөлүктөр пайда болот. Жаш кезде оңой эле жасай алган жумуштарга улгайганда күчү жетпей калат. Же жаш кезинде эс-тутуму өтө күчтүү болсо да, карыганда баары бир эс-тутуму начарлайт. Буга окшогон дагы толтура мисалдарды келтирүүгө болот. Негизгиси, белгилүү бир жаштан соң ар бир адамдын денесинин жана мээсинин начарлашы аны жаш бала кезине кайра кайтарат.

Кыскасы, адамдын өмүрү наристелик доору менен башталып, белгилүү убакыттан соң кайрадан жаш балага айланып, анан аягына чыгат. Бул процесс, албетте, кокусунан пайда болуп калган эмес. Аллах каалаганда, адамды өлгөнгө чейин жаш бойдон калтырып, денесинде эч бир кемчилик же оору-сыркоо жаратмак эмес. Бирок, Аллах адамдын денесинде карыган кезде бир катар кемчиликтерди жаратуу аркылуу ага бул дүйнөнүн убактылуулугун дагы бир жолу эскертет. Ошондой эле, бул дүйнөдөгү кемчиликтерди көрсөтүү аркылуу, адамга акыретти, т.а. чыныгы мекен, бейишти эңсетет.

Бул дүйнөнүн убактылуулугу жана адамдын белгилүү бир максат менен карылык дооруна жеткирилээри төмөнкү аятта апачык айтылган:

**Эй адамдар, эгер (кайра) тирилүүдөн шектенип жатсаңар, чындыгында, Биз силерди топурактан жараттык, анан бир тамчы суудан, анан бир алактан (эмбрион), анан калыбы билинээр-билинбес бир тиштем эттен (жараттык); силерге (кудуретибизди) апачык көрсөтүү үчүн. Каалаганыбызды белгилүү убакытка чейин жатындарда кармайбыз. Анан силерди наристе абалда чыгарабыз, анан жетилген куракка жетишиңер үчүн (силерди чоңойтобуз). Силердин кээ бирлериңердин өмүрү түгөнүүдө, кээ бириңер болсо билгенден кийин эч нерсе билбеген абалга келиши үчүн өмүрдүн эң төмөнкү чегине (карылыкка) кайтарылууда. Жердин бетин кураган өлүк абалда көрөсүң, бирок Биз анын бетине суу түшүргөнүбүздө, кыймылга келип, көбөт жана ар бир сонун жуптан (түшүмдөрдү) өндүрөт. (Хаж Сүрөсү, 5)**

# Улгайганда дененин бүлүнүшү

Канчалык бай, атактуу же күчтүү болбосун, эч бир адам улгайганда бүлүнүүлөрдөн денесин сактап кала албайт.

Тери адамдын сулуулугунда өтө чоң мааниге ээ. Болжол менен бир миллиметрлик бул кыртыш алып салынса, сулуулук жагынан абдан эле жагымсыз бир көрүнүш келип чыгат. Адам бул көрүнүштү карагысы да келбей калат. Анткени, тери коргоо милдетинен тышкары, жагымдуу жана жылмакай бир көрүнүш бергени үчүн, сулуулук жагынан өтө маанилүү бир функцияны аткарат. Демек, «адамдын айланасындагыларга өзүн көрсөтүп, мактанган өзгөчөлүгү – бул, денесинин бүт тарабын ороп турган болжол менен 2 килограммдык териси» десек болот. Эң кызыгы, карылык эң көп бузган нерсе да – бул, кайра эле адамдын териси.

Жаш өткөн сайын теринин ийкемдүүлүгү азайып, ичкере берет жана астыңкы катмардагы түзүлүш, анын таянычын түзгөн белоктор алсыздаганы үчүн, чоюлат. Белгилүү жаштан кийин адамдар канчалык каалабаса да пайда болуп баштаган беттеги тырыштар менен сызыктарга мына ушул өзгөрүүлөр себеп болот. Теринин үстүңкү бетинде тынымсыз май катмарын пайда кылып, табигый жумшартып туруучу бездердин секрециялары азайганы үчүн, тери какачтанып баштайт. Тери ашыкча какачтанып, түлөгөнү үчүн, теринин өткөрүмдүүлүгү жогорулап, сырткы факторлордун териден өтүүсү оңойлошот. Мунун натыйжасында улгайганда кычышуу, тырмак жаралары, теридеги тактар, уйкусуздук ж.б. келип чыгат. Ошондой эле,

астыңкы териде да өтө чоң бузулуулар пайда болот. Тери кыртыштарында жаңылануу жана зат алмашуу механизмдери улгайган адамдарда бир топ бузулат. Ошондуктан жашы өткөн адамдарда залалдуу (жаман) шишиктер көп кездешет.

Адамдын денесинде сөөктөрдүн бекемдиги да абдан маанилүү. Тик туруу жаштар үчүн абдан оңой болсо, улгайганда бир топ кыйын болуп калат. Жаш өткөндө жүлүндүн ийилишинин натыйжасында бүкүрүлүк пайда болот. Бул жаш кездеги мактанычтарды жок кылат. Анткени, денесин да түздөй албаган бир адамдын башка адамдарга бой көтөрө турган эч бир өзгөчөлүгү калбайт. Өзү кабыл алгысы келбесе да, эми алсыздыгын айланасындагылардан жашыра албай калат.

Ал ортодо улгайган адамдардын нерв клеткалары жаңыланбаганы үчүн, бүт сезүү органдары начарлайт. Көздөр жарыктын күчүнө жараша өздөрүн жакшы ыңгайлаштыра албай калышат. Бул көрүү жөндөмүн начарлатып, түстөрдүн тунуктугу, буюмдардын формасы, жайгашкан жери жана алыстыгы бүдөмүк көрүнө баштайт. Көрүүнүн тунуктугу барган сайын азайат. Бул улгайгандарга бир топ ыңгайсыздыктарды жаратат.

Адамдын улгайган кезде физикалык жана руханий жактан көптөгөн жоготууларга дуушар болушунун терең мааниси бар. Жогоруда да айтылгандай, Аллах кааласа, адамга мындай кемчиликтердин бирөөсүн да бербеши мүмкүн эле; адам төрөлгөн соң чоңоюп, жетилмек жана ал тургай, убакыттын өтүшү менен бүт органдары менен жөндөмдөрү барган сайын күчтөнүшү да мүмкүн болчу. Жыл өткөн сайын адамдын ден-соолугу улам бекемделип, күч-кубаты улам көбөйө бериши мүмкүн эле. Бизге эч көнүмүш сезилбегени менен, бул жашоо адамды эскиртпестен, тескерисинче улам жаңылап, өнүктүрүп турушу да толук мүмкүн эле. Бирок, Аллахтын адамдар үчүн белгилүү бир максат менен жараткан системасы улгайуу жана бузулууга таянат. Бул дүйнөдөгү бүт нерселер сыяктуу, адамдын денеси да сөзсүз бузулат.

Күн өткөн сайын улгайып, өлүмгө даярданган адам бул дүйнөнүн убактылуулугун жана ага пайдасы тийбей турганын дагы бир жолу түшүнөт. Бул алсыздыктардын баарынан көрүнүп тургандай, түбөлүк жашоонун алдында бул дүйнө жашоосунун эч бир баркы жок. Аллах Куранда бул акыйкатка көп жолу көңүл буруп, дүйнө жашоосунун убактылуулугун көрсөткөн көптөгөн өзгөчөлүктөрдү кабар берген. Адамдарга «буларды ойлонуп, андан сабак алгыла» деп буйруган.

> **Дүйнө жашоосунун мисалы – Биз асмандан түшүргөн, аны менен адамдар жана жаныбарлар жеген жер жүзүнүн өсүмдүгү аралашкан бир суу сыяктуу гана. Жер сулуулугун жамынып, кооздонгондо жана ал жердин эли чындыгында аны биз кылдык деп ойлоп жатканда (дал ушул учурда) түнкүсүн же күндүз ага буйругубуз келип, кечээ эле эч бир байлыгы болбогон сыяктуу, аны тамырынан жулунуп ыргытылган абалга салып койобуз. Ойлонгон бир коом үчүн Биз аяттарды ушинтип бир-бирден түшүндүрөбүз. (Йунус Сүрөсү, 24)**

Жогоруда айтылгандай, адам төрөлүп, чоңоюп, белгилүү бир жашка жетет. Жана күчкө толгон кезинде «бүт денем өзүмө тиешелүү» деген ишенимге келип, өзүн бүт дүйнөнүн борборундай элестете баштайт. Бирок белгилүү убакыттан соң, күтүүсүздөн улгайуу процесси башталып, күчү менен сулуулугу жоголо баштайт жана муну токтоткусу келсе да, колунан эч нерсе келбейт. Анткени, Аллах бул дүйнө жашоосун убактылуу бир мекен кылып даярдаган. Жана адамды чыныгы мекени болгон акыретти эске сала турган жана ага даярданышына шарт түзө турган ар кандай алсыздыктар менен бирге жараткан. Ошондуктан бул алсыздыктар жөнүндө сөзсүз ойлонушубуз зарыл.

## *«Кулк-мүнөзү жакшы адамдар улгайганда да жаш жана сергек болушат. Аз. Пайгамбарыбыз (сав)дын көзү өткөндө, бала кездеги сергектиги менен сулуулугу ошол бойдон сакталган.»*

**АДНАН ОКТАР:** ... Каапырдык жолуна түшкөндөр, зулумдукка баргандар; Аллах аларга бир ички азап берет жана руху денесине кол салып баштайт жана буга чыдай албайт денеси. Анан бүлүнүп баштайт, анткени дене абдан алсыз. Рух кол салганда, ага күчү жетпейт, абийири бүт тараптан аны кыйнайт. Мисалы, жакшынакай көзү такыр башка бир көзгө айланып, бош нерседей болуп калат. Жакшынакай териси такыр башкага айланат. Чачтары бузулат, денеси бузулат. Аны көргөндө ан сайын кыйналат. Ан сайын кайгырат, б.а. Аллахка таянбагандыктан, улгайуу жолуна түшөт. Мисалы, Пайгамбар Мырзабыз (сав) көзү өткөнгө чейин, бала кездеги сергектиги менен сулуулугу ошол бойдон сакталган, бул анын бир керемети. Пайгамбарыбыз (сав)дын жүзү ар дайым жаш балдардыкындай күнөөсүз көрүнүштө болгон. Бала кездеги жүзү эч бузулган эмес Пайгамбарыбыз (сав)дын. Бул бир керемет, пайгамбарларда бул бар. Бала кездеги күнөөсүз жүздөрү сакталып калат, анткени күнөөдөн алыс болушат. Өтө кичипейил жана чынчыл болушат.

Пайгамбарыбыздын, билесиздер, ылакап аты «Мухаммад-уль амин» болгон. Кимдер минтин аташкан билесиздерби? Атеисттер, мушриктер Пайгамбарыбыз (сав)ды «ишенимдүү инсан» дешкен. Ар кандай нерседе аны калыс кылышкан, ошончолук ишенишкен. Караңыздар, бир динсиздин же бир атеисттин бир мусулманды «ишенимдүү инсан» деп аташы өтө кереметтүү көрүнүш. Негизи душманы болушкан, бирок ишенимдүү экенин билишип, абдан ишенишкен жана бир нерсе болгондо Пайгамбарыбызды (сав) калыс кылып шайлашкан.

# Сабак болуучу карылык мисалдары

Улгайуу бүт адамдарга тиешелүү чындык. Бирок бай, атактуу же абдан сулуу инсандардын улгайышы, бүт байлыгынан жана сулуулугунан ажырашы адамдарга катуу таасир берип, жакшы сабак болот. Караңгы коомдогу көп адамдар суктанган жана акчасы, атак-даңкы же сулуулугу менен таанылган адамдардын улгайышы жана алсыздыгы дүйнө жашоосунун кыскалыгы менен барксыздыгын эскерткен эң маанилүү символдордун бири болуп саналат.

Мунун мисалдарын айланабыздан жүздөгөн жолу көрө алабыз. Бир кездерде денесинин сулуулугу, күчү менен даңкы чыккан, өтө мээлүү жана ден-соолугу чың адамдарды бир күнү телевизор же гезиттен мээ жана дене күчүнөн ажыраган абалында көрүшүбүз мүмкүн. Мисалы, бүт дүйнөгө белгилүү Мадонна, Джон Траволта, Брэд Питт, Анджелина Джоли, Аль Пачино, Микки Рурк, Ричард Гир, Джек Николсон, Синди Кроуфорд, Джулия Робертс, Майкл Дуглас сыяктуу атактуулар жыл өткөн сайын улгайып, мурдакы сулуулук жана сергектиктерин толугу менен жоготушту. Ошол сыяктуу, дүйнө жүзүнө таанымал Фэрра Фосетт менен белгилүү бийчи Патрик Суэйзи рак болуп, таанылгыс абалга келишип, аягында оорудан улам көз жумушту. Жаштар суктанып, үлгү алган Майкл Джексон жана Эми Уайнхаус сыяктуу атактуулар болсо эч күтпөгөн кезде каза болуп, бүт байлык жана атак-даңкын бул дүйнөгө калтырып, акыретке кетишти. Дүйнөгө таанымал бул инсандардын бүт нерсесин калтырып, көз жумушу бардык адамдарга өтө чоң сабак боло алат. Аллах бул дүйнө жашоосунун убактылуулугун жана адамдар канчалык бай, сулуу же атак-даңктуу болбосун, баары бир өлгөндө бул дүйнөдөн бир ташты да алып кете албашын апачык көрсөтүүдө.

Алдыда дүйнө жүзүнө атагы чыгып, улгайган соң киши таанығыс абалга келген же жаш кезинде каза болгон адамдардан мисалдарды келтиребиз. Жана адам канчалык жаш, атактуу же сулуу болбосун, баары бир сөзсүз бир күнү улгайаарын жана андан соң көз жумуп, Аллахтын алдына бараарын көрөбүз.

# Адамдын өлүмү

Күн сайын өлүмгө дагы бир аз жакындаганыңызды билесизби? Өлүмдүн сизге да башка адамдардай эле, балким алардан да жакыныраак экенин ойлойсузбу?

**«Ар бир напси өлүмдү татат; анан Бизге кайтарыласыңар»** (Анкебут Сүрөсү, 57) деп аятта айтылгандай, дүйнө жүзүндө ушул күнгө чейин жашап өткөн, азыр жашап жаткан жана келечекте жашай турган ар бир адам сөзсүз өлүмгө жолугат. Бирок, ошого карабастан, кээ бир адамдар эмнегедир өздөрүн өлүмдөн абдан алыс сезишет.

Бул дүйнөгө биринчи жолу көзүн ачкан жана бул дүйнөгө акыркы жолу көзүн жумган эки адамды элестетиңиз. Жаңы төрөлгөн наристенин өзүнүн төрөлүшүнө кийлигише албаганы сыяктуу, өлгөн киши да өзүнүн өлүмүнө кийлигише албайт. Бул кудурет бир гана Аллахка тиешелүү; Ал каалаган кезде жаратып, каалаган кезде кайра алат. Бүт адамдар белгиленген мөөнөткө чейин жашап, аягында көз жумат. Куранда бул чындык төмөнкүчө кабар берилген:

> **Айткын: «Албетте, силер качкан өлүм, күмөнсүз силерге келет. Кийин кайыпты да, аныкты (күбө болунганды) да билген (Аллах)ка кайтарыласыңар; Ал силерге кылгандарыңарды кабар берет.» (Жума Сүрөсү, 8)**

Көп адамдар өлүмдү ойлонгусу келбейт, ошондой эле, күнүмдүк иштер да адамдын ойлорун башка нерселерге алаксытат. «Кайсы окууда окуйм», «кайсы жумушта иштейм», «эмне кийем», «эмне ичем» дегендер маанилүүрөөк сезилет. Жашоо ушулардан гана турат деп ойлойт. Өлүм жөнүндө сөз болгондо болсо, «жакшы нерсени сүйлө, али абдан жашпыз» деген сыяктуу эч маанисиз жана өлүмдү токтото албай турган жеңил-желпи сөздөрдүн артына жашынат. Өзүн «улгайганда өлөм, жок дегенде 50-60 жыл жашайм» деп эсептейт жана жаш кезинде мындай «жүрөктү сыга турган» темаларды ойлонгусу келбейт. Чындыгында болсо, бул өтө текебер түшүнүк жана мынчалык өзүнө ишенген бир адамдын бир секундадан соң жашай

турганына да эч кандай кепилдик жок. Күн сайын гезит жана телевизорлордогу кабарлардан жапжаш кезде, күтүүсүз каза болгон адамдардын жана өздөрүнүн жакындарынын өлүмдөрүнө күбө болушат. Бирок бир күнү алардын өлүмүнө да башка адамдардын күбө болоорун жана аларды да ушул жыйынтыктын күтүп тураарын ойлонушпайт.

Өлүм адамга келгенде, бул дүйнөгө тиешелүү нерселердин баары, бардык кыялдар, үмүттөр, бүт пландар ошол замат аягына чыгат. Азыркы абалыңызды, көздөрүңүздүн ачылып жумулушун, денеңиздин кыймылдашын, сүйлөп, күлүшүңүздү, б.а. бүт жашоо функцияларыңызды ойлонуңуз. Анан, өлгөн соң кандай абалга келээриңизди элестетиңиз... Эч кыймылсыз, айланаңызда болуп жаткандарды түшүнбөстөн, ордуңузда жатасыз. Денеңизди башка адамдар көтөрүшөт жана бир «эт жыйындысындай» көрүшөт. Табытыңыз коюла турган мүрзө казылып жатканда, табыт жуучу жайдагы адамдар тарабынан жууласыз. Анан ак кепинге ороп, жыгач табытка коюшат. Мечиттеги иштер бүткөн соң, мазарга алып барышат. Бетинде атыңыз, төрөлгөн жана өлгөн даталарыңыз жазылган бир таш болот. Кепин менен бирге сиз үчүн казылган чуңкурга коюласыз. Үстүңүзгө жыгач коюлуп, анын үстүнө топурак ташталат. Топурак үстүңүздү жакшылап жапкан соң, көмүү иши аягына чыгат.

Башында мүрзөңүзгө көп зыярат болгону менен, кийинчерээк жылына бир жолу болуп калат, бара бара толугу менен токтойт. Бирок, бул зыяраттардан сиздин кабарыңыз да болбойт.

Канча жыл жашаган бөлмөңүз менен төшөгүңүз бош калат. Жаназаңыз чыгарылган соң белгилүү убакыттан кийин жеке буюмдарыңыз муктаждарга таратылат. Жакындарыңыз тиешелүү мекемеге барып, сиздин өлгөнүңүздү кабар беришет жана алар сиздин бул дүйнөдөгү каттооңузду өчүрүшөт. Биринчи жылдары балким сизди эстеп, артыңыздан ыйлаган бир канча киши болоор. Бирок барган сайын унутула бересиз. Бир канча он жылдан соң болсо бул дүйнөдө сизди эстеген көп деле адам калбайт. Анткен менен, сиз өлгөн соң артыңызда калган үй-бүлөңүз менен тааныштарыңыз да акырындап бул дүйнө жашоосу менен кош айтышкандыктан, эскерилип-эскерилбешиңиздин көп деле мааниси болбойт.

Дүйнөдө бул нерселер болуп жатканда, топурактын астындагы денеңиз болсо тездик менен чирип баштайт. Топуракка коюлганыңыздан кийин курт-кумурскалар менен бактериялар ишке киришет. Курсакта чогулган газдар денени шиширет жана бул шишик дененин бүт тарабына тарап, дене таанылгыс абалга келет. Андан соң газдын диафрагмага болгон басымынан улам оозуңуз менен мурдуңуздан кандуу көбүктөр чыга баштайт. Бара бара кылдар, тырмактар, алакандар жана тамандар ордуларынан ажырайт. Бул сырткы өзгөрүүлөр менен бирге, ички органдарда да чирүү башталат. Эң коркунучтуу кубулуш мына ушул жерде болот; курсакта чогулган газдар терини алсыз жеринен жарат да, денеден адам чыдагыс сасык жыттар чыгат. Ал ортодо башыңыздан башталып булчуңдар да ордуларынан ажырайт. Тери менен жумшак бөлүктөр толугу менен төгүлүп, скелет көрүнө баштайт. Мээ толугу менен чирип, көрүнүшү чопого окшошуп калат, сөөктөрдүн байланыштары үзүлүп, скелет ажырай баштайт... Бул кубулуш жансыз денеңиз топурак жана сөөк жыйындысына айланганга чейин уланат.

Эми өлүмдөн мурдакы жашоонун бир секундасына да кайра кайтууга болбойт. Үй-бүлө менен көрүшүү, достор менен жолугуп көңүл ачуу, эң жогорку кызматка жетүү мүмкүнчүлүгү да калбайт жана дене мүрзөдө чирип, скелетке айланат.

Кыскасы, өзүңүз катары кабыл алып, «бул менмин» деп ойлогон денеңиз өтө жийиркеничтүү кейипке келип, жок болот. Сиз, б.а. чындыгында рухтан турган сиз бул денени алда качан таштап кеткен болосуз, артыңызда калган дене болсо өтө начар келбетке келип, жок болот.

Мунун себеби эмне?..

Аллах каалаcа, адамдын денесин өлгөн соң мындай кейипке салбай коюшу да мүмкүн эле. Адам денесинин топурактын ичинде ушунчалык коркунучтуу кейипке келип, талкаланышынын өтө терең сыры бар. Бул сырды түшүнүү үчүн адам өлгөн соң кандай абалга келээрин ойлонушу зарыл.

Эң биринчиден, адам өзүнүн бир «эт жыйындысы» эместигин, денесинин ага убактылуу гана кийгизилген бир «тон» экендигин бул коркунучтуу жыйынтыкты көрүп түшүнүшү керек жана өзүнүн рухтан тураарын

сезиши зарыл. Ошондой эле, адам дененин өлүмүнө карап, бул убактылуу дүйнөдө түбөлүк жашачудай болуп ээ чыккан жана бүт каалоолоруна моюн сунган денесинин келечектеги акыбети жөнүндө ой жүгүртүшү шарт. Ал дене бир күнү сөзсүз топурактын астында чирип, курт жейт жана скелетке айланат. Жана ал күн балким өтө деле алыста эмес, бир секунда, балким бир кадам эле алдыда тургандыр...

Анткен менен, адамдарда көңүлү жактырбаган, каалабаган нерселерди ойлонбой коюу, аны жоктой кабыл алуу адаты бар. Өзгөчө өлүмдө муну даана байкоого болот. Жогоруда да айтылгандай, өлүм бир тааныштан ажыраганда же бирөөнүн жылдыгында гана эстелет. Дээрлик бүт адамдар өзүн өлүмдөн алыс көрөт. Жолдо баратып, төшөгүндө уктап жатып өлгөндөр деле биз сыяктуу адамдар эмеспи? Же ал «жаш» болгону үчүн «дагы көп жыл» жашайбы? Анткен менен, үйүнөн окууга баруу үчүн жолго чыгып же маанилүү бир чогулушка үлгүргөнгө аракет кылып жатып жол кырсыгына кабылган бир киши да, эч күтүүсүз бир оорудан өлгөн бир адам да, өлөөрдөн мурда дал ушундай ойдо жүргөн болушу мүмкүн. Бир күн мурда бул адамдардын оюна «эртең гезиттерден бүт адамдар биздин өлүм кабарларыбызды окуйт го» деген сыяктуу бир ой эч келбеген болушу керек.

Кызыгы, сиз да бул саптарды окуган соң, «жакын арада мага да ажал келип калышы мүмкүн» деп эч ойлонбойт чыгаарсыз. Дагы жасай турган, бүтүрө турган иштериңиз болгону үчүн балким өлүм «али келбечүдөй» сезилиши мүмкүн. Бирок бул бир алдануу жана качуу гана, ошондой эле, Аллах минтип өлүмдөн качуунун эч пайда бербей тургандыгын кабар берген:

> **Айткын: «Эгер өлүмдөн же өлтүрүлүүдөн качсаңар, (минтип) качуунун силерге эч бир пайдасы тийбейт; ошондой болсо дагы, өтө аз (бир убакыт) гана пайдаланасыңар.» (Ахзаб Сүрөсү, 16)**

Адам бул дүйнөгө «эч нерсесиз» келгенин жана кеткенде да «эч нерсесиз» кетээрин унутпашы керек. Бирок төрөлгөндөн көп өтпөй бул дүйнөдөгү байлыктарга ээ чыга баштайт жана аларга кожоюндук кылууну жашоосунун эң негизги максатына айлантат. Бирок, эч ким мал-мүлкүн же колундагы башка нерселерди өлгөн соң өзү менен кошо алып кете албайт. Дене болгону бир канча метрлик ак бөзгө оролуп көмүлөт. Адам бул кыска дүйнөгө «эч нерсесиз» келип, «эч нерсесиз» кетет.

Аны менен бирге акыретке Аллахка болгон ыйманы же ыймансыздыгы гана барат.

# *«Ар бир адам өлөт. Капкараңгы топурактын астында эң атактуу адам дагы чаң, топуракка айланат.»*

**АДНАН ОКТАР:** ... Сырткы көрүнүшүнө карап баа берүү абдан кеңири тараган. Мисалы, бай көрүнгөн бир адамга көбүрөөк сый-урмат көрсөтүлөт, ал эми жакырлар болсо азыраак урматталат. Мен муну бүт жерден көрөм. Абдан жагымсыз көрүнүш. Кийимине, турган турпатына карап мамиле кылынат. Бул өтө жагымсыз көрүнүш. Ар бир адам бир күнү өлөт. Эң жарашыктуу бир адамды элестетели, мисалы, жаш кыздар, абдан сулуу, жарашыктуу, бирок анын 70 жылдан кийинкисин ойлосоң. Мүрзөдө узунунан жаткан болот.

Башы, сөөктөрү капкараңгы топурактын астында, чымкый караңгы топурактын астында жатат сөөккө айланып. Кайда калды мурдакы кымбат сумкалары, кымбат баалуу кийимдери, макияж буюмдары, каткырган күлкүлөрү, туурабы? Бой көтөрүп басышы, текебердиги? Асманды карап басышы, эч өлбөчүдөй болуп жүрүшү кайда калды? Эми карасаң мүрзөнүн астында, бир миллиметр да кыймылдай албайт. Эч бир үн жок. Толук жымжырттык, чымкый караңгыда эч нерсе көрүнбөйт. Бренд сумкалар, атырлар жок. Мүрзөнүн астына атырын алып кете албайт, ал жерде яхтада кара көз айнегин тагынып башкаларга мактана албайт, бой көтөрө албайт, тамеки тарта албайт жердин астында. Эч нерсе кыла албайт. Канча убакытта ушундай болот? Өтө кыска убакыт ичинде.

Телевизорду күйгүзсөм, манекен аялдарды көрсөтөт, алардын ары-бери басканын көрсөтөт, кээде мурдакы атактуу аялдарды, мисалы, Муссолинининин доорундагы италиялык аялдарды көрсөтөт; жарашыктуу жана сулуу аялдар. Бирок азыр баары мүрзөнүн астында, эч кыймылдабай жатышат бүт баары. Ал доордо биз аларга муну айтсак, «койо тур, сен эмнени айтып жатасың? Дагы көп убакыт бар» десе керек эле. Бирок караңыз, көз ачып жумганча баары өтүп кетти, андан бери бир урпак өттү. Ал жерде аларды тасмага тарткан киши да жок эми. Же адамдардын сүйлөшкөн сөздөрү, каткырган күлкүлөрү жаздырылып калган магнитофонго. Эми алардын эч бири жок. Аллах **«Шыбырашкандарын угуп жатасыңбы?»** дейт (Мариям Сүрөсү, 98). Ал тургай, **«Үстүлөрүнөн өтүп жатасың»** дейт.

Бир жаш кызды элестетели, эч жок кезде кичинекей бир спермадан пайда болот, муну ойлонушу керек. Анан чоң бир адамга айланат. Чачын карап бой көтөрөт, көзүн карап бой көтөрөт, колун-бутун карап бой көтөрөт. «Муну ким жаратты?» деп ойлонбойт. Негизи өзүнүн алсыздыгын ойлонушу керек. Терисинин 1 миллиметр асты кыпкызыл кан. Эң сулуу кыздын терисин алып салсаң, бүт адамдар качат. Эч ким карай албай калат, анткени булчуңдары менен майлары көрүнгөндө качаарга тешик таппай калат. Бул жагымсыз көрүнүштү 1 миллиметр, бир канча метр квадраттык тери жаап турат. Дагы бир аз ичине кирсек, канды көрөбүз, анан этти көрөбүз, сөөктү көрөбүз, ичегиси бар, боору бар, көк боору бар. Анда эмнеңе мынча бой көтөрөсүң?

Адамдагы бул бой көтөрүү жана текебердик сезими өзүнчө бир керемет. Акыл менен ойлонгондо, мындай нерсени кыла албашы керек негизи. Күн сайын алсыздыгын көрөт, эрте менен тургандан баштап алсыздыгын, байкуштугун көрөт. Бечаралыгын көрөт. Жуунуп-таранган соң гана сыртка чыга ала турган кейипке келет. Ошого карабастан, укмуш бой көтөрөт. Ушунча алсыздыгына карабастан, ошончо бой көтөрүү жана текебердик сезиминин болушу өзүнчө бир керемет. Ач көздүк кылып, чектен ашышы, ал тургай, ошондой ач көздүк менен адамдарды өлтүргөнгө чейин барышы, уурулук кылышы, киши тоношу, кыйкырып-өкүрүшү, адамдарды алдаганга аракет кылышы, булардын баары керемет. *(Аднан Октардын 2010-жылдын 12-майындагы маегинен үзүндү)*

# Ыймандуу адамдын өлүмү менен ыймансыз адамдын өлүмү бирдей болобу?

Айланаңыздагы бүт адамдар, үй-бүлөңүз, кошуналарыңыз, кесиптештериңиз бир күнү сөзсүз өлөт жана өлгөн кезде өлүм периштелерине жолугат. Алардын кээ бирлери төшөгүндө жатканда, кээ бирлери жолдо баратканда, кээ бирлери сынакка үлгүрүү үчүн класска кирип баратканда, күтүүсүз алдыларынан чыккан өлүм периштелерин көрүшөт. Алар периштелерге жолукканда, айланаларындагы эч бир адам ал периштелерди көрө албайт, өлгөн киши гана бул акыйкатты дапдаана көрөт. Адамдар өлгөн кезде өтө бактаган денелерин бул дүйнөгө калтырып, өздөрүн өлүм периштелерине тапшырышат. Куранда айтылгандай, ыймандуу адам менен ыймансыз адамдын өлүм учуру бири-бирине такыр окшобойт.

Ыймандуу адамдын жаны Аллах милдеттендирген периштелер тарабынан өтө жеңил алынып, өлгөн кишини периштелер бейиш менен сүйүнчүлөшөт. Китеби оң жагынан берилип, Аллахтын алдында турганда көңүлү бейпил болот жана өмүр бою жасаган чын ыкластуу иш-аракеттери менен Аллахты ыраазы кылганын жана бейиш менен сыйланаарын түшүнөт.

**Периштелер жакшы мамиле менен жандарын алышканда: «Салам силерге» дешет. «Кылгандарыңардын сыйлыгы катары бейишке киргиле.» (Нахл Сүрөсү, 32)**

**Ал күнү ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдардын нурларынын алды жана оң тараптарынан чуркап баратканын көрөсүң. «Бүгүн силерге сүйүнчү – ичинде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштер.» «Улуу кутулуу жана бакыт» мына ушул. (Хадид Сүрөсү, 12)**

Ыймансыз адам болсо көңүл ачып жыргап жатканда же көчөдө баратканда же досу менен бир нерсени талашып жатканда же болбосо үйдө уктаганга даярданып жатканда күтүүсүздөн өлүм периштелерине жолугат. Жана ошол замат аны өтө оор бир сурактын күтүп жатканын түшүнөт. Куранда өлүм периштелеринин ыймансыздардын жандарын жондоруна уруп-согуп алаары кабар берилген. Өлгөн киши Аллахтын алдына жападан жалгыз алып келинет. Өмүр бою Аллахтын ыраазылыгынан жүз буруп, шайтанды жана напсисин ээрчигени үчүн, абдан бушайман болот. Ыймансыз адамдын жанын өлүм периштелери өтө коркунучтуу көрүнүштө, бакыртып-өкүртүп, абдан кыйнап алышат.

**Андай болсо, периштелер беттерине жана жондоруна уруп-согуп, жандарын алган кезде кандай болот? (Мухаммед Сүрөсү, 27)**

**Сен бул залимдерди өлүмдүн «күчтүү солкулдактары» учурунда периштелер колдорун созуп аларга: «Жандарыңарды (бул кутулгус колго түшүүдөн) чыгаргыла, бүгүн Аллахка карата жалгандарды айтып, Анын аяттарынан текеберденип (жүз бурганыңар) үчүн, басмырлоочу бир азап менен жазаланасыңар» (деген кезде) бир көрсөң... (Энъам Сүрөсү, 93)**

**Периштелердин алардын жүзүнө жана жондоруна уруп: «Күйгүзүүчү азапты таткыла» деп ал ыймансыздардын жандарын алып жатканын көрүшүң керек. (Энфал Сүрөсү, 50)**

# Бул дүйнөдө миллиарддаган «тирүү өлүктөр» бар экенин билесизби?

Куранда Аллах эки түрдүү адамды сүрөттөйт. Бири – Аллахтын бар экенин байкай алган, ыймандуу, Аллахтын аяттарын көрө алган, акыреттин бар экенин билген жана ошого жараша өмүр сүргөн адам. Бул адамдын аң-сезими толугу менен ачык. Бүт окуяларды Аллахтын башкараарын сезет. Ар бир окуянын ал үчүн бир сыноо экенин жана атайын жаратылганын билет. Эң негизгиси, сырткы ааламдагы дүйнөнүн негизи анын

мээсинде жаратылаарын жана Аллахтын аны дайыма сынап жатканын түшүнөт. Бардык окуялардын Аллах тарабынан пландуу түрдө, белгилүү бир максатты көздөп жаратылаарын билет.

Аң-сезими ачык, ыймандуу бир адам окуялардын артындагы сырларды ошол замат түшүнөт. Мисалы, жумушка баратып жолдо кырсыктан каза болгон бир адамды көргөндө, «бул кишинин тагдырда белгиленген убактысы келип, Аллах анын жанын алган турбайбы» деп ойлонот. Ал кишинин түбөлүк акырет жашоосунун башталганын жана Аллахтын алдында сурак берээрин билет. Ыймандуу адам бүт тараптан Аллахтын аяттарын жана чагылууларын көрөт. Жүрөгү ыйманынан улам жумшак болот. Аллахтын бир аяты эске салынганда, ошол замат ал аяттан таасирденип, кулк-мүнөзүн жакшыртат жана каталарын оңдойт. Бул бизге ал кишинин чындап угуп, сезээрин көрсөтөт. Адам ыйман берилгенде гана көргөн, уккан, сезген бир адамга, б.а. «тирүү өлүктөн» чыныгы маанидеги тирүү бир адамга айланат.

Куранда сүрөттөлгөн дагы бир адам түрү болсо – бул, ыймансыз, Аллахтан кабарсыз, дүйнө үчүн гана жашаган адам. Мындай адам дүйнө жашоосуна жана анын башаламандыгына сүңгүп кирип кетет. Тездик менен акыретке баратканын байкабайт. Чыныгы жашоонун өлгөндөн кийин башталаарын жана анын түбөлүктүү жашоо экенин эч ойлонбойт. Аллахтын аяттарын билбегени үчүн, бул чындыктарды байкай албайт. Аллахтын аны тынымсыз сынап жатканын билбейт. Окуялардын баарын себептерге таяндырат. «Эгер үйдөн бир аз кеч чыкканда, кырсыкка кабылбайт болчу, эгер жай жүргөндө өлмөк эмес» деген сыяктуу эч маанисиз тыянактарды чыгарат. Бүт адамдардын тагдырындагыдай жашаарын жана өмүрүнүн бир секундасын да өзгөртө албашын билбейт. Жолдо кырсык көргөндө, жерде жаткан жансыз денени коркуу менен карайт, кырсыктын эмне себептен болгонун изилдейт, бирок тагдырды жана акыретти эч ойлонбойт. Кыска убакыттан кийин баарын унутуп койот. Дүйнө иштерине берилип, Аллахты бүтүндөй унутат.

Мындай түшүнүктөгү бир адамга Курандын аяттарынан айтсаң, жүрөгүнө эч кандай таасир бербейт, эч укпагандай болуп күнүмдүк жашоосун улантат. Аллахтын бар экенин айтып берип, Ал жараткан кемчиликсиз жандыктарды көрсөтсөң, аларды да кадыресе нерседей көрөт. Таасирленгендей көрүнсө да, негизи ишенбейт. Бул ал адамдын чындап укпай турганын, көрбөй турганын жана сезбей турганын көрсөтөт. Жүрөгүндө бир таасирленүүнүн пайда болбошу, Аллахка ишенбеши жүрөгүнүн да таштай катуу экенин көрсөтөт. Ошентип алдыбызда көрүп, угуп, сезгендей көрүнгөн, бирок негизи укпаган, көрбөгөн жана сезбеген бир адам турган болот. Ал адам канчалык тирүүдөй көрүнгөнү менен, чындыгында толугу менен өлүү болот. Куранда Аллах жер жүзүндө миллиарддаган өлүүлөрдүн бар экенин билдирген.

Дүйнөдөгү руху бар, б.а. ыймандуу адамдар гана чыныгы тирүүлөр болуп саналат. Айланаңыздагы башка көпчүлүк адамдардын болсо чыныгы мааниде руху болбойт. Рухтары болбогону үчүн көрө алышпайт, уга алышпайт жана сезе алышпайт. Сырттан караганда аларды жашап жатышат деп ойлоп жаңылышасыз, анткени ал адамдар чындыгында өлүү. Куранда кабар берилген бул чындыкты ар бир адам билиши керек жана бул жөнүндө ойлонушу зарыл. Бул чындыкты түшүнгөн адам, эгер руху бар болсо, ошол замат туура жолду тапканга аракет кылат. Аллахтын бар экенин сезет жана Курандын аяттары рухуна таасир берип, ыйманга келет. Адам ыйман кылганда гана тирилет, антпесе «тирүү өлүк» бойдон кала берет. Ыймансыз адамдар болсо өлгөндө жан кирип, алдыларында Аллахтын жана түбөлүк жашоонун турганын көрүшөт. Аллах жашап жаткандай көрүнүп, бирок руху жок адамдарды бизге Куранда төмөнкүчө кабар берген:

> **Анткени, чындыгында сен <u>өлүүлөргө (сөз) тыңдата албайсың</u> жана артына бурулуп качкан дүлөйлөргө да чакырыкты угуза албайсың. (Немл Сүрөсү, 80)**
>
> **<u>Тирүүлөр менен өлүүлөр бир эмес.</u> Чындыгында Аллах каалаганына угузат; сен болсо кабырлардагыларга угуза албайсың. (Фатыр Сүрөсү, 22)**
>
> **Чындыктан баш тартуучулардын мисалы кыйкырып-өкүрүүдөн башка эч нерсе укпастан (уккан же кыйкырган нерсесинин маанисин билбеген жана тынымсыз) айкырган (бир айбан) мисалы сыяктуу. <u>Алар – дүлөй, дудук, сокур</u>; ошондуктан акыл жүгүртүп (чындыкка) жете алышпайт. (Бакара Сүрөсү, 171)**

**Чындыгында, силерге Раббиңерден көрөгөчтүктөр келди. Ким көрөгөчтүк менен көрсө өз пайдасына, ким сокур болсо (көргүсү келбесе) өз зыянына... (Энъам Сүрөсү, 104)**

**Жана сага карагандар бар. Бирок сокурларды, анын үстүнө көрөгөчтүгү (парасаты) да болбосо, сен туура жолго салмак белең? (Йунус Сүрөсү, 43)**

**Бул эки топтун мисалы; сокур жана дүлөй менен көргөн жана уккан (адам) сыяктуу. Мисал катары булар бири-бирине теңби? Дагы эле насаат алып, ойлонбойсуңарбы? (Худ Сүрөсү, 21-24)**

**Ким мында (бул дүйнөдө) сокур болсо, ал акыретте да сокур жана жол жагынан көбүрөөк адашкан бир бузуку. (Исра Сүрөсү, 72)**

**Алар Раббилеринин аяттары эске салынганда, дүлөй жана сокур болуп жамынып калышпайт. (Фуркан Сүрөсү, 73)**

**Акыретке ишенбегендер болсо, Биз аларга кылган иштерин коохдоп койгонбуз, ошондуктан алар «сокур болуп адашып жүрүшөт». (Немл Сүрөсү, 4)**

**Андай болсо, дүлөйлөргө сен угузасыңбы же сокур жана апачык адашууда жүргөндү туура жолго (хидаятка) сен саласыңбы? (Зухруф Сүрөсү, 40)**

# *«Ыймандуулардын жана ыймансыздардын бейиш жана тозокко киргизилиши»*

**АДНАН ОКТАР:** ... Ыймандуу адам өлүмдөн соң эч бир тынчсыздандыра турган окуяга туш болбойт. Дайыма көңүлү шат болот. Жаны алынып жатканда да өтө сылык, сүйкүмдүү сөздөр менен алынат. Мактоолор менен, сый-урмат менен, сүйүү менен алынат. Топ болуп келишип, жакшы көрүү менен алып кетишет, эч бир жагымсыз нерсе болбойт. Тозоктун жанына алып барылганда да ошондой болот. Тозоктун талаасына бардык адамдар барат, жандарында айдоочулары менен бирге. Ал жерди билишпегени үчүн, **«алдыларында бир нур бар, жарык кылуучу»** дейт Аллах, «жана оң жактарында да бир нур бар» дейт. Биз чырак сыяктуу бир нерсени элестетебиз, бирок андай эмес. Биз аны акыретте түшүнөбүз, айдоочу дегенде биз машина сыяктуу бир нерсени элестетебиз, бирок андай да эмес, биринчи жолу көрүп, түшүнөбүз. Биз билген нерселер эмес. Талаа дегенде да биз түз бир талааны элестетебиз. Андай да эмес, такыр башка нерсе, ошол жерде түшүнөбүз кандай экенин. Ошондуктан биз азыр болгону ыйман кылабыз. Көргөндө толук түшүнөбүз, анткени алгач ойгонгондо да адамдар түшүнүшпөйт акыретте.

Туруп, **«Бизди жаткан жерибизден ким тургузду?»** деп, таң калышат. Бир уйкудан турдук деп ойлошот, түшүнө алышпайт. Анан белгилүү бир жерден бирөө аларды чакырат, алыс жерден. Ошол тарапты көздөй баары барышат. Ал жерге келгенде гана түшүнүшөт. «Дин күнү ушул турбайбы, өлдүк, тирилдик» дешет, б.а. ошол жерде түшүнүшөт. Бирок ошол жерде да бир тобу түшүнбөйт. Эсим ооп, комада жатып, анан ойгондумбу, анан бир талаага таштап салыштыбы деп ойлошот. Бир жакка таштап салыштыбы деп ойлошот, ошондо да байкашпайт. «Атаганат, бул дин күнү, ушул айтылган турбайбы» дешет. Андан соң окуя башталат.

Ыймандууларды Аллах бөлөт, алар өзүнчө, ыймансыздар өзүнчө болот. Тозоктун эшиги дегенде, оюбузга болот эшиктер келет, бирок андай эмес, аны да адамдар ошол жерде көрүшөт. Мисалы, бейиштин эшиги дегенде да биздин оюбузга кооздолгон бир эшик келет. Бир бакчанын эшигиндей элестетебиз, бирок андай эмес, бүт баарын ошол жерде көрөбүз. Анткени, Аллах «Жапжаңы бир табиятта жараттык.» дейт. Бүт физика мыйзамдары өзгөрөт, химия мыйзамдары өзгөрөт, баары башкача болот. Биз ал чен-өлчөмдү, ал жашоо калыбын биринчи жолу көрөбүз. Ошондуктан канчалык ойлонсок да, биз аны биле албайбыз.

Аятта Аллах «Эч бир көз көргөн эмес, эч бир напси таткан эмес.» дейт. Анда биз кайдан билмек элек? Биз аны биле албайбыз, бирок көргөнүбүздө бат эле көнүп кетебиз. Анткени биздин жаныбызда таанытуучулар болот, биздин жол көрсөтүүчүлөрүбүз болот, эгер бул дүйнөдөн ыймандуу болуп өтсөк иншаАллах. Мусулмандык абдан оңой. Ошондуктан мусулман тозоктон ал жагынан эч коркпошу керек. Биз Аллахтан коркобуз, тозоктон коркобуз, бирок биз бейишти үмүт кылабыз. Аллахка корголонобуз. Тозок коркуусу бизге күч-кубат берет, Аллахка болгон сүйүүбүздү күчөтөт, иншаАллах... *(Урматтуу Аднан Октардын 2010-жылдын 14-майындагы Kocaeli TV каналы менен болгон маегинен үзүндү)*

# *«Ыймандуулардын бейишке кабыл алынган кездеги кубанычы»*

**АДНАН ОКТАР:** Ыймандуулар менен каапырлар, экөө тең тозоктун четине, б.а. тозоктун талаасына алынып келинет. Мусулмандардын алдында жана оң тарабында бир нур болот, бул алардын бейишке кирээрин көрсөтөт. Аятта Аллах **«Абдан үмүт кылышат»** дейт бейишке кирүүнү. Аллах убада кылган. Алдында жана капталында нур бар болсо, бул ыймандуунун белгиси.

Ыймандуулар ал жерден баары чогуу, алдында жана оң тарабында нуру бар ыймандуулардын баары бейишке алып барылат. Ыймансыздар Аллахка баш көтөргөндөр болсо, ошол жерде тизелеген бойдон калышат. Ал жерде бөлүнүү азабын сездирүү жана мусулмандарга болсо кутулуу кубанычын сездирүү үчүн Аллах ушундай бир кооздукту, ушундай жакшылыкты жаратат, мусулмандардын жүрөгүн толкутуу үчүн. Анткени Аллах монотондуулук жаратпайт, тынымсыз кооздуктарды жаратат Аллах, кыймылдуулук, сулуулуктарды жаратат. Ыймандуулар бейиш эшиктеринен кирген соң, бейиштин эшиктери жабылат. Ыймандуулар абдан толкунданып, өтө кубанышат, албетте. Андан соң түбөлүк жашоо башталат жана түбөлүккө бейиштен чыгышпайт. Алхамдулиллах, ал жерде өтө кубануу жана толкундануу менен бул дүйнөдө кылган иштерин бири-бирине айтып беришет... *(Аднан Октардын Tempo TV каналы менен болгон маегинен үзүндү, 2009-ж. 13-январь)*

**АДНАН ОКТАР:** Ыймандуулар ал жерге баратканда үстүлөрүндө кооз бир нурдан кийимдери болот, б.а. жылаңач болушпайт, каапырлар менен жолдон адашкандар болсо бүтүндөй жылаңач, чаң басып, кирдеген жана адамдар жийиркене турган, жагымсыз көрүнүштө тирилтилишет. Ыймандуулар жүздөрүндөгү нурдан таанылат.

Аллах аларды алып бара турган руханий бир жандыктын болоорун билдирген. Жанында айдоочулар менен барышат дейт. Бул ыймандуулар үчүн коопсуздук жана бейпилдик болот. Ыймандуу ансыз да эч бир жерде коркуп, тынчсызданбайт. Чогулуу талаасына келгенде, баары тозоктун талаасына алып барылышат, бүт баары. Ыймандуулар да атайын алып барылат, ал жерден чыкканда бейиштин баркын жакшыраак билишсин деп. Түбөлүккө чейин даамын жана баркын билишсин деп. Ошондой эле, Аллах убада кылган тозоктун кандай экенин көрүү да абдан маанилүү. Анткени, тозок айтылып, бирок адамдар аны көрбөй калышат. Ошондуктан Аллах аларга тозокту көрсөтөт, ыймандуулардын баарына көрсөтөт. *(Аднан Октардын Tempo TV каналы менен болгон маегинен үзүндү, 2009-ж. 24-февраль)*

## *«Аллах бейиште ар түркүн сулуулуктарды жаратат.»*

**АДНАН ОКТАР:** Аллах насип кылса, акыретке барганыбызда, бейишке барганыбызда, жөн гана, кооздук болсун деп гана Аллах сурак кылат. Анткени, Аллах бизди бейиште жаратат, ыймандуу болсок бейиштебиз. Каапырлар болсо ансыз да тозокто, бирок Аллах ал жерди кооздогон, алгач бир талаага келебиз, түз талаага, тозоктун талаасына келип, ал жерден сурак жасалат ыймандууларга. Аллах Таала, мисалы, «бул адамдын абалы кандай?» дейт, Пайгамбарыбыз (сав): «Йа Рабби, мен ага күбөмүн, ал абдан жакшы мүнөздүү бир инсан» дейт. «Мен аны көргөнмүн, менин жанымда жашаган» дейт. Аятта, көңүл бурган болсоңор, **«күбө жана сүйүнчүлөөчү катары»** дейт. Күбө жана сүйүнчүлөөчү. «Мен көрдүм» дейт, «Бул адамга мен түздөн-түз кепилмин, жакшы адам» дейт. Аллах Таала «Мен да билем» деп, бейишине киргизет. Кооздук болсун, толкундануу болсун үчүн.

Ошентип, кубануу жана толкундануу менен бейишке кирет. Мехди (Имам Махди) да ошондой. Мисалы, Мехди айтат. «Йа Рабби, буга күбөмүн, мен муну көрдүм. Бул киши жанымда болчу, бирок бул эки жүздүү жана начар адам эле. Бул уятсыздык кылган болчу. Муну көрдүм, бул болсо Аллахтан корккон жана таза бир инсан эле. Жакшы адам эле, Аллах жолунда кыйынчылыктарга барган адам эле. Бул менин курбум, досум эле» дейт. Аларга бир канча адамга күбө болуу жана алар жөнүндө жакшы сөз айтуу укугун берет Аллах Таала, кооздук болсун деп, бул алардын бейиште жакшы көрүлүшүнө да себепчи болот. Эки жүздүүлөргө болсо анын азабын тартсын деп ушундай кылынат, иншаАллах. *(Урматтуу Аднан Октардын Kanal-35 каналы менен болгон маегинен үзүндү, 2009-ж. 7-март)*

# ДҮЙНӨ ЖАШООСУНУН КООЗДУКТАРЫ

Адамдар бул өмүрдө жетүүгө аракет кылган жалпысынан бир канча максат бар. Байлык, мал-мүлк, атак-даңк, жубай жана балдар көп адамдар үчүн бул дүйнө жашоосунун өзгөрүлбөс кооздуктары болуп саналат. Бүт пландар жана бардык аракеттер ушул нерселерге жетүү үчүн жасалат. Баарынын убактылуу экенин, бул дүйнөдө бүт нерсенин баркынын жоголоорун жана эскирип, жок болоорун билип турушса да, баары бир буларга жабыша беришет. Мал-мүлкүнүн эскирээрин, жерлеринин түшүмдүүлүгүнүн азайаарын, өтө жогору туткан жубайларынын бир күнү улгайып, сулуулугун жоготоорун жана, эң негизгиси, ар бир адамдын колундагылардын баарын бир күнү бул дүйнөгө калтырып кетүүгө мажбур болоорун билип туруп, баары бир буларга бериле беришет.

Мындай адамдар өлгөн соң, бүт өмүрүн жалаң гана бир нерселерге «жетүү» үчүн коротконун, бул дүйнөнүн жагымдуу жана сыйкырлоочу кооздуктарына алданышканын жана убактылуу нерселердин баарына ашыкча маани беришкенин түшүнүшөт. Жана бул дүйнөдө «менин менчигим» деп ойлогон нерселердин баарынын чыныгы кожоюну болгон Аллахка гана ибадат кылуу керек экенин көрүшөт.

Бул дүйнөгө «берилүү» Куранда төмөнкүчө кабар берилген:

> **Аялдарга, балдарга, сандык сандык жыйылган алтын жана күмүшкө, күлүк көркөм аттарга, айбанаттарга жана түшүмдөргө болгон бекем (күчтүү) арзуу адамдарга «кооз жана өзүнө тартуучу» көрсөтүлдү. Булар – дүйнө жашоосунун жалган кооздуктары. Чыныгы барыла турган сонун жер – Аллахтын кабатындагы (мекен). (Али Имран Сүрөсү, 14)**

Байлык, жубайлар, балдар, соода сыяктуу бул дүйнөгө тиешелүү баалуулуктардын баары Аллахты жана акыретти унутуп, бир гана ушулар үчүн жашаган адамдарды катуу сүйдүрүп, алаксытат. Бирок Аллахтын кудурети менен улуулугун жакшылап түшүнүшсө, анда бул дүйнөдөгү бүт нерселердин сыноо үчүн гана жаратылганын байкай алышат. Жана бул жакшылыктарды берген Аллахка ибадат кылуу жана шүгүр кылуу керек экенин да түшүнүшөт. Бирок, анык далил менен ишенбеген адамдар бул дүйнөгө ач көздүк менен берилгени үчүн акылдары тосулуп калат да, бул дүйнөгө жана андагы баалуулуктарга ашыкча маани беришет жана алардын кемчиликтерин унутуп калышат.

Аллах акыретте мындан алда канча жакшысын берээрин убада кылып, ага жетүү үчүн бир гана Өзүнө чын жүрөктөн ибадат кылуу жана бир гана Анын ыраазылыгына жетүүгө аракет кылуу керек экенин буйруганына карабастан, кээ бир адамдардын мындан жүз буруп, бул дүйнө жашоосуна ыраазы болушу таң калтырбай койбойт. Анткени, бир адам толугу менен ыймансыз, атеист болсо жана өлгөндөн кийин тирилүүгө 50% «ыктымалдык» берсе, ушул деле аны акылдуураак болууга мажбурлашы керек эле.

Ыймандуулар болсо мунун бир «ыктымалдык» эмес, анык чындык экенин билишет. Ошондуктан бүт өмүрлөрүн тозок ыктымалдыгынан алыстап, бейишке жетүүгө аракет кылуу менен өткөрүшөт. Анткени, бул дүйнөдөгү кызыкчылык жана жыргалчылыктары үчүн жан талашкан кишилердин акыретте кандай абалга түшүп, канчалык бушайман болоорун жакшы билишет. Бул дүйнөдө топтогон мал-мүлктөрү, мисалы, жыйнаган алтындары, банктардагы акчалары, үйлөрү, жерлери, машиналары акыретте аны куткара албайт, абдан ишенген үй-бүлөсү менен жакын достору аны ал жерде коргой албайт, ал тургай, андан жүз буруп кетишет. Бирок, ошого карабастан, адамдардын көпчүлүгү туура жолду көрбөстөн, бул дүйнөгө берилип кетип, акыретти унутуп калышууда. Бул чындык Куранда төмөнкүчө кабар берилген:

**(Мал-мүлк жана байлыктын) Көптүгү менен мактануу силерди «эңсетип алаксытып, башыңарды айлантты». «Ошентип (бул) мазарга барышыңарга (өлүмүңөргө) чейин уланды.» (Текасүр Сүрөсү, 1-2)**

Бул дүйнөнүн «кооз жана жагымдуу кылынышы», албетте, сыноонун бир сыры. Аллах бул дүйнөдө адамдарга тартуулаган бүт мүмкүнчүлүктөрдү абдан кооз жана жагымдуу кылып жараткан. Бирок, ошол эле учурда, адамдар салыштыра алышы үчүн, бул мүмкүнчүлүктөр абдан алсыз, убактылуу жана кыска кылып жаратылган. Мунун сыры мына ушул жерде жашырылган. Дүйнө жашоосу чындап эле Аллахтын кудуретине ылайык өтө кооз, түркүн түстүү жана абдан көркөмдүү. Бул дүйнөдө жашоо, андан ырахат алуу, албетте, Аллахтын бир сый-жакшылыгы жана муну Аллахтан тилөө керек. Бирок эч качан Аллахтын ыраазылыгынан жана акыреттен маанилүүрөөк эмес. Ошондуктан адамдар бул сый-жакшылыктарды пайдаланып жатканда эч качан чыныгы максатын унутпашы зарыл. Аллах Куранда адамдарды мындай деп эскерткен:

**Силерге берилген бардык нерселер – жалаң гана дүйнө жашоосунун алдамчы кооздугу. Аллах Кабатында болгондор – жакшыраак жана түгөнгүс. Дагы эле акылыңарга келбейсиңерби? (Касас Сүрөсү, 60)**

Кээ бир адамдар бул дүйнөгө берилип, акыретти унутуп калышат, бирок алар ойлонбогон дагы бир маанилүү чындык бар. Алар жакшы көргөн баалуулуктар, жетүүгө аракет кылган «кооздуктар» бул дүйнөдө да аларды чындап бактылуу кылбайт. Мунун эң негизги себептеринин бири – адамдын эч түгөнбөгөн ач көздүгү жана улам көбүрөөгүн эңсей берген напсиси. Ошондуктан адамдар жакшы көргөн нерселеринин «эң бийигине, эң жакшысына» бул дүйнөнүн шарттарында жете алышпайт. Кандай гана нерсеге жетпесин, сөзсүз андан да жогоруураагы, андан да жакшыраагы жана андан да коозураагы болот. Ошондуктан бул дүйнө адамдын руху чындап бейпилдикке жетип, чындап канааттана турган бир жер эмес. Чыныгы бакыт жана чыныгы бейпилдик ыймандуулар түбөлүк жашай турган акыретте, бейиште болот.

# Чыныгы байлык бул дүйнөдөбү?

Кээ бир адамдар «эгер жакшылап аракет кылсам, бул дүйнөдөгү жашоом чындап көңүлүмдөгүдөй кемчиликсиз болот» деп ойлошот. «Ал үчүн бай болушум керек» деп эсептейт. Ошондо бактылуу үй-бүлө курам, адамдардын алдында кадыр-барктуу болом, бейпил өмүр сүрөм деп ойлойт. Анткен менен, бүт өмүрүн ушуларга жетүүгө жана аларды колдон чыгарбоого арнаган адамдар негизи өтө чоң жаңылыштык кетиришет. Анткени, бүт өмүрүн бир гана бул дүйнөдөгү бейпилдиктерин ойлонуу менен өткөрүп, чыныгы жана түбөлүк жашоонун акыретте экендигин толугу менен унутуп коюшат. Эң негизги милдетинин Аллахка ибадат кылуу экенин унутуп, бул дүйнөгө алданышат жана колдорундагы бүт байлыкты жаратып, аларга тартуулаган Аллахка шүгүр кылуунун ордуна, Аллахты унутуп, адамдардын ыраазылыгына жетүү үчүн жан талаша беришет.

Бирок, Аллах Куранда бул дүйнөдөгү баалуулуктардын убактылуулугун, барксыздыгын жана алдамчы кооздугун адамдарга кабар берген:

**Билип койгула, дүйнө жашоосу жалаң гана бир оюн, «жагымдуу бир алаксуу», бир кооздук, өз араңарда бир мактануу, мал-мүлк жана бала-чаканы «көбөйтүү каалоосу» гана. Бир жамгыр мисалындай. Ал (жамгыр) өстүргөн эгин (аны) эккендердин көңүлүнө жагат, анан (ал) куурайт. Бир карасаң, сапсары болгон болот, кийинчерээк болсо ыпыр-сыпырга айланат. Акыретте болсо оор азап; (же) Аллахтан бир кечирим жана бир ыраазылык бар. Дүйнө жашоосу – алдамчы бир кооздук гана. (Хадид Сүрөсү, 20)**

Көп адамдардын жаңылыштыгы, алар акыретти алыс көрүшөт же такыр ишенишпейт, ошондуктан бул дүйнөнү акыреттен жогору көрүшөт. Алар колдорундагы байлыкты эч жоголбойт деп ойлошот. Ошондуктан бой көтөрүп, караңгылык менен Раббибизден жана Анын убадаларынан жүз бурушат. Мындай адамдарды жана алардын акыбетин Аллах Куранда төмөнкүдөй сүрөттөгөн:

**Бизге жолугууну үмүт кылбагандар (күтпөгөндөр), дүйнө жашоосуна ыраазы болгондор жана аны менен канааттангандар жана Биздин аяттарыбыздан кабарсыз болгондор; мына ошолордун чогулкандары үчүн жашай турган жерлери от (тозок). (Йунус Сүрөсү, 7-8)**

Мындай маанайдын мисалдары тарыхта көп кездешет. Тарыхта падышалардын, өкүмдарлардын, фараондордун көпчүлүгү «чогулткан байлыгым мени өлүмсүз кылат» деп ойлошкон жана, ал тургай, мал-мүлктөрүнүн бир бөлүгүн өздөрү менен бирге көмдүрүшкөн. Байлыктан жогору эч бир баалуулук жок деген түшүнүктө болушкан. Аларды көргөн башка адамдар да «ушул туура жол» деп ойлошуп, бул адамдарды «ооматтуу кишилер» катары көрүшкөн. Бирок, бул дүйнөдө жыргап жашап жаткандай көрүнгөндөрдүн акыбети эч алар ойлогондой болгон эмес. Аллах Куранда бул адамдар жөнүндө мындай дейт:

**Биз алардын мал-дүйнөсүн, бала-чакасын көбөйтүп коюшубузду аларга жакшылыктарды (же жардамыбызды) тездетишибиз деп ойлошобу? Жок, алар сезбей жатышат. (Мүминун Сүрөсү, 55-56)**

**Демек алардын мал-мүлктөрү менен балдары сени суктантпасын; Аллах булар аркылуу аларды дүйнө жашоосунда азаптоону жана жандарынын каапырлык ичинде кыйынчылык менен чыгышын гана каалайт. (Тообо Сүрөсү, 55)**

Бирок бул адамдар эч унутпаш керек болгон бир нерсени унутуп коюшат: бүт байлыктын жана «өтө баалаган» нерселеринин баарынын кожоюну – бир гана Аллах. Мүлктүн чыныгы кожоюну Аллах мүлкүнөн каалаган пендесине каалаган өлчөмдө бир үлүш берет. Жана ал үчүн адамдардан Өзүнө шүгүр кылышын жана чын ыкластан ибадат кылышын талап кылат. Аллах бирөөгө байлык берсе, аны Аллахтан башка эч ким азайта албайт жана бирөөнүн байлыгын алып койсо, ага да эч ким жардам бере албайт. Булардын баары Аллахтан бир сыноо катары келет. Акылы жана аң-сезими ачык адам муну билет. Жараткан Аллахты жана Ага сурак берээрин унуткан киши болсо бул чындыктарды билбейт:

**Аллах каалаганына ырыскыны кеңейтип-жайат жана кысат дагы. Алар болсо дүйнө жашоосуна сүйүнүштү. Чындыгында болсо дүйнө жашоосу акыретте(ги чексиз бакыттын жанында убактылуу) бир пайдалануу гана. (Рад Сүрөсү, 26)**

# Бул дүйнөдөгү байлык менен кадыр-барк чындап маанилүүбү?

Көп адамдар бул дүйнөдө кемчиликсиз жашоого жетип, укмуш сонун өмүр сүрө алам деп ойлойт. Алардын ою боюнча, кыялындагы байлыкка жеткен соң бактылуу болуп, эңсеген кадыр-баркка жетет жана өмүрүнүн аягына чейин бактылуу болот. Анткен менен, Аллахты жана акыретти унуткан адам эч качан көңүлүндөгүдөй жашоого жете албайт. Анткени, эңсеген бир нерсесине жеткенде андан да жакшыраагын жана андан да көбүрөөгүн каалап жатканын түшүнөт. Акчалуу болот, бирок ал аз сезилет да, көбүрөөк акча табууга аракет кылат. Үйлүү болот, бирок жактырбайт; сөзсүз бир үйдү андан да көбүрөөк жактырып, ошону алууга аракеттенет. Жыл сайын табити өзгөрүп турганы үчүн, үйүнүн ичин да, кийимдерин да жактырбай, улам жагымдуураак эмеректерди жана коозураак кийимдерди кыялдана берет. Мүдессир сүрөсүнүн аяттарында кээ бир адамдардагы бул маанай эң таамай сүрөттөлгөн:

**Аны жалгыз кылып жаратканымды Мага кой. Мен ага «ушунчалык көп мал-мүлк» бердим. Көз алдында даяр балдар. Жана сансыз мүмкүнчүлүктөрдү алдына койдум. (Ал болсо) мындан да көбөйтүшүмдү каалап, ач көздүк кылат. (Мүдессир Сүрөсү, 11-15)**

Аң-сезимдүү бир адам бул нерсени түшүнүшү керек: эң көп үйү бар, эң кымбат машиналарды сатып алган, эң көп кийими бар, кыскасы, эң бай адамдын деле жашай турган үйү, мине турган машинасы, жей турган тамагы, жата турган төшөгү жана кийе турган кийими чектүү болот. Дүйнөнүн эң чоң сарайында жашаган адам бир учурда анын канча бөлмөсүндө жашай алат? Же эң кооз кийимдери бар адам бир жолкуда

ал кийимдеринин канчасын үстү-үстүнө кийе алат? Мындай адамдардын жашоолорун караганыбызда, алардын, ондогон бөлмөдөн турган хан сарайлары болсо дагы, бүт бөлмөлөрүн бир учурда пайдалана албаганы үчүн, үйүнүн ашып барса, бир бөлмөсүндө жашап жаткандыгын көрөбүз. Шкафтар толо кийимдери болсо да, бир кийимин гана кийе алышат. Аллах жараткан миндеген түрдүү тамактары болсо да, көп болсо 2-3 чыны тамак жей алышат; андан да көбүрөөк жегенге аракет кылса, бул алар үчүн бир азапка айланат.

Мындай мисалдар абдан көп. Бирок, эң негизгиси, адамдын колундагы мал-мүлкүн «жыргап колдоно турган» өмүрү да чектүү. Ар бир адам күн сайын өлүмгө жакындап отурат. Бирок кээ бир адамдар өмүр бою бул чындыкты байкабайт жана Куранда айтылгандай, **«чындап байлыгым мени түбөлүктүү кылат»** (Хумаза Сүрөсү, 3) деп ойлошот. Бул туура эмес ишеним аларга абдан бекем орноп калгандыктан, акыретте Аллахтын алдында азапты көргөндө да, колдорундагыларды садака берүү аркылуу кутулуп кетүүнү көздөшөт, бирок, албетте, эми кеч калышкан болот жана алардан эч нерсе кабыл кылынбайт:

> **Алар бири-бирине көрсөтүлүшөт. Бир кылмышкер-күнөөкөр ал күндүн азабынан кутулуу үчүн балдарын садака чапкысы келет; өз жубайын жана бир тууганын, жана аны баккан тууган-уругун да; жер бетиндегилердин баарын (берип), кутулгусу келет. Жок; (эч бири кабыл алынбайт). Чындыгында ал (тозок) алоолонуп күйүп жаткан от. (Meариж Сүрөсү, 11-15)**

Ал эми, Аллахтын бүт байлыктын кожоюну экендигин жана бул дүйнөдөгү байлык менен кадыр-барктын бул дүйнөдө калаарын билген адамдар болсо эч качан дүнүйөнүн артынан чуркашпайт. Алар байлыгына көбүшпөйт, бүт нерсенин кожоюну болгон Раббибиз Аллахты унутушпайт, берилген бүт сый-жакшылыктарга шүгүр кылып, иштешет. Аллах бул дүйнөдөгү баалуулуктарга ач көздүк менен берилбеген мындай адамдарга кадыр-барктуу жана бейпил бир жашоону убада кылган. Аллахты жакшылап таанып, урматтаган жана Ага ишенген адамдар бул дүйнөнүн убактылуулугун, байлык менен бийликтин кыска убакытка гана созулаарын, акыреттеги түбөлүк жашоонун алдында бул дүйнөнүн баркынын өтө төмөн экендигин жакшы билишет. Мындай түшүнүктөгү бир адам бай болгондо, аны адилетсиздик кылуу жана адамдарды эзүү үчүн колдонбойт. Байлыктан улам бул дүйнөгө берилип кетпейт, тескерисинче, Аллахка жакындап, көбүрөөк шүгүр кылат. Эч кимдин акысын жебейт, Аллах берген мал-мүлк менен дайыма жакшы иштерди жасаганга аракет кылат.

Кадыр-барктын жана чыныгы мактоонун Аллахтын алдында экенин билет, ошондуктан бул дүйнөдө байлыктын артынан чуркабастан, аны акыретте чыныгы байлыкка жеткире турган бийик адеп-ахлакка жетүүнү көздөйт жана кулк-мүнөзүн ондойт. Мында Аз. Сулайман (ас)дын мамилеси бизге эң мыкты үлгү боло алат. Өтө чоң байлыкка жана мал-мүлккө ээ болгон Аз. Сулайман (ас) бул байлыкты кандай максатта сураганын **«... чындап мен мал-мүлккө болгон сүйүүнү Раббимди зикир кылуу үчүн тандадым.»** (Сад Сүрөсү, 32) деп таамай сүрөттөгөн.

Туура эмес түшүнүктөгү адамдар болсо бул дүйнөдө чогулткан байлыгынын эч бир маанисиз экенин, мунун аларга өтө аз пайда алып келээрин жана, эң негизгиси, бул байлыкты ашып барса 60-70 жыл гана колдоно алаарын ойлонушпайт. Колундагы мал-мүлкүн, балдарын, үйлөрүн, машиналарын, бүт байлыгын бир күнү бул дүйнөгө калтырып, жалгыз мүрзөгө көмүлөөрүн унутуп, эч тойбостон, эч качан жете албай турган байлыктарды эңсөө менен өмүрлөрүн өткөрүшөт.

Бирок, Жараткан Аллахты унутуп, байлыгына ишенген адам бул дүйнөдө да, акыретте да азапка дуушар болот:

> **Албетте, ыймансыздар, алардын байлыктары да, балдары да аларга Аллахтан (келе турган азапка карата) эч бир пайда алып келбейт. Жана алар оттун (тозоктун) отундары. (Али Имран Сүрөсү, 10)**

«Байлык жыйып чогулткан жана аны кайра кайра санаган» адамдар жөнүндө Куранда мындай деп айтылат:

> **Ал байлык жыйып чогултат жана аны кайра кайра санайт. Чындап байлыгым мени түбөлүктүү кылат деп ойлойт. Жок; ант болсун ал «хутамага» ташталат. «Хутаманын» эмнелигин сага эмне**

**кабар берет? Аллахтын тутантылган оту. Ал жүрөктөрдүн үстүнө көтөрүлүп чыгат. Ал алардын үстүнө жабышат; (өздөрү болсо) жерге сайылып-көтөрүлгөн устундарда (байланышат).» (Хумаза Сүрөсү, 2-9)**

Чыныгы байлык болсо Аллахка ыйман кылган жана бул дүйнөнүн убактылуу коолдуктарына ашыкча маани бербеген, бүт нерсенин бир гана Аллахтан келээрин билген ыймандууларга тиешелүү. Кыпкыска дүйнө жашоосунун ордуна, Аллах түбөлүккө созулаарын билдирген акырет жашоосун тандаган ыймандуулар чыныгы байлар болушат. Ыймандуулар дүйнө жашоосун берип, акыретти сатып алганы үчүн ансыз да эң пайдалуу соода кылып, убактылуу эмес, түбөлүктүү байлыкты тандашкан. Куранда бул акыйкат төмөнкүдөй баяндалган:

**Эч күмөнсүз, Аллах ыймандуулардан жандарын жана мал-мүлктөрүн акысына аларга бейишти берүү үчүн сатып алган. Алар Аллах жолунда согушушат, өлтүрүшөт жана өлтүрүлүшөт; бул Тооротто, Инжилде жана Куранда Анын үстүндөгү чыныгы убада. Аллахтан да убадасына бекемирээк ким бар? Демек кылган бул соодаңардан улам сүйүнүп-сүйүнчүлөшкүлө. Улуу «кутулуу жана бакыт» мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 111)**

Бул чындыктарды унутуп, бул дүйнөгө берилгендер болсо акыретте жолукканда кимдин утуштуу чыгаарын эң жакшы түшүнүшөт.

# Турмуш куруу

Бул дүйнө жашоосуна адамды байлаган эң негизги нерселердин бири – бул, үй-бүлө. Жакшы турмуш куруу бир жаш кыздын же жаш жигиттин эң негизги максаттарынын бири. Ошондуктан көп адамдар жаш кезинен баштап «жакшы жубай» табууну максат кылат. Бул, албетте, табигый, жакшы көрүнүш, бирок караңгы коомдордо кыз-эркек мамилелери өтө туура эмес пайдубалдын үстүнө курулган. Кыз-эркек мамилелери негизинен романтикага, сезимталдыкка жана эки тараптуу бир катар кызыкчылыктарга таянат. Өзгөчө кыздар көбүнчө ага бейпил жашоо тартуулай турган «бай күйөө» табууну көздөшөт. Мындан улам кээде эч жактырбаган бир эркек менен да турмуш кура беришет. Же бир жигит бир кызды сырткы сулуулугу үчүн гана тандашы мүмкүн.

Бирок, мындай караңгы коомдогу адамдар өтө маанилүү бир чындыкты унутуп коюшат: бул сыяктуу материалдык нерселердин баары бир заматта жок болуп кетиши ыктымал; Аллах каалаган кезде бир адамдын бүт байлыгын колунан алып коюшу мүмкүн. Жүзүнүн же денесинин сулуулугу сыяктуу өзгөчөлүктөрдүн баары кыска убакыт ичинде бузулуп, жок болот. Үйлөнгөн жубайы сөзсүз бир күнү улгайып, ден-соолугунан, күч-кубатынан жана сулуулугунан ажырайт. Негизи сөзсүз улгайышы да кажет эмес. Ал адам күтүүсүз бир кырсыкка кабылышы, майып же шал (паралич) болуп калышы, же болбосо айыкпас бир ооруга чалдыгышы мүмкүн. Мындайда материалдык кызыкчылыктарга таянган бул система эмне болот? Мисалы, бир кызга жүзүнүн сулуулугу үчүн үйлөнгөн бир жигит, жубайы бир кырсыкта бул сулуулугунан ажырап калса же улгайып жүзүн тырыш басса, эмне кылат? Албетте, жашоосунун эң негизги максаттарынын бири катары көргөн үй-бүлөсүн такыр туура эмес бир пайдубалга таяндырып курганын түшүнөт.

Үй-бүлө бир гана Аллахтын ыраазылыгы үчүн, Анын өкүмдөрүнүн негизинде курулганда гана туура пайдубалга таяндырылган болот. Антпесе, адам бул дүйнөдө да, акыретте да бактылуу боло албайт. Адам бүт өмүрүн арнап, бүт пландарын ошого карап түзгөн бул системанын канчалык бош жана убактылуу экенин акыретте толук түшүнөт. Бирок, албетте, муну өтө кеч түшүнгөн болот. Бул дүйнөдө өзүнүн эң жакын досу катары көргөн жубайын акыретте көргүсү да келбей калат, ал тургай, азаптан кутулуу үчүн садага чапкысы келет. Мындай адамдардын сурак күнүндөгү абалын Аллах төмөнкүчө кабар берет:

**Алар бири-бирине көрсөтүлүшөт. Бир кылмышкер-күнөөкөр ал күндүн азабынан кутулуу үчүн балдарын садага чапкысы келет; өз жубайын жана бир тууганын, жана аны баккан тууган-уругун да. (Meариж Сүрөсү, 11-13)**

Аяттардан көрүнүп тургандай, сурак күнү ыймансыздар үчүн бул дүйнөдөгү жубайынын, досунун, бир тууганынын эч бир баркы калбайт. Ал тургай, алар бири-бирин садага катары бергиси келип, бул дүйнө жашоосунда бири-бирин жамандыктардан тоспой, тозокко чакырганы үчүн, бири-бирине наалат айтышат. Убактылуу дүйнө жашоосунда Аллахтын ыраазылыгынан башка критерийлерге карап жубай же жоро-жолдош күткөн адамдар акыретте өздөрүнө чоң зыян алып келишет. Куранда буга дагы бир мисал катары тозокко жубайы менен бирге ташталган Абу Лахаб жөнүндө айтылат:

**Абу Лахабдын эки колу куурап калсын; куурап да калды. Мал-мүлкү жана тапкандары ага пайда берген жок. Алоолонгон бир отко кирет. Отун көтөргөн жана мойнуна чыйратылган бир жип (байланган) абалда жубайы дагы (тозокко кирет). (Масад Сүрөсү, 1-5)**

Аллах ыраазы болоорун билдирген сүйүү жана биргелик болсо такыр башка критерийлерди негиз тутат. Мындай үй-бүлө курууда байлык, атак-даңк жана сулуулук негизги фактор болбойт. Бул дүйнөнүн убактылуу бир мекен экенин билген, чын ыкластуу ыймандуулар үчүн чыныгы критерий – бул, такыбаалык. Бир адамдын Аллахка болгон жакындыгы, сүйүүсү, коркуусу, б.а. такыбаалыгы канчалык жогору болсо, ал адамга болгон сүйүү да ошончолук жогору болот. Ошондой эле, Аллахтын ыраазылыгын көздөп үйлөнгөн адамдын көңүлү өтө бейпил жана ишенимдүү болот. Аллах Куранда мындай үй-бүлө жөнүндө төмөнкүчө билдирген:

**Жана Анын белгилеринен – алар менен тынчтанууңар үчүн силерге өзүңөрдөн болгон жубайларды жаратып бергени жана араңарга сүйүү, ырайым салып койгону. Чындыгында бул нерселерде ой жүгүрткөн адамдар үчүн аят-белгилер бар. (Рум Сүрөсү, 21)**

Мындан тышкары, бул дүйнөдө бири-бирин такыбаалыгы үчүн жакшы көргөн ыймандуулар акыретте да утуштуу болушат. Өмүр бою бири-бирин жакшылыктарга жана сооптуу иштерге үндөп, бейишке багыттаганы үчүн, акыретте да бири-бирине эң жакын дос болушат. Аллах ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдардын бул мүнөзүн төмөнкүчө кабар берген:

**Ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдар бири-биринин досу. Жакшылыктарга үндөп, жамандыктардан кайтарышат, намазды туптуура кылышат, зекетти беришет жана Аллахка жана Анын Элчисине моюн сунушат. Аллах мына ушуларга ырайым кылат. Күмөнсүз, Аллах улуу жана кудуреттүү, даанышман жана өкүмдар. (Тообо Сүрөсү, 71)**

# *«Кээ бир адамдардын турмуш куруудa акчаны негиз тутушу өтө уят көрүнүш.»*

**АДНАН ОКТАР:** ... Аялдардын кээ бирлери, албетте, баары эмес, кимде акча бар болсо, ошол кишини өз ойунда «эң такыбаа киши» деп кабыл алат. «Дүйнөдөгү эң жакшы адам ошол» дейт. Динчилдигине карабайт. Абдан жасалма, абдан жагымсыз бир логика...

Кимди тандаарын эч чече албай кыйналышат, анткени улам байыраагы чыга берет. «Мунун машинасы да, үйү да бар, акчасы да көбүрөөк. Ушуга берсекпи? Дагы бир аз ойлонолу, бир карап көрөлү, эч чече албай жатабыз» дешет.

Ал кишинин денеси менен үйлөнөсүңбү же руху мененби? Руху менен үйлөнөсүң жана руху менен түбөлүк бирге болосуң, демек жаштын мааниси жок. Бирок кээ бирлер үчүн андай эмес. Эгер өзүн, үй-бүлөсүн бактырам деп ойлоп жатса, оорулууну карай турган, акча баскан же тамак ташып бага турган бирөөнү издеп жаткан болсо, үй-бүлө кура турган адамдын жаш болушун каалайт.

Же өлүү ыктымалдыгы бар, бай киши болсо, анда эч качан жаш болушун каалашпайт. Мындай түшүнүктөгү адамдардын оюу боюнча, канчалык улгайган болсо, ошончолук жакшы. Канчалык оорулуу болсо, ошончолук жакшы деп ойлошот өз ойлорунда. «Улгайганы эч нерсе эмес, мен рухуна караймын» дешет. Мурдакы көз-караштары күтүүсүздөн өзгөрүп кетет. Үйлөнүшкөн соң чындап эле эки-үч жылдан кийин ал киши өлөт, картаң, оорулуу болгону үчүн. Ошол замат мураскорлук документтери тууралaнат, ансыз да баары ошого жараша пландалган болот.

Бул үрөй учурарлык система, бул үрөй учурарлык критерий эл арасында таш боор жырткычтай кыдырып жүрөт. Көп адамдар бул системаны жаап-жашырып, билмексен болуп иштетип жатышат. Эң жек көргөн адамдары менен, эң жаман шарттарда анын азабын тартып өмүр сүрүп жатышат. Бир гана акчасы жана жеке кызыкчылыктары үчүн, жаман көргөн адамы менен жасалма сүйүп жашап жатышат.

Жүрөгүнөн аны менен ажырашкан, бирок тили менен ажыраша албайт, кызыкчылыктарынан улам. Антип алдабай, чынчыл болуш керек. Анткени үй-бүлө Аллахты сүйүү үчүн курулат. Аллахтын чагылуусун көрүү үчүн үйлөнүү керек. *(Урматтуу Аднан Октардын 2010-жылдын 22-августундагы HarunYahya.TV менен болгон маегинен үзүндү)*

# *«Аллах үчүн жашаган адамга Аллах жакшы бир үй-бүлө тартуулайт.»*

**АДНАН ОКТАР:** «Устат, мен отуз жаштамын, ушул кезге чейин эч үйлөнгөн жокмун» дейт Абдуллах. Алгач өзүңдү өстүр. Куранды башынан аягына чейин оку, кулк-мүнөзүңдү сулуула, дүйнө-таанымыңды кеңейт, Аллахка өзүңдү арна. Дажжал системасына каршы күрөш жүргүз. **«Жашоонун бүт тараптарынан өзүңдү тартып»** дейт тууралы Аллах пайгамбарга, «күнү-түнү Аллах үчүн чарча» дейт. Биз пайгамбарды үлгү алышыбыз керек. Өмүрүңдү Аллахка арна, «мужахид» бол, күнүң «жехд» (аракет кылуу) менен өтсүн, дем алаарга убактың болбосун. Ал ортодо Аллах сага каалаcа мал-мүлк да берет, мүмкүнчүлүк да берет, акча да берет, үйлөнө турган болсоң жубай да берет. Бирок сен булардын баарын таштап, «мен үйлөнөм» десең, анда, негизи үйлөнө албайсың Аллах насип кылбайт. Бирок үйлөндүң деп элестетели, Аллах сага бир өлүүнү насип кылат, өлүк менен үйлөнөсүң, бирок билбейсиң анын андайлыгын, зомби сыяктуу бир аялга үйлөндүрөт, анан

азапка каласың. Сени азаптайт, психологияң бузулат, күчүңдөн ажырайсың. Аны жек көрүп каласың, анткени Аллахты эч барктабаган болосуң, ошондуктан Аллах да сени барктабайт.

Сен Аллахты унутсаң, Аллах да сени унутат. Себеби, адамдар – бул, Аллахтын чагылуулары, сен алгач Аллахты сүйүшүң керек. Аллах үчүн жашап, Аллахка өзүңдү арнашың керек, Аз. Мариям сыяктуу, Аз. Иса Масих сыяктуу... Алар үй-бүлө курууну билишпейт беле? Алардын акылы жок беле? Эң акылман болчу алар. Аз. Мариям үй-бүлөсү менен өзүнүн ортосуна бир парда тартып, өзүн Аллахка арнады. Өзүн Аллахка тапшырды, эч турмуш курбастан, Аллах Таала ага Аз. Иса Масихти, улуу бир пайгамбарды насип кылды жана өмүрү эң сонун өттү энебиздин.

Аз. Иса Масих эч үйлөнгөн жок, үйлөнгөндү билбейт беле? Аллахка өзүн арнады. Аллах Тааланын жанында азыр, периштелер менен, дагы эле ибадат кылып жатат, дагы эле үйлөнгөн эмес. Кара, бул аят Аз. Иса үчүн гана түшүрүлгөн. Аллахтын Кабатында периштелер менен ибадат кылган жалгыз пайгамбар. Бүт пайгамбарларды өзүнчө, Аз. Иса Масихти өзүнчө койгон Аллах. **«Масих жана жакындатылган периштелер Аллахка кул болуудан эч өздөрүн токтотушпайт»** дейт. Өлгөн адам ибадат кылбайт, тирүүлөр гана ибадат кылат. Периштелер тирүү, Аз. Иса Масих да тирүү. Куран аятында айтылган. Тирүү болгону үчүн ибадатын улантууда. Кайрадан бул дүйнөгө келет... *(Аднан Октардын 2012-жылдын 6-майындагы A9 TV каналындагы маегинен үзүндү)*

# Балдар

Адамдын напсиси чексиз мал-мүлк жана байлыктан тышкары, ал өлгөндө урпагын уланта турган балдарды да каалайт. Бирок Куранда бул каалоонун Аллахтын ыраазылыгын көздөбөсө, адамга Аллахты эстөөнү унуттураары жана, эң негизгиси, Ага шерик кошууга чейин алып бараары кабар берилген. Адам Аллах ага тартуу кылган балдары менен да сыналат жана Аллах ыраазы боло тургандай мамиле кылып-кылбашы байкоого алынат. **«Мал-мүлктөрүңөр жана балдарыңар силер үчүн болгону бир фитна (сыноо) гана. Аллах болсо, улуу (эң сонун) сыйлык Анын Кабатында»** (Тегабүн Сүрөсү, 15) деп аятта бул таамай айтылган.

Аятта мал-мүлк жана балдардын «фитна», б.а. «сыноо» деп айтылышынын терең мааниси бар. Балдар бул дүйнөнүн кооздугу, бирок кээ бир адамдар «балалуу болууну» өмүрүнүн эң негизги максаттарынын бири катары көрүшөт. Аллах Куранда балдардын адам үчүн «чоң бир сыноо» экенин кабар берип, Аллахтын ыраазылыгы үчүн гана балалуу болуу керек экенин, антпесе адам үчүн жашыруун бир «ширк» (Аллахка шерик кошуу) ыктымалдыгынын келип чыгаарын билдирген. Аллах тартуу кылган баланы Аллахты унутуп «жашоонун максатына» айланткан жана кээде өзү да байкабастан Ага шерик кошкон үй-бүлөлөр Куранда төмөнкүчө мисал келтирилген:

**Ал силерди бир напсиден (бир инсандан) жаратты жана аны менен тынчтанып, ырахат алсын деп андан жубайын жаратты. Ага (жубайына) жакындык кылганда, жеңил жүктүү болуп аны менен (белгилүү убакыт) жүрдү. Ал эми оорлошкон мезгилде экөө Раббилери Аллахка дуба кылышты: «Эгер бизге салих (чын ыкластуу бир бала) берсең, ант болсун шүгүр кылуучулардан болобуз.» Бирок Ал аларга салих (бир бала) бергенде, берген нерсесинде Ага шериктерди кошуп башташты. Аллах алардын шерик кошкон нерселеринен улуу. Өздөрү жаратылып, эч нерсени жарата албаган нерселерди (Аллахка) шерик кылышабы? (Аьраф Сүрөсү, 189-191)**

Курандагы баяндарды караганыбызда, пайгамбарлардын бала сураганда бир гана Аллахтын ыраазылыгын көздөгөнүн даана байкайбыз. Бул жөнүндө Куранда көптөгөн мисалдар айтылган:

**Имрандын жубайы: «Раббим, курсагымдагыны «ар кандай көз-карандылыктан эркиндикке чыгарылган абалда» Сага арнадым, менден кабыл кыл. Күмөнсүз угуучу, билүүчү бир Өзүңсүң» деген эле. (Али Имран Сүрөсү, 35)**

Аз. Ибрахимдин бала сураган дубасы болсо төмөнкүдөй:

**«Раббибиз, экөөбүздү сага моюн сунуучу (мусулман) кыл жана урпагыбыздан Сага моюн сунуучу (мусулман) бир үммөт (бер). Бизге ибадат ыкмаларын көрсөт жана тообобузду кабыл кыл. Күмөнсүз, Сен тооболорду кабыл кылуучу жана коргоочусуң.» (Бакара Сүрөсү, 128)**

Бул аяттарда мисал келтирилгендей балалуу болуу, албетте, жакшылыктарга себепчи болот. Аллах ыраазы боло турган, Курандын адеп-ахлагын сиңирген бир баланы тарбиялап өстүрүү бир ибадат катары кабыл алынышы мүмкүн. Бирок, адамдын ниети башка болсо, анда бул дүйнөдө да, акыретте да анын акыбети жаман болушу мүмкүн. Эгер баласын Аллах тартуулаган бир аманат катары көрбөй, өзүнө тиешелүү жана айлана-чөйрөсүнө мактана турган бир нерседей көрсө, анда туура жолдон адашкан болот. Бул акыретте азапка себеп болот. Акырет күнү бул дүйнөдө өзүнүн эң чоң колдоочусу катары көргөн баласын унутат; ал тургай, азаптан кутулуу үчүн жубайын, үй-бүлөсүн, бир тууганын садага чапкысы келгендей, баласын да садага чапкысы келет. Ошентип азаптан кутулуп кетем деп ойлойт. Бирок ал күнү азаптан качуунун эч бир мүмкүнчүлүгү жок.

Балалуу болуу кубанычтуу нерсе жана Аллахтын бир белеги, бирок Аллахтын ыраазылыгынан башка максатта төрөлгөн балдар бул дүйнөдө көптөгөн көйгөйлөргө себеп болушат. Наристелер төрөлгөндөн баштап өтө көп кыйынчылыктар менен чоңоюп, адамдардын абдан көп убактысын алат. Көп адамдар «балдарым эртерээк чоңойсо экен» деп жатып, өмүрлөрүнүн канчалык тез өтүп кеткенин байкабай да калышат. Аллахтын

ыраазылыгы үчүн сабыр кылганда, чоң бир ибадатка айлана турган кыйынчылыктар караңгы маданияттагы, б.а. динден кабарсыз адамдар үчүн көбүнчө максатсыз бир азапка айланып калышы мүмкүн.

Караңгы маданиятта эң чоң көңүл калуу балдар чоңойгондо келип чыгат. Аллах буйруган адеп-ахлакка карап тарбияланбаган бала, албетте, караңгы коомдун туура эмес адеп-ахлагын сиңирет. Мындан улам ата-энесине каяша айткан, опаасыз бир адам болуп чоңойот. Ата-эне балдарын келечек кепилдиги катары көрүп, келечекте, картайган кезибизде алар бизди багып карашат деп ойлошот. Бирок тоң моюн, кежир болуп чоңойгон адам көбүнчө мындай нерселерден алыс болот. Өз максаттарына жетүүгө, өз кызыкчылыктарын коргоого аракет кылып, ата-энесинин аны менен байланыштуу пландарын да өз кызыкчылыгына туура келсе гана аткарат. Ал тургай, ата-энесин карылар үйүнө таштап койгон балдар да көп эле кездешет.

Курандын адеп-ахлагы менен тарбияланган бала болсо такыр башкача болот. Анткени, Куранда ата-эненин эмгеги жана аларды кантип урматтоо керек экени айтылган жана улгайган кезде аларды капа кылбагыла деп буйрулган:

> **Раббиң Андан башкага кулчулук кылбагыла жана ата-энеге жакшы мамиле кылгыла деп буйруду. Эгер алардын бири же экөөсү сенин жаныңда картайса, аларга: «Уф» деп да айтпа жана аларга сүйлөнбө; аларга жакшы сөз айт. Аларга боорукердик кылып, кичипейилдик канатыңды жаз жана (мындай деп) айт: «Раббим, алар мени кичинемде кандай тарбиялап чоңойткон болсо, Сен да аларга мээримдүүлүк кыл.» (Исра Сүрөсү, 23-24)**

Аяттардан да көрүнүп тургандай, бир адамды чоңойтуу, ага акыреттеги абалын ойлонуп тарбия берүү өтө улуу бир милдет. Бирок, эгер бала бул дүйнөнү жана анын убактылуу пайдасын көздөгөн пландардын негизинде тарбияланып өстүрүлсө, анда бул, дүнүйөгө багытталган бүт башка иштер сыяктуу, убактылуу, көңүлдү ыраазы кылбаган жана майнапсыз бир ишке айланат. Мындан тышкары, Аллахтын ыраазылыгы үчүн чоңойтулган бала ыймандуу болуп чоңойбосо да, ата-эне эч нерсени жоготпойт. Анткени, бүт адамдардын таянаар досу – Улуу Аллах, жана бир адам балдарына Аны ыраазы кыла тургандай таалим-тарбия бергенде, калганын Аллахка тапшырган болот.

Баласын дүнүйөлүк кызыкчылыктарына карап тарбиялап чоңойткондо болсо, эч күткөнүн ала албайт жана, ошондой эле, акыретте баласынын да ага, анын да баласына эч бир пайдасы тийбейт. Куранда бул төмөнкүчө кабар берилген:

> **Бирок кулактарды жарчудай болгон ошол күркүрөгөн күн келгенде, ал күнү киши өзүнүн бир тууганынан качып калат. Апасы менен атасынан дагы, жубайынан жана балдарынан дагы. Ал күнү ар бир адамдын өзүнө жете турган иши бар. (Абаса Сүрөсү, 33-37)**

Башында да айтылгандай, адам бир гана Аллахка ибадат кылуу үчүн жаратылган. Бул дүйнөдө ага көрсөтүлгөн бүт кооздуктар Раббибизге ибадат кылып-кылбашын сыноо жана Ал ыраазы боло тургандай өмүр сүрүп-сүрбөшүн байкоо үчүн гана жаратылган. Адам бул дүйнөдөн өткөн соң, акыретте бул дүйнөдө кылган ибадаттарына же күнөөлөрүнө жараша сурак берет жана кылган иштерине ылайык же бейишке же Аллахтын түбөлүктүү азабы болгон тозокко кирет. Ошондуктан адамдарды азгырган бул дүйнөдөгү бардык кооздуктардын Аллах Кабатында эч бир баркы жок. Адамды Аллахка жакындата турган жана акырет жашоосунда аны түбөлүк тозоктун азабынан куткара турган нерсе – бул, колундагы мал-мүлктөрү же балдары эмес, бир гана такыбаалыгы жана ыйманы. Аяттарда бул апачык айтылган:

> **Биздин Кабатыбызда силерди (Бизге) жакындата турган силердин мал-мүлкүңөр же бала-чакаңар эмес; бирок ыйман келтирип, чын ыкластуу (чын ниеттүү) иштерди жасагандар башка. Мына ошолор; алар үчүн кылгандарынын акысы катары эсе эсе сыйлыктар бар жана алар бийик сарайларында бейпилдик (тынчтык) ичинде болушат. (Саба Сүрөсү, 37)**
>
> **Чындыгында, ыймансыздардын болсо мал-мүлктөрү да, балдары да аларга Аллахтан бир пайда алып келе албайт. Мына ошолор оттун (тозоктун) тургундары, анда түбөлүк калышат. (Али Имран Сүрөсү, 116)**

**Мал-мүлктөрүнүн да, балдарынын да аларга Аллахтын алдында эч бир пайдасы тийбейт. Алар оттун (тозоктун) тургундары, (анын) ичинде түбөлүк калышат. (Мүжаделе Сүрөсү, 17)**

# *«Балдарды Аллах сүйүүсү жана Аллах коркуусу менен тарбиялап өстүрүү зарыл»*

**АДНАН ОКТАР:** Бала тарбиялоодо биринчи кезекте ага урмат көрсөтүп, барктоо керек. Чоң бир адамдай, отуз жаштагы бир адамга кандай мамиле кылсаң, балага да дал ошондой мамиле кылуу зарыл. Урмат көрсөтүп, акылдуу сүйлөшүү керек. Балдар биринчиден терең сүйүлө турган, Аллахтын сүйкүмдүү чагылуулары. Баланы абдан жакшы көрүү керек. Абдан сүйүү зарыл.

Нормалдуу каалоолору орундатылса, андан эрке болуп кетпейт, тескерисинче көңүлүнө жагат, сага болгон сүйүүсү артат. Ага Аллахты сүйдүргөн болсоң, Аллахтын аны коргоп турарын ага айткан болсоң, Аллахтын бейишти жаратканын, баарыбыздын чогуу бейишке бараарыбызды, ата-энеси менен бейиште жолугушаарын ага айткан болсоң, жамандык кылгандарга Аллахтын жаза берээрин, бирок жаза берүүдө да Аллахтын өтө боорукер экенин айткан болсоң, ал бала нурдай болот. Эң таттуу бала болот. Бирок, ар жерден уккан кызыктай сөздөр менен тарбиялоого аракет кылса, орой, уятсыз, терс кыялдуу, агрессиялуу, обу жок бала болуп чоңойот. Аллах сүйүүсүн үйрөтүү аркылуу, Аллахтын ал үчүн жараткан сонун сый-жакшылыктарын эсине салуу аркылуу Аллахты сүйдүрүү зарыл. Мисалы, шоколадды Аллах жаратат, сонун алмаларды Аллах жаратат, алманын уругунда чоң бир алма дарагынын бүт маалыматтары сакталган. Бир алма уругунан, алманын кичинекей бир уругунан сексен метрлик алма дарагы өсүп чыгат, миңдеген бутактары өсүп, миңдеген мөмө берет, миңдеген гүл ачат...

Булардын өтө улуу бир керемет экенин балага айтып берүү керек. Аллахтын павлинди канчалык кооз жаратканын, бул канаттуунун түстөрүнүн кооздугун, симметриясын, көпөлөктүн канаттарындагы симметрияны көрсөтүп, «кара, балам, бул жерде да бир тоголок бар, ушунун дал өзүндөй бул тарабында да бар, буларды Аллах жараткан. «Шайтан» деген да бирөө бар, ал мунун тескерисин айтат. Буларды өзүнөн-өзү, кокусунан пайда болгон дейт. Кокусунан ушундай нерсе пайда болушу мүмкүнбү, балам?» деген сыяктуу сөздөр менен логикасын жана акылын колдонтуп, Аллахтын бар экенине жакшылап ишендирүү зарыл. «Бул симметрияны кантип түшүндүрө алабыз?» деш керек. «Кара, бул жерде да бар, бул жерде да бар. Укмуш кооз түстөр бар, укмуш сулуулук жана тең салмактуулук бар, геометрия жана алтын катыш бар» деп айтып берүү зарыл.

Ушундай тарбия берилсе, өмүр бою бир калыптуу жана акылдуу болушат. Абдан мыкты болуп чоңоюшат, иншаАллах. Биздин жаш балдарга арналган китептерибиз бар. Бир туугандарыбыз ошол китептерден пайдаланса болот. Сайтыбызда, www.harunyahya.org, терең маалыматтар бар, жаш балдар менен байланыштуу... *(Аднан Октардын 2010-жылдын 14-ноябрындагы Çay TV каналы менен болгон маегинен үзүндү)*

# *«Жаш балдарга урмат көрсөтүп, акылдуу мамиле кылуу керек»*

**АДНАН ОКТАР:** Кээ бирлер жаш балдарды акылы кемдей көрүшөт, байкаган болсоңуз, ал тургай, кем акыл менен сүйлөшүп жаткандай сүйлөшүшөт. Бирок, жаш балдар өтө мээлүү болушат. ...Жаш балага терең урмат көрсөтүп, өтө акылдуу мамиле кылуу керек. Жаш балага Аллахты сүйүү менен мамиле кылуу зарыл, өтө чынчылдык менен. Бала ак ниеттүү ыйманды көрсө, рухун Аллах болушунча ачат жана ал баланы берекелүү кылат. Мисалы, Азрети Иса кандай эле бала кезинен баштап, пайгамбарлар кандай эле? Эң мыкты болуп чоңойгон инсандар эле, бала кезинен Аллах сүйүүсүн өтө күчтүү алган инсандар эле. Бала кезинен

Аллахты сүйүүнү үйрөтүү керек жана жаш балага өтө сый-урмат менен, сылык жана акылдуу мамиле кылуу зарыл.

Ошондой эле, диндеги жалгандар дагы абдан кооптуу. Кээ бирлердин оюна дин дегенде жалган ишенимдер, жалган ишенимдер дегенде болсо дин келет. Эч андай эмес. Дин дүйнөдөгү эң сапаттуу адамдын жашаган системасы. Динчил адам – бул, дүйнөдөгү эң сапаттуу инсан; эң акылман, эң көрөгөч, абийирдүү, акылдуу ойлонгон, абдан ишенимдүү инсан. Дин бул дүйнөнү колдонуунун эң мыкты жолун үйрөткөн бир система, ошондой эле, бул дүйнөнү кантип колдоноорубузду сүрөттөгөн Аллахтын бир чеберчилиги. Жаш балага ушундай маанай менен, ушундай сылыктык менен мамиле кылынса, эң мыкты тарбияланып чоңойот, иншаАллах. *(Аднан Октардын 2009-жылдын 1-февралындагы Kanal 35 TV каналы менен болгон маегинен үзүндү)*

# *«Жаш балдарга диний таалим берилбесе, өлүмдү түшүнө албайт жана руханий боштукка кабылат.»*

**АДНАН ОКТАР:** «Бала да, эч нерсе түшүнбөйт!» деген туура эмес, жаш балага динди үйрөтпөсөң, бала руханий боштукка туш болот, дүйнө ага өтө коркунучтуу көрүнөт, атасы менен апасын «бир күнү өлүп жок болушат» деп ойлогон бала руханий жактан оорулуу болуп калат. Өзүн «бир күнү өлүп жок болом» деп ойлогон бала руханий жактан оорулуу болот, ал эми ата-энеси менен бейиште жолугушаарын билген бала болсо руханий жактан да, дене жагынан да ден-соолугу чың жана сергек болот. Антпесе, бул кыйроого себеп болот, кээде үй-бүлөсүнөн ажыраган балдар болот, алар үчүн бул өтө үрөй учурарлык көрүнүшкө айланат. «Эми атаң эч качан кайрылбайт, ушул бойдон жок болду» десең, бул баланын жан дүйнөсүн талкалайт. Өзүнүн да бир күнү ошондой болоорун ойлонсо, бул анын үрөйүн учурат. Ошондуктан «бизди Аллах жараткан, акыретте бирге болобуз, бейиште бирге болобуз, атаңа жакында сен да жолугасың» деп айтылса, ал баланын көңүлү тынчтанат, сүйүүсү уланат жана жан дүйнөсү жабыркабайт. *(Аднан Октардын 2009-жылдын 18-декабрындагы Dem TV жана Tempo TV каналдары менен болгон маегинен үзүндү)*

# АПААТТАР...

Биз жашаган дүйнөнү, көп адамдар байкабаганы менен, ичинен жана сыртынан көптөгөн коркунучтар курчап турат. Астероиддер, кара тешиктер, куйруктуу жылдыздар (кометалар) сырттагы коркунучтардын кээ бирлери гана. Экинчи жагынан караганда, жер шарынын ичине кирсек, ысыктыгы миңдеген градуска жеткен суюк бир катмарга туш болобуз. Ошондуктан жер планетасына «бутубуздун астындагы ичи кайнаган бир шар» деп аныктама берсек эч жаңылбайбыз. Мындан тышкары, жер планетасын курчап, коргоп турган бир атмосфера бар. Бирок атмосферанын коргогондон тышкары, өтө күчтүү кубулуштары да бар: шамалдар, бороондор, тайфундар...

Бул коркунучтардын баары кээ-кээде ишке ашып, алардын натыйжасында адамдардын өлүмүнө жана материалдык кыйроолорго себеп болгон жана табигый кырсыктар деп аталган табият кубулуштары келип чыгууда. Жер титирөөлөр баш болуп, вулкандардын атырылып чыгышы, селдер, ири толкундар, торнадолор, бороондор, алоолонгон өрттөр ар кандай кыйроолорго себеп болушат. Окшош тарабы болсо, булардын баары кыска убакыт ичинде бир шаарды, анда жашаган адамдарды жана бүт башка жандыктарды жок кылып, абдан чоң кыйроолорго алып келиши мүмкүн. Эң негизгиси, адамдар булардын зыяндарын эч качан токтотуп кала алышпайт.

Бул кырсыктардын баарын адамдар абдан жакшы билгени менен, баштарына келмейинче эч эстегилери келбейт. Жер бетиндеги жашоо ушунчалык ыңгайлуу тең салмактуулуктар менен жөнгө салынгандыктан, мындай кубулуштар өтө чоң аймакка тарабайт. Адамдар да кошо, бүт жандыктар атайын бир коргоого алынган сыяктуу. Бирок, ошол эле учурда, Аллах кээ-кээде адамдарга жер шарынын канчалык кооптуу болушу мүмкүн экенин да эскертип турат. Жогоруда айтылган апааттарды көрсөтүп, адамзаттын жер шарын эч башкара албашын эске салып турат. Жана адамзаттын алсыздыгын өздөрүнө көрсөтүп, насаат алып акыл жүгүртө алгандарга насаат берет.

Адамдар бул кубулуштардан дагы кандай жыйынтыктарды чыгарышы керек?

Китептин башында да айтылгандай, бул дүйнө – адамдарды сынап, Аллахка ишенгендер менен ишенбегендерди ажыратуу үчүн атайын жаратылган бир сыноо мекени. Аллах бул акыйкатты **«...кылган ишиңер жагынан кимиңердин жакшыраак экенин сыноо үчүн асмандарды жана жерди алты күндө жараткан – Ал (Аллах)...»** (Худ Сүрөсү, 7) деп кабар берген.

Дүйнөдөгү бул сыноо шарттары эч кемчиликсиз даярдалган; ошондуктан ар бир окуя белгилүү себептер аркылуу келип чыгат. Ар бир окуянын себеп-натыйжа байланыштары бар. Мисалы, адамдардын жердин бетинде турушу жердин тартуу (гравитация) мыйзамы менен түшүндүрүлөт; жамгырдын жаашына булуттар менен шамалдар себепчи болушат; өлүм кырсык же оору сыяктуу сөзсүз белгилүү себептерден келип чыгат... Албетте, буга окшогон себеп-натыйжа байланыштарына сансыз мисалдарды келтирүүгө болот. Бирок негизгиси булардын саны эмес, канчалык «ынандырарлык» бир системаны пайда кылышы.

Бул системанын дагы бир өзгөчөлүгү болсо, ар бир окуянын ишке ашышы адамдын логикасына туура келет. Мисалы, Аллах кээ-кээде адамдарга табигый кырсыктар аркылуу эскертүү берет. Мындай окуяда, мисалы бир жер титирөөнү элестетели, көп адамдар өлүп же жаракат алышы мүмкүн. Алардын арасында жаштар жана улгайгандар, эркектер жана аялдар, ал тургай, жаш балдар да болушу ыктымал. Булардын баары «кадимки» бир көрүнүштөй көрүнөт жана тереңирээк ойлонбогон адамдар бул апааттарды Аллахтын белгилүү бир максат менен жаратканын байкашпайт. Эми ойлонуп көрөлү; эгер мындай болбой, бир жер титирөөдөн жалаң гана күнөө иштерди кылган адамдар жабыр тартканда, кандай болоор эле? Анда, албетте, сыноо болбой калмак. Бирок Аллах мындайга жол берген эмес жана жогоруда айтылгандай, бул дүйнөдөгү ар бир окуяны «кадимки» бир көрүнүштөй көрсөтө турган бир сахна менен даярдаган. «Кадимкидей» көрүнгөн

бул окуялардын артында белгилүү бир максат жана белгилүү бир сыр бар экенин бир гана Аллахты тааныган жана терең түшүнүгү бар адамдар, т.а. ыймандуулар байкай алышат.

Ошондой эле, Аллах **«Ар бир жан өлүмдү татуучу. Биз силерди жамандык менен да, жакшылык менен да текшерип, сынап жатабыз жана силер Бизге кайтарыласыңар»** (Анбия Сүрөсү, 35) деген аяты аркылуу бүт адамдарды маал-маалы менен жакшы жана жаман окуялар аркылуу сынай турганын кабар берген. Бир окуя болгондо, анын ал жердеги көп адамга таасир тийгизиши, албетте, сыноонун бир сыры. Аллахтын чексиз адилеттүү экенин жана чексиз адилеттүүлүгү менен ар бир адамга кылган иштеринин акысын (жазасын же сыйлыгын) акыретте толук берээрин унутпоо керек. Бул дүйнөдө адамдардын башына келген окуялар болгону бир сыноо гана. Сабыр кылгандардын акысы да, сыналып жатканын билбегендердин акысы да толугу менен төлөнөт. Аллахка чын көңүлдөн моюн сунуп, Анын улуулугун таанып биле алган адамдар дүйнөнүн бул сырын билишет. Баштарына бир кырсык келгенде, ошол замат Аллахка кайрылып, тообо кылышат. Анткени Аллахтын Курандагы төмөнкү убадасын билишет:

> **Ант болсун, Биз силерди бир аз коркуу, ачкалык жана мал-мүлктөн, жандан жана түшүмдөрдөн бир бөлүгүн азайтуу менен сынайбыз. Сабыр кылгандарды сүйүнчүлө. Аларга бир кырсык келгенде, мындай дешет: «Биз Аллахка тиешелүүбүз жана күмөнсүз Ага кайтып барабыз.» Дал ошолорго Раббилери тарабынан кечирим жана ырайым болот. Жана туура жолго түшкөндөр да ошолор. (Бакара Сүрөсү, 155-157)**

Бул аяттарда да айтылгандай, ишенген жана ишенбеген адамдардын баары кээ бир окуялар менен сыналышат. Кээде табигый кырсык, кээде күнүмдүк жашоодогу кандайдыр бир окуя, кээде бир катар оору-сыркоо сыяктуу кыйынчылыктар бул дүйнөдө адамдарды дайыма жандап жүрөт. Мындай балээлер кээде адамдарга, кээде болсо жалпы коомго өз таасирин тийгизет. Мисалы, бай-бакубат жашап жаткан адамдардын банкрот болушу, абдан сулуу бир адамдын бир кырсыктан улам түрү суук болуп калышы же айыкпас ооруга чалдыгышы, күтүүсүз бир бороондон бир шаардын зыян көрүшү көп эле кездешкен жана бул дүйнө жашоосунун «кыл учунда» турганын көрсөткөн окуялар.

Негизгиси, адамдар бул окуялардан керектүү насаатты алуулары зарыл. Анткени, адамдар туура эмес жолдон кутулуп, Аллахтын туптуура жолуна түшүшү үчүн, Аллах адамдарга материалдык жана руханий залалдары бар ар түрдүү окуяларды эскертүү катары жиберет. Аллах адамдарга бул дүйнөдөгү бардык нерселер сыяктуу, бул апааттардын да белгилүү бир максаты бар экенин жана алардын адамдар үчүн бир «эскертүү» экенин көрсөтүүдө. Аллах Куранда ар бир окуянын Өзүнүн уруксаты менен ишке ашаарын кабар берген:

> **Аллахтын уруксаты болмоюнча, эч бир кырсык (эч кимге) келбейт. Ким Аллахка ыйман кылса, анын жүрөгүн туура жолго (хидаятка) багыттайт. Аллах бүт баарын билүүчү. (Тегабүн Сүрөсү, 11)**
>
> **Аллахтын уруксаты болмоюнча, эч бир жан (напси) үчүн өлүм жок. Ал мөөнөтү аныкталып коюлган бир жазуу. Ким дүйнөнүн пайдасын (сообун) кааласа, ага андан беребиз, ким акырет сообун кааласа ага ошондон беребиз. Биз шүгүр кылгандарга абдан жакында сыйлык беребиз. (Али Имран Сүрөсү, 145)**

Адамдарга келген кыйынчылыктардын дагы бир мааниси мындай: өзүн бул дүйнөдө күчтүү элестеткен адам, Аллахтын каалоосу менен, бир заматта келип калган апааттардын алдында өзүнүн канчалык алсыз экенин түшүнөт. Өзүнө да, айланасындагы адамдарга да жардам бере албай калат, анткени бүт баары Аллахтын колунда жана Аллахтан башка зыян же пайда берүүгө кудуреттүү эч ким жок. Бул акыйкат адамдарга төмөнкүдөй кабар берилген:

> **Эгер Аллах сага бир зыян тийгизсе, аны кетире турган Андан башка эч ким жок. Сага бир жакшылык бере турган болсо, Ал бүт нерсеге кудуреттүү. (Энъам Сүрөсү, 17)**

Бул бөлүмдө ар кандай апааттарды бүт зыяндары менен бирге сүрөттөп берип, кээ бир адамдар абдан берилип сүйгөн бул дүйнөнүн убактылуу бир мекен экенин жана чыныгы жашоонун акыретте болоорун эске

салабыз. Бул акыйкаттар, ошол эле учурда, адамдардын апааттардын учурундагы жана апааттардан кийинки алсыздыктарын да көрсөтөт. Бул айласыздык Аллахтын кудуретинин алдында адамдардын толук алсыздыгын жана Аллахтан башка дос жана жардамчыларынын жок экендигин билдирет.

# Жер титирөөлөр

Жер титирөөлөр эң зыяндуу жана адамдарга эң кооптуу табият кырсыктарынын бири. Изилдөөлөр боюнча, дүйнөдө болжол менен эки мүнөт сайын бир жер титирөө болуп турат. Эсептеп көрсөк, бир жылда дүйнөдө жүз миңдеген жер титирөө катталат. Алардын болжол менен 20сы бир шаарды кыйрата турган күчтө болот. Бирок дайыма эле калкы жыш аймактарга туура келе бербегени үчүн, көп зыян алып келишпейт. Жыл сайын жер титирөөлөрдүн болжол менен бешөөсү кыйроолорго жана адамдардын өлүмүнө себеп болот. Бул маалыматтарга таянсак, негизи адамдардын жер титирөөлөргө көп деле кабылбаганын көрөбүз.

Болжол менен эки мүнөт сайын бир жер титирөө болуп турганына карабастан, алардын күчү ушунчалык кылдат жөнгө салынгандыктан, кээде адамдар аны билбей да калышат. Албетте, бул Аллахтын адамдарды коргоп турарынын бир далили. Бүгүнкү күндө жер титирөөлөр ашып барса бир шаарда жана анын айланасындагы белгилүү аймактарда гана сезилүүдө. Бирок Аллах кааласа, бүт дүйнөгө таасир берип, дүйнө жүзүн жер менен жексен кыла турган жана жашоону толугу менен токтото турган бир жер титирөө да бир заматта келип калышы мүмкүн. Жер шарынын түзүлүшүнөн улам жер титирөөлөрдүн келип чыгышы кадыресе көрүнүш. Жаракалар, плиталардын ортосундагы боштуктар жана башка факторлор бул табият кубулушунун сөзсүз болуп турушуна себеп болушат. Илимий бир булакта ыктымалдуу жер титирөө жөнүндө мындай деп айтылат:

> *Жердин тереңиндеги күч катуу жер кыртышын түртөт, таштар бул күчкө туруштук бере албай, күчтүү бир энергия жарылуусу аркылуу сынып, жарылат. Мындай жер титирөөнүн натыйжасында шаардагы бүт курулуштар жер менен жексен болушу мүмкүн, элдин баары кайра кайткыс болуп, урандылардын астында калышы ыктымал. (Табигый кырсыктар, Readers Digest, 1996)*

Албетте, эгер Аллах бир жер титирөөнү жараткысы келсе, «табигый шарттардын» жер титирөөгө ыңгайлуу болуп-болбошунун эч бир мааниси болбойт. Аллах каалаган нерсесин, каалаган кезде жаратат. Бирок, Аллах жер бетиндеги табигый шарттарды да өтө кооптуу жана туруксуз кылып жаратуу аркылуу, бул дүйнө жашоосунун кыл учунда турганын адамдардын эсине салат. Куранда адамдарга апааттар жөнүндө мындай деп эскертүү берилет:

> **Жамандыкты уюштургандар Аллахтын аларды жердин түбүнө киргизип салышынан же билбеген жерден азаптын келип калышынан өздөрүн коопсуз сезишеби? Же алар саякат кылып жүргөндө аларды (азап менен) кармап калышынан? Алар (Аллахтын буга окшогон азаптарынан качып) кутула алышпайт. Же аларды коркуп турган кезинде кармап калышынан (өздөрүн коопсуз сезишеби)? Чындыгында, Раббиң боорукер жана ырайымдуу. (Нахл Сүрөсү, 45-47)**

Аллах кааласа, бир канча секундада токтогон жер титирөөлөр бир канча саатка, ал тургай, бир канча күнгө да созулушу мүмкүн. Адамдар бир апааттан өздөрүнө келе электе, башка апааттарга да туш болушу ыктымал. Бул, албетте, Аллах үчүн оңой. Бирок Аллах мээрими менен адамдарды коргойт. Өзүнүн улуулугун жана кудуретин көрсөтүү үчүн адамдарга эскертүү берет. Адамдарга дүнүйөлүк амбиция жана аракеттеринен эч бир пайда чыкпай турганын эскертет.

Бул жерде акыркы жылдары болуп өткөн эң чоң жер титирөөлөрдү жана алардын натыйжаларын да эске салуу туура болот.

# Японияда бүт өлкөнүн кыймылын токтоткон 8,9 баллдык жер титирөө

Жер титирөөлөр акыркы жылдары көп катталып, күчтөрү да бир өлкөнү жок кыла тургандай абдан жогору болууда. 2011-жылдын март айында Япония күчү 8,9 баллга жеткен жер титирөөдөн жер менен жексен болгондой эле абалга келди. Япониянын жээктерин урган 8,9 баллдык жер титирөөдөн соң бийиктиги 10 метрге жеткен цунами пайда болуп, жүздөгөн киши өлүп, жүз миңдеген адам жоголду. Өлкө тарыхынын эң чоң апааттарынын бирине туш болду. Япониядагы акыркы 140 жылдын эң күчтүү жер титирөөсү борбор шаар Токио да кошо, бүт өлкөгө өз таасирин тийгизди. Жер титирөөдөн кийинки биринчи цунами кээ бир аймактарда 10 метр бийиктикке жетип, көптөгөн машиналар жана үйлөр көз ачып жумганча суунун астында калды. Апаат кээ бир аймактардын өнөр-жай заводдорунда өрттөргө да себеп болду. Япониянын массалык маалымат каражаттары эң аз 310 адамдын көз жумганын, 544 адамдын жаракат алганын жана жүздөгөн адамдын жоголгонун кабарлашты.

Вертолеттордон тартып алынып, Япониянын телеканалдарынан жарыяланган видеолор түндүктөгү жээктерде кемелердин кургактыкка чыгып калганын, жүздөгөн үйдүн суу астында калганын көз алдыга тартуулады. Жер титирөөлөр тилкесинде жашаганы үчүн, бул табигый кырсыкка карата эң натыйжалуу чараларды көргөн жана тынымсыз атайын окууларды уюштуруп турган япондор бул апаатта эч нерсе кыла албай калышты. Токио шаарында жана анын айланасында болжол менен 4 миллион үйдүн электр энергиясы үзгүлтүккө учурап, транспорт системасы токтоп, миңдеген киши көчөлөрдө, үйлөрүндө же темир жол станцияларында тыгында калышты.

Япониядагы 8,9 баллдык бул жер титирөө – апааттардын алдында адамдардын канчалык алсыз болуп калаарын көрсөткөн абдан маанилүү мисалдардын бири. Жер титирөө менен цунами Японияны эч күтүүсүз кезде курчап калды жана дарыгерлер, инженерлер, илимпоздор чоң толкундардын арасында бир канча секундада бул дүйнө менен кош айтышты. Карьералары да, мал-мүлктөрү да, акчалары да, абдан жакшы көргөн фирмалары менен үй-бүлөлөрү да аларды куткара алган жок. Завод-фабрикалар, үйлөр, банктардын кассаларындагы акчалар, зергер буюмдары, бүт баары суунун астында калды. Мындай чоң кырсыктар бизге бул дүйнөнүн убактылуулугунан тышкары, технологиянын, күчтүн жана акчанын негизи эч нерсеге жарабай турганын да эскертет.

# Технологиянын жеңилиши: Кобедеги жер титирөө

Жогорку технологияга жетишүү көбүнчө кээ бир адамдарга табиятты башкара ала тургандай бир сезим берет. Бирок мындай сезимге кабылгандар көп өтпөстөн өздөрүнүн канчалык жаңылганын көрө алышат. Анткени, технологияны да адамдардын кызматына Аллах тартуулаган жана ал дагы Аллахка баш ийет. Эң жогорку технологиянын да табиятты башкара албашы көптөгөн окуялар аркылуу адамдарга далилденди.

Мисалы, япондор курулуш технологияларында «жер титирөөгө карата керектүү чараларды» көргөнүнө карабастан, 1995-жылдын январь айында таңга жуук болгон бир жер титирөөдөн өздөрүн сактап кала алышкан жок. Алдыңкы технология менен курулган имараттарынын көпчүлүгү кагаздан жасалгандай кулады. Япония өкмөтү жана университеттери жер титирөөлөрдү алдын-ала кабар берүүчү бир ыкманы ойлоп табуу үчүн сансыз изилдөөлөргө акыркы 30 жыл ичинде бир миллиард доллар инвестиция кылышкан эле. Бирок андан майнап чыккан жок, анткени жер кыртышындагы силкинүүлөрдү изилдеп, классификациялоонун жүз пайыз жарактуу модельдерин иштеп чыгууга болбойт. Кобедеги жер титирөө башкача өзгөчөлүктө болгондуктан, бул жагдайга бир мисал боло алат.

Кобенин тургундары жер титирөөнү аларга бир канча саат, ал тургай, бир канча күн алдын-ала кабар бере турган бир системага ишенишкен эле. Бирок кооз порт шаарын бир заматта астын-үстүн кылган жана очогу Кобеден 25 км алыстыкта жана деңиздин 15 км астында жайгашкан бул жер титирөөнү эч бир система кабар бере алган жок. Япондордун «эң күчтүү жер титирөөгө да чыдайт» деген имараттарынын бул күчтүү жер титирөөгө туруштук бере албашы аныкталды.

Жер титирөө болгон Кобе жана Осака шаарлары жайгашкан аймак Япониянын алдыңкы өнөр-жай жана соода борборлорунун бири эле. Ошондуктан жер титирөөнүн материалдык зыяны миллиарддаган долларга жеткен.

Бул жер титирөөдө күтүүсүз келген чоң апааттан улам аймактагы калк келечек жөнүндө пландарды түзүү мындай турсун, ошол учурда эмне кылышарын да билбей калышты.

Жер титирөөлөрдүн акыркы кылымда күчү жана саны жагынан өсүшүнүн биз үчүн дагы бир чоң мааниси бар. Бул бизге акыр заманда, тагыраак айтканда, дүйнөнүн акыркы доорлорунда жашап жатканыбызды эскертүүдө.

# Жер титирөөлөрдүн санынын көбөйүшү жана күчүнүн жогорулашы Аз. Мехдинин (б.а. Имам Махдинин) чыгаарынын белгиси

*Ушул окуялар болмоюнча, кыямат келбейт... Жер титирөөлөр көбөйөт... (Ramuz-El Ehadis, 476/11)*

*Кыяматтын алдында эки чоң окуя бар... жана андан соң болсо зилзалалуу жылдар. (Ramuz-El Ehadis, 187/2)*

*Пикир келишпестиктер жана бат бат жер титирөөлөр болот... (Kıyamet Alametleri, s. 166)*

Акыркы бир канча жылдын ичинде болуп жаткан күчтүү жер титирөөлөр дүйнөлүк жаңылыктардын алдыңкы саптарынан орун алууда. Жер титирөөлөрдүн дүйнө тарыхында биринчи жолу ушунчалык көп жана бат баттан болуп жатышы, ошондой эле, күчтөрүнүн да өтө жогорку баллдарга жетиши Аз. Мехдинин чыгаарынан кабар берет.

Жакынкы тарыхты караганыбызда жер титирөөлөрдүн санынын өтө сейрек болгонун көрөбүз. Мисалы, АКШнын Геологиялык илимий изилдөө институтунун отчеттору боюнча, 1556-1975-жылдардын ортосундагы болжол менен 400 жылдык периоддо күчү 5,0 жана андан жогорураак болгон жер титирөөлөрдүн саны болгону 110ду түзгөн. Хижрий календарь боюнча 1400-жылдан баштап болсо жер титирөөлөр дүйнө тарыхында эч болуп көрбөгөндөй көбөйдү. Төмөндөгү сандар Хижрий 1400-жылдын (1979-1980-жылдар) башынан баштап жер титирөөлөрдүн канчалык көбөйгөнүн таамай чагылдырууда. Бир эле 1999-жылы дүйнө жүзүндө жалпысынан төмөн жана жогору күчтөгү 20832 жер титирөө болгон. Бул жер титирөөлөрдө расмий маалыматтар боюнча, болжол менен 22711 адам көз жумган. Бул Пайгамбар (сав) хадисинде кабар берген абалдын дал өзүнө окшошот:

*«Үммөтүмдө зилзалалар (жер титирөөлөр) болот. Ал зилзалаларда он миң, жыйырма миң, отуз миң адам өлөт...» (İbni Asakır, Geleceğin Tarihi 1, Orhan Baytan, Mevsim Yayıncılık, s. 81)*

Акыркы отуз жылда дүйнөдө болгон жер титирөөлөрдүн кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Жылы** **:** 1976-ж. 28-июль

**Өлкөсү** : Кытай

**Күчү** : 7,8

1976-жылы 28-июльда Кытайда күчү 7,8 баллга жеткен жер титирөө катталды. 242 миң адам өмүрүнөн ажырап, 164 миң адам жаракат алды.

**Жылы** : 1988-жыл 7-декабрь

**Өлкөсү** : Армения

**Күчү** : 6,9

1988-жылы 7-декабрьда Арменияда катталган жер титирөөдө 20000 адам өмүрүнөн ажырап, 500000 адам үйсүз калды.

**Жылы** : 1995-жыл 17-январь

**Шаары** : Кобе

**Күчү** : 7,7

1995-жылкы Кобедеги жер титирөө 20 секундага гана созулганы менен, анын зыяны 100 миллиард долларга жеткен.

**Жылы** : 2001-жыл 26-январь

**Өлкөсү** : Индия

**Күчү** : 7,9

Индияда 2001-жылы 26-январьда катталган күчү 7,9 баллга жеткен жер титирөөдө 30 миң адам каза болуп, 166 миң адам жаракат алды.

**Жылы** : 2003-жыл 26-декабрь

**Өлкөсү** : Иран

**Күчү** : 6,7

2003-жылы 26-декабрьда Иранда орун алган 6,7 баллдык жер титирөөдө 20 миң адам каза болуп, 50 миң адам жаракат алды.

**Жылы** : 2004-жыл 26-декабрь

**Өлкөсү** : Индонезия

**Күчү** : 9

2004-жылы 26-декабрьда Индонезияда күчү 9,0 баллды түзгөн жер титирөөдөн келип чыккан цунамиде 300 миң адам көз жумду.

**Жылы** : 2005-жыл 8-октябрь

**Өлкөсү** : Пакистан

**Күчү** : 7,6

2005-жылы 8-октябрьда Пакистанда катталган 7,6 баллдык жер титирөөдө болжол менен 100 миң адам каза болду.

Акыркы 30 жылдын ичинде, т.а. Хижрий 1400-жылдан (1979-1980-жж.) баштап, бул жерде айтылгандардан тышкары дагы көптөгөн чоң, кичине жер титирөөлөр болду. Мындан улам миңдеген адам үй-жайсыз калды.

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын бир хадисинде бул жагдайга да ишарат кылынган:

> *«Жашаганга үй, мингенге жаныбар таппай кала турган күндөрүңөр жакындады. Анткени үйлөрүңөрдү жер титирөөлөр талкалайт...» (Kıyamet Alametleri, s. 146)*

Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын хадистеринен тышкары, Куранда да жер титирөө менен кыяматтын ортосундагы байланышка ишарат кылган аяттар бар.

Курандын 99-сүрөсүнүн аты «Зилзала», б.а. «катуу силкинүү», «жер титирөө». Бул сүрөдө жердин катуу силкинүүсү сүрөттөлүп, андан соң болсо кыямат күнү адамдардын тирилтилээри жана Улуу Аллахтын алдында сурак берээри кабар берилген:

> **Жер ошол күчтүү силкинүү менен силкингенде, жер салмактарын сыртка чыгарганда жана адам: «Буга эмне болуп жатат?» дегенде; ошол күнү (жер) кабарларын айтып берет. Анткени, сенин Раббиң ага вахий (илхам) кылган. Ал күнү адамдар кылган иштери аларга көрсөтүлсүн деп бөлүк бөлүк зымырап (ыргып) чыгышат. Эми ким кыпындай (абдан кичинекей) бир жакшылык кылса, ошону көрөт. Эми ким кыпындай бир жамандык кылса, ошону көрөт. (Зилзала Сүрөсү, 1-8)**

Акыр замандын башка белгилери менен бирге карап чыкканыбызда, бүгүнкү күнү болуп жаткан жана барган сайын көбөйүп, күчөп жаткан апааттардын кадыресе көрүнүш эмес экендигин, тескерисинче өтө маанилүү бир доордун жана ал доордо чыгып бүт мусулман дүйнөсүнүн кутулушуна себепчи боло турган Аз. Мехди (ас)дын жакында чыгаарын кабар берип жаткандыгын даана байкайбыз.

# Тайфундар, бороондор, торнадолор...

Тайфун, бороон сыяктуу атмосфера кубулуштары да жер бетинде көп кездешкен апааттардан болуп саналат. Бул кубулуштар учурунда кээде шамалдын ылдамдыгы үйлөрдү, имараттарды, сарайларды, дарактарды, электр мамыларын жана адамдарды учура турганчалык күчкө жетет.

Өзгөчө күчтүү тайфундар океан, деңизди да чайпап, ири толкундардын пайда болушуна жана суунун күтүүсүз көтөрүлүшүнө себеп болушат. Бороон-чапкын толкуну деп аталган бул кубулушта толкундар катуу бир күч менен жээкке урушат. Бул кээде ал аймактын толугу менен суу астында калышына алып келет. Мындан тышкары, тайфун аркылуу келген жамгыр, өзгөчө дарыялуу аймактарда чоң селдерди пайда кылат.

Көбүнчө мелүүн бир жел болуп акырын гана соккон шамалдын кээде адамдарды, жаныбарларды, унааларды жана, ал тургай, үйлөрдү кыймылдата турган күчкө жетиши Аллахтын кудуретин көз алдыга тартуулайт. Жер титирөөлөргө тиешелүү мыйзам бул жерде да иштейт. Аллах каалаcа, тайфун, бороон, торнадо сыяктуу атмосфера кубулуштарын өтө күчтүү кылып жана улам улам пайда кыла алат. Адамдар бирөөсүнүн зыяндарын оңдоп бүтө электе экинчисине кабылышы мүмкүн. Куранда шамалдардын Аллахка баш ийээри адамдарга төмөнкүчө эскертилген:

> **Асмандагынын силерди жерге киргизип салышынан коркпойсуңарбы? Бир карасаңар, ал (жер бети) силкинип-солкулдап жаткан болот. Же болбосо, асмандагынын силерге «таш жаадыруучу (бороондуу) бир шамал» жиберишинен коркпойсуңарбы? Ошондо силер Менин эскертүүмдүн**

**кандай экенин көрүп-түшүнөсүңөр. Ант болсун, алардан мурдакылар да жалганга чыгарды. Бирок Мени жокко чыгарган (үчүн берген азабым) кандай экен? (Мүлк Сүрөсү, 16-18)**

Бирок, Аллах бүт апаат-кырсыктар сыяктуу, мында да адамдарга болгон боорукердигин көрсөтүүдө жана аларды кээ-кээде бороондорду жиберүү аркылуу эскертүүдө. Адамдар бул дүйнөгө кандай максатта келгенин, өздөрүнүн Аллахтын кудуретинин алдындагы алсыздыгын жана бир күнү Ага сурак беришээрин унутпашы үчүн ушинтип эскертип турат.

# Жанар тоолор, вулкандар

Жер кыртышынын сейсмикалык кыймылынан келип чыккан жер титирөөлөрдөн тышкары, жанар тоолордогу жарылуулар да маанилүү табигый кырсыктардын катарына кирет. Дүйнөдө 550сү жер бетинде, калгандары океандардын астында болуп жалпысынан 1500дүн тегерегинде активдүү жанар тоо бар. Булардын кандайдыр бир бирөөсүнүн, кандайдыр бир учурда кыймылга келишине эч бир тоскоолдук жок. Бир жанар тоо кыймылга келгенде болсо кыска убакытта айланасындагы бүт аймакка өз таасирин тийгизиши мүмкүн. Жана эч бир технология муну токтото албайт.

Вулкандар тарыхта жана бүгүнкү күндө өтө чоң издерди калтырууда. Тарыхта көптөгөн шаарларды картадан өчүрүп, коомдорду жок кылган. Эгин талаалары жок болуп, талаалар күлгө толуп, асман болсо чаң булуту менен капталган.

Оор бир азапка себеп болуучу вулкандар тарыхта Помпеи сыяктуу чоң шаарларды жок кылган. Анда Везувий вулканы активдешип, эч кимдин качышына мүмкүнчүлүк берген эмес жана мындан сөзсүз насаат алуу зарыл.

Бүгүнкү күндө да кээ бир жанар тоолор эч ким күтпөгөн учурда бир заматта активдешүүдө жана алардан келип чыккан лавалар көп аралыкка тарап, чоң зыяндарга алып келүүдө. Жарылуунун лавалардан тышкары дагы бир таасири бар: бул – бүт нерсени күйгүзгөн, газ жана күлдөн турган бир шамалдын пайда болушу. Бул шамалдын ылдамдыгы кээде саатына 160 километрге чейин жетип, күйгүзүүчү таасирге ээ болот жана андан улам дээрлик эч нерсе көрүнбөй калат.

200 активдүү вулканы бар Индонезиядагы Кракатау жанар тоосунда 1883-жылы вулкан атылган жана анын натыйжасында 160тан ашуун айыл жок болуп, 36000 адам бул жарылуудан келип чыккан цунамиде суу астында калышкан. Жарылуунун чаңдары 10 күндөн соң 3000 миля аралыкка чейин жеткен.

Вулкандардын дагы бир өзгөчөлүгү болсо – бул, эч күтүүсүз учурда активдешүүсү. 1985-жылы 150 жылдык «уйкудан» соң Невадо-дель-Руис жанар тоосунун жарылышы мунун бир мисалы. Миңдеген адамдын өлүмүнө себеп болгон бул жарылуу негизи өтө кичинекей бир жарылуу болгон. Салыштыра турган болсок, бул 1980-жылы болгон Сент-Хеленс тоосундагы жарылуунун 3%дык күчүнө гана барабар. Невадо-дель-Руистин жарылуусу аймактагы муз менен карды ээрите ала турганчалык бир жылуулук чыгарганы үчүн, тоонун этегинен ылай аралаш сел келип, Армеро шаарын жок кылып салган. Бул вулкан 1902-жылы Кариб аралында 30000 адамдын өлүмүнө алып келген Пели тоосундагы вулкандан берки эң чоң вулкан апааты болгон. Бул вулкан учурунда уйкуга жаткан 25000 адамдын эртеси эрте менен 2000инин гана калганы аныкталган. Калган 23000 адам вулкандан улам ылайдын астына көмүлүшкөн.

Бул кырсыктардан да көрүнүп тургандай, Аллах адамдарга өлүмдүн канчалык оңой жана жакын экенин көрсөтүп, аларды бул дүйнөгө келүү максаты жөнүндө ойлонууга чакырууда. Ошондуктан Аллахтын чексиз кудуретин түшүнгөн адамдар бул дүйнөдө жашай турган 50-60 жылдык өмүрүн узун көрүп, түбөлүк жашоону, т.а. акыретти унутпашы керек. Кандай гана себеп менен болбосун, ар бир адам бир күнү сөзсүз өлөт жана Аллахтын алдында сурак берет:

**Жер башка бир жерге, асмандар да башка асмандарга айландырылган күнү жалгыз, каххар (бүт баарына каалаганын жасаганга кудуреттүү) Аллахтын алдына чыг(арыл)ышат. (Ибрахим Сүрөсү, 48)**

# Цунамилер

Япон тилинен келген «цунами» сөзү «порттун толкуну» деген маанини билдирет. Көбүнчө океанда жер титирөөлөрдөн кийин пайда болгон чоң толкундар цунами деп аталат. Бул чоң толкундардын зыянынын кээ бир учурларда атом бомбасына да жакындаганы катталган. Өзгөчө жогоруда айтылган 2011-жылдын март айында Японияда келип чыккан цунами Япониядагы бүт жашоону бир заматта токтотту жана адамдар мынчалык чоң апааттын алдында технологиянын канчалык алсыз болуп калаарына күбө болушту.

# Селдер

Жер жүзүнүн көптөгөн аймагын канчалаган олуттуу коркунучтардын курчап турушу, албетте, маанилүү бир чындыкты кабар берет: Аллах адамдарга бүт тараптан азап жиберүүгө жана чогулткан байлыктарынын баарын көз ачып жумганча кайра алып коюуга кудуреттүү. Апааттардын жер жүзүнүн бүт тарабынан келиши адамдардын Аллахтын каалоосунан тышкары эч бир жерде өздөрүн коопсуз сезе албашын толук айгинелеп турат. Аллах азапты каалаган тараптан, жердин астынан, үстүнөн, кургактыктан жана деңизден жиберүүдө. Жана адамдарды бул акыйкатты унутпагыла деп эскертүүдө:

**Ал өлкөлөрдүн калкы түнкүсүн уктап жатканда, аларга оор азабыбыз келбейт деген ишенимде беле? Же ал өлкөлөрдүн калкы күндүз ойноп-күлүп жүрүшкөндө, аларга оор азабыбыз келбейт деген ишенимде беле? (Же) Алар Аллахтын тузагынан (түшпөйбүз деген) ишенимде беле? Аллахтын бир тузак курушунан зыянга жолуккан бир коомдон башкасы (акылсыздык менен) ишенимде болбойт. (Аьраф Сүрөсү, 97-99)**

Аллах адамдарга бир сый-жакшылык жана кооздук катары белек кылган суу дагы Аллахтын каалоосу менен каардуу бир азапка айланышы мүмкүн. Жыл сайын сөзсүз сел кырсыктарына күбө болгонуна карабастан, кээ бир адамдардын өздөрүн селден коопсуз көрүшү таң калтырбай койбойт.

# Учурда барган сайын күчөп жаткан күчтүү бороондор, селдер жана цунамилер да акыр замандын белгилеринен

Пайгамбар Мырзабыз (сав) мындан 1400 жыл мурда биз жашап жаткан акыр заманда жаан-чачындар көбөйүп, олуттуу зыяндарга себеп болоорун хадистеринде кабар берген:

• Үй жана алачык калтырбаган күчтүү бир жамгыр жааганга чейин кыямат келбейт. (Kıyamet Alametleri, s. 253)

• Асмандан күчтүү жамгыр жаап, таштан курулган имараттардан тышкары, бүт кирпич үйлөр куламайынча кыямат келбейт. (Ahmed b. Hanbel, Müsned 13/291, Hadis no: 7554)

• «Жамгырдын көбөйүшү, чөптөрдүн азайышы... кыяматтын жакындаганын билдирет.» (Kıyamet Alametleri, s. 137)

Тарыхтын эч бир доорунда болуп көрбөгөндөй көп сандагы апаат кабарларын күн сайын телевизорлордон көрүп, гезиттерден окуп жатабыз. Акыркы жылдары табигый кырсыктардын сан жагынан да, зыян жагынан да өсүп жатышы статистикалык маалыматтар тарабынан тастыкталган бир чындык. Биз жашап жаткан доордо табигый кырсыктар дүйнөнүн көптөгөн өлкөсүндө миллиондогон адамдарга өз таасирин тийгизип, абдан чоң материалдык чыгымдарга себеп болду.

• Жокчулук жана фитналар (оор сыноолор) жылы – бул, жамгырдын жаабашы эмес, тескерисинче өтө көп жамгыр жаап эч бир өсүмдүктү өстүрбөй коюшу. (Müslim; Kıyamet ve Alametleri, Ömer Öngüt, Hakikat Yayıncılık, s. 77)

• Адамдардын башына жаан-чачын мол болуп, бирок түшүм азайган, алдамчы жылдар келет. (İbn-i Mace, hadis no: 4036; Kıyamet ve Alametleri, Ömer Öngüt, Hakikat Yayıncılık, s. 66)

• «Ооба, эй Салман! Куйруктуу жылдыз чыккан, селдер көбөйгөн, ... кезде...» (Medineli Allâme Muhammed b. Resul el-Hüseynî el-Berzencî, Kıyamet Alametleri, s. 151)

1950-2000-жылдардын арасында дүйнө жүзүндө болгон сел кырсыктарын график аркылуу анализ кылганыбызда, акыркы 30 жылда мунун өтө чоң ылдамдыкта өскөнүн көрөбүз:

**1991-ЖЫЛ, БАНГЛАДЕШ**

Сел кырсыгынан 120000ден ашуун адам көз жумуп, миллиондогон адам үй-жайсыз калды.

**2000-ЖЫЛ, МОЗАМБИК**

Селден улам 1 миллион адам үй-жайсыз калды.

**2002-ЖЫЛ, ИНДИЯ, НЕПАЛ, БАНГЛАДЕШ**

Мезгилдик муссон жамгырларынан келип чыккан кырсыктардан болжол менен 1000 адам көз жумду.

**2003-ЖЫЛ, КЫТАЙ**

Жай мезгилиндеги катуу жаан-чачындан 2000 адам каза болуп, 300 миң адам үй-жайсыз калды.

**2004-ЖЫЛ, ИНДОНЕЗИЯ**

Цунами себеп болгон сел кырсыгынан 230000 адам көз жумду.

**2007-ЖЫЛ, АЗИЯ**

20 миллион адам үй-жайсыз калды.

**2008-ЖЫЛ, ИНДИЯ**

3 айга созулган катуу жаан-чачындан улам 2400 адам көз жумду.

**2010-ЖЫЛ, ПАКИСТАН**

Пакистандын 70 пайызы суу астында калып, 4 миллион адам үй-жайсыз калды, 1000ден ашуун адам көз жумду жана миңдеген адам жоголду.

**2010-ЖЫЛ, КОЛУМБИЯ**

1 миллион 300 миң адам үй-жайсыз калды.

**2011-ЖЫЛ, БРАЗИЛИЯ**

Өлкө тарыхынын эң чоң сел кырсыгынан 700 адам көз жумуп, 14000 адам үй-жайсыз калды.

Пайгамбар Мырзабыз (сав) хадистеринде кабар бергендей, он миңдеген адам каза болуп, миллиондогон адам үй-жайсыз калган, эч нерсе калтырбай, бүт эгиндерди жок кылган, күчтүү жаан-чачындардан келип чыккан акыр замандын селдери акыркы 30 жылда өтө көп кайталанууда.

# Тарыхтан сабак боло турган бир мисал: титаник

Күчүнө жана технологияга ишенип Аллахтын кудуретин унуткан адамдардын баштарына келген сабак болуучу окуялар дүйнө тарыхында көп кездешет. Ал окуялардын ар бири күчтүн да, байлыктын да, илимдин да, технологиянын да, кыскасы, эч бир нерсенин Аллахтын кудуретине каршы тура албашын далилдеп, Аллахтын күч-кудуретинин жана улуулугунун бүт нерседен жогору тураарын адамдарга эскертет.

Тарыхта сансыз мисалдары кездешкен мындай окуялардын эң белгилүүлөрүнүн бири – бул, мындан болжол менен 86 жыл мурда Титаник аттуу трансатлантикалык кеменин башына келген балээ эле. Титаник 15 миң адамдын эмгеги менен жасалган өтө чоң бир жолоочу кемеси болгон. Бийиктиги 55 метрге жана узундугу 275 метрге жетип, ошол кезге чейинки эң чоң жана эң көркөм кеме болгон. Кээ бир адамдар техникалык жабдыктар жагынан да өтө жогорку деңгээлде жасалганы үчүн, өздөрүн бул кеме эч качан чөкпөйт деп ынандырышкан эле. Бирок алар өтө маанилүү бир чындыкты унутуп коюшкан: Аллах белгилеген тагдырга эч ким каршы тура албайт. Ошентип эч күтүлбөгөн кичинекей бир сокку технологияны жараксыз кылып, кеменин кыска убакыттын ичинде чөгүшүнө себепчи болгон.

Кемеден кутулгандар кеменин чөгөөрү анык болуп калганда, көп адамдардын бир жерге чогулуп дуба кылып башташканын айтып беришкен. Курандын көптөгөн аяттарында адамдардын кыйынчылык же коркунуч учурунда Аллахка дуба кылып, бирок кыйынчылыктан кутулган соң кылган дубаларын унутуп калышаары кабар берилген:

> **Силердин Раббиңер берешендигинен (ырыскы) издешиңер үчүн деңизде кемелерди силер үчүн жүргүзөт. Чындыгында Ал силерге мээримдүү. Силерге деңизде бир кыйынчылык (коркунуч) келгенде, Андан башка сыйынгандарыңар жоголуп кетишет; бирок кургактыкка (чыгарып) силерди куткарганда, (кайрадан) тескери буруласыңар. Адам абдан шүгүрсүз (жакшылыкты билбейт). Кургактыкта силерди эч качан жердин түбүнө киргизип жибербейт же эч качан үстүңөргө кум-таштуу бир бороон жибербейт деп ойлойсуңарбы? Анан өзүңөргө бир өкүл (колдоочу) таппай каласыңар. Же силерди дагы бир жолу ага (деңизге) жиберип, үстүңөргө кыйратуучу бир бороон жөнөтүп, шүгүрсүздүк кылганыңар үчүн силерди эч качан чөктүрбөйт деп ойлойсуңарбы? Анан Бизге карата анын өчүн алып бере турган (бирөөнү да) таба албайсыңар. (Исра Сүрөсү, 66-69)**

Ар бир адам өмүрүндө мындай окуяга туш болсун же болбосун, баары бир бул дүйнөдөгү бүт нерсенин убактылуулугун жана бүт күч-кудуреттин Аллахка тиешелүү экендигин эч качан унутпашы керек. Анткени, бир адам мындай окуяга туш болгондо, жасаган каталарын оңдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болбой калышы мүмкүн. Аллах адамга өлүмдү эч күтпөгөн учурда жиберип калышы ыктымал:

> **Алар асмандар жана жер мүлк(төр)ү жөнүндө, Аллах жараткан нерселер жөнүндө жана өздөрүнүн ажал-мөөнөттөрү жакындап калганы жөнүндө ойлонушпайбы? Андан (Курандан) кийин алар эми кандай сөзгө ишенишет? (Аьраф Сүрөсү, 185)**

# Жер шарын курчаган астероиддер

Сүрөттө 1980-2010-жылдардын ортосунда жер шарынын айланасында аныкталган астероиддер көрсөтүлгөн. Бул илимий эмгекте кызыл түстөгү чекиттер аркылуу жер планетасынын орбитасына кирген астероиддер, сары түстөгү чекиттер аркылуу жердин орбитасына жакындаган астероиддер, ал эми жашыл түстөгү чекиттер аркылуу болсо калган астероиддер чагылдырылган.

Англиялык астроном Скотт Мэнли акыркы 30 жылда табылган астероиддердин күндөлүк картасын чыгарып, жалпысынан 11000 сүрөттөн турган бир тасма даярдаган. Бул эмгекте көрсөтүлгөндөй:

**1980-ЖЫЛЫ:** Астероиддер жердин айласында пайда боло баштаган.

1980-жылы жердин айланасында 8954 даана астероид аныкталган.

**1985-ЖЫЛ:** Жердин айланасындагы астероиддердин саны 11696.

**1990-ЖЫЛ:** Астероиддердин саны 14536га жеткен.

**1995-ЖЫЛ:** Астероиддердин саны 23104кө жеткен.

**1999-ЖЫЛ:** Астероиддердин саны 49009.

**1999-жылга чейин** астероиддердин санынын өсүшү белгилүү бир ылдамдыкта болуп келсе, 1999-жылдан баштап астероиддердин санынын өсүү ылдамдыгы бир топко жогорулаган.

Англиянын гезити *Daily Mail* жер планетасын кыяматка даярдаган астероиддердин мынчалык бат көбөйүшүн төмөнкүчө жарыялаган: *«Күн системасында үрөй учурарлык жыш сандагы астероиддер: жаңы тасма ал жакта канча астероид бар экенин көрсөттү...»*

**2000-жылга киргенибизде** жердин айланасындагы астероиддердин саны мурда болуп көрбөгөндөй ылдамдыкта өсүп, болжол менен эки эсеге, т.а. 118441ге жеткен.

**2003-ЖЫЛ:** Астероиддердин саны 226693. Жер планетасына эң жакын жайгашып, эң чоң коркунуч туудурган кызыл түстөгү астероиддердин саны бир топко көбөйгөн.

**2007-ЖЫЛ:** Астероиддердин саны 27 жыл мурдакыга салыштырмалуу 44 эсеге өскөн. Бул жылы аныкталган жалпы астероиддердин саны 389325ти түзгөн.

Ошондой эле, бул астероиддерден тышкары, жердин орбитасындагы аныкталбаган астероиддердин саны 100 миңден 1 миллионго чейин жетет деп болжолдонууда.

**2009-ЖЫЛ:** Жердин орбитасынын ичиндеги кызыл түстөрдүн тыгыздыгы бир топко өскөн.

**2010-жылга келгенибизде** жердин орбитасы жашыл түстөгү астероид булуту менен толук оролуп калган. Бирок мындан да рисктүүсү, жердин орбитасынын ичиндеги кызыл астероиддердин саны абдан өскөн.

Эң аягында 3-январь күнү алынган астероид картасынан жер планетасынын астероиддердин арасынан араң эле көрүнүп калганын байкоого болот.

Жер планетасы булардын бирөөсү менен каалаган учурда сүзүшүп кетиши мүмкүн. Аллах дүйнөнү жок кыла турган кыямат сааты үчүн белгилүү бир убакытты белгилеп койгон жана бул астероиддер ошол саатты көздөй тездик менен баратышат.

Курандын аяттарында бул жөнүндө мындай деп айтылат:

> **Эй инсандар, Раббиңерден коркуп-тартынгыла, себеби кыямат саатынын зилзаласы коркунучтуу нерсе. Чындыгында кыямат сааты жакындап келе жатат, анда күмөн жок. Чындыгында Аллах кабырлардагыларды тирилтет. (Хаж Сүрөсү, 1,7)**

Бүгүнкү күндө саны болжол менен 540 миңге жеткен бул астероиддердин бири жерди сүзүп, жер планетасын кармап турган бүт системалардын астын-үстүн болушуна, жердин ичине чөгүп космоско чачырашына жана жер бетиндеги жашоонун толугу менен токтошуна себеп болушу мүмкүн. (Анығын Аллах билет.)

Пайгамбар Мырзабыз (сав) да хадистеринде акыр заманда боло турган окуялар жөнүндө кабар берип жатып, «асмандан жаай турган таштар» жөнүндө төмөнкүдөй билдирген:

> *«Бул үммөтүмдүн аягында жердин чөгүшү, келбеттин өзгөрүшү жана АСМАНДАН ТАШ ЖААШЫ СЫЯКТУУ ОКУЯЛАР БОЛОТ.» (Тирмизи)*

*Бул үммөттүн кийинки келген урпактары мурда жашап өткөндөргө (ар кандай жамандоо жана шылтоолор менен) акарат айткан кезде... асмандан таш жаашын күткүлө.» (Kütüb-ü Sitte, 14/340; Tirmizî, Fiten 31, (2307))*

Куранда кыямат саатына ишарат кылган аяттардын бири болсо төмөнкүдөй:

**(Бул таштардын ар бири) Раббиңдин Кабатында чектен чыккандар үчүн (бүт баарына өз-өзүнчө) белгиленип коюлган. (Зарият Сүрөсү, 34)**

Бул аяттын абжад мааниси 1980-жылды берет. 1980-жыл, т.а. Хижрий 1400-жыл Аз. Мехди (ас)дын чыгаар жылы болуп саналат. Ошондой эле, ал жылы астероиддер да көбөйүп баштаган.

Аллах Аз. Мехди (ас)дын чыгышы менен бирге, адамзатты акыркы жолу Курандын адеп-ахлагына багыттап баштады.

1999-жылы астероиддердин көбөйүшүнө ишарат кылган аят болсо төмөнкүдөй:

**ЭГЕР АСМАНДАН БИР БӨЛҮКТҮН ТҮШҮП КЕЛЕ ЖАТКАНЫН КӨРҮШСӨ ДА: «(БУЛ) ҮСТҮ-ҮСТҮНӨ ЖЫЙЫЛГАН БИР БУЛУТ» ДЕШЕТ. (ТУР СҮРӨСҮ, 44)**

Бул аяттын абжад мааниси болсо 1999-жылды берет. Астероиддердин 1980-жылы көбөйүп башташы жана 1999-жылдын аягына жакын алардын көбөйүү ылдамдыгынын укмуш жогорулашы кыяматтын белгилеринен. (Аныгын Аллах билет.)

# *«Жерди сүзө турган астероиддер кыяматтын башталышынын ишараты.»*

**АДНАН ОКТАР:** Тур Сүрөсүндө **«Эгер асмандан бир бөлүктүн түшүп келе жатканын көрүшсө да, «(бул) үстү-үстүнө жыйылган бир булут» дешет»** деп кабар берилген. Бул кыяматтын алдындагы окуяга да ишарат кылат. Анткени, жерди бир астероид сүзөт жана жер кыяматтын алдында алгач астероиддин сүзүшүнөн улам силкинет, анан дагы бир астероид сүзөт. Анан үчүнчү чоң бир сүзүшүү болот, андан соң кыямат келет. 44-аятта «көрүшсө да ишенишпейт» дейт, демек адамдар асмандан бир астероиддин келгенин түшүнүшөт, бирок аныктай алышпайт.

**«Асмандан бир бөлүктүн түшүп келе жатканын көрүшсө да, (бул) үстү-үстүнө жыйылган бир булут дешет».** Аны бир газ булутуна же башка бир нерсеге окшоштурушат же жерди сүзбөйт деп ойлошот. «Жердин жанынан өтүп кетет» дешет, бирок ал келип жерди сүзөт. Кыямат алгач ушинтип башталат билесиздер, үч баскычтан турат. Аятта дагы бир сүзүшүү болот деп айтылат жана үчүнчүсүндө ай менен сүзүшөт. Ай жер менен сүзүшөт, анан ал күн тарабынан жутулат. **«Ошондуктан сен аларды (жан чыдагыс азап менен) сүздүрүлө турган күндөрүнө жолукканга чейин жөн кой»,** 45-аят. Башына 15 санын кошконубузда, Хижрий 1545-жылга (2120-жылга) ишарат кылат, бул аяттын абжад мааниси да 2120га барабар. Негизи баары апачык көрүнүп турат, бирок кээ бир адамдар бул дүйнөгө абдан катуу берилгендиктен жана акча менен ачкөздүк көздөрүн ушунчалык сокур кылып койгондуктан, чындыктарды эч көрө алышпайт...

# *«Айланабызды курчаган астероиддер дүйнөнүн кыяматына даярданып жатышат. Эч бир технология аларды токтото албайт.»*

**АДНАН ОКТАР:** Бедиүззаман Саид Нурси Азрети 2120-жылдын тегерегинде бир астероид жерди сүзөт деп айткан. Хадистер да буга дал келет, анткени Пайгамбар (сав)дын хадиси боюнча, Ал берген 7000 жылдык календарды негиз алсак, «Мунун канча жылы өттү?» деп сурашканда, «5600 жылы өттү» деген. Ошондуктан Хижрий 1400 менен 1500-жылдардын ортосунда Мехди, Ислам биримдиги, баары болуп бүтөт. Бедиүззаман Хижрий 1545-жылдын (2120-жылдын) тегерегинде бир сүзүшүү болот деп айткан. Катар катары менен эки сүзүшүү болот. Кээ бирөөлөр «сүзүшүү ыктымалдыгы жок» деп жатканы менен, андай Америка же башка бир өлкө токтото ала тургандай эмес, саны абдан көп. Анчалык атом бомбасы, ракета жасай турган чамалары жок, убактылары да, техникалык мүмкүнчүлүктөрү да жетпейт. Ошондой эле, таштардын кайдан келээри да белгисиз. Мындан тышкары, Немезиданын каерде, качан, кайсы астероидди учураары да белгисиз. Бийлеп жаткандай кыймылдайт Немезида жана көрүнбөйт. Күрөң түстөгү карлик. Көрө алышпаганы үчүн каерде экенин да аныктай алышпайт, күтүүсүздөн чоң бир астероид учуруп жиберет, арбак сыяктуу... *(Урматтуу Аднан Октардын Kahramanmaraş Aksu TV каналындагы маегинен үзүндү, 2011-жыл 24-февраль)*

# Аллахтын бир мээрими

**Биз алардын баарын кылган күнөөлөрү менен кармадык. Ошентип алардын кээ бирлеринин үстүнө таш бороонун жибердик, кээ бирлерин ачуу айкырык ороп калды, кээ бирлерин жердин түбүнө киргиздик, кээ бирлерин болсо суугa чөктүрдүк. Аллах аларга зулумдук кылган жок, алар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышты. (Анкебут Сүрөсү, 40)**

Бул жерге чейин айтылгандардын баары жаралуу себебин унутуп жашап жаткан адамдарга маанилүү бир акыйкатты кабар берүү максатын көздөйт: дүйнө жүзүндөгү эч бир нерсе Аллахтан көз-карандысыз эмес. **«...Аллах Өз буйругун аткартат, бирок адамдардын көпчүлүгү билишпейт»** (Йусуф Сүрөсү, 21) деп Куран аятында да айтылгандай, Аллахтын буйругуна эч бир күч каршы чыга албайт.

Бирок «адамдардын көпчүлүгү» бул чындыкты билишпейт. Мындай адамдар бул дүйнөдө башыбызга эч нерсе келбейт деген ойдо жашашат. Айланаларында болуп жаткан апааттарды бир күнү бизге да келип калышы мүмкүн деп ойлоп да коюшпайт. Эгер түздөн-түз тиешелери болбосо, аларды өздөрүнөн абдан алыс көрүшөт. Кандайдыр бир апаат жөнүндө укканда, бир саамга ойлонуп калуулары мүмкүн, бирок бир аздан соң толугу менен унутуп калышат.

Анткен менен, эртеңки күн да бүгүнкү күндөй болот деп ойлоо такыр туура эмес. Жогоруда айтылган сыяктуу апааттарга туш болгон адамдар да апаат келе турган күндү башка күндөрүндөй эле көрүшкөн, албетте. Бирок ал күн алар үчүн башка күндөрдөн айырмалуу болгон жана Аллах аларды колдорундагы бүт нерседен бир көз ирмемде ажырап калышы мүмкүн экенин көрсөткөн.

Адамдардын көпчүлүк бөлүгү бул акыйкатты билишпейт. Дүйнө жашоосунун бат эле өтүп кетээрин да жана Аллахка сурак беришээрин да унутуп калышат. Ошондуктан, Аллах үчүн жашоо керек болгон бул дүйнө жашоосун эч бир пайда алып келбей турган нерселерге алагды болуп өткөрүшөт.

Бул жагынан караганда, адамдардын баштарына келген кыйынчылыктар өздөрү үчүн да, аларга күбө болгон башка адамдар үчүн да Аллахтын бир мээрими болот. Аллах мындай окуялар аркылуу адамдарга бул дүйнөнүн убактылуулугун көрсөтүп, «чыныгы мекен» болгон акыретке даярдык көрүүгө түрткү берет. Ошондуктан бул дүйнөдө адамдардын баштарына келген балээлердин көпчүлүгү негизи Аллахтын аларга берген бир мүмкүнчүлүгү болуп саналат. Мындай балээлер адамдарга тообо кылып, кулк-мүнөзүн оңдошу үчүн берилет. Мындай окуялардан кандай насаат алуу керек экенин Аллах Куранда төмөнкүчө кабар берген:

**Көрүшкөн жокпу, чындыгында алар ар жылы бир же эки жолу балээге туш болуп жатышат, бирок (ошого карабастан) тообо кылышпайт жана сабак алып-ойлонушпайт. (Тообо Сүрөсү, 126)**

# МУРДА ЖАШАП ӨТКӨН ЦИВИЛИЗАЦИЯЛАР

Бул дүйнөнү Аллах адамдар үчүн атайын бир сыноо мекени кылып жараткан. Тарых бою адамдарды эскертип коркутуу жана туура жолго чакыруу үчүн элчилерин акыйкат китептер менен жиберген. Бүгүнкү күндө да колубузда Аллахтан келген жана ыймандуулар үчүн хидаяттын (туура жолдун) жол башчысы болгон бир акыйкат китебибиз бар. Тууранны туура эместен айырмалаган жана тарыхта ыймансыздардын баштарына келген балээлер аркылуу бизди эскертип коркуткан бул китеп – Куран.

**Биз алардан мурун канчалаган адам урпактарын кыйраттык; (эми болсо) алардын бирөөсүн сезип же алардын үндөрүн угуп жатасыңбы? (Мариям Сүрөсү, 98)**

Аллах Куранда тарыхта жашап өткөн бардык элдерге туура жолду көрсөткөнүн жана аларга элчилери аркылуу бул дүйнөнүн убактылуулугун жана чыныгы мекендин акырет экенин эскерткенин кабар берген. Бирок Куранда айтылгандай, адамдардын көпчүлүгү кежирленип ыйман кылбай коюшкан жана элчилердин айтканын угушкан эмес. Мындан улам Аллах аларды эч күтүүсүз бир азап менен кармап, кээ бирлерин болсо жер жүзүнөн толугу менен жок кылып салган. Куранда мындай деп айтылат:

**Ад, Самуд (элдерин), Ресс калкын («кудук ээлерин») жана булардын аралыгындагы көптөгөн муундарды (жок кылдык). Биз (алардын) ар бирине мисалдарды келтирдик жана баарын кырып талкаладык. Ант болсун, алар үстүнө балээ жамгыры жаадырылган ал өлкөгө барышкан; эмне аны көрбөй жатышабы? Жок, алар кайра тирилүүгө ишенишпейт. (Фуркан Сүрөсү, 38-40)**

Мурдакы цивилизациялардын баштарына келген апааттардан кандай сабак алышыбыз керек экени аяттарда төмөнкүчө кабар берилген:

**Алардан мурда канчалаган урпактарды кыйратканыбызды көрбөй жатышабы? Биз силерди жайгаштырбагандай (көп бир күч жана байлык менен) аларды жер бетинде жайгаштырдык; асмандан алардын үстүнө нөшөр (көп жамгырлар) жаадырдык, дарыяларды астынан актырып койдук. Бирок күнөөлөрү себебинен Биз аларды кыйраттык жана алардан соң башка урпактарды (жасап) жараттык. (Энъам Сүрөсү, 6)**

Дагы бир эскертүүчү аятта Аллах мындай деп билдирет:

**Биз булардан мурда канчалаган муундарды кыйраттык. Алар зомбулук (бузуп-кыйратуу, кысымчылык жана күч менен башкаруу, коркутуу) жагынан булардан жогору эле. Шаарларда (жерди астын-үстүн кылып, сансыз казуу, курулуш жана изилдөө иштери менен бүт тарапты) оюп-тешип салышкан болчу. (Бирок) кача турган бир жер барбы? Эч күмөнсүз, мында жүрөгү бар же бир күбө катары кулак салган адам үчүн, албетте, бир насаат (зикир) бар. (Каф Сүрөсү, 36-37)**

Бул аяттарда да айтылгандай, мурда жашап өткөн элдер жөнүндө маалымат берилишинин эң негизги себеби бүгүнкү адамдарды ошондой абалга түшүүдөн эскертүү болуп саналат. Чындап эле, илгерки коомдордун башына келген апааттарды жана аларга тиешелүү археологиялык калдыктарды тарыхый маалымат катары гана көрүү такыр туура эмес болот. **«Муну замандаштарына жана кийин келе турган муундарга «сабак болуучу бир жаза», такыбаларга болсо бир насаат кылдык»** (Бакара Сүрөсү, 66) деп аятта да айтылгандай, мындай окуялар кийинки муундарга сабак, насаат болушу керек. Бирок муну да унутпаш керек: Аллах каапырдыктан кайтпаган бул элдерге ошол замат азап берген эмес; тескерисинче бүт

баарына «балким кайтышаар деп» эскертүүчүлөрдү жиберген. Мындан тышкары, адамдарга бул дүйнөдө келген бүт кыйынчылыктардын акыреттеги оор азаптын бир эскертүүчүсү экендиги да Куранда кабар берилген:

**Ант болсун, Биз аларга балким (каапырдыктан) кайтышаар деп улуу азаптан мурда, жакын (дүнүйөлүк) азаптан да таттырабыз. (Сажда Сүрөсү, 21)**

Бул коомдор эскертүүлөрдү укпай, ан сайын чектен чыкканда, баштарына кыйроо келген. Аллах бузукулук кылган мындай коомдорду жок кылып, алардын ордуна башка элдерди алып келген. Анткени, ал коомдор Аллах тартуулаган байлыктын, кооз үйлөрдүн жана жасалгалуу имараттардын ичинде Аллахты унутуп, күндөрүн, айларын, жылдарын бош максаттарга арнап өткөрүшкөн. Жер бетиндеги бүт нерселердин тынымсыз бузулуп, эскирээрин ойлонушкан эмес жана бул нерселер аркылуу Аллахтын аларды сынап жатканына жана кыска убакыттан соң баарынын жок боloоруна акылдары жеткен эмес. Өлүмдөн соң түбөлүктүү мекенге бараарын ойлонбостон, бул дүйнөнү гана ойлошкон жана өлгөндөн кийин баштала турган түбөлүк жашоо абдан жакын жерде турса, бул дүйнө жашоосун түбөлүктүүдөй элестетишкен. Бирок бул алдануу аларга эч бир пайда алып келген эмес жана баштарына келген балээлер арадан миңдеген жылдар өтсө да, сабак катары кийинки муундарга өткөрүлүп, эч унутулгус тарыхый окуяга айланган.

# Самуд коому

Аллахтын динине каршы чыкканы жана көөп кеткени үчүн кыйратылып жок кылынган коомдордун бири – бул, Самуд коому. Куранда айтылышынча, Самуд коому күчтүү жана бай, көптөгөн искусство чыгармаларын жасаган бир эл болгон. Самуд коомунун бул өзгөчөлүктөрү аяттарда төмөнкүчө кабар берилет:

**(Аллахтын) Ад (коомунан) кийин силерди орун басарлар кылганын жана силерди жер жүзүнө жайгаштырганын эстегиле. Анын түздүктөрүндө сарайларды куруп, тоолордон үйлөр жонуп жасадыңар. Демек Аллахтын нематтарын (сый-жакшылыктарын) эстегиле, жер бетинде бузукулардай болуп башаламандык чыгарбагыла. (Аьраф Сүрөсү, 74)**

Башка бир аятта болсо Самуд коомунун жашоо шарты төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

**«Силер бул жерде коопсуз жашайсыңарбы? Бакчалардын, булактардын арасында? Эгиндердин жана жумшак бүчүрлүү, көз уялткан курма бактарынын арасында? Тоолордон усталык менен жасалгалуу үйлөрдү жонуп (жасап) жатасыңар.» (Шуара Сүрөсү, 146-149)**

Бакубат жашоодон көпкөн Самуд коомуна түбөлүк азапты жана акырет жашоосун эскертип коркутуу үчүн Аллах Аз. Салих (ас)ды элчи (пайгамбар) кылып дайындаган. Аз. Салих (ас) эл арасында таанымал инсан болгон жана коомун туура эмес жолдон кайтарганга аракет кылганда ага таң калышкан. Аз. Салих пайгамбардын айткандарын элдин абдан аз бөлүгү гана угуп, көпчүлүгү кабыл албай коюшкан.

Аз. Салих (ас)га ишенбегендердин башында коомдун алдыңкылары (лидерлери) турган жана ал кишилер материалдык күчүнө таянып, пайгамбарга душмандык кылып башташкан. Аз. Салих (ас)га ишенгендерди алсыз кылууга жана аларга кысымчылык көрсөтүүгө аракет кылышкан. Аз. Салих (ас)дын аларды Аллахка ибадат кылууга үндөшүнө кыжырданышкан. Мындай кыжырдануу бир гана Самуд коомунда болгон эмес. Самуд коому алардан мурда жашап өткөн Нух жана Ад коомдорунун каталарын кайталашкан. Ошондуктан Куранда бул үч коом жөнүндө мындай деп айтылат:

**Силерден мурдакылардын, Нух коомунун, Ад жана Самуддун жана алардан кийин жашагандардын кабары силерге келген жокпу? Аларды Аллахтан башкалар билбейт. Элчилери (пайгамбарлары) аларга апачык далилдер менен келгенде, колдорун ооздоруна алып барып (кыжырданып тиштешти) жана мындай дешти: «Эч талашсыз, биз силер аркылуу жиберилген нерселерди жокко чыгарабыз жана бизди чакырган нерселериңерден чындыгында күмөн санайбыз.» (Ибрахим Сүрөсү, 9)**

Самуд коому Салих пайгамбарга чечкиндүүлүк менен каршы чыгышкан жана, ал тургай, аны өлтүрүү үчүн план да түзүп башташкан. Бул дүйнөнүн убактылуу кооздуктарына алданып, аларды эч качан жок болбойт деп ойлошкон. Салих пайгамбар Самуд коомунун алдыңкыларын **«Силер бул жерде коопсуз жашайсыңарбы?»** (Шуара Сүрөсү, 146) деп эскерткен. Бирок бул коом Аллахтын азабынан бейкапар болуп, барган сайын күчөй беришкен жана ушунчалык бой көтөрүшүп, Аз. Салих (ас)га **«Эй Салих, эгер чындап жиберилгендерден (бир пайгамбар) болсоң, убада кылган нерсеңди алып келчи, көрөлү»** (Аьраф Сүрөсү, 77) дегенге чейин барышкан. Бул коомго Аз. Салих (ас) Аллахтын вахийинин негизинде, «үч күндүн ичинде кыйратыласыңар» деп кабар берген (Худ Сүрөсү, 65).

Аягында чындап эле Аз. Салих (ас)дын эскертүүсү ишке ашып, Самуд коому кыйроого дуушар болгон:

> **Ал зулумдук кылгандарды жан чыдагыс бир үн ороп калды да, өз мекендеринде тизелеп чөгөлөгөн абалда таңды тосушту. Ал жерде эч бакубаттыкта жашабаган сыяктуу (абалга келишти). Кабарыңар болсун, Самуд (эли) чындыгында Раббилерине (каршы) каапырдык кылышкан (Аллахты танышкан) эле. Кабарыңар болсун, Самуд (эли Аллахтын мээриминен) алыстатылды. (Худ Сүрөсү, 67-68)**

Жер бетинде жашаган кайсы гана коом болбосун, чектен чыккан учурда, байлыгына жана атак-даңкына карабастан, Аллахтын азабына дуушар кылынышкан. Самуд коомунан ушунчалык чектен чыгып, пайгамбарларын өлтүрүүгө чейин бел байлаган адамдардын бүгүнкү күндө мал-мүлкүнөн да, бийлигинен да эч нерсе калган жок. Аттарын да эч ким билбеген бул адамдардын жашоосу, бүт башка ыймансыздар сыяктуу, тозок жашоосу менен аяктаган. Бул акыбеттен ар бир адам сабак алышы керек.

# Саба калкы

Саба калкы Куранда төмөнкүчө баяндалган:

> **Ант болсун, Саба (калкы) жашаган жерлерде да бир аят бар. (Үйлөрү) Оңдон жана солдон эки бакчалуу эле. (Аларга мындай деген элек:) «Раббиңердин ырыскысынан жегиле жана Ага шүгүр кылгыла. Сонун бир шаар жана кечиримдүү бир Рабби(ңер бар).» Бирок алар жүз бурушту, ошентип Биз да аларга Арим селин жөнөттүк. Жана алардын эки бакчасын мөмөсү ачуу, бадалдуу жана бир аз тикенектүү дарагы бар эки бакчага айланттык. Ошентип шүгүрсүздүк кылганы (жакшылыкты билбегени) үчүн аларды жазаландырдык. Биз (немат-жакшылыкка) шүгүрсүздүк кылгандан башкасын жазаламак белек. (Саба Сүрөсү, 15-17)**

Аяттардан көрүнүп тургандай, Саба эли берекелүү бак жана бакчаларда, бай, бакубат жашашкан. Аллах ал коомго ошончо көп байлык берип, ал сый-жакшылыктар үчүн шүгүр кылууларын гана талап кылган. Бирок алар жалганга чыгарып, ыймансыздык кылышкан. Бул дүйнөдө өздөрүн абдан күчтүү элестетип, байлыгы менен бой көтөрүшкөн. Ошентип аягында азапка дуушар болушкан.

# Даңазалуу шумерлер

*Ирактын түштүгүндө, Дижле (Тигр) жана Евфрат жээктеринен алыстаар замат, чөлгө окшогон, кең талаалар көрүнөт. Бул учу-кыйырсыз түздүктөрдүн кээ бир жерлеринен бийик дөбөлөрдү көрүүгө болот. Анткени, кум басып калган бул дөбөлөрдүн астында чоң имараттардын калдыктары жатат. Ал имараттар «шумерлер» деп аталган бир эл тарабынан курулган. Бүгүнкү күндө чөл шамалдары учурган кумдардан башка эч нерсе көрүнбөгөн, чөөлөр менен карга-кузгундар гана жашаган бул жерлерде 45 кылым мурда бүт тарабынан каналдар агып турган, бакчалар менен курчалган, кооз шаарлар жайгашкан эле. Азыр болсо жымжырттыкка бөлөнгөн...*

Бул сөздөр белгилүү археолог Ги Рашеге (Guy Rachet) тиешелүү. Тарых китептеринен гана эсте калган бул зобололуу өлкө негизи азыркы мамлекеттердей эле чыныгы бир өлкө болгон. Ал доордун адамдары да биз сыяктуу жашап, архитектуралары менен көз жоосун алган шаарларды курушкан.

Ал доордун ханышасы Пуаби үчүн өткөрүлгөн жаназа зыйнаты өтө зобололуу болгон. Көптөгөн булактарда бул зыйнат жөнүндө маалыматтар жазылган. Ханышанын өлгөн денесинин укмуш кооздолгону, денесинин үстүңкү бөлүгүнүн алтын жана күмүш шурулар жана көгүш-кара таш, кызыл агат, Кадыкөй ташы сыяктуу кымбат баалуу таштардан берметтер менен кооздолгон бир жамынчы менен жабылганы жана жамынчынын учундагы чачылардын да ушундай таштардын майдаларынан жасалганы жазылган. Мындан тышкары, ханышанын башына оор бир жасалма чач, анын үстүнө болсо жалбырактары көк жана ак оор седептер менен кооздолгон таза алтын гүлдөрдөн, бук жана мажүрүм тал жалбырактарынан бир баш кийим кийгизилгени аныкталган. Кулактарындагы сөйкөлөрдөн, өлүктүн жанына коюлган асыл таштардан, ийнелерден жана кооз жамынчылардан алтындын жаркырап тургандыгы айтылган.

Кыскасы, шумер маданиятынын маанилүү бир ысымы болуп эсептелген Пуаби ханыша даңазалуу бир жаназа зыйнаты жана укмуштуудай сөөк коюу жөрөлгөлөрү менен көмүлгөн. Жаназа менен кошо мүрзөгө коюла турган башка казыналар, айтылышы боюнча, куралдуу сакчылар жана кулдар тарабынан араң жеткирилген. Бирок, албетте, мүрзөгө казыналары менен бирге кириши Пуаби ханышаны скелетке айлануудан сактап кала алган эмес. Ал дагы, бүт башка адамдар сыяктуу, ал тургай, балким басмырлап, өзүнөн төмөн көргөн жакыр кишилер сыяктуу, топурактын астына кирип, ал жерде чириген жана денеси бактерияларга жем болгон. Бул мисал бир адам канчалык бай жана зобололуу жашаса да, байлыгына канчалык ишенсе да, баары бир аягында алардын ага эч кандай пайдасы тийбей тургандыгын көрсөткөн эң таасирдүү мисалдардын бири.

# Крит цивилизациясы

Европанын алгачкы чоң цивилизациясы болуп эсептелген Крит цивилизациясы б.з.ч. XIV кылымдын баштарында күтүүсүздөн жок болгон. Ага чейин Жер ортолук деңиздин эң кооз жерлеринин бири болгон Крит аралына биздин замандан 2000 жыл мурда Азия жана Грециядан келген адамдар жайгашып, укмуш кооз сарайларды курушкан. Бирок аягында чоң бир апаат болуп, Криттин түндүгүндөгү Киклад архипелагына караштуу Тира аралындагы жанар тоо атылган жана бул коркунучтуу жарылуудан соң Крит сарайларын жер менен жексен кылган өтө күчтүү бир жер титирөө келип чыккан.

Вулкандын күлдөрү Криттин үстү жагындагы бүт асманды караңгыга чүмкөп, кулаган сарайлардын үстүн каптаса, бир жагынан суунун деңгээли көтөрүлүп Кносстун порту Амнисти суу басып калган. Крит сарайларынын кулашы чындыгында абдан үрөй учурарлык болгон жана чоң толкундан улам жээктеги шаарларды бир заматта суу каптап калган.

Көп жагынан ошол доордун эң өнүккөн цивилизацияларынын бири болгон Крит эли баштарына келе турган бул кырсыкты эч күтүшкөн эмес. Катар-катары менен келген кырсыктар кооз имараттардын баарын жок кылып, адамдардын да дээрлик бүт баарынын жок болушуна себеп болгон. Байлыгы менен мактанган адамдар да, алардын байлыктары да, эч качан бүтпөйт деп ойлогон жашоолору да, бүт баары жок болгон. Бузулуп кыйраган бир шаар менен жок болгон бир маданият гана калган. Куранда адамдардын ушул сыяктуу байыркы маданияттардан сабак алышы керек экендиги төмөнкүчө айтылган:

**Мекендеринде басып, кыдырып жүргөн, алардан мурдакы канчалаган муундарды кыйроого дуушар кылышыбыз дагы эле аларды туура жолго багыттаган жокпу? Албетте, мында аяттар (белгилер) бар; дагы эле угушпайбы? (Сажда Сүрөсү, 26)**

# Помпеи бүлгүнү

Тарыхчылардын маалыматы боюнча, мындан 2000дей жыл мурда кээ бир шаарлар жыргалчылыкта, бакубат жашаган шаарлар катары белгилүү болгон. Помпеи да ошондой шаарлардын бири эле.

Везувийдин боорлору бак-дарактуу эле жана Помпеи ошол боорлор менен деңиздин ортосунда курулган жана көбүнчө бай римдиктер жактырган бир жер болгон. Ага кошуна жайгашкан Геркуланум аймагы да ушундай шарттарга ээ эле. Бирок тарыхтын эң белгилүү жанар тоо атылууларынын бири бул кооз жерлерди жок кылган. Бүгүнкү күндө бул жерден вулкандын лавалары аркылуу «ташка айланган» Рим жашоосун майда-бараттарына чейин көрүүгө болот.

Апаат 79-жылдын 24-августунда келген. Помпеиде жергиликтүү элден тышкары, жайды өткөрүүгө келген бай римдиктер жана Геркуланумга же Везувийдин этектерине курулган кооз үйлөрүнө жайгашкан адамдар да бар эле. Везувий вулканы күтүүсүздөн атылган. Алгач жер силкине баштап, тоодон күндүн күркүрөшүнө окшогон каргылданган үндөр келген. Изилдөөлөр боюнча, оттун жалындары асманга устундай көтөрүлүп, анын артынан шумдук бир түтүн көтөрүлгөн. Ошол эле учурда, жаңы жарылуулар болуп, күлдөрдөн, таш-топурактан жана лава бөлүктөрүнөн турган бир «жамгыр» шаардын үстүнө жаап жаткан.

Геркуланумдуктар Везувийге жакыныраак болгондуктан, шаарды көздөй толкун толкун болуп келген, күйүп жаткан ылай селинен катуу коркуп, качканга аракет кылышкан, бирок кача албагандар урандылардын жана ээриген лавалардын астында калышкан. Бирок эң таң калыштуусу, казуу иштеринен алынган маалыматтар боюнча, ошондо деле адамдардын көпчүлүгү шаарды таштап кетүүдө арсар болушкан. Помпеиде шаардын кратерден алыс болушу адамдарда коопсуздук ишенимин пайда кылган жана мындан улам байлардын көпчүлүгү мал-мүлктөрүн таштап кеткиси келбей, бул «күл жамгырынан» үйлөрүнө жашынып коргонууга аракет кылышкан. Белгилүү убакыттан соң эми өтө кеч болуп калганын түшүнгөнгө да жетишпей көз жумушкан. Бир күндө эки шаарда, Геркуланум менен Помпеиде жана алты шаарчада жашаган бүт жандыктар тарых бетинен өчкөн. Куранда ушул сыяктуу кыйроого дуушар кылынган адамдар жөнүндө мындай деп айтылат:

> **Булар сага туура кабар (үлгүлүү аңгеме) катары билдирилген (мурдакы) муундардын кабарлары. Алардын кээ бирлери тирүү калып, (кээ бирлери) орулган эгин(ге айланган). (Худ Сүрөсү, 100)**

Адамзат булардын баарын канчалаган кылымдан соң гана биле алды. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр Помпеидеги байыркы шаардын «жашап жатып катып калган абалын» ачып көрсөттү. Адамдар жан берген учурдагы көрүнүштөрү менен ташка айланып калышкан эле. Куранда кабар берилгендей:

> **Алар зулумдук кылып жатышканда, өлкөлөрдү (же муундарды) кармаган кезде... Раббиңдин (азап менен) кармашы мына ушундай. Чындыгында Анын кармашы өтө азаптуу, абдан оор. (Худ Сүрөсү, 102)**

Мындан жүздөгөн, ал тургай, миңдеген жыл мурда жашаган цивилизациялардын артында урандылардын гана калышы байлыктын аларга эч кандай пайда алып келбей турганын көрсөткөн жана артындагылардын баары кийинкилерге мураска калган. Ал коомдордо жашаган адамдардын балким эң чоң жаңылыштыгы, өздөрүнөн мурда жер менен жексен болуп, тарыхка көмүлгөн элдерден сабак албастан, бул дүйнөдөгү байлык, бийликтерин түбөлүк колдорунда калчудай жана жасаган нерселери аларды өлүмсүз кылчудай элестетиши болсо керек. Мындай жаңылыштык бүгүнкү күндө деле бар. Адамдардын көпчүлүгү «өзүмө бир пайдасы тийет» деген ой менен бүт өмүрүн байлык топтогонго арнашууда же өздөрүн өлүмсүз кылуу (эскерилүү) максатында ар кандай чыгармаларды жаратышууда. Болгондо да, мурдакылардан да ашыкча чектен чыгышып, Аллахтан келген ар кандай эскертүүлөрдү укмаксан болушууда. Бирок мындай кишилер өтө маанилүү бир чындыкты унутпашы керек: бир кездерде жашап, кийин жок болгон мурдакы элдердин урандылары сабак болушу үчүн ошол бойдон алдыбызда турат. Алардын эч бири бул дүйнөдө түбөлүккө калган эмес. Бул дүйнөгө из калтыруу үчүн чыгармаларын калтырып кеткен адамдардын кээ бирлеринин

балким аттары эскерилип калгандыр, бирок мунун алардын чириген денелерине да, акыреттерине да эч кандай пайдасы тийбейт. Бул дүйнөдө сабак алып ойлоно алган адамдарга сабак болушу үчүн жана Аллахтын каардуу азабынын бир эскертүүчүсү катары гана унутулбай сакталып келе жатат.

Аллах адамдарга бул мисалдарды келтирүү аркылуу, дүнүйөнүн туткундарына эскертүү берүүдө. Албетте, мындан насаат алып, сабак чыгара алгандар тарыхтагы эч бир окуянын максатсыз жаратылбаганын жана Аллахтын каалаган учурда, каалаган жерде булардан да күчтүүрөөгүн адамдарга жиберүүгө кудуреттүү экенин түшүнө алышат. Бул дүйнө болгону бир сыноо мекени. Бул дүйнөдө сыноонун талаптарын аткаргандар туура жолду тандаган болушат. Бир гана бул дүйнөнү мекен кылып алгандар болсо мурдакы элдердей бүт баарынан ажырашат. Албетте, бул өз колдору менен кылгандарынын жазасы. Акыретте да кылган иштерине жараша мамиле көрүшөт. Албетте, аныгын бир гана Аллах билет.

# ЧЫНЫГЫ МЕКЕН: АКЫРЕТ

Көп адамдар бул дүйнөдө кемчиликсиз бир жашоого жетүүгө болот деп элестетишет. Белгилүү байлыкка жеткен соң, бул дүйнө жашоосу адамды толук канааттандырып, бактылуу кыла алат деп ойлошот. Кеңири тараган түшүнүк боюнча, адам байлыкка, «бактылуу бир үй-бүлөгө» жана башка адамдардын алдында сый-урматка (статуска) ээ болгондо, жашоосу түгөл болот.

Бирок, Аллах Куранда бизге мындай көз-караш бербейт. Тескерисинче, Куранда кабар берилгендей, бул дүйнө жашоосу эч качан кемчиликсиз жана көйгөйсүз болбойт. Анткени, атайылап ошондой пландалган.

«Дүйнө» деген сөз бул жерде өтө терең маанини билдирет. Бул сөз арап тилиндеги «дений» сыпатынан келип чыккан. «Дений» болсо төмөн, жупуну, барксыз деген маанилерге келет. Демек «дүйнө» сөзү бул сыпаттарды камтыган бир жер деген маанини билдирет.

Китепте көргөнүбүз сыяктуу, бул дүйнө жашоосунун барксыздыгы Куранда көп жолу айтылат. Дүйнө жашоосун кооз көрсөткөн нерселердин баары, б.а. байлык, жумуш орду, жубай, балдар, ийгилик ж.б. Куранда айтылгандай, чындыгында убактылуу жана алдамчы кооздуктар гана:

> **Билип койгула, дүйнө жашоосу жалаң гана бир оюн, «жагымдуу бир алаксуу», бир кооздук, өз араңарда бир мактануу, мал-мүлк жана бала-чаканы «көбөйтүү каалоосу» гана. Бир жамгыр мисалындай. Ал (жамгыр) өстүргөн эгин (аны) эккендердин көңүлүнө жагат, анан (ал) куурайт. Бир карасаң, сапсары болгон болот, кийинчерээк болсо ыпыр-сыпырга айланат. Акыретте болсо оор азап; (же) Аллахтан бир кечирим жана бир ыраазылык бар. Дүйнө жашоосу – алдамчы бир кооздук гана. (Хадид Сүрөсү, 20)**

Башка аяттарда адамдын бул дүйнө жашоосуна кантип алданып калаары төмөнкүчө баяндалган:

> **Жок, силер дүйнө жашоосун тандап, жогору койосуңар. Акырет болсо (андан) жакшыраак жана түбөлүктүүрөөк. (Аъла Сүрөсү, 16-17)**

Маселе, бул аятта айтылгандай, дүйнө жашоосунун акыреттен жогору коюлушунан башталат. Анткени, адамдар бул дүйнө жашоосун акыреттен жогору коюу аркылуу Аллахтын убадасынан жана натыйжада Аллахтан жүз бурган болушат. Аллах Куранда мындай адамдарды **«Бизге жолугууну үмүт кылбагандар (күтпөгөндөр), дүйнө жашоосуна ыраазы болгондор жана аны менен канааттангандар жана Биздин аяттарыбыздан кабарсыз болгондор»** (Йунус Сүрөсү, 7) деп сыпаттайт жана алардын тозокко кирээрин кабар берет.

Албетте, бул дүйнө жашоосунун кемчиликтүү болушу «бул дүйнөдө жакшы нерселер жок» деген мааниге келбейт. Тескерисинче, Аллах бул дүйнөнү бейишти эске сала турган көптөгөн сый-жакшылыктар менен кооздогон. Бирок бул кооздуктардын жанына тозокко тиешелүү түрү сууктуктар менен кемчиликтер да кошулган. Бул дүйнөдө сыноонун бир талабы катары бейиш менен тозокко тиешелүү өзгөчөлүктөр чогуу, аралаш жаратылган. Ыймандуулар буларга карап бейишти да, тозокту да элестете алышат жана өздөрүн бул дүйнөнүн кыска, убактылуу жашоосуна алдырбастан, чыныгы, кемчиликсиз жана түбөлүктүү акырет жашоосун максат кылышат. Аллах Өзүнүн пенделери үчүн тандап жактырган жашоо да ошол акырет жашоосу. «Акырет» Куранда адамдардын чыныгы жана түбөлүктүү мекени катары сүрөттөлөт.

Ошондуктан акырет мекенине жетүү үчүн, тагыраак айтканда, бейишке кирүү үчүн болгон аракетин жумшоо зарыл. Аллах ыймандуу кулдарына мындай деп буйруган:

> **Раббиңерден болгон кечиримге жана туурасы асмандар менен жердей болгон бейишке (жетүү үчүн) жарышкыла; ал муттакилер (Аллахтан коркКондор) үчүн даярдалган. (Али Имран Сүрөсү, 133)**

# Бейиш үчүн жарышкандардын абалы

Ыймандуулар Куранда түбөлүк сыйлык жана чексиз бактылуулук менен сүйүнчүлөнүшкөн. Бирок бул жерде өтө маанилүү бир нерсени билүү керек: түбөлүккө созулган, чексиз сулуулуктарды камтыган бул кубанычтуу кабар ыймандуулар бул дүйнөдө жашап жатканда эле башталат. Анткени, момун (ыймандуу адам) акыретте бейиш менен сүйүнчүлөнгөнү сыяктуу, бул дүйнөдө да Аллахтын берешендигинен жана сый-жакшылыктарынан куру кол калтырылган эмес.

Куранда чын ыкластан жакшы иштерди жасаган ыймандуулардын бул дүйнөдө да сонун, бактылуу өмүр сүрөөрү кабар берилген:

> **Эркек болсун, аял болсун, бир момун (ыймандуу) катары ким ыкластуу бир амал (иш-аракет) жасаса, албетте, Биз аны сонун бир жашоо менен жашатабыз жана алардын акысын кылгандарынын эң сонуну менен сөзсүз беребиз. (Нахл Сүрөсү, 97)**

Бир жагынан сыйлык катары, экинчи жагынан болсо берешендигинин бир көрсөткүчү катары чын ыкластуу пенделерине бул дүйнөдө сый-жакшылыктарды бериши – Аллахтын өзгөрүлбөс мыйзамы. Байлык, кооздук жана сулуулук бейиштин эң негизги өзгөчөлүктөрүнөн болгондуктан, Аллах сүйгөн, тандалган пенделерине бейишти эске сала турган жана алардын бейишке жетүү каалоосун күчөтө турган бейиштин үлгүлөрүн бул дүйнөдө да жаратат. Ошондуктан, ыймансыздардын түбөлүктүү азабы бул дүйнөдөн эле башталганы сыяктуу, чын ыкластуу ыймандууларга убада кылынган түбөлүк жакшылыктар да аларга бул дүйнөдө эле көрсөтүлүп баштайт. Аллах ыймандууга, аны сыноо максатында, өмүр бою кыйынчылыктарды жана оору-сыркоолорду да бериши мүмкүн. Бирок Аллахтын ыраазылыгы үчүн буларга сабыр кылган момун ал кыйынчылыктардын баарынан ыймансыз адам түшүнбөй турган, руханий бир ырахат алат.

Ыймандуу адам Жараткан Аллахты таанып-билгени үчүн, Анын буйрук жана тыюуларына моюн сунганы үчүн, Анын адамдар үчүн тандап жактырган дин адеп-ахлагын орундатканы үчүн жана өлүмдөн кийинки жашоосу жөнүндө өтө чоң үмүт-кыялдары болгону үчүн, бул дүйнөдө өмүр бою ар кандай руханий азаптардан жана кайгы-муңдардан алыс болот. Эң негизгиси, Жараткан Аллахтын жардамы жана колдоосу дайыма аны менен бирге болот. Бул – ыймандуулардын ар бир намазында, ар бир сооптуу ишинде, Аллах ыраазылыгы үчүн кылган чоң-кичине ар бир иш-аракетинде Аллахтын аны көрүп тураарын, периштелердин аларды «иш-аракет дептерине» жазып жатканын жана акыретте алардын баарынын акысын алаарын билишинен келип чыккан руханий бир бейпилдик.

Бул – Аллахтын ыймандууларды көрүнбөгөн периштелер менен колдоорун, **«алдыларынан жана арттарынан карап тургандардын» бар экенин жана алардын ыймандууларды «Аллахтын буйругу менен карап-коргоп»** (Рад Сүрөсү, 11) тураарын, Анын жолунда илимий-пикирдик күрөштө жеңишке жете тургандардын жана бейиш менен сүйүнчүлөнгөндөрдүн ыймандуулар экенин билишинен келип чыккан бир ишенимдүүлүк сезими. Ошондуктан чын ыкластуу ыймандуулар Аллахтын периштелерге билдирген **«...ыймандууларга бекемдик кошкула...»** (Анфал Сүрөсү, 12) деген вахийинин негизинде коркуп, кайгы-муңга чөгүшпөйт. Ыймандуулар **«биздин Раббибиз Аллах» деп анан туптуура жолдо жүргөн»** (Фуссилет Сүрөсү, 30) инсандар. Жана **«аларга периштелер түшүп: «Коркпогула жана кайгырбагыла, силерге убада кылынган бейиш менен кубангыла»** (Фуссилет Сүрөсү, 30) дешет. Ыймандуулар Аллахтын **«эч кимге күчү жеткенден ашыкчасын жүктөбөшүн»** (Аьраф Сүрөсү, 42) билишет. Тагдырга жана бүт нерсенин Аллахтын колунда экенине толугу менен ишенишет жана ошондуктан башына келген нерселерге **«Бизге Аллах биз үчүн жазгандарынан башка, эч качан эч нерсе келбейт»** (Тообо Сүрөсү, 51) деп Аллахка таянышат. Аллахтын ыраазылыгы үчүн жашап, ар дайым **«Аллах бизге жетет, Ал кандай сонун Векил (таяныч).»** (Али Имран Сүрөсү, 173) дешкени үчүн, аларга эч бир жамандык келбейт. Бирок бул дүйнө сыноо мекени болгондуктан, албетте, ыймандуулар да ар кандай кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн. Кээде ачарчылык, оору-сыркоо, уйкусуздук, кырсык, материалдык жоготуу сыяктуу ар кандай оор кырдаалдарга кабылышы

ыктымал. Кедейлик жана кыйынчылыктар менен да сыналышы мүмкүн. Аятта мындай сыноолор төмөнкүчө кабар берилген:

> **Же силерден мурда жашап-өткөндөрдүн абалы башыңарга келбестен бейишке киребиз деп ойлодуңарбы? Аларга ушундай бир жокчулук, ушундай оор бир кыйынчылык келип, ушунчалык кыйналышкандыктан, аягында элчи айланасындагы ыймандуулар менен бирге «Аллахтын жардамы качан?» деп жатты. Көңүл бургула. Күмөнсүз Аллахтын жардамы өтө жакын. (Бакара Сүрөсү, 214)**

Албетте, мындай кыйынчылыктар пайгамбардын жана анын жанындагы ыймандуулардын Аллахка болгон сый-урмат жана коркуу сезимдерин жана бейишке болгон сагынычын ан сайын арттырган. Аллах аяттын аягында жардамынын өтө жакын экенин сүйүнчүлөгөн. Аягында **«Аллах такыба (Аллахтан корккон) адамдарды ыйман келтирип жана ыймандарын ишке ашыруу менен жеңишке жетишкендиги үчүн куткарат. Аларга жамандык жетпейт жана алар кайгыга кабылышпайт.»** (Зүмер Сүрөсү, 61)

Ыймандуулар кыйынчылыктардын алардын ыйманын сыноо үчүн атайын жаратылганын, Аллахка таянып, жакшы сабыр кылса, акыретте ал үчүн чексиз сыйланаарын, тарбияланып-жетилиши үчүн мыкты мүмкүнчүлүктөр экенин билгендиктен, эч качан кайгырып, капаланышпайт. Ал тургай, ан сайын шыктанышат. Кыйынчылыктар алардын руханий тең салмактуулугуна, акылмандыгына жана чечкиндүүлүгүнө эч качан терс таасирин тийгизбейт.

Ал эми каапырларда болсо толугу менен тескерисинче болот. Ыймансыздар денеси менен да, руханий жактан да азап тартышат.

Коркуу, кайгыруу, үмүтсүздүк, тынчсыздануу, пессимизм сыяктуу ыймансыздарда көп кездешкен терс сезимдер алардын тозокто тарта турган азабынын руханий бөлүгүнүн бул дүйнөдөгү кичинекей бир башталышы болуп саналат. Аллах жолдон адашкан бул адамдардын **«көкүрөгүн асманга көтөрүлүп бара жаткандай тар жана машакаттуу кылат»** жана **«ыймансыздардын үстүнө ушундай жамандыкты түшүрөт.»** (Энъам Сүрөсү, 125)

Ал эми, Аллахтан кечирүү тилеп, тообо кылган чын ыкластуу момундарга болсо бул дүйнөдө да берешендик кылып, жакшылыктарды берээрин аяттарда кабар берген. Худ Сүрөсүнүн 3-аятында мындай деп айтылат:

> **Жана Раббиңерден кечирүү тилегиле жана Ага тообо кылгыла. Ал силерди белгилүү бир убакытка чейин эң сонун ырыскылар менен пайдаландырсын жана ар бир берешен адамга Өзүнүн берешендигинен берсин. Эгер жүз бурсаңар, чындыгында мен силерге улуу күндүн азабынын келип калуусунан коркомун. (Худ Сүрөсү, 3)**

Башка бир аятта болсо ыймандуулардын бул дүйнө жашоосу төмөнкүчө сүрөттөлөт:

> **(Аллахтан) Тартынгандарга: «Раббиңер эмне түшүрдү?» деп айтылганда, «жакшылык» дешти. Бул дүйнөдө жакшы мамилелер кылгандарга жакшылык бар; акырет мекени болсо жакшыраак. Такыбалуулардын (Аллахтан корккондордун) мекени кандай сонун. (Нахл Сүрөсү, 30)**

Акырет мекени бул дүйнөдөн жакшыраак жана жогору. Акырет мекенине салыштырганда, бул дүйнөдөгү коздуктардын баары толугу менен барксыз болуп калат. Ошондуктан эгер максат коюла турган болсо, ал максат бир гана акырет болушу шарт. Ансыз да, акыретти максат кылган ыймандууларга Аллах бул дүйнөдө да жакшылыктарын көбөйтөт.

# Ыймандуулардын чыныгы мекени: бейиш

Аллах Өзүнүн алдына ыймандуу сыпатында келе тургандар үчүн ичинде түбөлүк жашай турган бейишти убада кылган. Аллахтын убадасы болсо сөзсүз ишке аша турган анык убада. Ошондуктан Аллахка анык далилдер менен ишенгендер бул убаданын ишке ашаарынан эч күмөн санашпайт жана ыйманы менен жан берсе, күнөөлөрүнүн кечирилип, бейишке кабыл алынаарын билишет. Бир аятта мындай деп айтылат:

**Адн бейиштери (аларга болот), Рахман (Аллах аны) Өз кулдарына кайыптан убада кылган. Күмөнсүз, Анын убадасы орундалат. (Мариям Сүрөсү, 61)**

Эң аягында күткөн учур келет. Бейиш – бул, ыймандуулар өмүр бою ойлонгон, жетүү үчүн дуба кылган жана ылайыктуу болуу үчүн болгон күчү менен аракет кылган жер, «жашай турган жерлердин эң жакшысы» жана «Аллах Кабатындагы чыныгы барыла турган кооз мекен».

Ыймандуулар үчүн даярдалып, аларга тартуу кылуу үчүн эшиктери ачылган болот. Ыймандуулардын бейишке киришин жана андагы теңдешсиз сулуулукту сүрөттөгөн аяттар төмөнкүдөй:

**Алар Адн бейиштерине киришет. Аталарынан, жубайларынан жана урпактарынан «ыкластуу иштерди» кылгандар да (Адн бейиштерине кирет). Периштелер аларга ар бир эшиктен кирип (мындай дешет:) «Сабыр кылганыңар үчүн салам силерге. (Дүйнө) Мекени(нин) аягы кандай сонун.» (Рад Сүрөсү, 23-24)**

# Бейиштеги кооздуктар

**Такыба (Аллахтан корккон) адамдарга убада кылынган бейиш; анын астынан дарыялар агат, жемиштери менен көлөкөлөрү түбөлүктүү. Бул коркуп-тартынгандардын (бактылуу) натыйжасы, каапырлардын аягы болсо от. (Рад Сүрөсү, 35)**

Бейиш жөнүндөгү «бейиш бир гана табият кооздуктарынан, жашыл бак-дарактардан жана дарыялардан турат» деген түшүнүк Курандан алынган эмес жана өтө үстүртөн караган бир көз-караштын натыйжасы. Албетте, табият кооздуктары жана жашыл бак-дарактар бейиштеги сулуулуктардын бир бөлүгү. Сарайлардын, көлөкөлүү жайлардын жанында, бакчалардын ичинде жана булактардын жанында жашыл чөптөрдүн өсүп турушу өзүнчө бир кооздук. Бирок буга окшогон сүрөттөөлөрдүн эч бири бейиштеги сулуулуктарды толук сүрөттөп бере албайт.

Бир бөлүгү бул дүйнөдөгүлөргө окшогон, бир бөлүгү болсо эч бир адам көрүп билбеген, **«ар кандай «назиктиктерди жана кооздуктарды» камтыган»** (Рахман Сүрөсү, 48) бейиштин сый-жакшылыктары менен кооздуктары биз элестеткенден алда канча өзгөчө болот. Биз элестеткенден такыр башкача жана Аллахтын чексиз илими менен даярдардалган көптөгөн кооздуктар менен сюрпризder да бейиште ыймандууларды күтүп турат. Өзгөчө **«...Раббилеринин Кабатында эмне каалаca баары алардыкы болот. Улуу пазилет (сый-жакшылык жана жогорулук) мына ушул»** (Шура Сүрөсү, 22) деп аятта айтылгандай, бүт табият кооздуктары да кошо, бейиштеги нерселердин баары ыймандуулар каалагандай болот. Башкача айтканда, Куранда кабар берилген кооздуктардан тышкары, адамдын кыялданган нерселеринин бүт баары да, Аллахтын уруксаты жана берешендиги менен, бейиште жаратылат.

# Бейиште ыймандуулардын жашоо шарттары

> **Аллах ыймандуу эркектерге жана ыймандуу аялдарга ичинде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштерди жана Адн бейиштеринде сонун үйлөрдү убада кылган. Аллахтан болгон ыраазылык болсо баарынан өйдө. Улуу кутулуу жана бакыт мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 72)**

Ыймандуулардын бул дүйнөдө жашаган үйлөрү **«(Бул нур) Аллах алардын улуулашына жана ысмынын эскерилишине уруксат берген үйлөрдө»** (Нур Сүрөсү, 36) деп кабар берилген жайлар болот жана Аллахтын буйругуна ылайык таптаза кармалат. Бейиштеги үйлөр да ушул сыяктуу ыймандуулар Аллахты эстеген жана Ага шүгүр кылган, таптаза жайлар болот.

Ыймандуулар жашаган кооз турак жайлар, үйлөр, сарайлар жогоруда сүрөттөлгөн табият кооздуктарынын ичинде да, өтө заманбап жана кооз архитектуралуу шаарларда да курулган болушу мүмкүн.

Куранда айтылган үйлөр көбүнчө табият кооздуктарынын арасына курулган. Ал аяттардын бири төмөнкүдөй:

> **Бирок Раббилеринен коркуп-тартынгандар болсо; аларга бийик сарайлар бар, алардын үстүндө да бийик сарайлар курулган. Алардын астында суулар агып турат. (Бул) Аллахтын убадасы. Аллах убадасынан кайтпайт. (Зүмер Сүрөсү, 20)**

Бул аятта айтылган бийик жерлерге курулган сарайларда астынан суулар агып турган кооз пейзажга суктануу үчүн чоң терезелүү же төрт тарабы тең айнектерден жасалган салондор болушу мүмкүн. Ошентип ыймандуулар адамдын руху эң көп ырахат ала тургандай даярдалган үйлөрдө, тактылардын үстүндө жазданып жатканда жана эң сонун мөмө-жемиш жана суусундуктар менен сыйланып жатканда, бийик жерден бири-биринен кооз пейзаждарга суктанып, андан да өзүнчө ырахат алышат.

Сарайлардын планы жана төшөлүшү эң сапаттуу буюмдар жана мыкты төп келишкен түстөр менен жасалат. Комфорттуу креслолор, маңдай-тескей коюлган тактылар болот. Аллах тактыларга көптөгөн аяттарда көңүл бурган. **«Өтө кылдат баалуу таштардан жасалган» тактылардын үстүндө. Маңдай-тескей жазданышкан болот»** (Вакыа Сүрөсү, 15-16), **«тыкандык менен тизилген тактылардын үстүндө сүйөнүшкөн...»** (Тур Сүрөсү, 20) деп аяттарда айтылгандай, тактылар байлыктын, зоболонун жана күч-кудуреттин символу болуп саналат. Аллах бейишти насип кылган ыймандуулар бейиштеги тактылардын үстүндө жазданып отурушат. Жана дайыма Аллахты эстешет:

> **Адн бейиштери (алардыкы); ал жерге киришет, ал жерде алтындан билериктер менен жана берметтер менен жасанышат. Жана ал жерде алардын кийимдери жибек(тен). «Бизден кайгыны кетирип жок кылган Аллахка мактоолор болсун; күмөнсүз Раббибиз чындыгында кечиримдүү, шүгүрлөрдү кабыл кылуучу. Ал бизди Өз берешендигинен (түбөлүк) жашай турган бир мекенге жайгаштырды; бул жерде бизге бир чарчоо келбейт жана бул жерде бизге бир тажоо да келбейт» дешет. (Фатыр Сүрөсү, 33-35)**

Бейиштеги буюмдар **«түркүн түркүн чеберчиликтер»** менен жасалып, **«көз жоосун алган кооздукта»** болот. Алар Аллахтын чексиз илиминин жана чексиз чеберчилигинин бир үлгүлөрү. Мисалы, тактылар баалуу таштардан куралып, бийик жерлерге жасалган жана тыкандык менен тизилген. Кийимдер жибек жана атластан. Алтын жана күмүш зер буюмдары аларды кооздоп турат. Аллах Куранда бейиш жөнүндө көптөгөн маалыматтарды берип, бирок алар менен эле чектелбешин да билдирген. Чоң бир ыктымалдык менен, бейиштеги сулуулуктар ар бир ыймандуунун өзүнүн табитине жараша жаратылат (анысын Аллах билет). Албетте, Аллах бейишке ылайыктуу кылган, кадыр-барктуу момундарга Куранда кабар берген сый-жакшылыктарынан тышкары, дагы канчалаган сюрприздерди даярдап койгон.

# Бейиш адамдар кыялдангандан алда канча кооз

> **... Ал жерде көңүлдөр каалаган жана көздөр ырахат алган бүт нерселер бар. Жана силер ал жерде түбөлүк жашайсыңар. (Зухруф Сүрөсү, 71)**

Курандагы сүрөттөөлөргө жана салыштырууларга, ошондой эле, Бакара сүрөсүнүн 25-аятында айтылгандай «бейиштеги сый-жакшылыктардын бул дүйнөдөгүлөргө окшош болооруна» таянып, бейиштин кандай жер экенин жалпысынан элестете алабыз. Биз билгендей, Аллах ыймандууларды **«аларга сүрөттөп тааныштырган бейишке киргизет»** (Мухаммед Сүрөсү, 6). Ошентип бул дүйнөдө да, Аллахтын уруксаты менен, бейиш жөнүндө маалымат ала алабыз. Бирок бул маалыматтар Аллах бизге билдиргендер жана ошонун негизинде биздин кыялдангандарыбыз менен гана чектелет. «Бул маалыматтар бейишти толук сүрөттөйт» деп айта албайбыз. Өзгөчө кээ бир аяттарда көңүл бурулган өтө маанилүү бир жагдай бар, ал аяттарда бейиш «кыялдануу күчүн ойгото тургандай» сүрөттөлгөн. Курандагы **«бузулбаган суудан дарыялар, даамы өзгөрбөгөн сүттөн дарыялар, ичкендер үчүн ырахат берүүчү шараптан дарыялар жана таза балдан дарыялар бар»** (Мухаммед Сүрөсү, 15) деген мисал бизге бейиштин адамдар кыялдангандан башкача бир жер экенинен кабар берет. Бул аят адамдарга бейиш «сюрприздердин мекени» деген түшүнүк берет.

Башка бир аятта Аллах бейишти «майрам» деп сүрөттөгөн:

> **Бирок Раббилеринен коркуп-тартынгандар; алар үчүн Аллах Кабатында, бир майрам катары, астыларынан дарыялар аккан, ичинде түбөлүк жашай турган, бейиштер бар. Жакшылык кылгандар үчүн Аллахтын Кабатындагылар жакшыраак. (Али Имран Сүрөсү, 198)**

Аллах бул аятта бейишти майрам жана көңүл ачуу мекени деп сүрөттөгөн. Бул майрам мөөнөтү, масштабы жана мазмуну жагынан бул дүйнөдөгү майрамдардан алда канча зобололуу бир майрам болот.

Түбөлүк жашоодо тынымсыз ушул сыяктуу майрамдар менен жана ушуга окшогон эч түгөнбөгөн ар кандай сый-жакшылыктар менен алек болуу бир гана бейишке тиешелүү дагы бир сыпатты алып келет: чарчабастык. Куранда бул жөнүндө бейиштеги ыймандуулардын мындай деп айтаары кабар берилет:

> **«...бул жерде бизге бир чарчоо келбейт жана бул жерде бизге бир тажоо да келбейт» дешет. (Фатыр Сүрөсү, 35)**

Буга мээнин чарчашы да кириши мүмкүн (анығын Аллах билет). Бул дүйнөдө адамдар дене жагынан алсыз жаратылганы үчүн бат чарчашат. Чарчаганда көзү тунарып, концентрациясы бузулат, жакшы ойлоно албай калат жана кабыл алуусу да начарлайт. Бирок бейиште мындай болбойт. Ыймандуулар Аллахтын сый-жакшылыктарын толук сезип, алардан ырахат алышы үчүн алардын мээси ар дайым сергек жана тунук болот. Бул дүйнөдөгү кемчиликтердин бири болгон чарчоо сезими бейиште жок кылып коюлганы үчүн, ыймандуулар чексиз сый-жакшылыктардан эч тынымсыз пайдалана алышат. Бир сыйдан экинчисине өтүп, үзгүлтүксүз ырахат алышат.

Чарчоо жана тажоо сезимдери эч болбогон бейиште Аллах ыймандууларга сыйлык берип, **«каалаган нерселеринин бүт баарын»** жаратат. Ал тургай, **«ал жерде каалаган нерселеринин баары алардыкы (болот); Кабатыбызда андан да көбү бар»** (Каф Сүрөсү, 35) деп Аллах адамдардын эңсеп, кыялдана алганынан да көбүн берээрин, чектүү каалоолорубуздун бейиште эсе эсе көбөйтүлөөрүн билдирген.

Муну да унутпаш керек: «чынчылдык даражасы» болгон бейиштин эң чоң сый-жакшылыктарынын бири – бул, тозоктун азабынан кутулуу (Духан Сүрөсү, 56). Уңулдаган добушу да угулбаган (Анбия Сүрөсү, 102) тозокту көрө алган жана тозоктогу адамдар менен сүйлөшө алган ыймандуулар бейиштеги сый-жакшылыктарга көп көп шүгүр кылышат:

**Мындай дешти: «Биз чындыгында мурда үй-бүлөбүз (жакын туугандарыбыз) арасында да санаа болуп-коркчубуз. Эми Аллах бизге берешендик кылды жана «клеткаларга чейин жетүүчү кууруй турган» азаптан сактады. Күмөнсүз, биз мындан мурда Ага дуба (кулчулук) кылчубуз. Чындыгында Ал жакшылыгы көп, өтө боорукер.» (Тур Сүрөсү, 26-28)**

Бейиштеги жерлердин кооздугу Куранда төмөнкүчө сүрөттөлөт:

**Кайсы тарапка бурулсаң, бир немат (сый-жакшылык) жана чоң бир мүлк көрөсүң. (Инсан Сүрөсү, 20)**

Аяттарда айтылышынча, бейиштин бүт тарабы жана ар бир бурчу, же «сүрөттөлүштүн ар бир кадры» Аллахтын теңдешсиз илиминин урматында сансыз сый-жакшылыктарга бөлөнгөн. Булардын баары бир гана Аллах мээримдүүлүк кылып, кечирген жана бейишине киргизген ыймандууларга арналган... (аныгын Аллах билет). Башка аяттарда бейиш жөнүндө мындай деп айтылат:

**Раббилери алардын көкүрөктөрүндө кекенүүдөн (эмне бар болсо баарын) алып салган; бир туугандар катары тактылар үстүндө маңдай-тескей (отурушат). (Хижр Сүрөсү, 47)**

**Ал жерде түбөлүк жашашат, ал жерден чыккылары келбейт. (Кехф Сүрөсү, 108)**

# *«Бейиштеги ыймандуулардын метафизикалык жашоолору жана башка кооздуктар»*

**АДНАН ОКТАР:** Кооз кийимдерди аялдар абдан жакшы көрүшөт. Хадисте бейиште **«бир караганда жети кабар кийимди өз-өзүнчө көрөсүңөр»** дейт. Жети башка кийим, бирок ал аял бир кийим кийгендей болот. Бир кийимдей, бирок караганда жети кийим тең көрүнөт. Мисалы, бир көйнөгү өзүнчө көрүнөт, экинчи көйнөгү өзүнчө көрүнөт, ар бирин өз-өзүнчө көрөсүң. Бул бейиштин метафизикалык өзгөчөлүктөрүнүн бири. Адамдын денелери да көп болот, б.а. бир кишиге жүздөгөн, миңдеген дене берилет, бирок баарынын руху бир. Мисалы, азыр менин оң колумда өзүмдүн рухум бар, сол колумда да өзүмдүн рухум бар, бирок экөөсүн тең өз-өзүнчө сезе алам. Бул калемди кармап турам, баарын өз-өзүнчө сезип жатам. Жалгыз рух сезип жатат. Денелер да ушул сыяктуу болот. Оңумда да, солумда да дене болот, бирок баарын жалгыз рух сезет.

Бир аял бир көйнөк кийгенде көңүлү толбойт, оюу экинчи көйнөктө калат, «ошону кийсем жакшы болмок!» дейт. Анан аны да кийет, кайра эле көңүлү толбой, «бул көйнөк да сонун» дейт, аны да кийет. Баарын кийе алышы үчүн, руху толук канааттанышы үчүн, Аллах бир канча дене жаратат. «Хүлле» деп айтылат хадистерде, «кабат кабат хүллелер кийет» дейт. «Жубайы караганда, баарын өз-өзүнчө көрөт» дейт. «Мүнөзү сулуу, өзү сулуу» дейт Аллах аятта, аялдардын кулк-мүнөзүнүн сулуулугун биринчи кезекке койгон. Кулк-мүнөздүн сулуулугу абдан маанилүү.

Аятта аялдар жөнүндө «корголгон жумуртка сыяктуу» деп айтылат, б.а. дене сызыктары жумуртка сыяктуу, жумшак, жылмакай жана тегиз. Бирок караңыз, «корголгон жумуртка сыяктуу» деген сөздүн мааниси терең, анткени аял корголгондо сулуу болот. Көп кишиге тиешелүү болсо, рух ошондой жаратылгандыктан, бир заматта өчүп жоголот аял, эч бир мааниси калбайт көп кишиге тиешелүү болсо. Ошондуктан Аллах «бир гана силерге тиешелүү» жана «көздөрүн бир гана жубайларына буруп, ашык болуп караган» деп билдирет. Көздөрүндө ашыктык сезими болот аялдын, күйөөсүн дүйнөнүн эң кемчиликсиз инсаны катары көрүп, эң көп аны жактырат. Башканы сүйө турган күчү болбойт, албетте ыймандууларды жакшы көрөт, бирок жыныстык мааниде бир гана күйөөсүн жактырат. Башка ыймандууларды абдан жакшы көрөт, бүт баарын сүйөт, бирок жаратылышы, табияты жагынан бир гана күйөөсүн жактыра тургандай табиятта болот. Түбөлүккө ушундай болот. Мисалы, күйөөсүн кандай келбетте көргүсү келсе, Аллах ага ошондой келбет берет. Кайсы денеде болушун кааласа. Миңдеген адамдын келбетинде көрүнөт күйөөсү. Аял да ошондой, түркүн түркүн денелерде көрүнөт. Бирок баарында бир рух болот, иншаАллах.

Бүт нерсени бир эле жолу ойлонуп коюшу жетиштүү болот. Мисалы, биз азыр кыялдансак, каалаган нерсени элестете алабыз, туурабы? Көзүбүздү жумуп, каалаган тамакты элестете алабыз. Жакшы көргөн бир адамыбызды каалаганда элестетип көрө алабыз. Элес катары. Ушул сыяктуу, бейиште биз ойлоноор замат үч өлчөмдүү жана жандуу абалда бир заматта пайда болот. Бул дүйнөдө күңүрт бир элес катары пайда болсо, бейиште Аллах тунук кылып көрсөтөт.

Каалаган тамагың, каалаган нерсең ошол замат пайда болот. Мисалы, «бир киши көчөдө сулуу бир адамды көрөт, аны көрөөр замат өзүнүн денеси да ошондой болуп калат» дейт. Жана ар бир жолкусунда жубайына «бүгүн дагы сулуураак болуп калыпсың» дейт. Эртеси күнү көрүп, «бүгүн андан да сулуусуң» дейт. Күн сайын ушул сөздү айтат. Чындап эле ошондой көрүнөт. «Сага бир нерсе болуптур, дагы сулуураак болуп калыпсың» дейт. Бейиштин системасы ушундай, бирок Аллах бул дүйнөдө мына ошого тарбиялап даярдайт.

Бул таалим-тарбиядан өтпөсө, адам эгоист, өзүмчүл, корс, көрө албас, өтө терс мүнөздүү болуп калышы мүмкүн. Ошол үчүн биз бул таалим-тарбиядан өтөбүз. Бул таалим-тарбиядан өткөн соң, **«эй көңүл ток (көңүлү тынчтанган) напси»** дейт Аллах, б.а. тең салмактуу болуп калган, **«сен Аллахтан ыраазы болуп»**, «Эй Рабби, Сенден ыраазымын. Берген сый-жакшылыктарыңдан, бүт баарынан, Сенден ыраазымын» дейт, **«Аллах да силерден ыраазы болуп»**, Аллах да айтат: «Мен да сенден ыраазымын, кулчулук милдетиңди аткардың. Таалим-тарбиядан өттүң» дейт, **«Чын ыкластуу кулдарымдын арасына кир»** дейт, «чын ниеттүү кулдарымдын арасына кир», **«Бейишиме кир»** дейт Аллах Таала.

Ал жерде, бейиште бүт нерсе акылдуу. Чөйчөктү карайсың, ичине эмне толушун каалаасаң, ошол замат толуп калат. Ичесиң, каалаcаң бош турат, бирок ичкиң келгенде ошол замат кайрадан толот. Бутактан мөмөнү аласың, алаар замат бутакта кайрадан мөмө пайда болот. Аятта **«түгөнбөгөн мөмөлөр»** дейт Аллах. Эч түгөнбөйт, жейсиң, өсүп чыгат, кайра үзүп, кайрадан жейсиң. Бүт бутактар мөмөгө толо. Ал тургай, **«бутактары ийилген»** дейт Аллах аятта. Көрүп ырахат алышыбыз үчүн.

Адам жубайын бейиште абдан катуу сүйөт, салыштырып болбойт. Бир туугандарын да абдан жакшы көрөт, бирок пайгамбарларды эч салыштыргыс даражада катуу сүйөт. Алардын кандай кыйынчылыктардан өткөнүн билебиз, Аллах жолунда күрөшүшкөн, туруктуулугун, бекемдигин көрөбүз. Мисалы, ал жерде Пайгамбарыбыз (сав)ды бүт мусулмандар, бүт үммөт, баары бооруна басат. Ошол үчүн денеси абдан көп болот Пайгамбарыбыз (сав)дын.

Пайгамбарыбыз (сав) бүт тарапта болот, анткени элдин баары аны менен сүйлөшкүсү келет. Бир гана денеси болсо маектеше алышпайт. Ошондуктан бүт чогулуштарда, бүт дасторкондордо болот пайгамбарлар. Көп денелүү болушат, бирок ошого ылайыктуу кулк-мүнөз бул дүйнөдөгү таалим-тарбиядан калыптанат... *(Аднан Октардын 2010-жылдын 20-августундагы Kocaeli TV каналындагы маегинен үзүндү)*

# Бүт сый-жакшылыктардын эң жогоркусу: Аллахтын ыраазылыгы

**Аллах ыймандуу эркектерге жана ыймандуу аялдарга ичинде түбөлүк жашай турган, астынан дарыялар аккан бейиштерди жана Адн бейиштеринде сонун үйлөрдү убада кылган. Аллахтан болгон ыраазылык болсо баарынан өйдө. Улуу кутулуу жана бакыт мына ушул. (Тообо Сүрөсү, 72)**

Бейиштеги сый-жакшылыктар көз жоосун алат. Аллах бейиште адамдын беш сезимине эң жогорку ырахаттарды жана эң сонун даамдарды таттырат.

Бирок бейиштин булардын баарынан алда канча жогору турган эң чоң сый-жакшылыгы – бул, Аллахтын ыраазылыгы. Ыймандуунун Аллахтын ыраазылыгына жете алганы үчүн ичиндеги кубаныч жана бейпилдик сезими. Жана Аллах тартуулаган бүт нерселер үчүн Раббибизге ыраазы болуудан жана Ага дайыма шүгүр кылуудан келип чыккан чыныгы бакыт. Куранда бейиш эли сүрөттөлүп жатканда бул сыпатка төмөнкүчө көңүл бурулган:

**... Аллах алардан ыраазы болду, алар да Андан ыраазы болушту. Улуу кутулуу жана бакыт – мына ушул. (Маида Сүрөсү, 119)**

Бейиштеги сый-жакшылыктардын кээ бир үлгүлөрү бул дүйнөдө да бар, бирок Аллахтын ыраазылыгына ылайык болгондо гана чындап баалуу болушат.

Бул жагдай абдан маанилүү жана муну терең ойлонуу керек. Сый-жакшылыктардын чыныгы баалуулугу алардагы даам жана ырахаттардан бир топ жогору турат. Чыныгы баалуулук – бул, аларды Аллахтын жаратышы. Бир сый-жакшылыкты колдонуп, ага шүгүр кылган ыймандуу ал сый-жакшылыктын Аллахтын белеги экендигин, Аллахтын аны сүйөөрүн, коргоп-колдоорун жана ага мээрим төккөнүн сезет жана чыныгы ырахатты мына ушунан алат.

Ошондуктан адамдын жүрөгү бейиш менен гана канааттанат. Адам Аллахка кулчулук (ибадат) кылуу үчүн жаратылган жана ушул себептен бир гана Аллахтын сый-белектеринен ырахат алат. Бул дүйнөдө болсо бейишке окшогон жерлерде, б.а. сый-жакшылыктар Аллахтын ыраазылыгына туура келген жана Ага шүгүр кылынып пайдаланылган жерлерде өзүн бейпил сезет.

Бейиш – Аллахтын сый-белеги, жана ошондуктан абдан баалуу. Бейиш эли **«сыйга ылайык көрүлгөн пенделерден»** (Анбия Сүрөсү, 26) болгондуктан, түбөлүк бактылуу болушат. Ал жерде, аяттарда айтылгандай, **«улуу жана берешен»** (Рахман Сүрөсү, 78) Аллахтын атын мактап, даңкташат.

# ЫЙМАНСЫЗДАРДЫН МЕКЕНИ: ТОЗОК

Ыймансыздардын түбөлүк жашай турган мекени – бул, адамдын денеси менен рухуна азап таттыруу үчүн атайын жаратылган тозок.

Анткени, ыймансыздар күнөөкөр жана эң чоң күнөөнү жасашкан. Адамдын аны жаратып, ага жан берген Аллахка баш көтөрүп, шүгүрсүздүк кылышы – бүт ааламдагы эң чоң кылмыш. Ошондуктан тозокто Аллахтын адилеттүүлүгү орундатылат. Адам Аллахка кулчулук кылуу үчүн жаратылган. Жаралуу максатын кабыл албаса, бул катасынын жазасын алат. Аллах бир аятта мындай деп билдирет:

> **... Мага ибадат кылуудан текеберленген адамдар тез арада кор болгон абалда тозокко киришет. (Момун Сүрөсү, 60)**

Аятта кабар берилгендей, адамдардын бир тобу тозокко кетет жана эч кимдин тозоктон кутулуу кепилдиги жок. Ар бир адам үчүн эң чоң коркунуч – бул тозок, жана эч бир нерсе бир адамдын өзүн, Аллах каалабайынча, түбөлүккө созула турган тозок азабынан сакташынан маанилүүрөөк боло албайт. Бул дүйнөдөгү эч бир жумуштун тозоктон кутулуу үчүн жасала турган иштерден маанилүүрөөк болушу мүмкүн эмес.

Бирок, ошого карабастан, адамдардын көпчүлүгү мас кишилердей жүрө беришет. Маанисиз бир нерсе үчүн канчалаган ай, канчалаган жыл эмгектенишет да, эң чоң коркунучтан, т.а. тозоктон кантип кутулаарын ойлонуп да коюшпайт. От жанында турат, бирок аны байкабай турганчалык сокур болушат. Куранда «дайыма мас» (капилет, бейкапар) абалында жүргөн бул көпчүлүк жөнүндө мындай деп айтылат:

> **Адамдарды суракка алуу (убактысы) жакындашты, алар болсо капилет болуп, жүз бурушууда. Раббилеринен аларга жаңы бир эскертүү келсе эле, аны сөзсүз оюн кылып угушат. Алардын жүрөктөрү (дүйнөгө) берилип алагды болуп жүрөт... (Анбия Сүрөсү, 1-3)**

Кээ бир адамдар бул дүйнөдө берилген өмүрдү анын майда-чүйдөлөрүнө алаксуу менен өткөрүшөт. Кээ бирлери жогору кызматка көтөрүлүүнү, кээ бирлери «бактылуу үй-бүлө» курууну жана көп акча табууну жашоосунун негизги максатына айландырып алышкан. Булар Аллахтын ыраазылыгы үчүн жасалса, адамга бул дүйнөдө да, акыретте да пайда алып келиши мүмкүн, бирок адамдын бирден-бир максатына айланышы туура эмес. Мындай түшүнүктөгү адамдар алдыларында кандай чоң коркунуч турганын билишпейт. Анткени, алар тозокту «адамдардын ойлоп чыгарган нерсеси» деп ойлошот.

Бирок, тозок бул кишилер берилип сүйгөн бул дүйнөдөн да реалдуураак. Бул дүйнө жок болот, тозок болсо түбөлүккө созулат. Жерди, ааламды жана адамзатты теңдеши жок, сансыз тең салмактуулуктар, сансыз өзгөчөлүктөр жана укмуш чеберчилик менен жараткан Аллах, ушул сыяктуу, акыретти жана тозокту да жараткан. Жана бүт мушрик (Аллахка шерик кошкон), мунафык (эки жүздүү) жана ыймансыздарга тозок азабын убада кылган.

Тозок эң жагымсыз жана биз элестете албай турганчалык азаптуу мекен. Ал азап Аллахтын зоболосуна ылайык жаратылган жана бул дүйнөдөгү эң жан сыздаткан оорулардан эсе эсе күчтүү азаптарды камтыйт.

Куран аяттарында айтылгандай, тозоктогу азап ыймансыздар үчүн түбөлүккө созулат. Ал кишилер бул дүйнөдөн каалагандай пайдаланып, анан тозокто белгилүү убакытка чейин эле калабыз деп ойлошот. Куранда болсо тозок түбөлүккө созула турган бир азап мекени деп кабар берилет. Ыймансыздар, аятта кабар берилгендей, **«өмүр бою ичинде калышат»** (Небе Сүрөсү, 23).

Бүт жандуу-жансыз нерселер менен бирге адамды да жараткан жана ага «угуу, көрүү сезимин жана көңүлдөрдү» (Нахл Сүрөсү, 78) тартуулаган Аллахка карата шүгүрсүздүк кылып жана баш көтөрүп өмүрүн өткөргөн киши, Аллах каалаламайынча, түбөлүк азапка татыктуу болот. Өзүн сооротуу үчүн ойлоп тапкан калптарынын эч бир пайдасы болбойт. Бул дүйнөдө жасаган күнөөлөрү, Аллахтын динине болгон кайдыгер мамилеси жана, ал тургай, душмандыгы аны ошондой абалга алып барат. Бул дүйнөдө Аллахка карата текебердик кылып, ыймандууларга душман болгондорго кыямат күнү мындай деп айтылат:

**Демек, ичинен түбөлүккө чыкпай турган тозоктун эшиктеринен киргиле. Бой көтөргөндөрдүн жашай турган мекени кандай жаман. (Нахл Сүрөсү, 29)**

Тозоктун эң коркунучтуу өзгөчөлүктөрүнүн бири, ал жерде азап эч качан бүтпөйт. Ичине бир кирген соң, артка кайтуунун жолу жок. Ал жердеги жалгыз акыйкат – бул, түбөлүккө созула турган от азабы. Аллахтын каардуу («Каххар) сыпаты эң көп ошол жерде көрүнөт. Буга кабылган адам руханий жактан түбөлүк кыйроого дуушар болот, анткени андан соң эч бир үмүтү калбайт. Куранда тозок элинин чарасыз абалы төмөнкүдөй сүрөттөлгөн:

**Бузукулар үчүн болсо, мындан ары алардын жашай турган жери от. Ал жерден чыгууну каалаган сайын артка кайтарылышат жана аларга: «өзүңөр жалган деген оттун азабын таткыла» деп айтылат. (Сажда Сүрөсү, 20)**

# Тозоктогу азаптуу шарттар

Ыймансыздар Аллахтын алдында сурак берген соң, китептерин сол тарабынан алышат. Бул көз ирмем түбөлүктүү тозокко айдала турган учур болот. Каапырлар эч жакка кача алышпайт. Миллиарддаган адамдан турган махшар талаасында каапырларга бир жакка жашынып же качып кетүү мүмкүнчүлүгү болбойт. Эч ким элдин арасына сиңип, унутулуп кала албайт. Тозокко кирчүлөрдүн ар бири ал үчүн дайындалган бир күбө жана бир айдоочу периште менен бирге келет:

**Сур да чалынды. Мына ушул эскертүү (ишке ашкан) күн. (Эми) Ар бир напси (жан) жанында бир айдоочу жана бир күбө менен бирге келди. «Ант болсун, сен мындан капилетте (бейкапар) элең; мына Биз сенин үстүңдөгү тосмону ачып-алып салдык. Эми бүгүн көрүү-күчүң так, даана.» Анын жакынындагы (жанынан кетпеген периште) мындай дейт: «Мына бул жанымдагы даяр турган нерсе.» Силер экөөңөр (эй периштелер), ар бир кежир шүгүрсүздү таштагыла тозоктун ичине. Жакшылыкка тоскоолдук кылган, зомбулукчу күмөнгөрдү. Ал Аллах менен бирге башка бир кудай тутунуп алган эле. Эми экөөңөр аны эң оор азаптын ичине таштагыла. (Каф Сүрөсү, 20-26)**

Каапырлар мына ушундай коркунучтуу жерге сүйрөп жеткирилишет. Куранда айтылгандай, «бөлүк бөлүк» тозокту көздөй айдалышат. Бирок тозокко жете электе эле, алыстан туруп жүрөктөрү титиреп баштайт. Анткени, тозоктун үрөй учурарлык күрүлдөгөн жана уңулдаган добушу алыс жерге чейин угулуп турат.

**...кайнап-атырылып жатканда анын коркунучтуу күрүлдөгөн добушун угушат. Ачуусунан улам жарылып, чачырап кетчүдөй болот... (Мүлк Сүрөсү, 7-8)**

Аяттарда айтылышы боюнча, ыймансыздар кайра тирилтилген кезде эле баштарына келе тургандарды сезе башташат. Басмырланып, уялгандан улам жер карашат. Баштары шылкыйып, доссуз, жардамчысыз калышат жана текебердиги сынып, чөгүшөт. Уялганынан улам баштарын көтөрө албай, көздөрүнүн кыйыгы менен карашат. Бир аятта мындай деп айтылат:

**Аларды кор болуп, баштары шылкыйган абалда, ага (отко) киргизилип жатканда, көздөрүнүн учу менен сездирбестен караганын көрөсүң. Ыймандуулар болсо: «Чындыгында кыйроого (азапка) туш болгондор кыямат күнү өздөрүнүн напсилерин да, жакын туугандарын (же**

**досторун) да кыйроого дуушар кылышты» дешет. Кабарыңар болсун, чындыгында залимдер бүтпөгөн бир азаптын ичинде болушат. (Шура Сүрөсү, 45)**

Тозок азап берүү үчүн жаратылган. Ичине канчалаган ыймансыз ташталса да, дагы көбүрөөк сурайт.

**Ал күнү тозокко: «Толдуңбу?» дейбиз. Ал болсо: «Дагы барбы?» дейт. (Каф Сүрөсү, 30)**

Тозок бир кармаганын түбөлүккө чейин койо бербейт. Аллах Куранда тозокту төмөнкүчө сүрөттөйт:

**Аны Мен тозокко сүрүп-ыргытам. Тозок (сакар) эмне, сен билесиңби? Ал калтырбайт жана жөн койбойт. Адамга абдан суусаган. (Мүдессир Сүрөсү, 26-29)**

# Кулптанган эшиктердин артындагы түбөлүк жашоо

Ыймансыздар тозокко киргенде, тозоктун эшиктери жабылат жана ал жерде абдан үрөй учурарлык көрүнүштөрдү көрүшөт. Бир саамдан кийин отко ташталаарын жана анын түбөлүккө созулаарын түшүнүшөт. Эшиктердин жабылышы ал жерден чыгуу же качуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугун көрсөтөт. Аллах ыймансыздардын абалын төмөнкүчө кабар берген:

**Ал эми аяттарыбызга каапыр болгондор болсо – сол тарап ээлери (Асхабы Мешъеме). «Эшиктери кулптанган» бир от ошолорго болот. (Балад Сүрөсү, 19-20)**

Баштарына келген азап, Куранда айтылгандай, «улуу азап» (Али Имран Сүрөсү, 176), «оор азап» (Али Имран Сүрөсү, 4) жана «жан сыздаткан азап» (Али Имран Сүрөсү, 21) болот. Адамдын бул дүйнөдө көргөн билгендери тозоктогу азапты толук түшүнүүгө жетиштүү болбойт. Отко же кайнап жаткан суuга бир канча секунда да чыдай албаган адам түбөлүккө созула турган оттун азабын эч качан чындап элестете албайт. Болгондо да, бул дүйнөдөгү күйүктүн оорусун тозоктун азабына салыштырууга болбойт. Аллахтын азабы такыр башкача болот:

**Ал күнү эч ким (Аллах) азаптагандай азаптай албайт. Ал байлагандай эч ким байлай албайт. (Фежр Сүрөсү, 25-26)**

Куранда сүрөттөлгөнү боюнча, тозокто кадимкидей бир жашоо болот. Бирок бүт тарапта адамдарды кыйноолор жана азаптар тосуп алат. Тозоктогу бул жашоо басмырлануу, кор болуу, физикалык жана психологиялык кыйноолорго алынуу сыяктуу көптөгөн кордуктарды камтыйт. Тозоктогу азапты бул дүйнөдөгү эч бир нерсеге, албетте, салыштырууга болбойт.

Тозок эли беш сезими менен тең азап тартат. Көзү үрөй учурарлык жана жийиркеничтүү көрүнүштөрдү көрөт; кулагы коркунучтуу, азап берүүчү үндөрдү, ызы-чууларды, ач айкырыктарды жана сыздаган үндөрдү угат; мурду эң сасык жана эң жийиркеничтүү жыттарга толот; тили эң жийиркеничтүү даамдарды жана жан чыдагыс ачууларды татат; териси менен бүт денеси, бир клеткасы да калбай, толугу менен күйүп, куйкаланат жана талкаланып, жан сыздаткан ооруларга кабылат. Эч өлүп жок болбойт. Куранда айтылгандай, **«отко абдан чыдамкай»** (Бакара Сүрөсү, 175) болушат. Терилери жаңыланып, азап эч бир үзгүлтүксүз жана эч бир жеңилдиксиз түбөлүккө созулат. Ыймансыздар, б.а. Аллахты тангандар жөнүндө Аллах бир аятта мындай деп билдирет:

**«Киргиле ага. Эми сабыр кылсаңар да, сабыр кылбасаңар да, силер үчүн айырмасы жок. Силер кылган нерселериңер үчүн гана жазаланасыңар.» (Тур Сүрөсү, 16)**

Тозокто физикалык кыйноолордон тышкары, оор руханий азаптар да бар. Тозоктогулар басмырланып, кордолуп, шылдыңга калып, бушайман болушат жана чарасыз, үмүтсүз абалын ойлонгон сайын, тарткан азаптары да күчөй берет. Түбөлүктүүлүктү ойлонгон сайын маанайы чөгөт. Азап бир миллион жылдан кийин же бир миллиард жылдан соң же болбосо триллиондогон жылдан соң аяктай турган болгондо да, ал үчүн чоң

бир үмүт жана кубаныч болмок. Бирок азаптын эч качан бүтпөй турганын жана тозоктон, Аллах кааламайынча, эч качан чыкпай турганын билгендиги үчүн, ал жердеги үмүтсүздүк сезимин бул дүйнөдөгү эч бир үмүтсүздүк сезимине салыштырууга болбойт.

Курандагы сүрөттөөлөрдө айтылышы боюнча, тозокто ыпылас жыттуу, ызы-чуулуу, караңгы, түтүн каптаган, тар көчөлөр, денени күйгүзгөн ысык аба, эң жийиркеничтүү тамак-аштар жана суусундуктар, оттон жасалган кийимдер жана башка түбөлүккө созула турган сансыз азаптар бар.

Тозоктогу шарттарды элестете алуу үчүн, аны кээ бир жагынан ядролук согуштан кийинки дүйнөнүн абалын чагылдырган тасмалардагы караңгы, ыпылас, жийиркеничтүү жана өтө жагымсыз шарттарга салыштырууга болот. Албетте, андай жерде ошого ылайыктуу бир жашоо да болот. Тозок эли угат, сүйлөйт, талашып-тартышат, качканга аракет кылат, отко куйкаланат, азаптын жеңилдетилишин сурайт, суусайт, курсагы ачат, бушайман болот. Баарын сезип, билип турушат.

Ошондой шартта тозок эли ыпылас жана жийиркеничтүү жерлерде айбандардай жашашат. Заккум дарагынан же таруу тикенинен башка эч бир азык таба алышпайт. Суусундуктардан болсо ириң, кан жана кайнак суудан башка эч нерсе жок. Ал ортодо от аларды бүт тарабынан курчап турат. Күйгөн терилеринин ордуна жаңылары жаратылат. Ошентип оттун азабы эч жеңилдетилбей, үзгүлтүксүз улантылат.

Терилери түшкөн, эттери күйгөн, ички органдары чыккан, бүт денелери күйгөн жана кан, ириң баскан кейпи менен чынжырларга байланып, камчы менен сабалышат. Моюндарына укуруk салынып, колдору моюндарына байланган абалда тозоктун тар жерлерине ташталышат. Жазалоочулар тарабынан оттон жасалган төшөктөргө жаткырылышат жана үстүлөрүндөгү жамынчылар да оттон болот. Бул азаптан кутулуу үчүн тынымсыз кыйкырып, жалбарышат, бирок аларга жооп да берилбейт. Жок дегенде, бир күн болсо да азаптын жеңилдетилишин сурашат, бирок кайра эле басмырланып, кордолушат.

Тозокто боло турган бул нерселердин баары анык чындык. Бул дүйнөдөгү жашообуздай, ал тургай, андан да реалдуу.

Аяттарда кабар берилгендей, Аллахка Ал каалагандай эмес, бир учунан гана ибадат кылгандар (Хаж Сүрөсү, 11), «кандай болсо да Аллах кечирет» деп күнөө иштерди жасап, тозокто белгилүү убакыт гана азапталабыз деп үмүттөнгөндөр (Али Имран Сүрөсү, 24), Аллахтан башка нерселерди кудай кылып, акча, бийлик, карьера деген сыяктуу түшүнүктөрдү жашоосунун негизги максатына айландыргандар, Аллахтын динин өз каалоолоруна карап өзгөрткөндөр, Куранды өз кызыкчылыгына ылайык чечмелеп бурмалагандар, ыймандан соң ыймансыздык жолуна адашкандар, кыскасы, бардык каапыр, мушрик (Аллахка шерик кошкондор) жана мүнафыктар (эки жүздүүлөр) тозокко чогулушат. Бул Аллахтын анык убадасы жана сөзсүз аткарылат:

**Эгер Биз кааласак, ар бир напсиге (жанга) хидаят бермекпиз (туура жолго салмакпыз). Бирок Менин бул убадам аткарылат: «Ант болсун, тозокту жиндерден жана адамдардан турган каапырлардын баары менен толтурам.» (Сажда Сүрөсү, 13)**

Бул адамдар ансыз да атайын тозок үчүн жаратылган:

**Ант болсун, тозок үчүн жиндерден жана адамдардан көп санда киши жараттык (даярдадык). (Алардын) Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капилет (бейкапар) калгандар. (Аьраф Сүрөсү, 179)**

Ошондой азапта жүрүшсө да, түбөлүккө чейин тозок элине боор ооруй турган, аларды оттон куткара турган жана аларга жардам бере ала турган бир дагы киши болбойт. Аллах аларды түбөлүккө карабайт. Унутулуп, ташталып, түртүлүп калуунун азабын да тартышат. «... Бүгүн анын эч бир жакын досу болбойт» (Хакка Сүрөсү, 35). Бир гана түбөлүк жашоосунда аларга сансыз азап жана кыйноолорду бере турган азап периштелерин, б.а. «зебанилерди» гана көрүшөт.

Тозок элине азап берүү милдети тапшырылган бул периштелерде тырмактай дагы боорукердик сезими болбойт. Алар – өтө айоосуз, катуу, күчтүү жана жүрөктү түшүрө турган периштелер. Ааламдардын Рабби Аллахка ыйман кылбагандардан татыктуу өч алуу үчүн жаратылышкан жана өз милдеттерин эч кемчиликсиз аткарышат. Тозоктогулардын суранычын аткарып, азапты азайтышпайт жана ыймансыздарды унутуп же байкабай калышпайт.

Ар бир адамдын алдында бул коркунуч бар. Эгер Жараткан Аллахка шүгүрсүздүк кылып, баш көтөрсө жана ошентип эң чоң күнөөнү жасаса, анда тозок азабы менен жазаланат. Ошондуктан Аллах адамдарды бул күнөөнү кылбагыла деп эскертет:

**Эй ыймандуулар, өзүңөрдү жана жакындарыңарды отуну адамдар менен таштардан болгон оттон сактагыла. (Анын) үстүндө өтө катуу, күчтүү периштелер бар. Аллах аларга эмнени буйрук кылса ага каршы чыгышпайт жана буйруктарды аткарышат. (Тахрим Сүрөсү, 6)**

**Жок; эгер (ал мындай мамилесин) токтотпосо, ант болсун, аны маңдай чачынан кармап (тозокко) айдайбыз; ошол жалганчы, күнөөкөр болгон маңдайынан. Ошондо кеңешин (жакын чөйрөсүн жана жолдошторун) чакырып көрсүн. Биз болсо зебанилерди (азап периштелерин) чакырабыз. (Алак Сүрөсү, 15-18)**

# Майнапсыз жалбаруулар жана үмүтсүздүк

Тозок эли өтө чарасыз абалда калышат. Баштарына келген азап бир жагынан укмуш оор болсо, экинчи жагынан түбөлүктүү. Жалгыз чара катары боздоп, жалбаруу жолун тандашат. Алдынан чыккандардын баарына жалбарышат. Бейиш элин көрүп, алардан бир аз болсо да суу, тамак бергиле деп сурашат. Аллахка жалбарып, боорукердик тилегенге аракет кылышат. Бирок эч бир майнап чыкпайт.

Кээде тозоктун күзөтчү периштелерине жалбарышат. Аларга эң оор кыйноолорду жасаган азап периштелерине да жалбарып, биздин атыбыздан Аллахка ортомчу болуп бергиле деп суранышат. Баштарына келген азап ушунчалык оор болгондуктан, анын бир күн болсо да жеңилдетилиши үчүн жалбарышат. Бирок жооп ала алышпайт:

**Оттун ичиндегилер тозоктун күзөтчүлөрүнө мындай дешти: «Раббиңерге дуба кылгыла; азаптан бир күн (болсо да) бизге жеңилдетсин.» (Күзөтчүлөр:) «Силерге өз Пайгамбарларыңар анык далилдер менен келчү эмес беле?» дешти. Алар: «Ооба» дешти. (Күзөтчүлөр:) «Андай болсо силер дуба кылгыла» деп айтышты. Чындыгында болсо, каапырлардын дубасы туюкта калуу гана. (Момун Сүрөсү, 49-50)**

Ошондой эле, Аллахтан боорукердик тилегенге да аракет кылышат. Бирок андан да майнап чыкпайт:

**«Раббибиз, бактысыздыгыбыз бизди жеңип кетти, биз адашкан бир коом экенбиз.» дешти. «Раббибиз, бизди (оттун) ичинен чыгар, эгер кайра (каапырчылыкка) кайтсак, ошондо чындап залим адамдар болобуз.» (Аллах) Айтат: «Анын ичине сиңгиле жана Мени менен сүйлөшпөгүлө.» «Себеби чындыгында Менин кулдарымдан бир топ: «Раббибиз, ыйман келтирдик, Сен эми бизди кечир жана бизге мээримдүүлүк кыл, Сен мээримдүүлөрдүн эң жакшысысың дешчү, силер болсо аларды шылдыңдадыңар; ошентип (шылдыңыңар) Менин зикиримди (Мени эстөөнү) унуттурду жана силер аларга көп күлчүсүңөр.» «Бүгүн Мен чындыгында аларга сабыр кылганы үчүн сыйлыгын бердим. Күмөнсүз, алар «кутулууга жана бакытка» жеткендер.» (Мүминун Сүрөсү, 106-111)**

Аяттан түшүнгөнүбүз боюнча, бул Аллахтын тозок элине болгон акыркы кайрылуусу (аныгын Аллах билет). Анткени, Аллах аларга «Анын ичине сиңгиле жана Мени менен сүйлөшпөгүлө» деген соң, мунун тескериси болбойт. Бул көрүнүштү ойлоп коюу да адамга канчалык чоң азап берет.

Тозок эли сыздап-боздоп азап тартып жатканда, «кутулууга жана бакытка жеткендер», б.а. ыймандуулар болсо бейиштин сый-жакшылыктарын татып жаткан болушат. Жана тозок элинин руханий азаптарынын бири бейиш эли менен болгон маектешүүдөн келип чыгат. Ыймансыздар тозоктун коркунучтуу азаптарынын ичинде кыйналып жатып, бир тараптан бейишти жана ал жердеги сый-жакшылыктарды жана кооздуктарды көрүшөт. Бул дүйнөдө шылдың кылган ыймандуулардын кооз жерлерде, кооз үйлөрдө укмуш сонун тамак жана суусундуктарды татып, абдан бейпил жашап жатышканын көрүшөт. Алар азапталып жана басмырланып жатса, ыймандуулардын болсо укмуш сонун сый-жакшылыктар менен сыйланып, макталып, бакубат жашап жатышканын байкашат. Бул аларды ан сайын азапка салат жана абдан катуу бушайман болушат. Бул дүйнөдө ыйман кылбай, ыймандуулардын тескерисинче Аллахтын өкүмдөрүнө моюн сунбай коюшканы үчүн, укмуш бушаймандык сезимине чөмүлүшөт. Ошондой маанайлары менен бейиштеги ыймандуулар менен сүйлөшүүгө жана, ал тургай, алардан жардам суроого аракет кылышат. Жалынып жалбарышат, бирок андан да майнап чыкпайт. Ал ортодо бейиштегилер да ыймансыздардын абалын көрүшөт жана бул алардын Аллахка көбүрөөк шүгүр кылышына себеп болот. Куранда бейиш менен тозок элинин ортосундагы сүйлөшүүлөр төмөнкүдөй кабар берилген:

**Алар (ыймандуулар) бейиште; бири-биринен сурашат. Кылмышкер-күнөөкөрлөрдөн; «Силерди бул тозокко түртүп-айдаган эмне?» Алар: «Биз намаз кылчу эмеспиз» дешти. «Жакырды тойгузчу эмеспиз. (Жалган ишенимдерге жана каалоолорго) Чумкуп кеткендер менен биз да чумкуп кетчүбүз. Дин (сурак жана жаза) күнүн жалган дечүбүз. Аягында йакин (анык бир чындык болгон өлүм) бизге келип жетти.» Эми шапаат кылуучулардын шапааты (колдоосу) аларга эч бир пайда бербейт. (Мүдессир Сүрөсү, 40-48)**

# Түбөлүк азаптан кутулуу үчүн бир эскертүү

Бул бөлүмдө бүт нерселер сыяктуу, адамды да белгилүү бир максат менен жараткан улуу кудуреттүү Аллахтын бар экендигине ишенген жана Ага ишенбеген адамдардын акыреттеги абалдарын кыскача сүрөттөдүк. Бирок бул жерде айткандарыбыздын адамдардын төрөлгөндөн бери уккан бейиш жана тозок сүрөттөөлөрүнөн башка бир максатты көздөөрүн унутпаш керек. Максатыбыз – кээ бир адамдарга бул дүйнөдө ыймансыз жашаганы үчүн тарткан азаптарынын акыретте да аларды койо бербей тургандыгын эскертүү.

Албетте, бул дүйнөдө ар бир адам каалагандай жашап, каалаган жолун тандоодо эркин. Эч ким эч кимди бир нерсеге мажбурлай албайт. Бирок Аллахтын бар экендигине жана чексиз адилеттүүлүгүнө ыйман кылган адамдар катары баарыбыз ыймансыздарды жана кайда баратканын билбеген адамдарды эскертип коркутууга милдеттүүбүз. Анткени, Аллах мындай адамдардын абалын аяттарда төмөнкүчө кабар берген:

**Үйүнүн пайдубалын (негизин) Аллах коркуусунун жана ыраазылыгынын үстүнө курган адам жакшыбы, же болбосо үйүнүн пайдубалын кулай турган бир жардын бооруна куруп аны менен бирге өзү да тозок отунун ичине кулаган адамбы? Аллах зулумдук кылган бир коомго хидаят бербейт (туура жолго салбайт). (Тообо Сүрөсү, 109)**

Бул дүйнөдө Аллахтын аяттарынан жүз бурган жана Жараткан Раббибизди аңкоолук менен жокко чыгарган адамдар акыреттеги азаптан эч кутула алышпайт. Ошондуктан ар бир адам чындыктарды байкаганда, эч убакыт жоготпостон, бара жаткан туура эмес жолунан кайтып, өзүн Аллахка тапшырышы зарыл. Антпесе, төмөнкү аяттарда айтылган бушаймандыкка сөзсүз түрдө жолугат:

**Ал ыймансыздар мусулман болууну канчалаган жолу тилешет. Аларды жөн кой, жеп, пайдаланып калышсын жана аларды (бош) иштер алаксытып турсун. Келечекте түшүнүшөт. (Хижр Сүрөсү, 2-3)**

Түбөлүк азаптан жана мындай бушаймандыктан кутулуунун жана Аллахтын ыраазылыгы менен бейишине жетүүнүн жолу болсо белгилүү:

Кеч боло электе Аллахка чын көңүлдөн ыйман кылуу,

Жана бүт өмүрүн Раббибиз ыраазы боло турган иш-аракеттер менен өткөрүү...

# ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жашоонун бир Жаратуучу тарабынан жаратылганын четке кагуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. «Жандуулар жансыз заттардан өзүнөн-өзү, кокустан пайда болушкан» деген бул теория ааламда жана жандууларда абдан так бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши жана эволюциянын эч качан болбогонун көрсөткөн 450 миллионго жакын фоссилдин табылышы менен бирге жокко чыгарылды. Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткан деген чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, эң чоң калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин көрсөттү жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан айтылууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүп, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу» (креационизм) аркылуу түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйраганын жана Жаратылуунун далилдерин көптөгөн эмгектерибизде бүт илимий тараптары менен карадык жана кароону улантуудабыз. Бирок бул өтө маанилүү тема болгону үчүн бул жерде да кыскача токтоло кетүү керек.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири тарады. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган «*Түрлөрдүн келип чыгышы*» аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу боюнча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги *«Теориянын кыйынчылыктары»* аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроолорго жооп бере алган эмес.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнүн тескерисинче, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта карооо болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетка кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылган жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издери фоссил булактарынан табылган жок деген суроолор теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда калп «эволюция процессинин» алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Ал «алгачкы клетка» кантип пайда болгон?

Эволюция теориясы Жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, «алгачкы клетка» эч кандай проект, план жана жөнгө салуусуз, табият мыйзамдарынын натыйжасында кокустан пайда болгон дейт. Башкача айтканда, бул теория боюнча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында бир клетканы пайда кылышкан. Бирок бул эң негизги биология мыйзамдарына да карама-каршы келет.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй түзүлүшкө ээ деп ойлогон. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтандуу генерация» (өзүнөн-өзү пайда болуу) теориясы боюнча, жансыз нерселер кокустан чогулуп, жандуу бир нерсе пайда кыла алат деген ишеним бар болчу. Ал кезде коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири тараган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай коюп, бир аз күтсөк ал аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдошкон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү пайда болбойт, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгат.

Дарвин «*Түрлөрдүн келип чыгышы*» аттуу китебин жазган учурда бактериялар жансыз нерселерден пайда болот деген ишеним илим дүйнөсүндө кеңири тараган эле.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер көптөгөн аракеттерди жасап, эксперименттер жүргүзгөн соң мындай деген:

*«Жансыз заттар жашоону пайда кылышы мүмкүн деген көз-караш эми толугу менен тарыхка көмүлдү.» (Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, p. 2)*

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин ачылыштарына көп жылдарга чейин каршы турушту. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн көрсөткөндө, жашоонун өзүнөн-өзү келип чыкпашы айдан ачык болуп калды.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары айткан көптөгөн тезистери аркылуу жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасаган. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опаринминтип моюнга алууга мажбур болгон:

*«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.» (Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), p.196)*

Опариндин жолун ээрчиген эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттерди жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Стэнли Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында болгон деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен белоктордун түзүлүшүндө колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (аминокислоталарды) синтездеген.

Ал жылдары эволюциянын маанилүү бир көрсөткүчүндөй кабыл алынган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан такыр башкача экендиги көп өтпөй белгилүү болгон. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, 63, November 1982, p. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, p. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бою уланган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу геохимик Джефри Бада эволюционисттердин Earth журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

*Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргендеги эң чоң чечилбеген маселебиз алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? (Jeffrey Bada, Earth, February 1998, p. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык туюкка кабылышына эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуш татаал түзүлүштө болушу себеп болду. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүнкү күндө адамзат дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттарды чогултуп, жандуу бир даана клетканы да, ал тургай, клетканы түзгөн бир даана белокту да жасай албай жатат.

Бир клетканын пайда болушу үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Бирок муну тереңирээк кароонун да кажети жок. Себеби эволюционисттер клетка этабына келгенге чейин эле туюкка камалышат. Себеби клетканын курулуш материалдарынын бири болгон белоктордун бир даанасынын да кокустан пайда болуу ыктымалдыгы математикалык жактан «0»гө барабар.

Мунун эң негизги себептеринин бири, бир белок пайда болушу үчүн башка белоктор да болушу керек; бул бир белоктун кокустан пайда болуу ыктымалдыгын толук жокко чыгарат. Ошондуктан ушул илимий чындыктын өзү эле эволюционисттердин кокустук түшүнүгүн эң башынан жок кылууга жетиштүү болот. Бул өтө маанилүү бир жагдай болгону үчүн кыскача токтоло кетели,

1. Ферменттерсиз белок синтезделе албайт жана ферменттердин өзү да белок.

2. Бир даана белок синтезделиши үчүн 100гө жакын белок кызмат кылышы керек. Ошондуктан белок пайда болушу үчүн башка белоктор керек болот.

3. Белокторду синтездеген ферменттерди ДНК өндүрөт. ДНК болмоюнча белок синтезделе албайт. Ошондуктан белок пайда болушу үчүн ДНК да керек.

4. Белокту синтездөө процессинде клеткадагы бүт органеллдер маанилүү кызматтарды аткарышат. Б.а. белок пайда болушу үчүн толук кандуу жана бүт тетиктери иштеген бир клетка бүт органеллдери менен бирге бар болушу керек.

Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоо каражаты болуп саналат. Эсептөөлөр боюнча, адамдын ДНКсындагы маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкананы түзөт.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК бир канча атайын белоктордун (ферменттердин) жардамы менен гана жуптала алат. Бирок бул ферменттер да ДНКдагы маалыматтардын негизинде гана синтезделе алат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарат. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча моюнга алат:

*Түзүлүшү абдан комплекстүү болгон белоктордун жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустан пайда болушу – ыктымалдуулуктан өтө алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эмес деген жыйынтыкка барууга мажбур болууда. (Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)*

Эч күмөнсүз, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоонун жаратылганын кабыл алуу керек. Бул чындык жаратылууну (натыйжада Аллахты) жокко чыгарууну көздөгөн эволюция теориясын толугу менен четке кагат.

## Эволюциянын ойдон чыгарылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүүдөн келип чыкты.

Дарвин эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да апачык көрүнүп турат: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшүндө табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулар аман калат деген көз-карашка таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашай алат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга, айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизминин эч кандай эволюциялык күчү жок. Дарвин да бул чындыкты билчү жана «*Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу» китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр келип чыкмайынча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтканга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, p. 189)*

## Ламарктын таасири

Анда, мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип келип чыкмак? Дарвин ошол учурдагы примитивдүү илим түшүнүгү менен бул суроого Ламаркка таянып жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган француз биолог Ламарктын ойу боюнча, «жаныбарлар денесинде келип чыккан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берип, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөрдүн натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болот» эле. Мисалы, Ламарктын ойу боюнча, «жирафтар жейрендерден пайда болгон, бийик дарактардын жалбырактарын жегенге аракет кылып жатып, урпактан урпакка моюндары узарып кеткен».

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдарды келтирген. Мисалы, «*Түрлөрдүн келип чыгышы*» аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланган деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, p. 184)*

Бирок Мендель ачкан жана 20-кылымда өнүккөн генетика илими менен тастыкталган тукум куучулук мыйзамдары «денеде келип чыккан өзгөрүүлөр урпактарга берилет» деген жомокту толук четке какты. Натыйжада табигый тандалуу «бирден бир» жана толугу менен натыйжасыз бир механизм болуп калды.

## Неодарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалдан чыгуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн (заманбап) синтетикалык теорияны» же болбосо кеңири тараган ысмы менен неодарвинизмди чыгарышты. Неодарвинизм табигый тандалууга «пайдалуу өзгөрүүнүн себеби» катары мутацияларды, б.а. жандыктардын гендеринде радиация сыяктуу тышкы факторлор же копиялоо катасы себептүү келип чыккан бузулууларды кошту. Бүгүнкү күндө илимий жактан жараксыз экенин билип туруп, дагы эле дарвинисттер неодарвинизм моделин жакташат. Бул теория жер жүзүндөгү миллиондогон жандык түрлөрү, ал жандыктардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», б.а. генетикалык бузуктуктарга таянган бир процесс натыйжасында келип чыккан дейт. Бирок теорияны чарасыз калтырган апачык бир илимий чындык бар: **мутациялар организмдерди алдыга жылдырбайт, тескерисинче дайыма организмдерге зыян берет.**

Мунун себеби өтө жөнөкөй: ДНКнын түзүлүшү өтө комплекстүү. Бул молекулага болгон ар кандай туш келди таасир ага зыян гана алып келет. Америкалык генетик Б.Г. Ранганатан муну мындайча түшүндүрөт:

*Мутациялар кичине, стохастикалык жана зыяндуу болот. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир бербейт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүүгө себеп боло албашын көрсөтөт. Ансыз деле өтө өзгөчө бир организмдеги бир туш келди өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатынын өзгөрүшү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдык менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, аны кыйратат. (B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келээри аныкталды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги белгилүү болду. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт.

Демек, эволюция механизми болбосо, анда «эволюция» деп аталган ойдон чыгарылган процесс да эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: өткөөл (ортоңку) формалардын жыты да жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугун көрсөткөн эң негизги далил болсо – бул, фоссилдер (вулкан атылганда же башка себептен жаныбар, канаттуу же өсүмдүктөрдүн сакталып калган калдыктары).

Эволюция теориясы боюнча, бардык жандыктар бири-биринен келип чыккан. Мурда бар болгон бир организм түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Бул теория боюнча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга созулган узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын көздөй уланган.

Андай болсо бул узун өзгөрүү процессинде сансыз көп «өткөөл формалар» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн замандарда балык өзгөчөлүктөрү бар туруп, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу жашаган болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек. Эволюционисттер өткөн доорлордо жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«өткөөл (ортоңку) формалар»** деп аташат.

Эгер чындап эле мындай жандыктар өткөн замандарда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай, миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын фоссилдери сөзсүз табылмак. Дарвин «*Түрлөрдүн келип чыгышы*» китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теорияm туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп өткөөл (ортоңку) формалардын түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери фоссил калдыктарынын арасынан гана табылышы мүмкүн.  (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, p. 179)*

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Бул жагдайдын теориясы үчүн чоң бир туюк (тупик) экенин түшүнгөн. Ошондуктан, *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган:

*Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо,* ***эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл формаларды жолуктурбай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл форма болушу керек эле, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү абалда таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес?*** *(Charles Darwin, The Origin of Species, p. 172, 280).*

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабынан кемчиликтүү жандык фоссилдерин издешкени менен, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табылган жок. Казууларда жана

изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер, эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойнуна алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкты көрөбүз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, 87, 1976, p. 133)*

Башкача айтканда, фоссилдер бардык жандуу түрлөрүнүн ортосунда эч кандай өткөөл форма жок экенин, баарынын кемчиликсиз бойдон пайда болгонун көрсөтүүдө. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы келет. Тагыраак айтканда, бул – бүт жандыктардын жаратылганын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрү башка бир түрдөн («атасынан») эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда келип чыккан болсо, анда ал түр жаратылган болот. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

*Жаратылуу жана эволюция – жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же бүтүндөй толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, келип чыккан болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук бойдон пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудуреттүү бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек. (Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. p. 197)*

Фоссилдер болсо организмдердин жер бетинде кемчиликсиз жана толук бойдон пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, Жаратылуу.

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп адамдын пайда болушу жөнүндө сөз кылышат. Дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамдар маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан дешет. 4-5 миллион жыл мурда башталган деп болжонгон бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын «алгачкы маймыл сымал атасын» «түштүк маймылы» маанисине келген *«австралопитек»* деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Цукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө гана тиешелүү экенин жана адамдарга эч окшошпошун көрсөткөн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, p. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, 258, p. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Алардын айтуусу боюнча, хомо сериясындагы жандыктар *австралопитектерден* көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «*Хомо сапиенске* баруучу чынжыр – иш жүзүндө жок» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, December 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп тизип, бул түрлөрдүн биринчисин кийинкисинин атасындай көрсөтүшөт. Чындыгында болсо, палеонтологдордун акыркы табылгалары *австралопитек, хомо хабилис* жана *хомо эректустун* дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, 207, 1980, p. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, p. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, p. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашап, *хомо сапиенс неандерталец* жана *хомо сапиенс сапиенс* (азыркы адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, November 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стивен Джей Гулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул туюкту (тупикти) мындайча баяндайт:

*Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү гоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын биринин экинчисинен келип чыкпагандыгы анык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөйт. (S. J. Gould, Natural History, 85, 1976, p. 30)*

Кыскасы, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактап калууга аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана. Бул теманы көп жылдар бою изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жүргүзгөн Англиянын эң атактуу жана белгилүү илимпоздорунун бири Лорд Солли Цукерман, эволюционист болгонуна карабастан, «маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок» деген жыйынтыкка барган.

Цукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчүн (шкаласын)» даярдаган. Илимий деп кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарын көздөй бир тизме түзгөн. Цукермандын бул таблицасы боюнча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Цукермандын ойу боюнча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» турат! Цукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

*Объективдүү чындыктын чегинен чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдар бири-бирине туура келбеген*

*жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.* *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, p. 19)*

«Адамдын эволюциясы» жомогу теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын табылган кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай чечмелешинен гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Эволюция теориясы жашоо (жандыктар) кокустан пайда болгон дейт. Ошондуктан бул акылга сыйбас көз-караш боюнча, жансыз жана аң-сезими жок атомдор чогулуп алгач клетканы пайда кылып, анан ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды пайда кылышкан. Эми ойлоп көрөлү: организмдин негизги материалдары болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди топтосок бир атом жыйындысы келип чыгат. Бул жыйынды кандай гана процесстен өткөрүлбөсүн, бир дагы жандыкты пайда кыла албайт. Кааласаңыз, бул боюнча бир «эксперимент» жасап, эволюционисттер жактаган, бирок ачык айта албаган көз-караштты алардын атынан «дарвиндин формуласы» деп карап көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн чоң идиштердин ичине организмдин түзүлүшүндөгү фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай, кадимки шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болушун каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча аминокислота, каалашынча белок да кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн эң алдыңкы илимпоздорун коюшсун. Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай, триллиондогон жылдар бою идиштердин башында туруп күтүшсүн.

Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин пайда кыла алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да ала алышпайт.

Кыскасы, аң-сезими жок атомдор чогулуп клетканы пайда кыла албайт. Анан дагы бир чечим алып, бир клетканы экиге бөлүп, анан катары менен башка чечимдерди алып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өзүнүн клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп менен изилдеген профессорлорду пайда кыла алышпайт. Затка Улуу Аллахтын жаратуусу менен гана жан кирет.

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо акылга такыр сыйбайт. Эволюция айткан көз-караштар жөнүндө бир азга эле ойлонуу, жогорудагы мисалдан көрүнүп тургандай, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч түшүндүрө албаган дагы бир нерсе болсо – бул көз менен кулактын өтө жогорку сапаты.

Көз темасына өтүүдөн мурда «кантип көрөбүз?» деген суроого кыскача жооп берели. Бир телодон келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылып, мээнин арт жагындагы көрүү борбору деп аталган

кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылымдын технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык тунук сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган тунуктук жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай тунук, даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, анан колуңуздагы китепти бир карап салыштырып көрүңүз. Экөөнүн арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты жагынан чоң айырманы байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү сүрөттөлүштү гана көрсөтөт, көзүңүз болсо үч өлчөмдүү, терендиги бар бир сүрөттөлүштү көрсөтөт.

Көп жылдар бою он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштүн сапаты, тунуктугу төмөндөйт.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана тунук сүрөттөлүштү пайда кылуучу механизмди кокусунан пайда болгон дейт. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулуп, бул сүрөттөлүштү пайда кылуучу каражатты (телевизорду) пайда кылды десе сиз кандай ойго келесиз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, анда көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы анык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакаторунун жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процесси сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырт болот. Анткен менен, мээде эң тунук үндөрдү угабыз. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткан болот.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бою ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары – бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок ушунча технологияларга, ал технологияда иштеген миңдеген инженер жана адистерге карабастан, кулактай тунук жана сапаттуу бир үндү ала алышкан жок. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү

жоголот же бир аз болсо да шуулдоо (шум) пайда болот же музыкалык борборду иштеткенде, музыка баштала электе эле бир шуулдоону угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан тунук жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шуулдоону пайда кылбайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул нерсе адамзат жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулактагы сапатка жете алган жок. Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, мындан тышкары, абдан маанилүү дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринен бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтарды таба аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге да муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээнин ичиндеги бир канча см3дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголонушу керек.

## Материалисттик ишеним (дин)

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий ачылыштарга толук карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү көз-карашы илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан болбогонун көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Мунун себеби эмнеде?..

Мунун себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо бирден-бир материалисттик көз-караш катары жакташат.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

*Биздин материализмге болгон бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөнү материалисттик түшүрдүрүүгө мажбурлаган нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөнү материалисттик түшүндүрө турган изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Теңир менен байланыштуу бир түшүндүрмөнүн пайда болушуна жол бере албайбыз. (Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 January 1997, p. 28)*

Бул сөздөр дарвинизмдин материалисттик философияны тутунуу үчүн сакталып турган бир догма экенин апачык көрсөтөт. Бул догма «заттан башка эч нерсе жок» деп эсептейт. Ошондуктан жансыз, аң-сезими жок зат жашоону пайда кылган деп ишенет. Миллиондогон түрдүү жандык түрлөрүн; мисалы, канаттууларды, балыктарды, жирафтарды, кабыландарды, курт-кумурскаларды, дарактарды, гүлдөрдү, киттерди жана адамдарды заттын өзүнүн ичиндеги факторлордун, б.а. жааган жамгырдын, чагылгандын натыйжасында жансыз заттан пайда болгон деп эсептейт. Бирок бул көз-караш акылга да, илимге да туура келбейт. Бирок дарвинисттер Аллахтын бар экенин кабыл албоо үчүн бул акылга жана илимге туура келбеген көз-караштты, караңгылык менен жакташууда.

Жашоонун келип чыгышын материалисттик бир стереотип менен карабаган адамдар болсо чындыкты көрүшөт: бүт жандыктар өтө кудуреттүү, илими, акылы чексиз бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бүт ааламды жоктон жараткан, эч кемчиликсиз кылып тартипке салган жана бүт жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң күчтүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала стереотипсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, акылы менен логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын чындыктан өтө алыс бир түшүнүк экенин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсок, булардын аралашмасынан убакыттын өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Фрэнк Синатра, Чарлтон Хестон сыяктуу искусство инсандары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишет. Болгондо да, мындай акылга сыйбас пикирге илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар ишенишүүдө. Ошол себептен, эволюция теориясын «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» деп атоо туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын адаштырган, акыл жана логика менен ойлонушуна жол бербей, көздөрүнүн алдына бир парда сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүшүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул байыркы египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан алда канча кооптуу жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында мындай акылсыздыкка Аллах Куранда ишарат кылган. Аллах кээ бир адамдардын аң-сезиминин жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Эч күмөнсүз, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө тосмолор бар. Жана алар чоң азапка кабылышат. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**…Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар. (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах Хижр Сүрөсүндө болсо мындай адамдардын кереметтерди (мужиза) көрсө да, ишенбей турганын төмөнкүчө кабар берет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачып, ал жерден жогору көтөрүлүшсө да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып коюлду, балким бизди сыйкырлап коюшту окшойт» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турганчалык таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын эч ыктымалсыз сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жаратканына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда атеисттик философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын сыйкыр жолу менен адамдарга таасир берээрин Аз. Муса (ас) менен фараондун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге кабар берет. Аз. Муса (ас) фараонго акыйкат динди айтып бергенде, фараон Аз. Мусага (ас) өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз. Муса (ас) сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «чеберчилигиңерди» көрсөткүлө дейт. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келишти. (Араф Сүрөсү, 116)**

Көрүнүп тургандай, фараондун сыйкырчылары көз бойомочулуктар аркылуу –Аз. Муса (ас) менен ага ишенгендерден тышкары- бүт адамдарды сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаганына каршы Аз. Муса (ас) көрсөткөн далил алардын бул сыйкырын, аятта айтылгандай, «жутуп салган», б.а. жок кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) алардын бардык ойлоп тапкан нерселерин жутуп жатканын көрүштү. Ошентип чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аяттарда да айтылгандай, андан мурда адамдарды сыйкырлап алдаган бул кишилер кылгандарынын бир көз бойомочулук экени белгилүү болгон соң, эл алдында уят болушкан. Азыркы күндө да сыйкыр жолу менен илимди жамынып өтө тантык көз-караштарга ишенип, аларды жактоого өмүрүн арнагандар, эгер бул ишин токтотушпаса, чындыктар толук белгилүү болгондо жана «сыйкыр бузулганда» уят болушат. Болжол менен 60 жашына чейин эволюцияны жактап, атеист бир философ болгон, бирок андан соң чындыктарды көргөн Малькольм Маггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте түшө турган кейпи жөнүндө мындай дейт:

***Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим.*** *Келечек урпактар мынчалык негизсиз жана белгисиз бир гипотезанын кантип кабыл алынганына таң калышат. (Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, p.43)*

Бул күндөр алыс эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» кудай (жаратуучу) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын түшүнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенине таң калышууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүмдар жана даанышмансың.» (Бакара Сүрөсү, 32)**

# АРТКЫ БЕТ

Адамдарды динден алыстаткан себептердин башында, албетте, дүнүйөгө берилүү фактору турат. Өлүмдүн сөзсүз келээрин билип туруп, адамдардын көпчүлүгү эч өлбөчүдөй жана бул дүйнөдө түбөлүк жашачудай болуп, акыретти унутуп коюшат.

Мындай адамдар бул дүйнө жашоосунун убактылуулугун унутуп, дүнүйөгө жана мансапкордукка берилип кетишет жана өмүрлөрүн өз зыянына коротушат. Өмүр бою эч бүтпөгөн күрөштөр менен алагды болушат. Бирок бул өтө чоң жаңылыштык. Анткени, бул дүйнөнү Аллах адамдарды сыноо үчүн убактылуу бир мекен кылып жараткан. Ошондуктан атайылап көптөгөн кемчиликтер менен жаратылган. Бул дүйнөдөгү кооздуктардын баары көп өтпөй бузулуп, эскирип, чирийт жана аягында жок болот.

Бул китеп бул дүйнө жашоосунун өтө маанилүү сырын сүрөттөп берет жана адамдарга чыныгы мекенди, тагыраак айтканда, акыретти эскертет.

**АВТОР ЖӨНҮНДӨ:** Харун Яхья деген атты колдонгон Аднан Октар 1956-жылы Түркиянын Анкара шаарында төрөлгөн. 1980-жылдардан бери ыймандык, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектерди жазган. Мындан тышкары, автордун эволюционисттердин көз бойомочулуктарын, көз-караштарынын жараксыздыгын жана дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон тымызын байланыштарын ачып көрсөткөн өтө маанилүү эмгектери бар.

Автордун бүт эмгектериндеги негизги максат – бул Куранды дүйнөгө жеткирүү, жана натыйжада адамдарды Аллахтын бар экени, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыймандык темалар жөнүндө ойлонууга чакыруу жана атеисттик системалардын чирик пайдубалдарын жана туура эмес иш-аракеттерин көз алдыга тартуулоо. Автордун бүгүнкү күнгө чейин 76 тилге которулган 300дөн ашуун эмгеги дүйнө жүзүндө өтө көп окурмандар тарабынан окулууда.

Харун Яхья эмгектер жыйнагы, Аллахтын уруксаты менен, 21-кылымда дүйнө жүзүндөгү бүт адамдардын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик менен тынчтыкка, чынчылдык менен адилеттүүлүккө, сулуулук менен бактылуулукка жетишине бир себепчи болот.